С(Кырг)
С 95

Окуучунун Китеп Текчесине

Түгөлбай Сыдыкбеков

# ТОО БАЛДАРЫ

С(Кырг)
С 95

ОКУУЧУНУН КИТЕП ТЕКЧЕСИНЕ

**Түгөлбай Сыдыкбеков**

# ТОО БАЛДАРЫ

Роман

Бишкек
**«Кутаалам»**
2016

УДК 821.51
ББК 84Ки7-4
С 97

С 97 **Сыдыкбеков Түгөлбай**
Тоо балдары: Роман – Б.: – «Кутаалам», 2016. – 236 б.

ISBN 978-9967-468-76-4

РБДЮ им. К. Баялинова
КИТЕП ОРДОСУ

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 480789

С 4702300100-16
ISBN 978-9967-468-76-4

УДК 821.51
ББК 84Ки7-4
© «Кутаалам», 2016

# ТОО БАЛДАРЫ

## КЫЗЫК БАЯН

### 1

Кыштак чакан шаарга айланган. Ортоңку көчөсү бөтөнчө көркөм. Кварталдын башынан аягына чейин китеп базары ачылган. Жүргөндөрдүн көпчүлүгү жаштар. Аскар жыланбаш, үстүнө кийгени чолок жең көйнөк, кара шым. Ал кайдадыр, алыс сапарга шашкан кишидей эки жагына элтеңдеп карайт. Киоскелерде жайылган китептерге көзү тойбойт. Кимдир бирөө аны түртүп өттү. Бирок анын түрткөнү орой тийбей жеңил, жумшак сезилди. Бүгүнкү китеп базары ага элдик майрам сыяктуу көңүлдүү. Ал тигил текчеге жыйылган томдорду карап токтой калды. Көз айнекчен сатуучу күлүмсүрөй карады эмнегедир, ал Аскарга тааныш өңдөндү:

— «Аалам тууралуу ой» барбы сизде?

— Кайсы тому, уулум?

— Ал бир томдук деген...

— О... Эми ал китеп көп томдук болуп чыга баштады... Менде үчүнчүсү бар...

«Алсамбы албасамбы» деп Аскар делдейип ойлоно калды,

— Алып кой, уулум,— деди сатуучу. —Бул томду эч жактан табалбайсың...

— Көрүүгө болобу?

Сатуучу укмуштай сонун китепи Аскардын алдына койду.

Ал аңгычакты болбой дүрбөгөн калк асманга караштьг. Муздай көгөргөн кош моторлуу зор самолет шаар үстүнөн көрүндү. Китеп базары жайгашкан жер кең аянтка айланды.

— Ура-а! — деп кимдир бирөө кыйкырат. Бизге академик конокко келди!

Эл аянтка карай агылды...

Аскар тигил айланган самолётко кол булгалай өзү да эргип-эргип асманга көтөрүлдү. Колундагы томдун акчасын сатуучуга бергени, же бербегени эсинде жок. «Кап, акчасын бербей кетсем уят болду го» деп жер жакка карап, бийикке көтөрүлүп учкандай сонун мээрим сезди.

Жерде жүргөн калк ага кол булгашат. Кайдан жайдан Аскардын алдына буура пайда болду. Буура жибектей жумшак чуудаларын сеңселтип мойнун илгери созду. Төрт аягын абада серпе таштап, тигил академик олтурган самолётко катардашты. Самолёттун боору күзгүдей тунук. Сакал, чачы ап-аппак кичинекей киши жумшак орунда чөмүлө олтурат. Эмнегедир ал жалгыз. Күлүмсүрөй карап, башын ийкеди... Дабышсыз тез зымыраган зор самолёттон Аскардын акбуурасы калышпай чуудаларын сеңселтип, мойнун түпсүз созуп абада арыштайт...

— Учкуч агай! — деп кыйкырат Аскар,— самолётуңузду тетиги көк-жашыл жээкке кондурунуз!

Самолет айланып жерге жакындай берет... Ал аңгыча болбой буура чуудасын сеңселтип чийдей каланган калың буудайды жээктей желет. Камыш сыяктуу бийик чыккан буудай өсүмдүгү жаңыдан дүмбүл тартып саргая баштаган.

Аскар бууранын үстүндө жүрүп, буудайдыи ыргалган башын өзүнө араң ийсе, ар бир даны бөдөнөнүн башындай.

Анын жанына табыш келгендей болот.

— Академик агай, мына биздин тажрыйба талаасына өндүрүлгөн буудайыбыз! — деп бурула караса, Аскардын жанында турган академик эмес, географиядан сабак берүүчү мугалим Сеитова.

— Аскаржан, эмне үчүн төөгө минип жүрөсүң, дегиче болбой буудай узара түштү. Аскар бууранын эки өркөчүнүн ортосуна тура калып, колун улам созду.

Ыргалып бийик чыккан буудайдын сабагына созгон колу эмиэми жетеринде «дүп» этип керебетинен кулап түштү...»

Дайым таңдан туруучу чоң эне Аскардын керебетинин жанынан мышыкча чебер басып табыш чыгарбай өтүүчү. «Бала деген шыйрагынан сүйрөсө араң ойгонуучу эле. Бул күчүк токсондогу чалдай шырп этксн табыш чыкса, башын төшөктөн жулуп алат» —деп жадаса ичинен ойлогон ою, уктап жаткан небересине угулуп калуучудай чоң эне тымызын жүрчү. Азыр жанынан өтүп баратып караса, Аскар таттуу санаага баткан кишидей күлүмсүрөй түштү. Чоң эне демин ичине алып токтоло калды. «Балакетинди алайын жылдызым, уктап жатса да кабагы жарык».

Аскар күлүмсүрөй берди... Шейшептин үстүндө жаткан колдору комуздун кылын бирден тергенсип кыбырай баштады. Кимдидир чакыргансып: — «Акад... акад...» деди.

«Өңүндө ойлогонун айта берет окшойт... акмак...»

Дал ушул кезде «дүп» керебеттен кулап түшкөн Аскар күлүп жиберди. Анан уйкусу ачылбай төшөгүнө кайрадан жата кетти. Чоң эне ак шейшептин жакасын кайрып, жуурканды кымтып койду. Небересин өзү түртүп кулатып алгансып катуу өкүнүп, өз алдынча кобурап нары кетти:

«Биз бала кезде оюбуз менен уйку болучу эле. Булар, улукмандай түн катып олтурушат».

Табыштан ойгонгон таргыл мышык терезеден керебеттин башына секирип түштү. Али уйкусу абдан ачыла элек неме кез-кез «күр-күр» этип коюп жастыктын четине чочоюп олтурду. Башын кыйшаң эттирип Аскар жакка бурду. Анын быш-быш дем алганын тыңшагансыды, анан эпең-эпең эткизип колунун учун Аскардын кулагына жумшак тийгизип ойной баштады.

**2**

Уйкусу ачылып кеткен Аскар мышыкты акырын мурунга чертти. Мышык кулагын силкип коюп, терезе алдына секирип кетти.

Аскар кайдадыр ашыккан кишидей тез кийине сала керебетине төшөнчүлөрүн жыйнаган болду. Алда эмнени эсине түшүргөнсүп, элеңдеп терезеге келди. Алда кимдер менен кеңешкенсип, сөөмөйүн чочойтуп банкелерге көрсөтө:

— Сугат, кайрак, арпа, буудай... О-го! —четки банкеге үңүлө карап кубанып кетти. — Күздүгүм да өнүп калыптыр! Интересно! Кайракка айдалчу күздүк менин банкеме да өнгөн!

— Тигини, туруп ала койгон тура,— деди эшиктен кирген чоң эне. — Ой чакчыгайым бүгүн жекшемби эмеспи...

Аскар чоң энесине бурула карады:

— А өзүңүз эмне, менден мурун турдуңуз?

— Муну көр ой, мага атаандашат. Мен деген жетимиштеги кемпир. Мага күн сайын жекшемби...

Аскар күлүп койду.

— Баса, эч иши жок сиз эрте турганда жаңы заманды куруучу биз уктап жаталыбы?

Кепке такала калган чоң энеси Аскардын таап айткан жообуна элжирей түштү.

— О, күчүк... Эшиктеги борс-борс этип үргөн Окжетпес да бир, сен да бир. Экөөңөр тең менин күчүгүмсүңөр... Кана, калай банкелерге айдаган эгиндериндин өнүмү кандай? Кап толтура тургансыңбы?

— Кап да идиш болуптурбу, кампалар толот!

— А кандай кампа? Калай банкелерге өндүргөн отуз түп данга толгон?!

— Ого-о, эне, сиз билбейсиз. Бардык сыр ушул менин банкелеримде! Мына биринчи банкеге туура жүз дан таштагам. Санаңыз, өнүп чыккандары толук токсон алты. Бул биринчи кампанын даны. Ал эми,— деди Аскар сөөмөйү менен кичине желекчеге жазылган санга көрсөтүп,— бул экинчи банкедеги дан экинчи кампадан болучу. Бул былтыр Мурадыл аке бир сугаттан өксүтүп койгон ойдун буудайы: жүздөн өнгөнү сексен үч гана. Демек, экинчи кампадагы үрөн он жети процент жарамсыз. Кана, айтыңызчы, эне! Үрөндү сизге септирсе, түшүмдү кемитпес үчүн кандай чара көрөр элеңиз?

— Менби? — Чоң эне небересинин суроосуна чыны менен ойлонду. — Жаңкы праксенкиң эмнеси? Кыргыздын тили менен айтып түшүндүрүп койчу.

— Праксенк эмес —процент. Бул кыргыздын сөзү.

— Койчу ботом, мен билгенден проксенк деген кыргызда тил жок болучу...

— Эмесе угуп туруңуз. Кыргыздын тили менен эле айтып берейин.

— Кана, айта кончу.

— Ооба, эки кампа. Экөө тең үрөндүк данга жык толтура.

Чоң эне үнсүз башын ийкектетти.

— Биринчиден —жүз килограмм үрөн алып сепсеңиз, төрт килосу өнбөй калат. Экинчиден — жүздөн он жети килограмы өнбөй калат. А айдаган жерде жүз процепт өнүм болуш керек. Ал үчүн эмне кылар элеңиз?

Чон эне чындап мукактанды.

— Эмне дейт, чунак бала. Аны мен кайдан билейин?..

— Эмне үчүн билбейсиз? — деди Аскар чоң энени намыстантып. —Жер үстүндө жетимиш жыл жүрөм деп мактанасыз...

— Жанагың эмне эле? Праксенк беле? Ошону кошкондо жүз кило, э?

— Жүз. Анын он жети килограммы өнбөй турган, а бизге жүзү тең өнүшү керек.

— Түшүндүм эми, түшүндүм! — деди кубанып кеткен чоң эне. —Тигил он жетисин алып таштап, калганын себе бергин.

Аскар алаканын чапкылады.

— Түшүнгөн жоксуз. Түшүнгөн жоксуз. Өнүм жүз процснт болбой калат, анда.

— Койчу, балам, ошол пракщенкиң башымды катырды. Кудайымдын талаада өнгөн чөп-чарынын кайсынысы өнбөсүн билем дештин өзү күнөкөрдүк... Кой, убара болбо, балам.

— Эч убарасы жок,— деди Аскар мугалим окуучуга түшүндүргөндөй. — Сиз жүзгө дагы он жети килограмм өнө турган үрөндү кошуңуз да себе бериңиз. Болду. Эгиниңиздин өнүмү толук жүз процент болот.

— Баса, кошот, э?— деди чоң эне кубанып. —А жана мен кандай дедим эле?

— Жана сиз кошкон эмессиз. Сепкен үрөнүңүз, өнүмдүү болсо күзүндө кампаңыз да түшүмгө жык толот!

Алда эмне эсине түшө калгансып, чоң эне Аскарга жал-жал карады. Анан небересин башынан сылап эркелете, айтканымды алда кимдер укпасын деген кишиче үнүн акырын чыгарды:

— Кой, жарыгым. Ойногон ойнуңду, окуган сабагыңды көздө. А үрөнүнүн канчасы өнөрүн башкарма өзү эсептеп алсын...

Сен азыр баласың, кээде чоң кишинин оюна түшпөгөн иштерге убара болосуң. Кой, антпей жүр. Эл ичинде жаман көз деген болот. Бирөөнүн көзү, бирөөнүн сөзү тийип калат...

## 3

Чоң эненин кебине Аскар акырын ууртунан жылмайды. «Жаман көз деген эмне?» деп сурагысы келди. Сураган жок. Оюна алаксып сыртка чыкты.

Тоо жактан леп-леп жортуп турган марттын таң эртеңки желине Аскар ансайын сергектене түштү. Ал азыр гана эненин жанында чоң кишидей токтоосунган мүнөзүн коюп, тепкичти экиден аттай басып түштү да, кашатка карай арыш таштады. Баятан өз куйругу менен өзү ойноп короодо тегеренген Окжетпес эми кулагын тикчийтип

тигил Аскар жакка карап калды. Анан: «А мага жолдош табылды!» дегенсип сербең эттирип башын жогоруга бир силкип, чымын-куюн болуп Аскардын артынан кетти. Катуу жүгүргөн Окжетпес куйругун Аскардын шымына чаап, зып этип алдыга өтө чыкты. Ал эки кулагын шалпаңдатып аркан боюндай узап барды да, анан тез бурулуп Аскарды күтүп, боорун жерге төшөп жата калды.

Жете келген Аскар күчүккө сөөмөйүн кезеди.

— Билесиңби? Чоң энем мени да күчүк деди. Сени да күчүк деди. Эмне үчүн мени ээрчийсиң, ыя?

Окжетпес куйругун булгактатып, секирип-секирип жерге боорун төшөп улам жата калат.

— О, шайтан Окжетпес...

Аскар бирөө атын атагандай арт жагына жалт карай салып, эшик алдына чыгып турган чоң энесин көрдү да, күчүк менен ойногонуна уялып кетти. Тек билмексенге салып, компоюп кашаттан нары өзөнгө карай басты. Бирок ойну канбаган Окжетпес андан калышкан жок. Жаны тынбаган ойноо күчүк серендеп жүгүрө берет. Алдыңкы бадалдан канатын жарк эткизип сагызган учту. Окжетпес асманга карап борс-борс үрдү да, бир топ жерге дейре анын артынан чуркады.

— Окжетпес, Окжетпес! — деди Аскар. Күчүк элеңдеп токтой калды.

Киргил тартып ташып аккан суу жылтылдатып көбүк чертет. Кыштай найза бою касаба жаткан өзөн тоборсуй баштаган. Кар кетери менен быягынан гүл ачкан төөтапандар жыбырайт.

Аскар аларга кызыга карады. Бир-эки жолу олтура калып, апакай кылтыйган төөтапандардан үзүп алгысы келди да, кайтып аларга тийгени жок. Жаңы эле кар кетери менен чайытын ачкан өсүмдүк, Аскардын көзүнө өмүрүн жаңы сүрө баштаган жаш баладай көрүндү. Ал төөтапандарга колун тийгизүүдөн да аяды. Баятан энтеңдеп чуркап жүргөн Окжетпес Аскардын жанына келип комдоно калды. Анан ал тентектене тигил желге термелген төөтапанга тап берди.

Аскар Окжетпеске урушту.

— Кет! Эмне, гүлдү тиштейсиң?! Ой, шайтан... Кана, сенин кулагыңды чоёюнчу, кантээр экенсиң?

Окжетпес кылмыштуу болгонсуп башын силкип, тынч жатты.

— И, ооруйт бекен?!

Тигил Окжетпес тиштеген төөтапандын гүлүн Аскар сылап-сылап койду.

— Өнө бер, ананайын. Өнө бер! Окжетпес акмак да...

Эртеңки чайдан кийин Аскар күндөлүк дептерине буларды жазды:

«Окжетпес экөөбүз өзөндө төөтапан көрдүк. Мен алардан бир топту үзүп алып чоң энеме көрсөтөйүн деп кайра аядым. Эмпе үчүн аядым өзүм да билбейм. Кар кетери менен гүл ачууга ашыккан төөтапандар менин көзүмө аянычтуу болуп кетти. Эмне үчүн төөтапан кар алдынан гүл ачууга ашыгат. Анан бат эле гүлүн түшүрүп жок болуп калат? Жоогазын гүлдөсө да узакка турбайт. Эмне үчүн бардык гүлдөрдүн өмүрү кыска? А кээ бир адамга пайдасыз тикендер узак жашайт. Эрте жайдан тартып, кеч күзгө чейин көгөрүп турат, бирок ага көпөлөк эмес, чымын да аз конот. Эмне үчүн андай?

5-март, күнгө жекшемби...»

## ЖАҢЫРГАН ЖЕР

### 1

Үй ичи жымжырт. Аскар жалгыз сабак окуп олтурган.

Эшик шарт ачылып, тарс жабылды. «Ооба, үйгө кантсе да Динар кирди»,— деди Аскардын оюю. —«Эми ал тентек сабак окутпайт, кишиге».

Жымжырт турган үй ичи, азыр эгиз улагын секиртип эчки киргендей дүбүрөдү. Жадаса күн нуруна талыкшып, терезеде күркүрөгөн таргыл мышык табышты жактырбай эшик жакка эрингенсип карады.

Тырсылдап баскан Динар агасынын маңдайына келип токтой калды да, тып эттирип тактайды тепти:

— Аскар, мени кара!

— Акырын, Динар жан? — деди Аскар сабырдуу. — Мен сабак окуп олтурам.

Тентек кыз тактайды бегирек тепти.

— А сен мени укпайсынбы?

— Анан угам.

— Анан кеч болот. Таякем эмне алып келгенин билчи? Аскар чыны менен сурады:

— Таякем келдиби?

— Келди, келди! — эки колун артына алып алакандарын чапкылап, секире берди кыз. —Таякем келди! Эмне алып келдн. Кана, билчи, билчи!

— Окуу куралдарын алып келди.

Динар шак-шак күлдү:

— А-а, билбейсиң. Билбейсиң дедим, билбейсиң!

— Айтсаң?

— Айтпайм! Билбейсиң!

Динар ызалана түштү да, Аскардын кулагына кыйкырды.

— Таякем токой алып келди!

— Токой? Эмне токой?

— Ооба, токой! Шатысы бийик чоң эки өгүз арабага толтура токой алдыртып келди! И, билесиңби? Совхоздон алдыртып келди!

— Кандай токой?

— Мамындай токой!—Динар этек-жеңин жайып көрсөттү. — Бутактары бар, тамырлары бар. И, сен көргөн жоксуң, аны!

— О-о, токой дейт. —Аскар карындашына күлдү. — Көчөт ал.

— Эмне көчөт? Аларды тамыры менен топуракка көмсө, токой болот. Токой, токой... Таякем алдырып келди. Менин таякем мектептин директору!

— Ал менин да таякем.

Динар агасын эликтеди:—Быш-ш, сенин таякең Мукаш жинди?! Сабыр менин таякем!

Мышык ордунан туруп, белин бүкүрөйтүп, тырмактарын жазып, эки колун илгери создү.Ичке курч тиштерин арсайтып, оозун чоң ачып керилип алды да, алда эмнени сезгенсип эки жагына каранды. Анан жеңил секирип эки арткы аягы менен тура калды. Катар-катар шакек кийгизгендей — темгилчаар куйругу ийриле түштү да, эки алдыңкы колунун тырмактарын жаза тытырлатып терезенин кашек жыгачын тырмалады.

Мышык дайым ушинткенде: «Бырс какмаар?! Суук чакырып жатканын көрчү» — деп тап берүүчү чоң энении жоругу эсине түшө калган Динар:

— Бырс, какмаар?! — деп мышыктын кулагын тып-тып черткиледи. — Тигини, биз таякем алдырып келген токойду көгөртөөрдө мунун суук тилегенин ой. Тырмаба, тырмаба!

Мышык кулагын силкип, терезеден секирип түштү.

— Тигини, күркүрөп басып?! Суукту чакырат. — Динар улам тап берди. —Ух, суук болсун дейт окшойт. Карасаң, көзүн чекирейтип жаланып коёт дагы. Сага элеби?!

Бирдеме эсине түшө калгансып Динар эшикке карай чуркады.

Карс этип катуу жабылган эшиктин табышынан Аскар куйругуна чыбык тийгендей селт этти.

— Ай ушул Динар . Эшикти эч качан акырын жаппайт.

Аскар өзү да олтура алган жок. Китебин жаап, дептерлерин жыйнап койду да сыртка чыкты.

Бүгүн, артыкча кенже класстан окуган балдарга майрам, жадаса, энесине таарынып, каймак сүйкөп берген нанды жебей келген Сатай да курсагынын ачканын сезгени жок. Өзү менен бир партада олтурган Светлана экөө кол кармашып катар келатышат. Чоңураак балдар бирбирден тамырдуу көчөттөрдү кармап, катар-катар чубашса, кыймылдап бараткан чырпыктардын арасынан балдардын баштары жыбырашат.

Жогорку класстын балдары алды жакта. Алар бир колуна көчөт алышып, ийиндерине күрөк салып, чечкиндүү кадамдашат. Күрөктөрү күнгө чагылышып, абаны жандуу толкун аралаган.. Директор Сабыр өзү баштап чыккангабы, мугалимдер да келатышат. Орус тилинен сабак берүүчү Нина Леонтьевна да бар. Четтен көргөн адам: «көчөт олтургузуу менен орус тилинин кандайча тиешеси бар?»— деп чолок ойлоор беле? Бирок, элеттин балдарына орус тилин жакшы өздөштүрүү үчүн тынымын койгон Нина Леонтьевна жадаса азыр көчөт олтургузушууга да бирге чыгышты. Жаш мугалима бүгүн жарашыктуу гүлдүү көйнөгүн кийип, кара кемселчен. Мойнуна салып койгон мала кызыл крепдешин косынкасынын учу желге делбирейт. Өзү кенже класстын балдары менен келатат. Улам бир баланын атын атап, Нина Леонтьевна ага суроо жаңыртат:

— Ну, Сатайчик,— деди азыр мугалима тигил четте келаткан мурчуйган кара балага:— Кана, жооп берчи, эмне алып келатасың?

Сатай таарынгансып мурчуя түшүп:

— Сад! — деди.

Нина Леонтьевна жай түшүндүрдү:

— Сад—көп бак-дарак. Бүгүн биз көп көчөттөрдү олтургузабыз. Анан биздин мектептин бак-дарагы болот.

Экинчи катарда келаткан көзү бөрү карагаттай бадырайган татынакай кызга карап:

— Нука, Сыргажан. Сен айтчы, Сатайчик эмне алып келатат?

Сырганын үнү созулуп, сүйкүмдүү так угулду:

— Яблоны-ы.

— Туура. А ну, Сатайчик. Эмне алып келатыпсың?

— Жаблону — деп Сатай мурдун тартып койду.

Нина Леонтьевна окуучусуна тууралап баяндады:

Дале болсо тактап айталбаган Сатай: «Жаблону, жаблону» деп сөздү өз ичинен жаттады.

Канаттарынын учтары карага боёлгондой эки ак көпөлөк күнгө чагылышып, бирин-бири кубалашып төбөдөн алыс кетпей жүрүшсө, Нина Леонтьевна аларга көрсөттү:

— Кана, балдар ким айтат. Тигил учуп жүргөндөрдү орус тилинде эмне деп айтат?

Балдар көпөлөктөргө караштЫ. Бир бала кубангандай бек унчукту:

— Нина Леонтьевна, ал бабышка!

— Бабышка деп кемпирди айтат,— деди Динар, — а бул көпөлөк?! — Бабычка дейт!

— И, сага. Бабычка дебейт. Бабочка-а — деп Сырга үнүн сүйкүмдүү созду.

— Туура! Бабочка!

Окуткан балдарын сүйлөтүп, ракатка баткан жаш мугалима өз алдынча жылмайса, саал тамылжыган жүзү жылдыздуу да, нурлуу да. Ал көп балапан ээрчиткен жаш эне каздын сыңарында өзү окуткан балдарына кароо. «Ах, ар бир баланын өзүнчө жылдызы бар» — Сыргажан үнүн созуп, сөздү таптак айтканы менен сүйкүмдүү. А Сатайчик таарынгансып карап: «Это жаблону» деп сөзгө тили келбей турганы тамаша. Тентек Динар кээде ташка ойногон улакча партага чыга калып, кыжырды кайнатса, кайра «эжеке» деп, тартынбай ар немени сурай берет. Бир нерсени билүүгө ашыгат.

Азыр, тигил көкөлөп учкан көпөлөктөргө карап келаткан Динар ашыга сурады.

— Эжеке, эмне үчүн булут көчүп жүрөт?

— Булут көчпөйт, аны шамал айдайт...

— А булутта жан бар да. Шамал аны кантип айдайт? — Сеитова жылмайып жай түшүндүрдү.

— Булутта жан жок, Динарчик...

— Чоң энем эмне, булутта жан бар дейт?

— Ал киши жаңылышат.

— Ооба... чоң энем жаңылбайт. Жетимиш жаштан ашты.

«Булут көлгө түшүп суу ичет дейт. Илгери мергенчилер аны аңдып туруп атып алышса, кебез болуп калычу экен». Азыр аны эмне атпайт? деп сурасам: «Балам башымды оорутпачы. Кебездин тукуму көбөйсүн деп өкмөт тыюу салып койгон» деди чоң энем. А мен: булуттун жаны жок, жаны жок. Жаны болсо эмне жерге түшүп чөп оттобойт дедим. Чон энем мени минтип карады. Анан колуна чыбыгын алып кубалады. Анан мен жеткизбей кеттим.

Нина Леонтьевна Динар тентектин сүйлөгөн аңгемесине эрксизден күлдү.

— Эжеке, чын эле булутта жан жок, э?

— Булутта жан жок,— деди Сеитова. —Булут жерден, дарыялардан, дениз суулардан көтөрүлгөн буудан-нымдан куралат. Ал — калыңдап куралса, жаан жаадырат. Жаан жерге ным берет. Тамырлары аркылуу өсүмдүктөр азыктанып көктөп өнөт; токой жалбырактап, жемиш бактары мөмө берет; булактар жаралат, күрпүлдөгөн өзөн суулар, дарыялар куралат. Алардан кайра буу көтөрүлүп булутка айланат. Булут, чоң энең айткандай тукумдап узак жашоочу жандуу жаратылыш эмес. Ал окубаган кишилердин ойлоп тапкан жомогу.

«Жомогу? Эмне үчүн жомогу?» деди Динар өз ичинен, бирок мугалимден сураганы жок.

— Кана, ким айтат,— дди Нина Леонтьевна балдарга. —Орус тилинде булутту кандай атайт? Только Сыргадан башкаңар айткыла.

Эки-үч баланын үнү жамырап чыкты:

— Туча!

— Туча!

— Туура, туча дейт!

## 2

Сабыр күрөктү ийнине салган калыбында салмак аттап ортоңку дөбөгө чыгып барды. Ал өтүкчөн. Жашыл түстөгү сукнодон тигил-

ген галифе шым, тик жака гители кынап койгондой жарашыктуу. Ал дөбөгө чыкканда сындуу бою балдардын көзүнө сүрдүү, сүйкүмдүү көрүндү.

Көк жыты аңкыган абада Сабыр көкүрөгүн кере терең-терең демин алды. Анан күрөгүн таяна кармап, айланага кызыга карады. «Бах! Биздин мектептин үстү — бул Көк-Дөбөнүн чөйрөсү сонун жер эмеспи...» деген кубаныч саал күлүмсүрей караган көздөрүнөн байкалат.

— Кана, баарыңар тең дөбөгө чыккыла! — деди анан балдарга.

Кызгалдак ачылгандай бир заматта ортоңку дөбөнүн үстү гүлдөп кетти.

Балдардын кобуру басылганча унчукпай туруп, бир аздан соң директор колун суна алыска көрсөттү:

— Тетиги калың бакты көрдүңөрбү, балдар?

— Көрдүк, агай, көрдүк! — деди балдар.

— Ал эми анын өйүзүн карагыла! Эмне көрүнөт?

— Эчтеме жок. Бозоргон эле тамдар турат.

— Ооба, тигил көп бактын өйүзүндө эчтеме жок. — Сабыр балдардын жообун кайталап койду да,— эмки жекшембиде, мугалимдер силерди саякатка алпарышат, бирок, азыр биздин арабызда талаш бар. Мен айтам: «Балдар наркы өйүздөгү боз кыштакты көрүп келишсин» деп. Силердин эжекеңер Сеитова айтат: «Жок, мен балдарыма тигил калың бактуу кыштакты көрсөтөм» дейт. Кана, өзүңөр айткылачы. Кайсы жагына барар элеңер?

Балдар туш-туштан чуркурашты:

— Агай, эжеке туура айтат...

— Биз тигил калың бактуу кыштакка барабыз.

Сабыр мурутунан жылмайып жай сурады:

— Эмне үчүн өйүздөгү кыштакка баргыңар келбейт?

— Өйүздөгү кыштак жаман?

— Эмне үчүн жаман? Ал жер да биздин районго карайт.

— Агай, ал кыштактын багы жок...

— Дурус. — Сабыр алда эмнени ойлонгонсуп бир азга унчукпай туруп, анан: — Туура айтасыңар. Ал кыштакка барган менен көрөрүңөр аз. Ал артта калган кыштак.

Сырга көздөрү жоодурап: «Эмне үчүн артта калат?» деди ичинен.

Сабыр азыр Сырганын оюн түшүнүп тургансып, балдарга суроо берди:

— Балдар, кана силер айткылачы. Эмне үчүн ал кыштакты артта калды дейбиз?

Бир тынымга эч кимиси жооп берген жок. Кимдир бири мурдун тартты.

— Кана, ким жооп берет? Айткыла?

— Агай, өнөктүгү бүтпөйт? — деди Сатай.

— Эмне үчүн?

— Малдары арык,—деди Орусбек.

— Курулуштары жаман, агай...

— Алар бак тигишпейт, агай— деди Ашым.

— Эмне үчүн андай?

— Жалкоолору көп дейт, агай...

— Жок агай. Ал колхоздо менин жездем бар. Башкармасы урушчаак, активдери ээнбаш дейт.

— Агай, мен айтайынбы? — деп үнү жоон кара бала чочугандай колун көтөрдү.

— Кана, сен айтчы? — деди Сабыр ага.

— Агай, менин таякем ошол колхоздо. Кечээ биздикине келип кетти: «Активдерибиз ит арка» дейт. «Ит арка деген кандай болот?» — деп атаман сурасам: «Ынтымагы жок — ич ара чатакташып жүрүшкөндү айтат» —деди.

«Жаат бар. Бирин - бири аңдып турушат. Кээде ак кишинн да каралап жиберишет. Шумдарыбыз көп. Күзүндө эмгек тийбесе, өйүзгү колхозго көчүп кетем» деди таякем. «Чатагы көп жерден келдиң деп өйүз сени албай койсо, кантесиң» — деди апам. — «Өйүз алат» — деди таякем. — «Өйүздүн башкармасы Аким ат качырбас боз айгыр...» «А ат качырбас боз айгыр деген эмне?» деп атаман сурасам: «Сөздү бөлбөй тим отур. Ичи кең, иши жакшы, ынтымакты сүйгөн кишини айтат» деп мага урушуп койду. «Аким чиркин иштин көзүн таанып турган анык мейнеткеч экен» деди таякем. Ал чыныдагы чайын ууртабастан олтуруп Акимдин ишин мактап кетти. «Ал башта райкомдо иштеген адам экен. Ушул начар болуп оңолбой койгондо, мен ондоймун деп өзү келген дейт. Үч жылдын ичинде гүлдөтүп жиберди. Баары бир эненин балдарындай ынтымактуу. Көрүп жүрөбүз

го. Аким бир колхозчуга бек сүйлөбөйт. Тек, «мырза» деп күлө карап — «Ишиңди оңдо. Артта калба» дегени жетишет дешет кишилери. Башта, биздей да жупуну эле. Эми кыштагы кулпуруп баратат... Жыл аягы бутсүнчү. Акимдин колхозуна көчүп кетем» деди таякем.

Биз да ошол Аким жетекчилик кылган колхозго саякатка барабызбы, агай?

— Барасыңар! — дедп Сабыр балдарга. — Азыр силер менен болгон кыска аңгемелерден: «көп ишти түшүндүк. Маселен, тигине, эки колхоз. Экөө өйүз-бүйүз коңшу. Эгин эккен жерлери да, ичкен суулары да бир. Бирок бири татынакай шаарчага айланып кулпуруп баратат. Бирок бири чаңы чыккан боз кыштак. Анын себеби эмнеде? Аны азыр өзүңөр айттыңар. Рас, бардык иш колдон жаралат! Көргүлөчү! Батышынан да, чыгышынан да шылдырап көк кашка суу аккан. Азыр биз турган Көк-Дөбөнүн айланасы али эпээн! — Сабыр колун кыдыртып айланага көрсөттү. —Биз үч эле жыл мурда ушул жерлерге көчөт олтургузсак, азыр айланада бак-дарак дүпүйүп турмак. Чоң жолдон өткөн жолоочулар: «Бале, «Күрпүлдөк» мектебинин багы быйыл мөмө төгүп калыптыр» дешип мактап өтүшмөк.

— Эмине, анда биз абдан кечиктикпи? — деди Динар .

— Ооба, сага. Абдан эмес,— деди Сатай.

Балдар күлүштү. Орусбек жакындагы Ашымга муш кетти кылды. Балдар бирин-бири алдыртан укушту...

— Биз абдан кечиккен жокпуз,— деди Сабыр азыр. Көк-Дөбөнүн айланасына биздин мектептин багын тигебиз! Бул бак — биздин эртеңки саябыз. Аны өзүбүз асырап көгөртөбүз!

Мугалимдер менен бирге келген күзөтчү Ташбай;

— Ай, жолдош Сабыр,— деди асманды чеңгелдеп алчудай колун көтөрө,— мектеп багын көгөртүү алдында Кыргыз Гимни ырдалсын деймин!

— Ташбай аке туура айтат. Ал, баштагыла!

Сабыр колун маштады, Гимн ырдалып балдардын коңгуроолуу таза үндөрү жаңыра чыгып аяктады.

Азат туусу Советтин
Жеңишке алып бараткан.
Азат туусун көтөрүп,
Кыргызстан атактан!

Сабырдын катарында турган күзөтчү Ташбай аке «атакта-ан» деген сайын анын быжыгыр сакалы дирилдейт...

Бир нече топко бөлүнгөн балдар узуну эки жүз, туурасы жүз отуз метр чамасында жер аянтына көчөт олтургузуп жүрүштү. Ар бири төрт баладан болгон алты топту, эсептен сабак берүүчү Сартбаев баштап алар ир алдыда; аркан сүйрөшүп ар бир чөнөктүн аралыгын жети метрден өлчөйт. Анан күрт-күрт күрөк сайышат. Орто казандын оозундай тептегерек чымды төрт жактап оодара салышат. Дагы жанысын баштаганы нары кетишет.

Калган топторду Сабыр өзү жана Ташбай аке баштаган. Алар, тигил эки топтун казган чуңкурларын кеңитип, тереңдетип ага көчөттү олтургузушат. Ал эми кенже класста окуган балдар ар кими алы келгенди аткарып: кээси тигил бак олтургузгандарга көчөт жеткиришсе, кээси тек аңыра чаап көпөлөк кубалап, кыйкырып жүрүшөт.

— Балдар, талаага чуркабагыла! Көчөт олтургузганды көргүлө! — дейт аларга мугалим.

Сеитова болсо, билүүгө кызыккан балдарга көчөттү кандайча олтургузуп, кандайча асыроо эрежесин сүйлөйт:

— Балдар, Ташбай аке топуракты кандай салар экен байкап тургула!

Атасы өмүр бою багбанчылык кесибинде иштеп өткөн, өзү да бак асыроо ишин жакшы өнөр деп билген Ташбай аке:

— Мына, ишти тамырга топурак салгандан башташ керек. Маселен, аркасы көңдөй калса, желдеп туруп тамыр кургап кетиши мүмкүн. Эгерде топуракты тепсеп салсаң анда да болбойт. Тар өтүк бутту кыскандай тамырларды кысып, кээси бүктөлүп сынып калышы да мүмкүн. Эмесе, тамырына топуракты күр эткизип күрөктөп ыргытпай өлчөп салып, топурак салган сайын жыгачты минтип чебердеп титиретип турса, ар бир кыл тамырына чейин тегиз көмүлөт. Жана топурак анча ныкталбай тегиз басырылат. Кийимди өлчөп кийгендей тамырлар да оордукту сезбей жерден азыгын алып ээн-эркин өсө баштайт.

— Үйрөнүп алгыла, садагалар! — дейт Сабыр балдарга. —Ташбай аке бак-дарак асырап өскөн багбан адам! Бул киши бак асыроону тажрыйбадан билет. «Мектеп багы болбосо, мен силерден кетемин.

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 480789

Баксыз мага көңүлсүз. Башка күзөтчү таап ал» деп мени коркута берчү. Чынын айтайын: бул ишке Ташбай аке да демилгечи болду.

— Албетте! — Ташбай мөрөйдү алган кишидей кубанычтуу күлдү. — Аз эмес, көп эмес, шул «Күрпүлдөк» мектебиие күзөтчү болгонума мына жети жыл өттү. Сизден мурун «Мүлтүлдөк директор» иштеди. Э, директор аксакал. Бала окуткан эми дурус. Мектептин бак-дарагы болушу эми зыян эмес. Энди бир бак тигейлик дейм. Э-э, кудайыма тоба! «Мүлтүлдөк директор» колун силкеди. «Биздин кыргыз бак-дарактын баркын билбейт. Куурап калары менен иши жок: алмандын жыгачын башкарма атына кемиртип, өзү көлөкөсүнө жатып, курсагын сылайт. Бак-даракты эмне кыласың, Ташбай, мектептин алдын шыпырып, печин жагып жата бер!» — дейт. Өзүмдү кайра мазак кылады.

Ташбай колундагы үч жылдык көчөттү тигил жаңы казылган чөнөккө өлчөдү.

— Тагын бир аз кеңейсин. Мына, көрүңүздөр. Тамырлары абдан жакшы. Эгер туура отургузулса, тез гана тарап кетеди.

Ташбай көчөттүн бутактарын имере карады.

— «Алматинка». Жаздык сорту болсо керек.

Баятан араң турган Динар :

— Ташбай ата, алмасы качан болот? — деди.

— Шашпа, Динаржан,— деди Сабыр жээнин эркелетип. — Аманчылык болсо, үчүнчү күздө өзүң келип чыныдан кызыл алманы үзүп турасың!

— А үчүнчү күзгө канча бар?

— Күз өтөт, кыш өтөт, дагы бир күз өтөт. Анан кийин...

— Ай-ий ага чейин мен карып каламын да?

Динардын кебине тургандар дуу күлүштү.

Дайым чоң энесин туурап сүйлөгөн Динар кишилер күлгөнгө бир аз кызарып, кошо күлдү.

Кителинин топчулуктарын чыгарып, баятан балактап күрөк сайганга бир аз чекеси бууланган Сабыр бажырайып күлө карап, тентек кызды эркелетти:

— Эгер жакшы окусаң, Динаржан, сен ал күздө бешинчи класска гана көчөсүң!

— Э кызым,— деди Ташбай Динарга. — Силер карыбайсыңар, мына биз карыйбыз. А турмуш барган сайын жашара берет да.

## 3

Башкаларга Ташбай акенин кеби канча таасир этти ким билет? Аскардын көңүлүн бөлдү: «Эмне үчүн кишилер карыйт, турмуш жашарат?» — Бул суроого Аскар өзү жооп табалбай мугалимден сурагысы келди. Уялдыбы же оюу бөлүндүбү? Ал суроосун өзүнөн башкага угузбады: «Эмне үчүн кишилер карыйбыз дейт. А турмуш жашара берет?» — Балким, бул мээленбей атылган октой — анчейин оздон чыгып кеткен кеп чыгар? Жок! Ташбай аке бул сөздү ойлонуп айтты го. Эгерде Аскар «Эмне үчүн» деп көп жашаган кишиден сураса: «Э-э, балам, угуп ал» —дээр, сакалын экчеп, ээгин көтөрүп, айланага көрсөтүп баян этер, ал: — «Мына, Көк-Дөбө! Бул дөбөнүн тарыхын азыр адам чече элек. Бири айтат: «Бул дөбөлөрдү калмак үйгөн» дейт; бир айтат: «Бул дөбөлөр Сак заманынан калган» дейт; бири айтат: «Айтор бул дөбөлөрдө көп уруу элдин тарыхы сакталган. Бирин казсаң: койнунан алтын, күмүш идиш чыгат; бирин казсаң алп кийген соот, болот кылычы табылат» дейт. Айтор, биз уккандар ошол. Далай заман биздин ата-бабалар ушул дөбөлөрдү тепседи. Бул дөбөлөргө, журтка бийлик айтып күп-күп этип лөк да олтурду. Эр кунуна өкүм кылып чыбыгын кыркып бийлер олтуруп кетти. Алар түн жамынган салт атчан каракчыдай из калтырышпай тымызын өттү. Бул биздин дөбө ошолордун баарына күбө... Карап кой, балам! Ошентсе да, быйыл кар кетери менен жаңы төрөлгөндөй: жээк, жээк арык түштү, катар, катар бак тигилди! Дагы үч жыл өткөндө мени кара, балам. Сакалым буурул тартат. Бул дөбөлөргө кара — айланасы бактап-шактайт. Арасы саябалуу көлөкө болуп, тигил дөбө гүл ичинде көгөрөт!—Мына турмуштун жашарганы да ошол, балам, бирок ага ал өмүрдү адам өз колу менен берет!»

Эгерде карыянын оозунан Аскар ушул сөздү укса, өзү да жакшылап ойлонсо: «О аке, анда адам кайдан картаят!» — деп айтат беле? Азыр Аскар бул суроонун жообун узакка ойлонбоду. Тек жазгы желдей өргө сызган кыялы эргиди.

Аңгычакты болбой жогор жактан каңырт угулду:

— Со ба-а, соп! Көк-Дөбөгө туура түздөп жүр!

Караса, алар колхозчулар экен.

Универсал тракторго чиркелчү кош тиштүү соконун тишин жерге тереӊ житире, башкы өстөндөн чыгарып шыкап салып келатышыптыр.

Алдыдагы буурул атчан мурап бир айылдын элиндей бажылдайт.

— Пай, пай... Сабыржан. Көк-Дөбөнүн чөйрөсүн токой кылып жиберген го, кудай! Теги эче катар? Башкарма Мерген буюрду. Багыңарга суу жетсин деп шакап салып келатабыз!

Эки-үч бала сокочуларды утурлай жарыша жөнөдү.

Мурап ал балдарга:

— Тек, кыйкырбагыла, арамдар!

Көчөттү аяк өйдө олтургузуп келатышкан Сабырлар бул кезде аянттын башына чыгып калышкан.

Жакын келген мурап дагы унчукту.

— Оо, иш илгери! Бак көгөрсүн, калың мөмөлөсүн! Силердин алма, өрүк суудан калбасын деп, мына башкы өстөндөн бери шакап чыгарып келатабыз! Тигил бригадирлердин талашы аз болуп жаткансып, эми силердин бакка да суу жыгыша турган болдукко!

Сабыр мурапка күлө карады.

— Биздин бак — силердин бак, Жаке!

Мурап тамашасын уланта берди.

— Сууну эптеп жеткизээрбиз. Теги алмасын жээр бекенбиз?

— Эмне үчүн жебейбиз?

— Э ким билет? Жер каймактагандан бери ата-бабам бул өрөөнгө алма, өрүк өндүрүп көргөн эмес эле дейм да...

— Ата-баба көп энчинн албай кетишкен,— деди Сабыр мурапка. —Аларды ээрчисек миң жыл кайра көчүп, байыркы алп аттанчу чабыштарда жүрмөкпүз!

— Чабышта талашым жок!—деди сөз бербей мурап.— Өмүрү бак тамырлап көрбөгөн жерге бүгүн көчөт олтургузуп жатасыңар. Ошонун жөнү кандай? Бул жерге өрүк гүлдөп, алма бышаар бекен дейм да?

— Сибирь деген жерди уктуңуз беле?

— Укмак тургай согуш маалында Алапайына чейин барып да келгемин.

Сабыр күрөк менен топурак сузуп чөнөккө салып жатып үн катты.

— Ал Сибирдин суугу кандай эле.

— Айтпаңыз, бети курусун,— деди мурап атынан түшө берип. — Көнбөгөн киши тоңуп кала турган.

Сабыр күлүп койду:

— Эмесе ошол суугу кишини тоңдурган Сибирге да Мичурин аке сортун өндүрүп алды. Аз жылда ал жакка жүзүмүңүз да бышып бермек болду!

Мурап эч сөз айталбай одурая Сабырга карады.

— Ошондой, Жаке! — деп Сеитова кепке аралашты. — Жер семиз болсо, кубаты боюна кетет деп Мичурин кээде алма жыгачын таштакка көчүрчү экен... Темир аязда да даракты сууктан коргобой кондүрүп: «Биз табигаттан тилебей, андагы болорду өз күчүбүз менен алууга тийишпиз» дептир. Кеч калсак да нак ушул Көк-Дөбөнүн чөйрөсүнө Мичуриндин сортторун тигип, мектептин мөмөлүү бак-дарагын гүлдөтүүгө кириштик!

— Э, болсун, кызым, болсун! — деди мурап.

Кечки тамакты ашыга ичкен Аскар өзүнүн столуна олтуруп, күндөлүк дептерин төмөнкү сөздөр менен улады:

«Биз бүгүн мектептин бак-дарагын олтургуздук. Ага биздин мектептин күзөтчүсү Ташбай аке да барды. Мен бул убакытка чейин биличү эмес экенмин. Көрсө, Ташбай аке «багбан» тура, (Багбан деп биздин эл бак өстүргөн адамды айтат экен. Аны Сабыр таякем түшүндүрдү. Адам сүйгөн ишинде жүрсө көңүлү ачылса керек. Ташбай аке мектептин алдын шыпырып, печке от жагып жүргөнүндө сүйлөр сөзү жок — суз жүрүчү. Мен аны ачуулу киши го деп ойлочумун. Көрсө Ташбай аке көптү билген шайыр адам тура. (Эх, ушул жер үстүндө жашаган акылдуу кишилердин бардыгы менен тааныш болсом, э!) начар алмага жакшыны уласа, сонун мөмө берет.. дейт. Мурадыл акедей урушчаак киши, өңкөй Турсун жеңедей жоош кишилерден түзүлгөн бригада да дайым бир иштесе, чатагы калып кетпейби?

Ал гана эмес, бүгүн Ташбай акем бир сонун тажрыйбаны айтты: «Бир өзбек багбан кадимки теректин тегиз таарылган дүмүрүнө ар кыл мөмө жыгачын улап кадимкидей өндүрүп; бир бутагына шабдалы, бир бутагына өрүк мөмөлөткөн» дейт. Эгер чын болсо, мөмөлөрдө анча-мынча теректин да даамы болот? Анткени тамыр теректики да. Балким, таттуудур? (Муну Ташбай акеден сураймын). Мөмө жыгачтары жат тамыр менен кантип достошту? — Чынында шумдук!»

Аскар дагы эки-үч сапты жазды да, кайра узун тартып өчүрүп койду. Анан күндөлүгүн мындайча улады:

«Көчөттөрдү отургузуп бүткөн соң мен дөбөгө чыктым. Көз алдыма жаңы сүрөт тартылды: салаа – салаа арыктар чубап салган кара аркандай болуп көрүндү. А жыгачтар сап-сап тизилишет. Ортоңку катарда тигилген ийри жыгачты көргөнүмдө Ашым эсиме түштү. Дене тарбия сабагында мугалим балдарды бир сапка тизсе, анын курсагы чердейип алдыга чыгып турат. Тигил ийри жыгач да түз жыгачтардын катарында ошол Ашымдын курсагындай болуп чыгып калыптыр. Көргөнүмдө күлүп жибердим.

Айтор, Көк-Дөбөнүн чөйрөсү бүгүн жаңырып, жашарды.

Эх! Ур-р-а-аа! Жолдоштор!

Мындан ары биздин мектептин алма багы да гүлдөй баштайт»

## ЭМНЕ ҮЧҮН ВАНЬКАНЫ УРАТ

### 1

Кээде, көз тунарганда жакшы экен деп чоң эне тартына коюп жүрчү көз айнек чоң эненин көптөн сактап келаткан буюму. Саал көгүлтүр айнектеринен дүйнө күңүрт тартып, жашыл түстөнгөн жука көлөкө түшкөндөй көрүнүчү. Кебетеси тек күндүн нурунан жалтанбас үчүн (сөөлөткө) тартынчу көз айнек болсо керек. Анын үстүнө сол жак көзүндөгү айнеги чатынан, четинен кетилип түшкөн — жылчыгы бар. Чоң эне ийирген жибинин жоон-ичкесин текшергенде, тунарган айнектен жакшы көрө албай оң көзүн жума коюп, сол көзү менен айнектин чатынаган жылчыгынан шыкалоочу. Бирок көз айнексиз олтуруп ийирген жибинен, көз айнекчен олтуруп ийиргени тегиз болбой калычу. Анткен менен небереси Динар ага чоң эненин көз айнекчен олтурушу, салабаттуу көрүнө турган.

Азыр үйдө эч ким жок. Аскар мектептен кайталек. Чоң эне огород жакта жүрсө керек. Жадаса таргыл мышыктын күркүрөгү угулбай жеке өзү болгон соң, Динар  чоң эненин көз айнегин тартынды.

Анан үйгө берилген тапшырманы иштей баштады. Бирок күңүрт көрсөткөн көз айнек, кээде жазуусуна зыян келтирди. Тамгалар тегиз болбой — өйдө-ылдый түшө баштаса, Динар  чоң энече оң көзүн жума калып, сол көзүн ойнотуп, жылчыктан шыкаалайт. Ири-ири жазылган тамгалар сап-тап тартып кагаз бетинде жарышкансып көрүнөт.

Динар өз алдынча кубанат:

«О, көз айнек тим эле тамгаларга жан киргизип жиберет тура! Шапшагыла, чоң энем менен таргыл мышык... Маскөөдөн окуймун, Ташкенден окуймун, Элбурстан... Жок Элбурс деген Сибирдеги бийик тоо»,— деп Динар башын чайкады. Анан ойлонгонсуп сөөмөйүн чочойтуп, колун жогортон төмөн жаңсады. — «Дагы бир чоң шаардан окуймун! Доктур боломун, мугалим боломун, агроном боломун. Анан үч сонун көз айнекти бир жолу тагынайын дейсиң!»

Динар колун силке берип, баракка сыя тамызды. Көк жашыл тартып былтыя түшкөн коюу сыя жазуунун көркүн бузду.

Ичи ачыша түшкөн Динар селтең этти:

«Ай!... Кап, кап... кайран жазуум булганып калды, ээ».

Тез суу кагаз басып сыяны ичирди. Бирок сыя тамган сабак кирдеп калды.

Динар мурдунун үстүнө минген көз айнекти лып ала коюп:

«Ух, шайтан көз айнек?! — деп уруша баштап кайра күлдү. — Жок, жок. Сыяны өзүм тамыздым... Чоң энемдин, ананайын көз айнеги, сонун да».

Көз айнекти чоп эткизип өөп койду. Анан кайра тартынды. Баптанып каадалуу кишинин сыңарында:

«О-о, мен билдим. Көз айнек менен үйгө берген тапшырманы иштешке жарабайт да... Чалкалап олтуруп китеп окуса жарашат! А, нука!»

Динар ыргып туруп дептерлерин жыйнаштырды. Анан Аскардын китептеринин арасынан «Биздин адабиятты» алды. Өзүн каадалуу санаган Динар эми төрдөгү килемче жабылган чоң сандыкка чалкалай олтурду.

Кез-кез Сабыр келген сайын ушул чоң сандыкка, нак азыркы Динарчылап чалкалай олтуруп, китеп барактап калчу.

Чоң эне: «Сабыржан» деп бирдемени сураса, китепке алаксыган Сабыр ошол замат жооп берүчү эмес. Азыр Дннарга суроо берүүгө үйдө адам да жок. Эч болбосо, ушул саат да үйдө таргыл мышыктын жүрүшүн каалап Динар эки жагына каранат. Китепти барактайт, кээде ээрдин бүлкүлдөтүп айрым абзацтарды окуп да калат.

«Жо-ок, кызык эмес...» — деп кайра барактайт.

Китепти ортолоп келгенде баракты ачып алса Динардын көзүнө

бир сүрөт укмуштуу болуп көрүндү. Көздөрүнүн чарасы чоң-чоң. Оң жак бетинен төмөн узун иймекке окшоп ийилген бирдемеси бар. Анын же шоона жип, же ичке чынжыр экени ачык байкалбайт. «Эмне үчүн көзү чоң, кантип бетине жип илинип турат?» деп ой жүгүрткөн Динар , он көзүн жума салып, сол көзүн ойнотуп айнектин жылчыгынан сүрөткө карап кубангандан күлүп жиберди.

«Ого, акең. Көз айнек салынган кишинин сүрөтү тура! А нука, ким деген болду экен?»—Динар  ортон колун сүрөттүн алдына жүргүзүп «Че... Чехо-ов? О, Чехов акең экен го... Жазуучу окшойт. А нука, көз айнек салынган киши кандай жазат болду экен? Окуп керөлүкчү...

«Ванька-а...»

Э-эй, укмуш».

Динар  китептин бетине тикирейип карап калды. «Нина Леонтьева эжекенин инисин жазып коюптур. Былтыр күзүндө биздикине келгенде ал экөөбүз чоң энем айдаган пияздан жесек, көзүбүздөи жаш аккан...»

Алда эмне эсине түшө калгансып Динар  селтең этти:

«А нука, окуп көрөйүнчү. «Ванька-а...»

2

Эшик ачылып чоң энеси үйгө киргенде Динар  аңгеменн экинчи кайталап окуй баштаган.

Адегенде Динар  тим олтурбастан, кээде китеп кармаган колун созо коюп, башын кыйшайта калып, тунарып көрүнгөн тамгаларды айнектин чатынаган жылчыгынан шыкаалап тентектенип окуган. Бирок улам бир сабакты аяктаган сайын аңгеме Динарды өзүнө тартты. Тентек кыз кыйшактаганын коюп кадимки токтоо кишидей козголбой калды. Бир аз окуй түшкөн соң «түк жакшы көрсөтпөйт экенсиң», деп көз айнекти да алып койду. Айрым сабактарды эки кайталап окуду. Кээ бир сөздөргө чочугансып, түшүнө албаган кишидей маңдайын бырыштырат. Дагы окуйт. Алда кимге кекенгендей, ачуусу келгендей кабагын түйөт. Кимгедир жаны ачыгансып, жүрөгү сыздагаи кишидей бир азга шылкыйып олтуруп калат, ичтен улутунат. Кыздын өзгөргөнүн алдыртан байкаган адам болсо, «Динаржан, сен эмне окуп олтурасың. Эмне болду, сага?» деп сурар беле?

Эшиктен жаңы кирген чоң энеси китеп окуп олтурган небересине ичи жылып, аны эркелетти:

— Тотудай болгон садагасы кетейиним. Китеп окуп олтурган тура.

Эмнегедир чоң энесин көргөндө эркелеген балача Динардын тамагына шилекей түйүлүп, энтигип а дегенде унчуга алган жок.

Эшик ачылганда таргыл мышык кошо кирген. Тырмагын жыйып, аяр баскан мышык көлөкө жүргөндөй тымызын болду. «Менин келгенимди сезбесин» дегенсип жай басып чоң сандыктын түбүнө токтой калып, Динар жакка карап, ууртун кыймылдатып жаланып койду. Анан «лып» секирип сандыктын бир жак бурчуна чочоюп тим олтуруп калды.

Дагы бир сөз айтууга чоң эне небересине бурулду. Бирок нак ушул тынымды күткөндөй Динар ыргып турду да:

— Эмне үчүн жетим баланы урат, ыя? — чоң кишиден бетер кыз колундагы китепти жогору кармады. — Эмне үчүн байкуш баланы калып менен башка урат, чоң эне?

Бир сөз айтышка эптенген чоң эне оозунан кебин түшүрүп делдейип кичине кызга карады.

— Эмнеге унчукпайсың, чоң эне?—деди Динар бир-эки кадам алга карай басып. —Эмне үчүн ал акмактар жетим баланы аябайт?

— Кайсы акмактар, садага? Кимди ким уруптур?

— Кожоюн акмак... жетим баланы.

— Кайдагы кожоюн?

Динар ызаланып кетти:

— Кайдагы, кайдагы?! Мен кайдан билейин.

— Айтып жаткан сен билбесең, мен кайдан билем?..

— «Мен кайдан, мен кайдан?..» Жетимиштен аштым деп мактанасыз, кожоюнду билбейсиз.

— Ал кайсы кожоюн?

— Мен да билбейм, чоң эне. Кожоюн деген эмне?

— Эми боо кантип түшүндүрсөм? — деди чоң эне ойлонгонсуп. — Кожоюн деп малай жумшаган кишини айтат...

— А... билдим, билдим. Өтүкчү, өтүкчү...

— Кайсы өтүкчү?

—Жанагы...балыктыкуйругунантазалабайсыңдегенөтүкчү?!—

Динар чоң эненин маңдайына келип, үнүн создү. — Тигил байкуш Ванькаsuccessful урга-ан...

— Ботом,— деди чоң эне аң-таң калып. — Кайсы Ванькасы? Эмине болгон балыгы?

Чоң эненин түшүнбөй жатканына бир ызаланса, өзүнүн толуктап айтып бералбаганына эки ызаланган тентек кыз:

— Дагы эле кайсы Ванькасы дейт...

— Ботом,— деди чоң эне сөзгө такалып. —Орустарда Ванька, Санька деген ат толуп жатат. А кимисин сураганыңды мен кайдан билем?

Бир аз жоошуй түшкөн Динар таң калгансып капкара көздөрүн бакырайтып туруп чоң энеден сурады.

— Чын эле билбейм, садага, Ванькаңды?

Чоң эне айыптуу кишиче небересине алдыртан карады.

— Чын эле билбейм, садага, Ванькаңды?

— Ай и-и-й... Ушул чон энемдей кишилер эмне кылып жүрүшкөн, теги... Демейде, «биздин чакта минтип, биздин чакта антип...» деп сандарын чаап калышат. А өздөрү, жадаса, байкуш Ванькаnын кожоюндан токмок жегенин билишпейт.

Таптакыр кеп таап айталбай калган чон эне чыйрак сүйлөгөн небересинен көзүн айырбай ээрдин шалп эттирип шыпшына туруп калды.

Динар кайра барып сандыкка отурду да өз алдынча кобурай берди:

— Улам эле кайсы Ванька, кайсы Ванька дейт,— колундагы китепти чоң энеге көрсөтүп силкилдетип койду: — Мына, ушул китептеги Ванька! Чехов деген жазуучу жазган. Ата-энеси өлүп жетим калыптыр. Анан карыган, карыган чоң атасы болуптур... Тамак жок болуптур... Анан байкуш Ванькаnы кожоюнга малайга бериптир... Анан арак алып кел дептир... Анан Ванька чон атасына кат жазды. Кожоюнум мени калып менен башка урду деп ыйлады. Анан балыкты куйругунан кармап тазалабайсың деди. Анан... — көздөрүн тез-тез ирмелеген Динардын каңырыгы түтөй түштү. —Анан менин да ыйлагым келди... көздөрүмдүн тегереги ачышып кетти. Анан Ванька «Кыштактагы чоң атама» деп каттын сыртына жазып койду...

Бир азга токтоло калып, Динар чон энеден сурады:

— А Ванькaнын жазган катын кыштактагы чон атасы алды бекен, чоң эне?

Неберисинин демин сууткусу келбей чон эне башын ийкектетти:

— Ваньканын жазган катын чоң атасы алган, садага... Эми түшүндүм Ваньканын кожоюну ким экенин да билемин. Жакшылап угуп тур, сага азыр айтып беремин...

3

Чоң эне аңгемесин улантты:

— Силер аны билбей калдыңар, садага. Ошентип мурункуларда бай деген болучу, малай деген болучу...

Динар чон эненин сөзүн бөлдү:

— Малай деген эмне, чоң эне?

Чон эне саал мукактана калып:

— Малай деген эле алдагы сен окуган китептеги Ванька...

— Эмне үчүн Ванька малай? Анын аты Ванька эмеспи?

— Ооба... Өзүндө эрки жок үчүн, жалданган үчүн.

— А жалданган деген эмне?

Чоң эне «койчу, садага. Башымды катырбачы» деп айтып жибере жаздады да, кайтып небересинин билүүгө кызыкканын сезип, түшүндүрө баштадьк

— Колунда жок жакыр адам, колунда бар малдуу кишиге барып, жакырчылык кылганды айтат?

— А жакырчылык деген эмне?

Чон эне эрдин чолп эттирип шыпшынып койду...

— Айтсаң эми, чоң эне?

— Жакырчылык деп, колунда жоктукту айтат. Байдын ирегесинде жүрүп: оту менен кирип, күлү менен чыкканды айтат...

Динар көзүн бакырайтып чочуп кетти:

— Апий, чоң эне. Кантип от менен кирип, күл менен чыгат?

Чоң эне тажап аргасыздан күлдү да:

— Оту менен кирди деп, уйку бетин көрбөгөндү айтат. Күлү менен чыкты деп, жанын сабап иштегенди айтат...

Туз ууртап алгансып, эмнегедир жүрөгү сыздай түшкөн Динар :

— А антип жанын сабап иштебей койбойбу?

— Кантип иштебей коёт. — Чоң эне небересине түшүндүрдү: —

Иштебей койсо ач калат, жылаңач болот... Сага окшогон балдары ыйлап, жанын кейитет... Анан күнү-түнү жанын сабап аргасыздан иштешчү. Байдын отунун алып, суусун куюшчу... Ошентсе да, байкуш жалчылардын курсагы тамакка тойбой, ийни бүтүн бөз көрбөй, өмүр бою зардап өтүшчү. Алардын өз баштарында бийликтери жок: байлар жалчыларды баштарын кандап уруп койсо да эрки. Алар каарданса жайы, кышы иштегени үчүн жалчыга акы бербей койсо да эрки...

— Эмне үчүн ал кишилер байга барбай өздөрү эгин айдап алышпайт?

— Антишке кудурети жетчү эмес. Бийлик байдын колунда, бийдин колунда...

— А бий деген кандай?

— Бий да байдын таламын талашкан жолдошу болучу. Байы, жалчыны иштетип, иштетип уруп койсо, бийи: «кыңк этпе, жалчы?» деп буйруп койчу.

Ачуусу келген Динар алда кимге кекенгенсип сурады:

— Теги алар кимдер өзү? Киши болгонбу?

— Киши эле болушкан.

— А киши болсо эмне кишини урат?

— Өткөн заман ошондой тентек болучу, садага. Билеги жоон бирөө он кишинин алдына салып айдап алган — теңдиги жок заман болучу. — Чоң эне сөөмөйүн чочойтуп китепке көрсөттү. — Алдагы өзүң окуган китепте да жазган тура. Байкуш Ванькады кожоюну калып менен башка койду деп жатпайсыңбы. Алда эчтеке эмес. Так эле сенин жашыңдагы кезимде мен да атадан жетим калгам... Жакшы эле эстебеске тырышчу элем. Алда качанкыны эстеттиң, акмак,— деп чоң эне шуу үшкүрүп жиберди. Анан небересин эркелетип, маңдайынан сылагылап олтуруп эртегиден бир элести көз алдына келтирди:

— Ошентип сенин чоң энең да жетим калган. А, ал замандын түндүгү түшсүн. Жетим менен жесирге каран түн болучу. Эркектен менден кичүү иним бар. Кыздан экөөбүз. Энем тунун кыз төрөптүр. Аты Чынар коюлуптур. Ал экөөбүздүн оргобуздан энем эки эркек төрөп, экөөнү тең улуу тумоо жарыктык алып кетиптир...

— Улуу тумоо деген эмне, чоң эне?

— Сөздү бөлбөй отур, садага. Илгери кыргызда ошондой жарыктык дарт болучу. Кийин менин өзүмдүн да чолпондой жайнаган

үч баламды ошол жарыктык удаа алган. Совет өкмөтү чыккандан бери балдарды эмдөө-демдөө көбөйүп, улуу тумоо жарыктык жоголуп кетти...

Чоң эне токтоло түшүп, дагы бир жолу үшкүрдү. Эненин бул жолку үшкүрүгү тереңден келгендей сыбызгып күчтүү чыкты:

— Чынар эжем таянесине кетип, ал жолку тумоодон аман калат... А дүйнө! Ошондо эле көркүнөн ажырап калса, эмне?! — деп чоң эне туюк айтып койду да анан аңгемесин улантты. — Жанда жок көрктүү болду байкушум... Аталаш агабыз бийлик кылып, Чоткара деген байга башын байлады...

— А башын байлаган деген кандай болот, чоң эне?

— Куда түшүп койгонду айтычу...

— А куда түшкөн кандай?

Башка убакта болсо, чоң эне: «Болду, эми балам. Сурай бербечи» деп айтар беле. Азыр жай сүйлөп небересине баян этти:

— Куда деп кыздын ата-энесине калың берип, кызын алмак болгон кишини айтат...

— А эмне үчүн ата-энеси өз кызын сатат?

— Өткөн заман ошондой болучу, садага. Тим олтуруп кепти ук. Чоткара ошол кезде элүүдөн небак ашкан эки катыны бар бай. Анын үстүнө кийинки жылы кан-жел алып, мурдуна кара чүпүрөк жабыштырып жүрчү экен...

Динар чыдамсызданып акырын сурады:

— Кан-жел деген эмне? А эмне үчүн мурдуна кара чүпүрөк жабыштырат?

— Кан-жел — жаман жара... Кара чүпүрөктү бузулган мурдун киши көрбөсүн деп жабыштырат. Совет өкмөтү чыкканы кан-жел жоголду... Күйөөсүнүн бучук экенин билген соң Чынар эжем боорун жерден албай ыйлап берди. Энебиз жесир, колунда жок. Кызын бербейин десе, калыңга кызыккан кайнага, кайнилери ач бөрүдөй жаланып турушат. Күндө бири кирип чыгып: «Келип турган ырысты кайра тепчү болбо, Чоткаранын башы ооруса кызың экөөңдү тең садага чапчу киши?!» дешип, кекетип кетишет.

«А садага деген эмне?» деп небереси сураганча, чон эненин көз жашы Динардын жеңине тып тамды. Динардын жүрөгү тызылдап, чоң эне эч эчтеке сезбегенсип аңгемесин улай берди:

— Байкуш эжсм ыйлай-ыйлай зордукка көндү. Түнөргөн кара булуттун жанында сызган айдай муңдуу болуп, ары кары, ары бучуктун колуна эжем кетти... Ошол кеткенден чолпондун жүзүн көрбөй калдык. Кийин качыптыр деп уктук. Заманы аны кишендеп койсо кайда кутулмак? Кармалыптыр. «Томаяктын кызы башымды аттады. Жүрөгүн өлтүргүлө. Чычырканакка бөлөгүлө!»—деп көпкөн инилерине Чоткара канкор буйруптур...

Кийин көргөндөр айтып жүрүштү: «Чолпон Чынар, кыргыздын зайыбынан сулуу төрөлсө ошондой төрөлөр... Чечинтип сары чычырканакка бөлөгөндө кыңк этип үн берген жок: «Канкор, сенин сасык төшөгүңдөн, сары тикен жайлуу» деген кишидей бек тиштенди. Уу тикен тилип, ууздай этинен мөлт-мөлт тамган канды эл карай албай койду... Ошондон эти кабылдап, кайран сулуу көзү ачык кетти...»

Динар баягысындай болсо, дагы жаңы суроолорду берет беле? Азыр кайгыга төнгөн чоң эненин көзүнө үнсүз жоодурап карап тим болду.

— Анын баарына заман айыптуу, садага,— деп чоң эне Дннарды маңдайынан сылагылады. —Менин көз жарып көргөн уулум, сенин атаң болучу. Ал кечээки болуп өткөн согушта каза тапты. Заманың сени жетимсиреттиби? Ойноп, күлүп окуп жүрөсүң. Жашың сегизден жаңы ашты, сексен жашка бараткан менден көптү билесиң.

Чоң эненин ушул аңгемесинен кийин Динар өмүрдүн жаңы белесине чыккандай сезди...

Бир күнү улам бир жаңы китептп кармалап столдун жанында турса, колуна сырты калың дептер урунду. Ачып караса, биринчи барактын эң башкы жолуна Аскардын аты жазылган, андан төмөн: «Күндөлүк» деген сөз окулду. Барактын этегирээк жагына кандайдыр бир сабактан ачылган беш ача гүлдүн сүрөтү тартылган.

Алардан эчтеме түшүнө албаган Динар баракты ачты. Экинчи бттен төмөнкү сөздөрдү окуду:

«...Чоң энем мага бүгүн аңгеме сүйлөп берди. Кыштын күнү кар күрөп, үй тикчү элек дейт. Бнздин балачак курусун дейт... Анан тая эжем Чынардын кантип өлгөнүн айтты. Менин жүрөгүм ооруп калды. Эмне үчүн ошондой сулуу, акылдуу кызды аяшпады? Билбейм. Көзүм менен көрүп тургандай аядым. Чоң энемдин да көз жашы тып этип таамп калды... Ушуну мен эч качан унутпайм го.

Айнсыз чолпондой күлгөн Чынар таяжемди жаман кишилер эмне үчүн өлтүрүшөт. Азыр ошол Чоткара деген бучук болсо, мен милицияга айтып, түрмөгө каматып коёр элем. Эмне үчүн кедейлердин баары чогулуп келип Чоткара байдан Чынар таяжемди ажыратпады? Окубаган кишилер кошулганды билишпесе керек. Мен окуй берем, окуй берем. Анан армандуу өткөн Чынар таяжем жөнүндө китеп жазып, эстелик калтырам...»

Алда эмне эсине түшкөндөй селтең эткен Динар каламды ала коюп, сүйрөлгөн чоң-чоң тамгаларды түшүрүп барактын четине жаза баштады:

«Ваньканын ыйлап олтуруп жазган катын чоң атасы алды бекен? Алда байкуш ай, эмне үчүн жетим болуп калды экен...»

## 4

Динар адегенде Аскардын күндөлүгүн жете түшүнө алган жок. Тек сүрөт издеген кишиче тез-тез барактады. Кагазы тунук бир сызыктуу калың дептердин барагы ачкан сайын калдырай берип, наркы мышыкты кызыктырды. Тикчие калган мышык Динар улам бир баракты ачкан сайын, элтеңдей карап, кээде тап берчүдөй эпейтип колун көтөрө калат. Бирок дептерге алаксыган Динар мышыкты жайына койду.

Жазуу дептердин тең жарымына жетиптир. Калган беттердин актыгына карабастан аягына чыга барактаган Динар оор иштен жеңилдене түшкөн кишиче демин алды да, дептерди кайра биринчи бетинен баштап мурункудан жайыраак барактады.

Тырмакчага алынып кыска жазылган жолдор Динардын назарын бурду: «Звенолор, рапортко даярдангыла!» «Биринчи звенонун вожатыйы рапорт бергин!» — дейт отряд советинин председатели...»

Андан кийин күндөлүк барагына төмөнкүдөй сөздөр жазылган:

«Бүгүн сбордо, биздин звено сууда сүзүүнү үйрөндүк. Бирок көлчө сүзүүгө анча ыңтайлуу эмес экен. Бир жолу тиземди ташка уруп алдым эле, көзүмөн от чагыла түштү. Сактанбаса, бутту таш тилгендей... Омор абышка дөңдө, биздин чабак урганыбызга карап, өз алдынча сүйлөп олтурду. «Пай, пай... ушул туш ирим болучу. Бая, тентек баласы туздаган этти алдына таштап коюп, Кармыштын бүркүтүн өлтүргөн күз, мен күрөң байталдын үч бутуна чидер салып

коё берсем, ушул иримге түшүп өлгөн болучу... Эмдиги балдар балаа. Эми бул жерге көлчө бөгөп алышып, балыкча сүзүп жүрүшкөнүн көргүлө... Те-ек, эмдигинин балдары бара, бара балыкка тил киргизеби деп корком».

«Омор абышка эң кызык киши экен. Өз алдынча бир демени сүйлөй берет, сүйлөй берет. Анан кээде топ эткизип санын чаап коёт да: «Аттигиниң, алтымыш жыл мурун мени шашып төрөгөн энеме наалат. Болбосо, азыр ушул балдарды өзүм баштап сууга сүңгүбөйт белем» — дейт. Анан алда кимге кеңешкенсип эки жагына карап коёт да: «Атаганат жанагы көпкөн неме арак ичкенче береги үч дөбөдөн берки ойдундан бөгөтүп ушул балдарым сүзүп ойногондой көлчө тостуруп койсо боло?! Көпкен неме аны да кайдан ойлосун» дейт. Омор акем жактырбаган көпкөн неме ким болду экен? Ай кантсе да Мукаш таякемди айтат ко?!»

Эмнегедир Динар күлүп койду да төмөнкү сөздөрдү окуду:

«...Эх, акең. Сууда сүзүү кандай сонун! Ураа, балдар жарыштык!» — деп мен сууга чалкаман түптүз жатып кыйкырсам. «Тетигинин айтканын көр ой, айтканын көр ой... Ка-ап, атаганат!» деп Омор акем өкүнгөнсүп, тап-так санын чапкылайт...»

Динар алда эмнелердин баянын түшүнгөндөй жоошуй баштады. Анда-санда гана айрым сөздөрү ботала болбосо, күндөлүк таза. Даана жазылган тамгалар Динардын көзүнө көрков болуп көрүндү.

Анан бая Аскардын күндөлүгүн өзүнүн ири-ири жазуулары менен булгап койгонуна өкүндү. Ошол замат ал баракты түбүнөн тыгыз бүктөп айрып алды да өзүнүн китебинин ичине салып койду.

## ӨМҮРЛҮҮ БОЛСУН БАЛА

### 1

Дубалдары урап турган эски коруктун түштүк жагын кесип өткөн жалгыз аяк жол менен үчөө четки көчө жакка өтүп келатышты.

Жердин кыртышы небак тоборсуп, көк жыбырап чыга баштаган. Сабыр жерге караса, күн нурунун илеби кадимкидей бетке урулат. Бетти, колду бирде жылуу, бирде салкын жел аймалайт. «О-о, — дейт Сабырдын оюу: — «Топурак жылып, жан-жаныбардын тиричилиги башталды».

Наркы дубалдын түбүндө майда кызыл коңуздар жыбырашат.

Дубалдын наркы бурчунда коюлган, куду этеги ичине кайрылган ак калпактай болгон таштын үстүндө эки сасык үпүп олтурат. Бири, кээде канаттарын үрпөйтө калып: «кыш-ш» этсе, төбөсүндөгү таажысы жазыла түшөт. Бири «кой, антпе, уят болот» дегенсип, тымызын жоош. Кээде, эки-экиден кубалашкан көпөлөктөр төбөдөн өтөт.

Сабырлар жакын келишкенде, үпүптөр коруктун батыш жагын көздөй учуп кетишти.

Береги жээкте мындан бир аз жыл мурда тигилген турпан талдар ар түбү кеминде жыйырма-отуздан бутак таратып, ар бир бутагы укуруктай түпсүз, сөлдүү кабыктары көгүлтүр, чырпыгына чейин жанданып, тилдин учундай майда-майда жалбырактарын кылтыйта баштаптыр.

Коруктун сырт жагындагы суу жеген терең арыктан өтөрдө Сабыр эки келинди колтуктап сүйөп үчөө тең атташты.

Алар четки көчөгө өтүшкөн соң өйдө карай жүрүштү. Нина Леонтьевна унчукпай жай басты. Сеитова тек желден чочуган кулундай селтең эткенсип тигил корук жакка караса, көздөрү бажырайып маңкая түшөт.

— Ай, ушул турпан талдай тез өскөн жыгачты көрө албадым! — деди. Коңгуроолуу үнүнүн кандайдыр мукам толкуну сүйкүмдүү угулду.

Сабыр аны кубаттап койду:

— Ооба, бутактары сыйда, түз чыгат. Боз үй уук жасатса, табылбаган жыгач! Жеңил да.

— Башка жыгачтын көчөттөрү тамыры начар болсо өнбөй калат. А бул тал укмуш: бутагын кертип-кертип арыктын жээгине сайып койсоң болду, чырпыктарын керилтип көктөй берет.

— Жадаса ошол өзү көктөгөн турпан талды да тигип алалбайбыз,—деди Сабыр кейип. —Биздин өрөөндөгүлөр али баягыдай. Булардын жалгыз билгени мал. Бир үйдөн бир үйгө жөө жүргөндү намыс көргөн эркектер али да бар...

— Эмне үчүн андай? — деди ийнин кагып Нина Леонтьевна.

— Бул тегерекке бардыгын өндүрүшкө болотко.

— Ырас эле,— деди Сеитова тсз-тез сүйлөп. — Мен кечеги бала чагымды эстесем ичим күйөт. Азыркы Алтын булактын оозундагы челекчи Афанас бүйрө адам го. Алма, өрүгүн көрсөк көзүбүз

кызарчу. Үйгө келем. Ата, огородго жемиш багын тигелик дейм. Атам колун сыртка силкип, айтканымды жактырбайт: «Ээй, балам. Жыгачтын башына карап олтуруш шаардыктардын иши. Ата-бабам ат жалында өткөн. Тек! Тетиги улактарыңды көздөп ал, жамырап кетпесин!»

Кийинки жылы совхоздон көчөт алып келип тиктим. Бирок күз шаарга окууга келдим. «Ата, менин отургузган жыгачтарымды мал кемирип салбасын. Чычырканак менен курчатып коюңуз» деп кат жазган сайын өтүнөм. «О, садагасы балам», деп атам да кез-кез кат жаздырып турду. «Кайраты жок уул-кыз үй-жайын көп эстечү. Бери жакты карабай окууңду көздө. Сенин олтургузуп кеткен жыгачтарың өз жайында...»

Сеитова аргасыздан күлдү да кебин улады:

Жазгы каникулда келсем, мен олтургузган көчөттөр чын эле эбак жайына кетиптир. —Ата, мен олтургузган жыгачтар кана десем, атам жамбаштап жаткан калыбында колун тескери силкти: «Э балам,төрт аягы тең бош мал жүрөт. Аны ким кайтарат. Кокоюп бири калган эле. Өрүктүн жыгачы бек болот дегенинен, түбүнөн кесип алып, сопкамчыга сап кылсам, сынып калды, итиңдики».

Кайра мени шылдың кылгансып атам корс-корс күлгөн.

— Ай теги, биз кызыкпыз да,— деп Сеитова кейип,— эшик алдында мамы кемирип бир-эки ат байланып турса, ошого корстонбуз. А балдарыбыз шилекей чубуртуп, тигил бакчалуу короонун дубалдарынан баштарын кылтыйтып тургандары менен ишибиз жок...

Үчөө Омордун үйүн көздөй бурулган кезде Сабыр тымызын жылмайды. Анткени Омордун кыял-жоругун эсине түшүргөн адам эриксизден күлө турган. Ал оюндагысын кишиге бербеген бир мүнөздүү өжөр, эр көкүрөк кайраттуу, күпүлдеп бек-бек сүйлөгөн адам. Баланы артыкча жакшы көрөт. Бирок сылап-сыйпап эркелетпейт, тек өзү эшигинин алдындагы дөбөгө олтуруп алат. Ойноп жүргөн балдарды байкатпай өзүнө чакырат. Бир жолу анын колуна түшүп берген бала экинчи оолак качат. Өзү качканы аз келгенсип, башка балдарга: «Алдап чакырып жатат. Барба!» дейт. Омор жашыраак кезинде өзүнөн качкан баланы тартактап кубалоодон да тартынчу эмес. Аны көргөндө артыкча Сабыр артына кылчайбай кача турган. Ал Омор жакындап келатканын, анын тери шымынын кең

багалектеринин күдүр-күдүр эткен доошунан сезичү. Кээде коркуп баратып Сабыр шашкандан мүдүрүлүп узунунан түшчү. Ошол замат буттарын тыбырчылатып бакырып ыйлоочу. Күшүлдөгөн Омор: «А кудагыйдын баласы, колума түштүңбү?! Келбей качасың, э?! Мен киммин, ыя!» — деп баланы ыйлата беричү. Сабырдын энеси, кээде чыны менен ачууланып:

— Ой, береги куу баш баланын жүрөгүн түшүрүп салмак болду,— десе.

Анда Сабырдын эжеси алдыртан энени тыюучу.

— Кой, апа. Сакалдуу кишини куу баш дебе, шагы сынып калат.

— Сынса сынсын. Анын шагы сынат эле деп баламдын жүрөгүн түшүртөйүнбү. Ой Омор, коё бер алдагы баланы. Эмне, сенин сүтүңдү төктүбү?!

Анда Омор түксүйө калчу:

— Э, балаңды эркелетип жатам?!

— Сенин бала эркелеткениң курусун...

— Эмне?!—дечү Омор ызаланып. —Мен бала коркутуучу карышкыр экемин, э! Атаңарга аалат, чор кыргыздар. Булар, жадаса, баланы эркелетсе, билишпейт. «Үфү, үфү» лөп үстүнө үйрүлө беришип, балдарын арпа жарманын каймагындай былжырак өстүрүп алышат.

Бала дегенди бешиктен бели чыга элек кезинен жаагынан кайыш алып үйрөтсө, союл тоотпос өрт өсөт! Раматылык чоң атам мени эркелеткенде: жакамдан муунта кармап, эки жаагымды ысыта-ысыта чабычу. Рас, а дегенде ыйлачумун. Кийин мен да көнүп кеттим. Ал чапкан сайын: «Дагы чап, чоң ата. Эки бетим калың болуп бaратат» деп, көзүмдү ирмебей тике карачу болгомун...

Мен эр жеткен кезимде эки жаат болуп чабышсак: булдурсун камчы тийсе да бетим түктүйүп коюучу эмес! Э, атаңарга аалат чор кыргыздар, мен силердин балдарыңарды киши болсун дейм. Менден корксоңор айыл конбой койгула?!

Ушунетчү Омор бир жылы, күз, алыстан айылчылап келген чоочун аялдын баласын ошентип эркелетсе, сырын билбеген бала коркуп кетип талып калган. Сакалдуу кишилер Оморду жемелешкен:

— Таштасаңчы, адатыңды. Бирөөнүн баласынын жүрөгүн түшүрүп, күнкор болуп каласың!

Ошондон тартып Омор өзү да этиет болуп балдарды кубалаганын коё баштады.

Балким, Омор ал адатын таштабас беле? Жашы элүүдөн өтүп калганда өзү балалуу болду. Ошондон баштап бирөөнүн баласын катуу эркелеткенди да коюп кетти.

Омордун кийиики эрмеги окуган балдарды көрсө:

—Эй, кудайымдын балдары! Менин жаныма келип койчу! — дечү. Окуган балдарга Омор кадимки чоң кишиге кылган мамилени иштеп:

— Э өкмөттөр, келгиле! — деп козголуп коюп, балдарга катарынан орун көрсөтөт. Ал, кээде Сабырды да чакырып:

— Те-ек, ыйлаак. И ата-көрү, көзү чоң — коён жүрөк болучу. Эми окуп жүрөт. Качан өкмөт болуп, жаныңда тапанчанын боосун салпылдатасың, ыя?

Сабыр тымызын гана күлүп койчу:

— Окуткандын бары эле тапанча тагынмак беле?

— Те-ек, айтпадымбы: бул чоң көз жадаса тапанча тагынгандан коркот. Анан эмне үчүн окуп жүрөсүң? Койчунуку таяк менен көнөчөк; жылкычыныкы кыларкан менеп укурук; эгинчиники чалгы менен орок; мага окшогон көк чекелердики көк союл менен жомок. А союлга окуунун эмне кереги бар? Же моюнга жагоо тагып үп боло албасак... Ансыз да бир үйдө үч бала болсо, үчөө бирдей мектебине жүгүрөт. Теги, эртең өкмөтчүлүк кимисине жетишет, ыя?

Сабыр техникумдун үчүнчү курсун бүтүрүп каникулга келген жылы жай Омор аны үйүнө чакырды. Бул жолу, Сабырдын алдына каймакка көптүргөн тарууну койдуруп, чын ниетинде кеп баштады:

— Мен өз айлымдын козусунан кочкор агытканды жакшы көрөм Сабыржан. Окууну окуй берсе акылдуу кишинин да мээси айнып калат деген. Эсептесем мектеп эшигин аттаганың далай жыл болуптур. Бир башка жетишерлик илим алдың. Тил ал, Сабыржан. Ушунчаңда окууңду токтот. Дагы он жыл окусаң көп болсо, ачендик болорсуң. Тилимдн ал, биздин айылга часковой милиса бол да, окууңду бүтүр! Алдыңда ат. Үстүңдө көк жака. Жетишкендик ошол да! Өгүнү бир серке союп, терисин бербей койсом актисин жазышты... Э дүйнөдө мен ушул часковойдон чоңду көрө албадым. Тапанчасынын боосун салпылдатып, деле ар түрдүү иштин баарына көз салат экен өзү. Тил ал да ушул часковой болуп ал!

Омордун кебине Сабыр ичинен күлүп:

— Ал кызматты аткарышка менин жөнүм келбейт,— деген.

— Тек! — деген Омор Сабырга одурая карап. — Ага окууң аздык кылабы?

— Ар иштин өз окуусу бар, Омор аке,

— Э кандайча өз окуу? Кат жазасыңбы? Колуңду коёсуңбу. Болду, мөөрүңдү басып, ишиңди агыза бер! Дагы кандай окуу?

Жай түшүндүргөн Сабырдын сөзүнө Омор этегин каккан:

— Эй Кудай таала. Ушул замандын окуусу көп. Илгери бир эле молдо тил катты да жазып... Катындын да башын ачып, ишти жеке бүтүрчү эле. Эми, жадаса, аары баккандын да өзүнүн окуусу чыкты. Тек, койдумчу теги?!

Жана Сабыр Омордун ушул жоруктарын эсине түшүрүп тымызын күлгөн болучу.

**2**

Аялы төрөбөй баягы жылдарга чейии «куу баш» атка конуп жүргөн кезинде, кээде дөңгө жалгыз олтуруп алып, көк союл менен жерди «дүп» чаап коюп, Омор кудайды тилдөөчү. Ал антип олтурганында: «Кой, барбайлык. Биз эмес, Омор кудайды сабап олтурат» дешип анын жанына адам жолочу эмес.

Кырктан ашып калган аялы доктурга көрүнүп жүрүп бала төрөдү.

— Эй, атаңды көрүнө!—деди Омор кубангандан. — Дөбөдө олтуруп кудай менен сабашканча, байбичем, мурунтан эле сабеттин докторуна бара койсок болмок экен го.

— Ошентсек болмок экен,— деп аялы кубаттаса, Омор корс-корс күлгөн:

— Бу кайран Сабет. Тоодогу кыргызга трактыр жеткизди. Өнөр, илим берди. Жадаса, төрөтү калган катындарыбызды минтип четинен төрөтө баштады.

Кубанып олтуруп Омор уулунун атын Орусбек койгон, Орусбек окуу жашына толгондо Омордун үйүнө сельсоветтен киши келди.

— Омор аке,—деди ал. —Орусбегиңиз быйыл мектепке барат. Кийинтип коюңуз...

— Э!?—деди Омор кежирленип. — Орусбекке мектепте эмне бар экен?

— Окубайбы, жарыктык.

— Эй, жигит, маа жооп берчи?

— Кана, айтыңыз.

— Бир үйдө он бала болсо, ону тең окуу дешип делпилдейт. Эркеги жетишпей жаткансып, кыздары кошо энтендейт. Мынча элге окуунун не кереги. Бул өкмөтчүлүк кимисине жетишет, ыя? Ушуга жооп тапчы? — Омор сөөмөйүн чочойтуп, колун жогору сундурган.

— Омор аке,— деген тигил. — Окуу ар бир адамга керек. Окугандын баары эле өкмөт болуп турбайт.

— Анан эмне кылат? Он жыл окуп алып уй бакмак беле?!

— Ооба! — деген сельсоветтин кишиси камырабай,— окуп алган киши уйду бакса, ага көк көйнөктү жолотпойт...

— Тек! Уйчуга окуунун кереги не. Малды окуу тосо албайт. Көксоюл тосот. Окуп, окуп акыры уйчу, койчу болсо, менин Орусбегим окубай око деген адам болот. Бара бер, жигит!

Айтканынан кайтпас Омор биринчи жылы Орусбегин мектепке жибербей койду.

Бир күнү Орусбек ыйлап келди.

— Э, эмне ыйлайсың? — деди атасы...

— Окуган балдар менн шылдыңдашат...

— Эмне деп?

— Окубаган торпок, торпок дешет.

— Ой кайраты жок жаман?! — деди Омор уулуна. — Алар торпок десе, сен ого бетер торпоктугуңду билгизип үйгө мөөрөп келесиңби? Экинчи маа жашыңды көргөзбө. «Жалгыз болсоң чогоол бол, көп жанынан түңүлсүн» деген. Сени торпок деген балдарга кыргыйдай тий! Маалим болушса маа айт. Мектебинин эшигин жулуп ыргытканымды бир көрсүн. Байыркы молдо табылгы чыбыгын көтөрсө, балдардын башы жерге кире түшчү эле. Эмки маалимдер: «Бискултүр» деп балдарын тамдан секиртип үйрөтөт экен, ой?!

— Алар тамдан секирсе, мен түндүктөн секирип түшчүмүн... Үй ээсин каратып отуруп кайнап турган казанды көтөрүп кетичүмүн. Сенин түп таякең Сары жетимиш жашында жеке өзү жети каракчыны тооктун балдарындай алдына баскан.

Тек атаңа аалат. Торпок деп койду деп үйгө мөөрөп келет, жа-

ман. Экинчи маа жашыңды көргөзбө. Саа тийген бала болсо тумшугун канда! Алың жетпесе өлүп бер. Уктуңбу?

— Уктум, ата,— деп Орусбек жашын суртүнгөн.

Кийинки жылы сельсоветтен да, мугалимдерден да ал да нече ирет кишилер келе берип, Орусбекти мектепке тартышты.

Жарым кыш өткөндөн кийин Омор Орусбекти жанына отургузуп:

— Кана, мектепке барганыңа алты ай болуп калды, эмнени билдиң? — деди.

— «Алиппэ» окуй алам, ата! — деди Орусбек.

— Баштагы молдо алты айда балдарына куран түшүртчү эле. Кана окуп көрчү. «Алипбээнди».

Орусбек китепти ачып эжелеп окуду:

— Ата, ат...

— Те-ек! — деди Омор уулуна. — Башка барагынан окучу!

Орусбек баракты ачты да окуй баштады:

— Ча-на... та-рт...

— Эмне дейт, Ата, ат... Чана, тарт... деген да окуу болучу беле?! Бери берчи, китебинди.

Омор «Алипэни» колуна коомай кармап, ар бир барагын ачкан сайын чочуркагансып, китептин бетинен көрүнгөн ар түрдүү сүрөттөргө одурайып:

— Тек! Китепке да балта, күрөктүн сүрөтү тартылчу беле?! — деп кыжырланган.

...Бир күнү башка балдар келип, Орусбек мектептен келбей калды. Уулунун эмне үчүн кечиккенин ой жоруп билген Бермет Оморго угуза айтып кейип кетти:

— «Мурдун канда» деп жүрүп жалгыз уулду баш кесер кылып алдыңыз, баатыр.

— Тек! — деди темир күрөккө сап копшоп печтин жанында олтурган Омор аялына. — Эмне болуптур?

— Уулуңуз бүгүн да жок. Сабагына көңүл койбойт. Мектепти астын-үстү кылып тентек дешет. Мугалим алып калса керек...

Омор чапан сүйрөп, колундагы күрөктүн сабын ала турду:

— Эмне дейт? Камап койгон го?

— Кайда барасыз, баатыр? — деди Бермет абышкасынын жо-

лун тороп. —Мугалими мындай бол, андай бол деп акыл айтып жаткандыр. Азыр эле келет уулуңуз, олтура туруңуз.

Омор корс этти. Булкунуп эшикке карай басты:

— Тек! Жолду бошот. Мен азыр келет деп олтура албайм... Окуткан окуусу: «Ата, ат... Чана тарт...» Сабнаркомго прсидетил кылчудай, баламды алып калат... Мен маалимге жемелетип баламдын жүрөгүн өлтүрө албайм. Карыганымда чекеме бүткөн жалгыз уул чоғоол өссүн! Мен баланы кыргыздан алган эмесмин, орус берген! Мен бул кыргыздын «ата, ат... чана тартын» окутпаймын. Баламды алып, тигил совхоздогу орус мектебине беремин!

— Ачууңу токтото турунуз, баатыр. «Атасы болушчаактын уулу урушчаак, энеси болушчаактын кызы ыйлаак» дейт. Баланы өзүбүз жаман өстүрдүк... Улуудан уялбай, кичүүдөн ийменбей каяша айтат. Орусбектен кичүү тигил Аскар эмне? Аман болсун бечара: жибектей чоюлган сонун киши боло турган.

Аялынын кебин укпай Омор:

— Тек! Элдин баласын мактап, өз баласын жамандаган энеден сени көрдүм, тоба? — деп оолуга берген.

### 3

Азыр үйүн көздөй бурулган үч мугалимди көрүп, Омор колун чекесине серепчилей карады. Ал кийинки жылдары саал энкейип, көздөрү кызгылт тартып, карылыкка алдырып келаткан. Баягысынан көрө жоош. Ошентсе да «уйга жүгөн салчубу, үйрөнгөн адат калчубу» деп Бермет айткандай, Омор байыртан сөөгүнө синген адаттарын таштай элек. Күнү бүгүн да айылдын кишилери Омор менен чебердеп сүйлөшөт. Артыкча Орусбектен улам Омор менен мугалимдер көп жолугушат.

Кээде тигил жактан мугалим келатканын көрсө болду, Омор таягы менен «топ» дедирип жерди чаап коёт да, өз алдынча күңкүлдөй берет:

— Маалим мырза келатат. Анын эмнени айтарын билип олтурам: «Балаңыз тентек. Атадан бала ийменет: Таасир этиңиз?» дейт эми. Ага менин берер жообум белен турбаса Омор атымдын өчкөнү болбойбу. — Тентек болсо канет дейсиңер. Ата баласын молдого кармап бергенде: «Сөөгү меники, эти сеники» дей турган башынан. Жонунан кайыш алсаңар чатагым жок... Өзүңөрчө тарбиялап алгыла. Бискултур деп тамдан секиртпей окуштагы балдарды кылыктуу

кыздай жер каратып үйрөтчү молдо! Баса, сөз эмес бекен? Өзүлөрү ээнбаш коё беришет да, күндө маа келишет?!

Азыр да саал кыжырланган Омордун эриндери бүлкүлдөй баштады.

— Салоо-малейкум, Омор аке!—деп жайдары Сабыр Омордун колун кысты. — Күүлүү демдүү турасызбы?

Урушчудай ормойгон Омор бир аз шашып:

— Э, Сабыржан, кел. Бу келин маалымдарыңды да коштоп алыпсың го? — деди.

Нина Леонтьевна атайылап учурашты:

— Здравствуйте, дедушка!

— Тетигини оңбогур,— Омор күлүп койду. — Жанагы капуске сорпо ичкиле, көп жашайсынар деп жүргөн маалимиңер ушул го. Миң жашты бир аласың десең да, капускеңе кыргыздын көнүүчү түрү көрүнбөйт.

— Э, неге? — деди Сабыр. —Биз быйыл мектеп үчүн туура бир гектар жерге капуста көчөтүн тигебиз...

Омор колун силкти:

— Капускенде доом жок, Сабыржан. Маа капуске үчүн келген жоксуңар. Орусбектин чатагын чечкени келдиңер. Билип турам. Кана, Орусбектин жазасы болсо, жарыя айт. — Омор үй жагына кылчайып бек табыштады: — Эй, энеси. Бери чык. Уулдун чатагын сен да угуп ал!

— Биз башка иш менен келдик, Омор аке,— деди Сабыр шек бербей.

— Э, башка ишиңерде Омордун тийиши канча?!

— Неге? — Сабыр кезек бербей сөзүн жөнөттү. — Сиздин сүйгөн уулунуз окуган мектептин иши үлгүлүү болушуна тилектеш эмессизби?

— Эй, Сабыржан,— деди Омор Сабырдын сөзүн бөлүп. — Мен кеп билбеген түркөй адаммын. Орой сүйлөгөн сөз маа тез угулат. Ток этерин айт! Орусбек эмне кылмыш кылды?

— Орусбек эч кылмыш кылганы жок,— деди Сеитова. — Уулуңуз кийинки кездери жакшы окуп жүрөт...

— Билем!—деди Омор. —Маалим келгенде ошентип келет. И, деп койсоң болду: Орусбектин кылмышын санай берет.

Күлкүсүн араң тыйып турган Сабыр тигил коруктун жээгиндеги турган талдын учуна карап туруп айтты:

— Жарыктык, карыя киши сөзгө конок берип угуучу эле...

— А мен эмнеңерди укпай атам?

— Мына, окуу жылы аяктап келатат...

Омор шектенген бүркүттөй көкүрөгүн илгери чыгарып үнсүз одурайды.

Сабыр сөзүн улады:

— Сыноодон жакшы өтсөм деп тилектенген балдар кадимки байге атындай атаандашат. Бала окууга берилгендс уйкудан калат, тамакты унутат. Өз үйүндө окууга шарты болбосо бала сабакты жакшы өздөштүрө албайт. Ээр баскан тайдай күйпөйүп жүдөп: ызакор, урушчаак болот... Ошондой учурда ата-эне балага көз болушу керек...

— Э, биз көз болбой жүрүпбүзбү? — деп койду Омор.

— Көз болгонубуз кайсы? — деди Сабыр сөз кармап:

— Окуу жылы башталарда сакалымды сүйрөп... өзүм келдим: Э, Омор аке, Орусбектин окуусуна шарт түзүп бериңиз. Балаңыз терезеде олтуруп сабак даярдайт экен десем: «Ашыкпа, Сабыржан. Стол жасатып, Орусбектин өзүнө бурчка койдуруп берем» деп сөз бергенсиз. Бирок сөзүңүз сөз бойдон калды. Орусбек бүгүн да терезеде олтуруп сабак окуп жүрөт...

— Эмне, ал акмак силерге арызданган го?

— Арызданбаса да билем. Алдыртан үй-үйдү кыдырып өтөм. Кайсы ата, эне баласына кандай жардам берип жатышканын жакшы билем.

Омор сөз айталган жок.

Сабыр үнүн бегирээк чыгарды:

— Балдарыбыз окусун дешет, а жардам берүүнү билишпеген ата, эне көп. Мына,— деди Сабыр күбө кармап,— Нина Леонтьевна өзү турат мында. Сиздин Орусбек кийинки кездерде орус тили сабагына көңүл койбой жүрөт. «Эмне үчүн тапшырманы жаттабайсың?» деп мугалим сураса: — «Орус тилин билген киши чочконун этин жеп кетет» деп атам айткан... дейт.

Баятан араң олтурган Омор таягын жерден ала койду:

— Эй, иттин баласы, кайда жүрөт ал! Калп айтканын көрчү... Анан а эмне дедиңер?

— Омор аке, өзү да дөңгө чыгып кудайды сөгүп олтурчу эле, антип айтпас,— дедик.

— Тек,— деди Омор күлүп,— чочкоңду кошоктобой сүйлө, Сабыржан. Күнөкөрдүк болот. Чочко курусун: соорусун күнгө жылтыратып чылада жаткан неме — макрөө да, ал...

— Омор аке, кулак салыңыз. Сизге, бир окуучунун жазган күндөлүгүн окуп бергени келдик,— деп Сабыр колундагы калың дептердин барагын ачты да, токтолбой окуй баштады:

«...Орус тилинен сабак берген эжекебиз Нина Леонтьевнанын иниси Ванька кечээ, бир калың китеп көтөрүп жүрүптүр. Мен көрөр замат ал китепке кызыгып кеттим.

— Алдагы эмне китеп, Ванька? — деп сурадым. — «О, бул сонун китеп, академиктер жазган» деп мактанды ал. Мен ал китепти колума алып көргүм келди. — Берчи, Ванька? — дедим. Ал: — «Барагы жыртылса эжем урушат» деди. Мен барактарын акырын ачууга сөз бердим, Ванька эки жагына элтеңдеп карап алды да: — «Жүрү, бактын көлөкөсүнө жатып алып окуйлу» деди.

Ал экөөбүз тамдын артындагы чон талдын көлөкөсүн жамындык. Чын эле мен өз өмүрүмдө мындай китепти көрө элек болчумун. Калың мукабасында «Энциклопедия» деген жазуу бар. Китептин калыңдыгы менин элим менен туура үч жарым эли! Оордугу килодон ашат. Куду кымбат баалуу жибекке кол тийгизгендей ар бир барагын чебердеп ачтык. Ичиндеги сүрөттөрү кадимки тирүү тургандай болуп көрүндү. Окудум. Көп сөзүнө түшүнө албадым. Ванька бир тобун айтып берди. (Чынында ал өзү да терең түшүнө албайт экен). —«Мындай академиктер жазган китептерди түшүнүш үчүн көп-көп окуш керек» деди Ванька. Окуу адамдын көзүн ачат тура. Далай акылдуу кишилер окубай караңгы өтүштү. Алар келечекке эч кандай пайда келтирген жок. Кары кишилер илгери Манаке аттуу акылман өткөн дешет. Ал жылдызга карап, кыштын кандай болорун айтчу экен. Эгерде ошол Манаке окуган киши болсо, далай сонун китеп жазып берет эле. А биздин Омор аке эмне? Сел жүрүп жатса да өз оюнда турган — кайраттуу киши. Бирок окубаган — караңгы. Окуган болсо, балким Кутузов сыяктанган мыкты колбашчы болот беле...»

— Тек! — деди жашып кеткен Омор:—Акмак ой, акмак. Ким жазган бул сөздөрдүн өзүн. Кайсы бала?

Сабыр токтолбой окуй берди:

«...Китепти окуп болуп башымды көтөрсөм: алды жактан от көрүнгөнсүп калат. О, окуу, окуу! Эгерде мен беш түрдүү тилди билсем: беш жагымдан чоң-чоң беш терезе ачылып, дүйнөнү беш жагымдан терең таанып олтургандай болор элем...»

— Тек Сабыржан! — дедн Омор. —Теги бул сөздөрдү кайсы бала жазган?

Сабыр тигил сөздөрдү жазган окуучунун атын атабастан дептерди барактап:

— Жакшылап угуңуз, Омор аке, дагы бир жеринен окуп берейин,— деп окуй баштады:

«...Кечээ биз көчөттөргө суу жибердик. Көчөттөр тириле баштаптыр. Ага пионерлер абдан кубанышты. Бирок менин ачуумду келтирген Орусбек болду. Же өзү арыктарга суу агызышпайт, же пионерлерге тийишкенин койбойт. (Эси жок бала, дардактап жоон билек да болот экен).Тынч жүргөн балдарга асылат. Мен да ага абдан ачуум келди. — Ой Орусбек, биздин ишке тоскоол кылба! — десем, ал бармагын мурдуна такап колдорун тыбыратып бизди кордойт: — «Бакчылар, бакчылар... Бакты көчпөс там, учпас тоок болгон шаардыктар асырайт. Айрөк, айрөк!» деп кыйкырат. Мындай сөздөрдү ал кимден үйрөнгөн. Ачуум абдан келди. Чынын айтсам, алым жетсе урушат элем. Бирок ал менден чоң. Алым жетпейт...»

— Тек ! — деди Омор кыжырланып.

Сабыр аны байкамаксан болуп окуй берди:

«Ошентип айтканың уят эмеспи, Орусбек. Жемиш багын биздин айыл да асырап үйрөнүш керек десем, ал муштумун көрсөттү. Мен катуу ызаландым. Ал менин ызалангандыгымды сезип, жакшынакай алча көчөтүн төмөн ийип минип алды. Мен: — Сындырасың, тур! — десем,— ал: «Ооба, сынсын» деп салмагын салат...»

— Тек! — Омордун бириндек сакалынын учтары дирилдей баштады.

«Омор акемдей кайраттуу кишинин баласы да Орусбектей чээнден ашкан тентек болобу...»

— Тек! Болду, Сабыр! Жетет, токтот!

Тентек уулунун жаман жоруктары кагаз бетинен окулганга на-

мыстуу ата аша ызаланды. Катуу тиштенсе жаак тарамышы түйүлө түштү. Калың кабагы түксүйүп араң унчукту.

— Токтот, болду... Мына бу маалим келиндердин алдында абийирим жакшы эле төгүлдү. Өлбөгөн төрт шыйрагым калды. Теги бул сөздөрдү ким жазган кагаз бетине? Пай, пай... Сөөгүмдү сыздатты го, сөзү... Орусбектен кичинемин дейт. Кайсы бала өзү?

«Атасы болушчаактын уулу урушчаак, өзүң жаман үйрөтпөдүңбү, баатыр» деп чет киши жокто абышкасына күнө коюучу Бермет мугалимдердин көзүнчө ачык айталбай өз алдынча шыпшынды.

Оморго күчтүүрөөк таасир этсин деген ой менен:

— Кагазга жазган сөз ташка баскан тамгадай,— деди Сеитова. — Эми бул сөздөр мектептин китепканасында сактала берет...

Тек жаагына чыккан сакалдары үрпөйүп Омор сөз айталбады.

Нина Леонтьевна байкатпай Сеитованы кубаттап койду:

— А биздин орустар да: «Каламдын жазганын ак балта чаап салалбайт» деген макалды айтышат. Кагазга жазылган жакшы жорук кишилерге үлгү болот. А жаманы күлкү болот.

— Мына, бул эки ооз сөзүн угуп алыңыздар,— деп Сабыр күндөлүктү улап окуду:

«Көчпөс там, учпас тоок деген эмне? Мен бул сөздүн маанисине түшүнө албадым. Чынында бул биздин заманга ылайык келбеген сөз го. Бул сөздүн маанисин Орусбек өзү да түшүнө албайт. Антип, кез-кез дөңдө олтуруп Омор акем айтып калат. Омор акем таягы менен жер сабаган ачуулуу киши. Болбосо,— ал эмне деген сөзүңүз, маанисин чечип бериңизчи? деп далай жолу сурагым келди. «Эй, наалат. Эмдигинин балдары жадаса мени сакалдан алат» деп таягы менен чаап жибереби деп корком».

— Тек, кайсы бала, өзү? — Омор саал жоошуп.

«Чынында Омор акем кызык адам. Жаз келсе үйүнүн артына бир жарым түп тал саят. Күз келсе, бирин өзү кесип таяк кылып алат. Жартысын эчкиси мүлжүп салат...»

— Те, алдага тобо? — Омор жакасын кармады. — Менин айткан лакабым да, таянган таягым да бул баланын заманына туура келбейт экен го? — Омор башын ийкектетти: — Түшүндүм, түшүндүм... Бу менин катамды кагазына жазып алган, Сабыржан, сенин кайсы балаң? Атын айтасыңбы, же өзүң койгон сөздөрүңбү?!

«Эмне кылсам» деген кишидей Омор ордунан козголуп эки жагына карады. Ал абдан ызаланганда ушунте турган. Илгери жаш кезинде ушунтсе, көп күтпөстөн учуп туруп ачуусуна тийгенге каарын төгүүчү. Азыр Омордун бул кыймылын көздүн кычыгынан байкаган Сабыр «дагы кантээр экен» деген кишиче күндөлүктү окуй түштү:

«Тек биздин айылда кызык кишилер бир топ: бири Мурадыл акем. — Жөө баскандан көрө өлгөнүм артык дейт. Кээде, өзүнөн кичинекей тайга жалпайып минип алат да көчөдөн көчөгө бастырат... Анан: «Жеңеңдин көйнөгү жок, тыйын жибер» деп, Фрунзеде окуп жүргөн инисине салам айттырат... Өзү күрөктүн сабын кармагандан намыс кылат. А райком агай келген сайын биздин колхоздун жерин мактайт. «Башка байлыкты кой. Көл орнотуп, аккуу асырасаңар да мүмкүнчүлүгүңөр бар... А чынында даяр акиташтан алып келип үйүн акташтын ордуна Омор абышка таягы менен жер сабап олтурат. Эх, качан турмуштун көзүн табышат булар» деп колун силкет. Баса, ушул Омор акем өзү жаңыны качан көрөт?»

— Тек! — Омор тура калды. — Окулган сөздөрдү ким жазса да аман болсун, адам болучу бала жазыптыр.

— Кеп угуп бергениңизге ракмат, Омор аке. Биздин ишибиз бар, кайталык,— деди Сабыр.

Мугалимдер кете баштады.

Омор бурула калып, Сабырлар кеткен жакка таягын сундуруп, кемпирине сүйлөдү.

— Бах! Уктуңбу, байбичем. Тетиги деректир Сабыр айтарым башка сөз деп келип, уулдун тентектигин да айтты, атанын жөнтөктүгүн да айтты. Жанагы окулган сөздөрдү жазган бала өмүрлүү болсун ким болсо да!

## ОМОР АКЕ ӨЗ ОЮН АЙТАТ

### 1

Омор кары таягы менен мештин алдын топ дедиртип чаап койду:

— Өмүрлүү болсун, жазган бала!

— А өзүңдүн Орусбегиңди кантесиң, баатыр,— деди Бермет. — «Омордун уулу чектен чыккан тентек болду го» дешет, айылдагылар.

— Тек, маа акыл айтканыңды токтот! —деди Омор бурула карап Берметке: — Эркек бала шок болсун, шок болбосо жок болсун. Ата балага сынчы! Мен да бирдемени байкайм. Далай кызыл ууруулар менен мал алышкам, далай көк чеке баатырлар менен союл чабышкам. Жүрөгү оттуунун колу да шоктуу.

— Баланды ууру болсун дейсиңби, анан?

— Эмне?!

— Көк союл чабыштын заманы жок. Азыркы учур, окугандыкы. — Илим, билимдики.

— Тек, маа саясаттан сабак бергениңди, токтот, сен да! Жаңы заманды сенден жакшы түшүнгөм. Так ушул замандын балдары жалындуу өссүн! Кечээкидей чоң согуш эртең болсо, кантесиң...

— Антип айтпаңыз, баатыр. Бирөө укса, саясы ката дебесин дагы?

— Э, согуш болбой жүрдү беле?!

— Болсо да кереги не...

— Айтпадымбы! — деди Омор ондоно калып, суу жүрөксүң өзүң. Анча-мынча болсо Орусбектин сени тартып калган жагы бар.

— Азыркы чатагы аз экен го?!—деп Бермет күлүп койду.

— Тек, кайсы чатагын айтасың, өзүң? Орусбектин жүргөнтурганы менин көзүмдү тойгузбайт. Ооба, мен так Орусбектнн жашында ууруга аттангамын... Каракчылар менен чабышкамын... Сарымсак байдын үстүнө чымын кондурбаган айгырларын кулактап минип үйрөткөмүн...

— Мактанбаңыз, баатыр...

— Тек, кеп талашпай айтканды угуп шүк олтур!

Бермет тим болду. Алыстан шаң байкаган бүркүтчө Омор темине олтуруп сөзүн улантты:

— Казак Көпбайдын кызына биздин кыргыздын Чымыр деген жигити кайындады. Чымыр, Чымыр дегендей эле жигиттин гүлү болучу. Жалгыз айыбы: кедейирээк уруудан. Таалайына бүткөн Суркоён деген аты күлүк чыгып, мүлдө кыргыз жылкысынан чыккан күлүктөр анын тезегин терди. Ал эмес, бүтүн чыгыш казагы байге алалбай Чымырдын Суркоёнуна көз артты. Кыздын калыңын да, эрдин кунун да колко артып, Көпбай, Суркоёндун чылбырын сурап калды. «Эй, Чымыр, көптүн көзү түшкөн мал жаман болучу эле. Бе-

рип койсоңчу» деп атам жарыктык көп айтты, бирок кайран Чымыр Суркоёндун чылбырын бек кармады... Ошондо казак Көпбай: «Кыргыз, казак эки агайын эл элек. Баш атташпайлык: Суркоёнго кебез байлап куда түшкүлө. Чымыр балам болсуң, кызымды берейин» деп өзү айттырды. — «Наркта жок сөз болду. Көпбайдын кызы бу дүйнөнүн перизаты. Көргөнбүз» деп ар ким арага түштү. Суркоёнго кебез байланды. Чымыр Көпбайдын кызын кайындады... Көп узабай Суркоёнду Көпбай ууруга алдырды. «Кыргыз өзүң алдың. Суркоён кайтарылбаса, кыз берилбейт» деп казак чатак баштады. Эки жактын доосу ырбады...

— Коюңуз, мактанбаңыз, баатыр,— деди абышкасынын эртегисин далай уккан Бермет.

— Тек, кептин кызыгын айттырбайсыңбы, шүк олтуруп ук!

— Аз болсо, жүз токсон уккандырмын!

— Тек! — Омор тып дедиртип санын чапты. —Мындай сөздү миң токсон укса да кулактын кычуусу канычу беле? Э, жаман!

— Койдум баатыр, айта бериңиз!

Омор кемпирине таарынгансып бир азга унчукпай олтуруп, анан:

— Кептин баркын түшүнгөн киши да аз калып бартатат. Сен укпасаң кой. Өзүм айтып, өзүм угамын! — деп күпүлдөп койду да эртегисин уланта берди:

— Не колумду узартучу күлүгүмдөн ажырап, көңүлүмдү жубатычу жарымды алалбай, атаганат шум тагдырым мени томсортмок беле? — деп кайран Чымыр кейип келди. Камчымды таянып ойлоно калсам, чын эле намыс кетип бараткан экен. Жаш бүркүттөй күүлөнө калып: — Чымыке,— дедим. —Менин алдымда жакшы ат, коштоодо Сарымсак байдын айгыры болсун. Кааласаңыз кошо жүрүнүз. Болбосо, жеке жарайм. Арысы жети, бериси беш жигит жолдошум болсун. Не сайда өлүгүм калсын. Не намысты сактап күлүп кайтайын,—дедим. Кайран Чымыр өзү да белин бек бууган экен. — Омор, жаш да болсоң сени намыска жарайт деп келген элем. Кайратыңа ыраазымын деп кайран Чымыр бек кучактап бетимен өптү. — Өзүм кошо аттанам! —деди.

Тандалган беш жигит менен жетөө болуп жолго чыктык...

Э, ата көрү... Жаман кемпир үргүлөп кетерсиң. Жолжомогун

аттап өтүп, ток этери: Көпбайдын кызын ала качалы. — Күн мурун билебиз. Көпбайдын айлы төмөнкү Каратоону этектеп барып конгон. Алда кантет деп, кыраакы Көпбай Чымырдан шеги да бар.

Биз Каратоонун арчасына үч күн бекиндик. Үч күн тең айылдын сырын иликтедик. Мен колума тобулгудан таяк алып, жылаң аяк, жылаң баш жок издеген койчу болуп, айылга кечке жуук жетип бардым. Менден эч ким шек алган жок. Жеңешелер деп келиндерине тийиштим. Алдыртан чалып, айылдын сырын билип кайттым.

Көпбайдыкы төркү ак үй экен. Катарындагы жумурткадай отоо кызыныкы. Уйкусу качкан чоң энеси, жесир жеңеси, кыздын инисинен бөтөн адам ал отоого сээл кирет окшоду.

Биз кеңешип калдык. Айылдан бизге кызды чыгарып бере турган сырдаш киши болбогон соң: эл кыйгач уйкуга кирген кезде баса кирип кызды алып качуу оюмду айттым. Кайран Чымыр жактап кетти. Биз кош басмайылды бек тартынып, чокмор баштарды такымга кысып жолго түштүк. Отуруп чыгып калган ай тоо-тоонун башын күңүрт шоолалантты. Калың айыл калдайып көрүндү. Иттер абалап үрө чыгышты. Биз так ошол айылды көздөп келаткан жолоочулардай шыдыр бастырдык. Кыз жаткан отоого жакын барганыбызда:

— Эй, жүргөндөр ким? — деп бирөө унчукту.

— Ал, Чымыр, жооп бер! — дедим.

— Биз, жолавшымыз... — деди Чымыр. Кайран Чымыр казакча сүйлөсө тилинен буруш билинбеди.

Ал аңгыча болбой кыз жаткан отоого казканактап барып калдык.

— Кай жактан келесиңдер? — деди үн.

— Алматылык Чапрашты боламыз! — деди Чымыр, токтолбой чоң урууну атады. — Артыкбай авлына келемиз!

Я кудайыма тоба, Артыкбай авлы бөтөн сайдө гой, типти! — деди үн.

Чымыр Артыкбай айлына бара турган жолдун жөнун сурай берди. Мен атымдан лып түшө калып тымызын отоого кирип бардым. Кийиздери жаңы отоо караңгы экен. Кыз оң жак капшытта, төшөк агашында жатса керек. Тыңшап тура калсам; болор-болбос чыккан жумшак деми угулат. Акырын басып колумду жаңсадым: жибек көшөгө уруна түштү. Лып кирип барып, капарсыз уктап жаткан сулууну аккуунун мойнундай толгонтуп жибек жууркanына

ороп балача кучактап кайра аттадым. Ошол учурда туюп калган чоң энеси:

— Ойбай, жав! — деп кыйкыра келип эки колу тиземден ылдый ороло калды. Мен бутумду тез шилтедим. Ороло түшкөн чырмоок тырт-тырт үзүлүп айрылгандай кемпирдин колу бутуман бошоду. Ант урган кемпир жер кучактап калгандай болду. Бирок, ачуу кыйкырды:

— Ойбай, алып кетти калкамды!

Мен чыга сала кызды Чымырга өңөртүп, шып ээрге кондум.

Казканактап шартылдап жөнөй бергенде арт жагыма кылчайып:

— Рахмат, тууган! Бизди Артыкбайдын авлынан табыңыздар! — дедим.

Аттан салдап, айыл кишилеринин дүрбөгөнү билинди.

Биз жүрүштү тездетгик. —«Артыбыздан жеткен жыйырмадай куугунчуга жеке беттешкем», деп абышкасынын айтарын билген Бермет:

— Токтот эми баатыр, мактанбаңыз! —деди.

Өз сөзүнө өзүнүн мооку канып олтурган Омор карс-карс күлүп койду да:

— Те-ек. Болгон ишти айткандын мактанганы бар бекен... Сөз балдардан чыкты. Мен Орусбекти өзүмдөй чогоол болсо дейм. Маалимдери да, айылдын кишилери да Орусбек чатак дешет. А мен алдыртан сынап олтуруп чатагын көрө албадым.

— Э баатыр, жаңы тиккен көчөттү сындырса, суу көтөргөн катындын чакасына топурак чачса, ал тентектик эмес бекен?!

— Тек, мен Орусбектей кезимде, музоонун ичине кыңарак салгам...

— Ошону жакшы дейсиңби анан?

Омордун эрди бүлкүлдөп, жооп айталган жок. Бермет жүйөлүү кебин улады:

— Баатыр, таяк менеп жерди сабап, эртегини эсептей бересиз. А жалгыз уулдун да адам болушун эстей жүрсө нетет?

— Тек!! Уулду мектепке өткөзүп бердим. Аны окутсун, бир үйүр маалим аздык кылабы, адам кылып өстүрсүн!

— Антпе, баатыр,— деди Бермет жай,— мугалимдин окуусу өз тартиби менен өтөт. Ага ата-эненин тарбиясы көмөкчү тура...

— Туура, болсо тарбияла! Сен энесисиң?!

— Эненин айтканын ата кубаттап турса, балага таасири боло турган...

— Эмне?!

— Эне ак бол десе, ата көк бол деп турса, орто жолдо бала нокто салдырбай ээн баш өсөт тура.

— Тек! — деди Омор бүркүт караштуы салып Берметке,— Орусбекти тентек өстүргөн сен дегени турасың го, маа?! Маалим-саалимге да, жадаса өз бүлөмө да жакпай калган экенмин го, мен...

Эшик карс ачылып Орусбек кирди.

— Эй иттин баласы! — деп Омор уулуна карап обдулду. — Сен калп айтып, кимге арызданып жүрөсүң, ыя?

— Эч кимге,— деди Орусбек. Атанын ачуусун таткан тентек уул эч эчтемени сезбегенсип ийнин какты. Баланын кыймылында куудулдук да бар: эч эчтемени тоотпостук, камырабастык да бар.

Омор уулду жекирип күпүлдөй берди:

— Эч кимге дейт дагы. Калп айтып жүрөт... Маалимдерине эмне деп айттың эле?

Саал жалпагыраак тарткан таноосун делдейте түшүп Орусбек атасына тике карады:

— Мен билмейди... Какой калп...

— Тигини, какой дейт маа, дагы...

Энесинин алдыртан жаңсаганы таасир эттиби, же атанын ачуусунан ийменидиби, Орусбек унчукпастан курч көздөрүн ойноктотту. Алда эмнени издегенсип эки жагына каранды. Баланын ал көз карашында: «Окшош, уруша бер, уруп теги жибербессиң. Кокус, таяк көтөрсөң так секирип чыга качам» дегендей тоотпостук да, көндүм тентектиги да бар.

Кыжырланган ата ызырына кыйкырды:

— Орустун тилин билсең, чочконун этин жеп кетесиң деп мен саа качан айттым эле, иттин баласы?

Орусбек коркпостон туруп, жайбаракат жооп берди:

— Ошентип эле айткан болучусуз...

— Качаа-н?!

— Мындан беш жыл мурда...

— Эмне дейт, качанкы беш жыл?!

— «Урушпаңыз, жолдош Карабашев,— деди Орусбек куудулдана сүйлөп, атасына,— мен анда жаңы эле сегиз жашты аттаган кезим болучу. Сиз шаардан келдим деп чыныдай кызыл алманы карматкансыз... Анан так эле мештин түбүндө олтуруп, келген кишилерге кеп салгансыз: «Шаар деген жакшы болот экен... Түнү күндүздөй, көчөлөрүндө машиналар зымырап, дүкөндөрүндө чай батпай калыптыр... Бир жаман жери шаардагы кыргыздар орус тилин билип алган соң ашкананын тамагын ылгабай кетишиптир. Чочконун эти болсо керек «чнитсел» деген бирдемесин алдырды эле, кесип жиберсем каны жаая берди» деп сүйлөгөнсүз.

— Тек,— деди Омор. — Ошондогу сөздү эмдигиче унутпай жүрөсүңбү?

Атанын үнү жоошурак чыкканын сезген тентек уул колду силке сүйлөдү:

— Мен баарын унутпайды. Ал тургай андан мурунку айткандарыңыз эсимде...

— Дагы эмне дедим эле?

— Мен алтыда болчумун. Тентек болбой жүр, деп Мурадыл аке мени жаакка чапкан. Мен үйгө ыйлап келгем. «Эмне ыйладың!» дегенсиз. — Мурадыл аке жаакка чапты деп энтигип араң айткам. «Эй жашык арам мөөрөп келет үйгө... Киши болбойт ушул... Мен сен болсом сарайына өрт коёт болчумун Мурадылдын» дегенсиз. А мен Мурадыл акенин сарайына өрт коё алган жокмун. Чын эле киши болбойт экенмин го деп калгам...

— Тек... — деди ата уулунун айтканын жактырып. — Дагы эмне дедим эле?

— Айткандарыңыз толуп жатат. А мен сиздин насаатты аткарып өрт да койгом...

— Тек, бала кайда?

Орусбек күлүңдөп коркпой сүйлөдү:

— Мурадыл акенин сарайына... Кишилер убактысында өчүрүп калышкан.

— Эй, акмак, ал эмнең?

Омор уулдун айтканына чындап ишене албай таңдана карады.

Таңданбай эле коюңуз,— деди Орусбек атасына. — Чын болчу.

— Ал эмнең?

— Ал өзүңүз эмне айттыңыз.,.

— Тек, алдага тобо! — деди Омор тентек уулга жооп айталбай.

Уктуңбу атасы дегенсип, Бермет алдыртан башын ийкеди.

Те алыстан элес сезгенсип Омор каржайып үнсүз олтуруп калды.

**2**

— Эй, кеңеш берчи, энеси? — деп Омор алда кимге тап берчүдей илгериге обдулуп кейип сүйлөдү: — Алдага тобо-о... Мен баарына жакшылык ойлоп жүрсөм баскан изимдин баары тетири чыгат ко. Орусбектин айтканына таң калам ой: «Өзүң өрт кой деп айтпадың беле» дешин кара. Мен ууру бол десем, ал ууру болуп кетмек экен го. Ага чогоол бол деп акыл айтсам. Акмактын түшүнгөнүн кор, ой... И, алдага тобо! Жалгыз уулду жалындуу өссүн деген тилегим жарамсыз жакка жетелегени неси?

Омордун кыжырын кайнатпайын деген Бермет сөзүн кылдат баштады:

— Жалгыз уулдун окуганына далай эле болду... Кээде Сабыр өзү келет: Ата, энелердин чогулушуна келип жүрүңүз, Омор аке деп өтүнөт. Не тил алып барып койбойсуз.

— А өзүң не барбайсың? — Омор берендей ормоюп жогортон карады.

— Атанын айдыңы артык болот тура, баатыр...

Омор Берметтин сөзүн бөлдү:

— Тек! Айдыңым болгондо мен барып маалимдер менен чабышмак белем?! Акбайдын айлы менен өйүзгү Бекбайдын айлы жайыт талашып чабышкан жылы мен туура жыйырма бирдеги кезим. Э, ата көрү, жеңди белге кыстарып, шымаланган чабышта көк тал союл түшкөн эмес,— туура бешти сындыргам. Менин сабагым ошондо эле бүткөн. Тек, мен чогулушка барганда не кылам?!

— Чабышка эле бармак белең, баатыр?

— Тек, анан сабак бермек белем... Өкмөттүн жалуунга берген теңгесин актап алышсын, маалимдер. Отун, суусуна дейре колхоз милдеттүү. Окутсун, балдарды.

Бермет Орусбектин жоругун эске салды:

— Атанын айтканы балага кандай таасир этерин уктуңуз го, баатыр? Алты жашында укканын унутпай олтурбайбы, Орусбек?

Омор Берметтин жүйөлүү кебине жооп айталбай, саал мурчуйгансып койду. Бир мүнөздүү кары, кээде өз кылмышын сезгенде ушунетип бир аз жоошуй түшчү. Абышканын бул сырын алдан билген Бермет үндү көтөрүңкү чыгарды:

— Ала качкан кызды, жаакташкан айтышты, көз чыккан чабышты же ууру-кескиликти баланын кулагына куя бериш да жарамсыз тура... Эч болбосо, маалимдер эмне дейт,— аны угуп,— андай жүр, мындай жүр, — деп балага акыл да айтылбайт. Кээде эки жактан болуша да кетебиз. Ушунун баары эле туура эмес тарбия окшойтко...

— Те-ек, токтот, окууңду! — деп Омор эми гана бир унчукту. —Бул үйдүн тентеги мен болсом, мына коюп бердим го...

Деген менен Берметтин кеби таасир этти белем. — Шкөлүнө барса барып көрөйүнчү,— деп өз алдынча күңкүлдөп келаткан Омор жолунан Днннарды жолуктурду. Кыз, жарашыктуу тигилген күрөң кызыл торко көйнөгүнө ансайын жараштырып ак боркок (фартук) тартынган. Дыкан өрүлгөн чачтары жылтырап, учтары кызыл тасма менен бекилген. Колунда кара портфель. Омордун көзүнө кыз алда кимдей болуп татынакай көрүндү. Абышка күрөктөй алаканын маңдайына серепчилеп далдайып тура калды:

— Тек, кайсы баласың, чырагым?

Омордун сүрүнөн чочулаган кыз тез жооп берди:

— Мен, Динармын!

— Сен Динар болсоң, эмне учурашпайсың?

Кыз үнсүз күлүмсүрөдү.

— Же маалимиңер улуу кишини көрсөңөр учурашпагыла, деп айтыштыбы?

— Жок,— деди Динар тез сүйлөп. — Мен сизден коркуп кеттим...

— Тек, чырагым. Мен балдардын кулагын кесчү эмесмин.

Динар үнсүз басты.

— Мен да маалимдерден сабак алайын деп мектепке келатам.

— Ооба, карыган киши окубайт,— деди Динар .

— Тек, а эмне үчүн мени чакырат?

Аңгыча коңгуроо шыңгырады. Динар чуркап кетти. Чачтары серектеп, ак боркоктун четтери делбирттеп баратса, артынан караган Оморго кыз көпөлөктөй эбелектеп көрүндү. Бара түшкөндө Динар:

Омор акем ашыгабы? Сабакка келатканы рас бекен дегенсип кылчак-кылчак каранды да эшикке карай жамыраган балдарга аралашты.

Бир заматта мектеп алды жымжырт боло түшүп, Омор эки жагына каранды. Көзүнө бир да бала көрүнгөнү жок.

Ал ылдамдай басты да жанагы Динарлар кирген эшиктен кирди.

Кең жана узун коридор жарык да, чоң-чоң терезелерден күн түшүп, көңүлдүү да. Дубалга илинген портреттер нурга чөмүлүп, кээси Оморго күлүмсүрөй карагансыды.

Атайы жасалган төрт аяктуу тектирчеге коюлган наркы бурчтагы Токтогулдун бюстысына одурая калып Омор:

— Тек, салоомалейкум!—деп унчуга айтты да кайра өзү чочуп кетти. — Ой, сен тебетейчен кыргыз, сакалыңды чокчойтуп мектепте эмне кылып олтурасың, ыя?

Башта мектеп имараты төрт-беш бөлмөлүү эски курулуш болучу. Сабыр директор болгондон кийин мектеп үчүн жаңы курулуш тургузуу ишин башкы милдет деп, ал облисполкомго чейин маселе койду.

Окуй турган балдардын саны артууда. Класс жетишпей баратат. Анын үстүнө, эски курулуш кыштактын аяк жагында, белден соккон бороондун нак ойноосунда. Бар болгону беш жүз метрче жогору чыксаң лып этип жел жортпой — аба мемиреп, сырттан үйгө киргендей жылуулук сезесиң. Ал эми кылчайып артыңа карасаң мектептин тегереги бозчаңгыл тартып бороон зуулдап, кар учуп турат. Кээ күндөрү балдар мектепке жеталбай, окуу токтолот. Кыштакты ортолото барып, күнөстүү ыктоого мектептин жаңы үйүн тургузушка мезгил жетти!—деп Сабыр түн уйкусун бөлгөн.

Анын сөзү ишти улантты. Ортолоп курулган мектеп үйү аппак болуп, чоң-чоң терезелери күнгө чагылыша кыштактын көркүн чыгарды. Өткөн күздө жаңы класстардын эшиги ачылган. Физика жана зоология кабинеттери жаңы аспаптар, экспонаттар менен толукталган. Азыр Омор абышка салам айткан тигил Токтогулдун бюсту да ал ордунда жаңы жылдан бери турат. Элетте маңоо өскөн Оморго, ал тек башка жактын кишисиндей карап, чоочун көрүндү. Омор чочуп кетип, саламды ага кандайча айтып жибергенин өзү да сезбей калды. Эр көкүрөк Омор эч убакта кишиге озунуп салам да айтчу эмес. Алдынан адам жолукса, ага, тек эй, кимсиң сен. Мен Омормун. Таанып турасыңбы, өзүң?! деген

кишиче одурайып, кээде шадылуу колдорун маңдайына серепчилеп кароочу. Мейли кичүү, мейли улуу болсун (кыштакта Омор акеден улуу эркектер өздөрү да саналуу) ошентсе да алар саламды Оморго мурун айтышат...

Азыр Токтогулдун бюстысы тек сакалын чокчойтуп Оморуңду тоотпой турду. Омор бюстыга имериле карап, өз алдынча күнкүлдөп койду:

— Ой, токточу, кара урушчаак бөдөнөдөй чокчойгон кайсы кыргызсың, сен?

Эшиктин ар жагынан аялдын коңгуроолу үнү созулуп угулду:

— Атам эмге-екти сүйөт... Баарыңар тең жазгыла, балдар. Ал эрте туруп, талаа жумуштарына чыгат. Экиден, кээ бир күндөрү үчтөн нормону аткарат...

— Тек! — Омор эшик жакка бурулуп, тигил чыккан үндү какшыктады: — Атасын коюп балдарын окута берсеңчи...

— Атам жалкоолукту жек көрөт...

Омор шарт эшикти ачып класска кирди.

Улууга ызат кылган белгисинде бүт класс дуу этип орундарынан турушту. Алдыңкы партадан турган Динар селтең этти. «О, рас эле Омор акем окуганы келген тура?» дегенсип таңдана калган кыз капкара көздөрүн ойноктотуп бирде мугалимага, бирде Оморго карады.

Жаш мугалиманын үнү салмактуу чыкты:

— Олтургула, балдар!

Жапырт олтурган балдардын кээси тигил эмне айтарын билбей далдайып турган Оморго алдыртан күлө карап, кээси тымызын колтукка укушуп класс ичин болор-болбос кыймыл аралады.

— Тынчтангыла! — деп мугалима окуучуларга эскертип, анан Оморго утурулай басты.

Киририн кирип класстын тартибинен сүрдөй түшкөн абышканын чекесинен чып-чып тери чыкты. Ал өз жоругунун осолдугун сезди да, утурулап мугалимадан өтүндү:

— Кагылайын, маалим кызым, сөз сурайын руксат бекен?

— Айып этпеңиз, Омор аке. Азыр сабак учуру...

— Ооба, айыптуумун, кагылайын кызым. Сурарым бир эле ооз сөз? — Омор аке кезек күтпөй бек-бек сүйлөдү: — Ата-эненин жыйынына чакырган экен. Келип, силердин үстүңөргө кирип калдым.

Мугалима саал күлүмсүрөп:

— Сиздин балаңыз алтынчы класста окуйт. Сабак берген мугалимине кайрылыңыз.

— Ооба, директор өзү беришет деген эле. Балаңыздын бири алтынчынын эшигин көрсөтүп койсо экен?

— Сиз тартип буздуңуз. Класска директордун өзүнөн руксат сурап кир.есиз.

— Тек,— Омор чочуп кетти: — Руксатты кайдан билейин, кирип калдым. Айып этпе, балам?

Көп узабай кайра чыккан Омор калдастап эшиктп тез жапты.

Кепти салмак менен созуп айткан мугалиманын коңгуроолу үнү жанагыдай тереңден угулду:

—Тынчтангыла, жат жазууну уланта беребиз:

Атам ар дайым мындай деп ырдайт:

«Жалкоо адам курусун.

Жалгыз жаны кор болот...»

Коңгуроо шыңгырады. Куду тосмо ачылып, козулар жамыраган-дай чуркурап, эшик-эшиктен чыга баштаган балдар, узун, кең коридор аркылуу сырткы эшикти көздей жамырады. Кээ бирлери бирин-бири түртүшө берип, ортодо кеңгиреп калган Омордун этек-женине тийип өтүшөт. Талаа жерде, же айыл арасында балдар минтишсе: «Тек! Аттай дүбүрөп кантишет мына булар. Мен силерге каакым көрүнөмбү, көзүңөргө?» деп чөлдүн бүркүтүндөй бийиктен карамак. Азыр анте алган жок. Мектеп Оморго жаңы дүйнөнүн төрүндөй бөтөнчө таасирин берди. Ал балдардын арасында калдастап ашыгып турду.

Ал аңгычакты болбой:

— А Омор аке, мектепке келипсиз. Башыңызга чөп сындырайын! — деди Сабыр. Ал жайдары күлө сүйлөп, карыяны колтуктап кабинетине баштап кирди.

Терезелерден күн түшүп, кабинет күлүп туруптур.

Омор диванга олтурар замат, кезек күтпөй бек-бек сүйлөдү:

— Кел дейсинер, келсек эшигиңер бек — киргизбейсиңер...

— Мектеп эшиги дайым ачык,— деди Сабыр жай.

— А ачыгы кайсы? Тыңшасам: маалимдин үнү чыгат.— Омор колун жаңсай сүйлөдү. — Эшикти ачып кирип барсам: «Аксакал, директордон руксат алыңыз» деп маалимиңер тымызын сүрүп чыгат.

— Ал туура! — деди Сабыр.

— Э, туура болсо, мени эмне чакырдыңар убара кылып.

— Сизди ата-энелердин чогулушуна кел дегенбиз. Чогулуш кечээ кечинде өттү. Сиз келген жоксуз.

Омор бир кыялын карматса: тек, маалим чакыртты деп басып жүрөр жайым жок деп кежир сүйлөйт болучу. Бирок Сабырдын алдында токтоо болгусу келдиби:

— Чогулуш кечээ өтүп кетсе, бүгүн маа не сөз калды. Анда кетейин... — деп кетишке кам урду.

Сабыр буйруп койду:

— Кетпейсиз, олтурунуз!

— Те-ек! — Омор дөбөдө олтургансып бакылдап сүйлөп кетти: — Чогулуш кечээ өтсө, бүгүн менин керегим не?! Билип турам, Сабыр балам. «Орусбектин атасы Омор аке сиз болосуз го...» деп алдыртан сурап коюп, мени акырын далымдан сылап коюп: «Эмесе, Орусбек чээнден чыкты: маалимди көзүнө илбейт, парталарды аттап, балдардын төбөсү менен жүрөт; тилин чыгарып кыздарды шылдыңдап күлөт... Не Ташбай акени тоотпойт; көчөт бактардын бутактарын кыйратты. Муну кантебиз, Омор аке?!» — деп жумшак төшөгүнө (диваныңа) коржойтуп мени олтургузуп коюп жеме айткың келетко, Сабыржан? Жок, жок... Токтоп тур! Кебиңди кулагым укпайт. Кайра мектеп, саа айта турган доом бар. Ырас, Орусбек менин балам, менин балам болсо да, кечээ жашы сегизге толгондо, мектепке бер деп келдиңер: — Сөөгү меники, эти силердики деп ата-энеси экөөбүз тең айтып туруп, баланы маалимдердин колуна салдык. Айттык: баланы мындан ары биздики деп болушпайбыз. Илим берүү, тарбия берүү силердин милдет деп. А баламды мектепсиз илимпоз жакшы киши кылыш колдон келсе, силерди да убара кылып, мен аны мектепке бербейт болучумун, Сабыржан...

— Сөз кезегин алгысы келип Сабыр:

— Мектепсиз илимдүү болуш татаал иш,— деди.

— Тек, сөзүмдү бөлбөй чыдай тур, Сабыржан! —деди Омор колун жаңсай, кебин улантып. — Көзүм кат таанынбаса да, көкүрөгүм силердин оюңарды сезип турат: «Омор аке, Омор аке» деп азоону «чүш-чүш» төгөндей соорумдан сылап коёсунар. Көңүлүңөрдү кыйбай, силердин «чүшчүш» кө тим туруп койсом. «Балаңыз андай, баланыз мындай» деп, элге журтка абийиримди төгүп сынап

коёсуңар. Тек, бүттү! Орусбек шоктук кылса, үйдө олтуруп мен не кылмакмын?

Омор бир аз мукактана калды эле, терисин тээп жандуу тасма жүрүп тургансып күрөө тамыры көбө түшүп, кирпинин жүнүндөй кайраттуу муруттары типтик-типтик бириндеп: «балдарды жайына ээнбаш коё берген силердин тарбияңар кайра» деп айтып жибере жаздап, камыгып олтурду.

Омордун оюнда турган ал жемесин айттырбай түшүнгөн Сабыр бир аз кейип кетти. Ал, бир мүнөздүү «Ай, Омор аке ай, Омор аке ай...» деди ичинен: «Эгерде Совет өкмөтү көзүбүздү ачпаса, биз алигиче эмне болуп кетер элек?!»

Сабыр бул оюн жеке Омор картаңга гана эмес, Омор курдуу айылдын мурунку түркөй кишилерине бурулуп айткансыды. Ал өзүнүн бала чагын биринчи жолу мектеп босогосун аттаган күндү көз алдынан өткөрдү. Анда ал жаш, энеси оорулуу, жалгыз бой агасы Сабырды мектепке да бергиси келбей: «Сен окуп кетсең, атымды ким сугарып берет. Кол арага ким жарайт!» деп күңкүлдөгөнү азыр да кулагына угулуп турду. «Совет өкмөтү чыккандан бери бала да, чоң да окуу деп желигет. Өкмөтчүлүк алардын кимисине жетишет? Мал четине чыгышка да адам керекко?» — дешип ал кезде айыл адамдарынын көбү жеке гана өкмөт башына турчуларга окуу керек, калган карапайым журтка окуунун эч керегi жоктой түшүнчү. Окуган балдар бешинчи классты бүтүрө электе, ага-тууганлары жеме айтышчу:

— Башка элдин балдары үчүнчүнү бүтүрүшсө эле өкмөт ишине аралашат экен... Биздин балдар беш жыл окуп, эч болбосо, карагайбашы болсочу — десе, бири; экинчиси аны коштоочу: — ооба, мал каттап, жазында биздин айылга келген кара бала үчүнчү эле классты бүтүрүптүр. Көрдүңөр го. Баарыбыз тең малыбызды каттатканы алдына барып, жаңылып калбасак экен деп сүрдөп олтурдук...

— Ооба, кагылайын, тигил Чымыр сүрдөп кетип: «Бир бээ, эки кулунум бар деп жаңылган».

— Те-ек! — дечү ал кезде ушул эле Омор: —көп окуу адамды көк мээ кылат. Көкүрөгү тунук,— дээринде бар балдар биринчи сыныптан эле адам болуп чыгат! Атаңдын көрү эй, адам болду деп тигил Абдылда төкөрдүн баласын айткыла, ботом! Көзүнөн оту жанып

адамды тике караган бала болучу. Өмүрлүү болсун. Алты ай окуду: жанына тапанча байланып, милисе болуп жүрөт дейт...

Ушундай сөздөрдү уккан сайын Сабыр көп басынып: чын эле менин колуман эч кызмат келалбайтко, деп кээде кейип калчу. Ошентсе да, Сабыр илимге кызыккан. Айылдын мектебинен окуп алып шаарга келди. Ал а деп шаар мектебине келгенден бери орто бойлуу, арык чырай, улгайып калган мугалимден таалим алды. Ал киши куду көп баланын атасы сыяктуу, бардык балдарга мээрим, камкордук менен кароочу. Ар күнү таң азандан башын оң жак ийнине кыйшайта басып, балдар жатчу бөлмөлөрдүн эшигин ачып, таттуу уйкудагы балдарды өзү ойготучу. Элеттен келген балдар, ал кишини — Кузьмич ата дешчү.

Ар дайым бир жаңы милдетти мойнуна аларда, Сабыр ойлуу журүчү: — Бир кезде Кузьмич айткан айыл өзгөрдү, өстү, жаңырды. Ошентсе да кыйынчылык бүтө элек, аларды чыдап жеңиш керек дечү. Сабыр милдетине алган оор ишти Кузьмичтин өзүндөй чыдамдуулук, токтоолук менен аткарууга киришчү.

Азыр Омордун түксүйгөн жүзүнө бир тынымдай үнсүз карап туруп «Эх, караңгылык, караңгылык» — деди Сабыр ичинен кейип,—«Сенин тамырың канчалык тереңге кеткен э...»

## БИЗДИ КУЗЬМИЧ ОКУТКАН

### 1

— Те-ек, Сабыржан!—дедн Омор аке саал жоошуй тушүп: — «Ашыңды бербесең бербе, ташың менен урба» дешип эски кишилер айтышчу. Маа үнсүз карадың: көзүңдөн сырыңды окуп түшүнө албай турам. Же мени жактырбасаң, ачык айт, Сабыржан?

Эки жоон сандарын шадылуу, сөөктүү колдору мененаткый басып, бакалоорун учтантып, мойнун созуңкурап Омор Сабырды бийиктен карады эле, анын алп кебетеси берендей ормоё түштү. Кылдат көргөн көзгө, ушул секунддагы экөөнүн турушунан зор тирешүүнү байкар беле? Омор — бардык касиетин чың сактап менменсинген куу карагайдай татаал. Сабыр анын жанында, башаттын көзүнөн дүркүрөп көктөгөн жаш чынардай — алп!

Нак ушул секундда Сабыр сөз баштады:

— Сиз мага, эскилердин макалын угуздунуз. Ага капам жок... Сиз үчүн колумдан келсе, жаңы дүйнөнүн эшигин ачайын, Омор аке!

Кексе кары ыңгыранып тим болду. «Те-ек окумуштуу бала, сен, мени тушабай туруп чалкамдан таштаар бекенсиң, ыя»?! — деп алда эмнеден сактангансып Омор кулак түрүп тереңге карады.

Сабыр кебин улай берди.

Жүк көтөргөн төөдөй тарп-тарп басып келген өмүр жолу унутулуп бараткан түш сыяктуу азыр Омордун көз алдына тартыла берди.

...Бир заманда нак ушул мектептин ордунда Карынбайдын төө кепеси туруучу эле. Азыр андан кесек топурагы да калган эмес... Жыйырманчы жылдары айылга мугалимдер келишти.

Жаңы өкмөт илимге эшикти кең ачты: балдарыңарды окутабыз, мектеп үйүн камдап бергиле дешип кишилердин алдына талап коюшту. Оморго белгилүү ал жылдары айылды атка минген шылуундар бийлешти. Ар кимиси өз көмөчүнө күл тартып: мектеп үчүн топтолгон каражатты жең ичинен бөлүштү. Тек, өйдө-төмөн чапкылаган болушту. — Кантебиз, башка шарттуу курулуш бул өзөндө жок экен. Боорунан терезелерин ойдуруп, сары чопо менен дубалын, таманын шыбатса болду. Карыкемдин төө кепеси заңгырай турган.

— Төө кепеде балдарыбыз кантип окушат? — дешип, көп кишилер наразылык айтышса, Айдар манап этегин тарс чапкылап, наалып койду:

— Ой, кыргыз, кыңк этпегин?! Ата-балаң ак сарайда өскөн эмес. Өйдө-төмөн көчүп жүрүп, жайдак калыпсың, канет дейсиңер? Эчтеке эмес, кедейдин баласы калкак таштын түбүнө олтургузуп койсо да окуй берет.

Айдар көздүн чаарын чыгара карап күпүлдөп койгон соң, айылдын кишилери анын ыгына көнүштү. Карынбайдын төө кепеси эптеп жаңыртылган болду. Туңгуч мектеп ошондо ачылды.

Башатка жамыраган козулардай илимге суусаган балдар мектепке ашыкты. Ал жылдары азган-тозгон журттун боору кызарып жүдөп турган кези. Ошентсе да очок башында жүдөп олтурушкан жок, артыкча кедей-кембагалдын балдары жакындан от көргөн жолоочудай эртеңкисине катуу талаптанды. Күнү бүгүнкүдөй Омордун көз алдында: ушул Сабыр атадан жаш калып жетим өскөн. Турмуштан оор забыр тартып — боор көтөрүлбөй жүргөн кездер. Этине кийгени энеси эпгеп тиккен эчки тон. Бутуна тартынганы торпоктун жарты баш терисинен жөрмөлгөн чокой. Чылгыйын сыртына

караткандан бул убайымдуураак болот деп, теринин жүнүн сыртына каратып тартып берген энеси... Абайлап баспаса тайгаланып жыгыла берет... Окуу десе уйкусу качат; кечигип калбайын деп түндөн туруп мектепке жөнөйт. Жолдон жолуккан кишилердин кээси:

— Эй, жетим козудай торсойгон байкуш. Саа окууну ким койду экен. Суукка тоңорсуң. Жерден бооруңду алгандан кийин окусаң да, сендик окуу калар...— дешип аяган болушса, кээ бирлери:

— Окуй бер, балам! — Жетим жүрүп жетилген өтөт!— дешип Сабырдын көңүлүн көтөрүп коюшат. А Сабыр өзү жылаңачжыртыгына кайыл — улам жаңы тамганы тааныган сайын, улам жарыгыраак дүйнөнү көргөндөй кубанычы койнуна сыйбайт. Ал аңгыча болгон жок.

— Эй, мына бу сабеттин окуусу тигил дүйнөдө сени тозокко тартат! — дешип динчилдер ушак таркатышты. — Бул нан окуусу — адамды динден чыгарып, жолдон адаштырат. Акыры бул илим тамырын жайса, ааламда алланын атын атап, азан айтар адам калбаган күнү Көйкаптын тоосун тешип коңгуроолу Көк эшегин ээликтирип Чоюн кулак чыгат... Көк эшектин жүнү сайын конгуроо, ал коңгуроолордун үнүн уккан адам баласы Көк эшектин артынан ээрчий берип тозокко кетет деген.

Ушундай ушактар да көп сүйлөндү. Бир жактан айылдагы молдо аттуулар балдарды дин окуусуна чакырды.

Кедейдин балдары жаңыга умтулушту. Алды жактан жанган отко жетишке ашыгышты. Ар жыл жаңырган сайын балдардын дүйнөсү кеңее берди. Алар тааныган илим булагы тереңдеди, сапары карыбас жолоочудай улам жаңыга эңсешти.

— Фрунзеде Кирмпрос деген окуу ачылыптыр. Айыл мектебин тың бүтүргөн кедей-кембагалдын балдарын эшиги ачык экен! — деген сөз куду канаттуу жарчыдай айыл-айылга даңктуу кабар таратат. Сабырлар да ошол Кирмпроско жетүүгө талаптанышат. Бирок, айылдан районго, же кантонго жетип, эл агартуу бөлүмдөрүнөн разверстка алууну билбей, анын үстүнө бастыра беришке жетиштүү расход жок — бир-эки жылды Сабыр текке өткөрдү.

1927-жыл. Август айы ортолоп калды. Бир айылдан үч бала. Тек жайы кедей-батырак деп мөөрүн баскан үчөөндө тең айылдык советтин справкалары бар. Азандан айылдан жөө чыгышып, түш

болбой калаага жетишти. Разверска сурашып, кантондук эл агартуу бөлүмүнүн алдына келген балдардан жол тийбейт. Сабырдан чоң, эчен тың балдар да жүрүшөт, Алардын жанында Сабыр анчейин мадыра баштардан болуп калды. Эл агартуу бөлүмүнүн бир кишиси үчөөнүн справкаларын окуп көрдү да:

— Силер жетише албайсыңар, жашсыңар. Жылуу-жумшак кайра айлыңарга баргыла да, баштагы мектебиңерден окууну улантсыла! — деп койду.

— Агай, жетише албасак өзүбүздөн кетсин, жибериңиз? — Сабыр ал кишини жалооруй карады.

Бирок ал адам алдап-соолап Сабырды далыга какты да кебин тамашага чалды:

— Жетим козудай күйпүйүп турбайсыңарбы, үчөөң тең. Алыскы шаарга барсаңар, көчөсүнөн адашып кетесиңер... Кой, кагылайындарым! Мен силерге зыян айтпаймын. Айлыңарга бара бергиле! — деп койду.

Эл агартуу бөлүмүнөн эңселери сууп үч бала кайта чыгышты.

Окууга кеттик деп, колуна разверстка тийип кубанган балдарды көрсө Сабырдын ыйлагысы келет. Окуу менен биротоло коштошчудай ичи ачышат. Үчөө бирдей эз болгонсуп, кеңгиреп келатышып, бурчтагы чоң көк үйгө туш келишти.

Ал үйдүн эшигинин алдында: «Кантондук партия комитети» деген жазуу окулду.

Каршыдагы чоң теректин түбүнө барып үчөө тең кантком партиянын үйүн карап далайга отурушту. Кирип чыккан кишилер эшик тындырышпайт. Бирок тигил үч бала менен эч адамдын иши да болбоду. Үчөө өз ара сүйлөшкөн да жок.

Арадан далай убакыт өткөндө Сабыр жолдошторуна алдыртан уяң карады да:

— Мен бир акыл ойлодум — деди.

— Кандай акыл, айт? — дешти жолдоштору.

— Азыр кантком партиясынын алдына кирип баралы да, справкаларыбызды көрсөтүп үчөөбүз тең ыйлап жиберелик?

— Ушул акылың туура! — дешти жолдоштору.

Үчөө тең ошол теректин түбүндө олтуруп справкаларын колколдоруна кармап алышты. Анан жолдоштору Сабырга карашып:

— Акылды сен таптың, жолду да сен башта,— дешти. Сабыр бир азга ойлоно калды. Эмнени ойлогонун да сезгени жок.

— Жүргүлө, токтолбой кире бергиле! — деди.

Ошентип үч жетим өмүрүндө биринчи жолу партиянын кантондук комитетинин эшигин ачышты.

Бөлмөдө жаш гана орус аял олтурган экен. Ал таң калгандай балдарга карады да, кебетелеринен улам буларды түшүнгөндей болду. Анан жылдыздуу гана күлүмсүрөп тигилерден сурап койду:

— Силерге ким керек, балдар?

Эки жолдошу Сабырга караШты. Сабыр бир аз мукактанып, тигил аялдан өтүндү:

— Жеңеке, руксат этиңиз? Биз кантком агайга келдик. Аял үч жетимдин кысталып турганын сезе койду го. Ал ордунан элпек турду да, төркү эшикти ачып, балдарга кире бергиле, дегенсип ишарат кылып көрсөттү.

Үчөө тең партиянын кантондук комитетинин биринчи катчысынын алдына кирип барышты. Кабинеттин жасалгасына, анда олтурган адамдын сырткы түспөлүнө көз салышка чамалары да келгени жок. Сабыр колундагы справкасын төрдө олтурган адамдын алдына таштап койду. Тигил эки жолдошу тең анын жолун жолдошту, бирок убадалашкандай үчөө тең ыйлап жибере алышпады. Жолдоштору кызарышып кеп айталбай мукактанышат. А Сабыр болсо бирөөнөн ыза көрүп чоң атасынын алдына арызга келгендей эркеп кетти.

Куду чоң кишиге кайрылган мамиле менен секретарь үчөөнө орундуктарды көрсөттү:

— Олтургула! Жайыңарды ашыкпай айтып түшүндүргүлө!

А дегенде Сабыр анан тигил экөө чочуркагансып орундуктардын чет-четине акырын олтурушту.

— Силерди окууга ким жибербей койду?

— Кантондон бир киши... — деди Сабыр. Бул жолу боюн токтотуп, кебин кайраттуураак айтты: — жашсыңар, чоң шаардын көчөсүнөн адашып кетесиңер деп бизге разверстка бербей, жакшы кийинген байдын балдарына берип жатат...

«Байдын балдары» деген сөз оозунан кандай чыкканын Сабыр өзү да сезбей калган эле. Айтарын айтып алып, кайра өзү жалтана түштү. Бирок секретарь ага камкордук менен карады:

—Байдын балдары барбайт! Совет мектебинин эшиги кедей-кембагалдын балдары үчүн ачык!

Бирден көз жүгүртүп шашпай справкаларды окуп болуп:

— Силер барасыңар!—деди секретарь жетимдерге.

Кубангандан Сабырдын жонунан тер кетти.

Секретарь өз колу менен справкалардын четине жазып койду:

«Жолдош Керимбеков! Совет өкмөтү мектепти кедей-кембагалдардын балдары үчүн ачкан. Аларды адаштырбай, окутуп билим берип, адам кылып чыгаруучу кызыл мугалимдерибиз бар!

Бул балдар, сөзсүз Фрунзедеги Кирмпроско окууга жиберилсин!

Кантондук партия комитетинин жооптуу катчысы — Акбаев.

10/VIII - 27-жыл»

## 2

Сабыр Фрунзеге августтун ортосунда келди. Чүйдө закым мунарыктап күн кайнап турган кез болучу. Ал аз келгенсип үстүнө кийгени жүн салып кабыган жылуу күрмө, шым. Бутунда чоң өтүк. Беттен, колдон тер чыпылдап, мончого киргендей боргулданып жүрсө да окуунун кызыгы көңүлүн эргитип сергек.

Справкалардын четинде секретардын резолюциясы жазылгандыктан болдубу? Айтор, комиссия үчөөн тең Кирмпроско токтоосуз кабыл алышты.

Ошол күндөн тартып үч жетим Кузьмичтин тарбиясына өтүштү.

...Үчөө бир бөлмөдөн орун алышты. Терезелери батыш жакка карагандыктан, түштөн кийин күн түшүп, бөлмөнүн ичи үп тартып, Сабырлар кеч укташкан. Башкалар кызык уйкуда. Кичинесинен сергек Сабыр сонун жыттуу атырга малынган үлбүрөк жибек менен кимдир бирөө бетинен желпигендей мээримдүү салкынды сезгенсиди — кандайдыр бир сонун дүйнөнү бет алып калкыгансып, бирок көзүн ачалбай жаткан кезде: жылаажын коңгуроонун сүйкүмдүү жумшак шылдыраганы кулагына угула калды. Сабыр көзүн ачты. Алтынга буулаган жаңгактай жылаажын коңгуроону салмак менен шылдыраткан Кузьмич саал күлүмсүрөп Сабырдын керебетинин жанында туруптур. Сабыр жылаажындарды мыкты мүнүшкөрлөр таптаган кыраан куштун канатынан көрүчү. Азыр анын уккулуктуу жумшак шылдыры сезимин аралап, көңүлүн эргитти.

Кузьмич жылаажын коңгуроосун назик шылдыратып казак тилинде таптак:

— Оянындар карактарым! Туруңдар! Сендерди гылим күтип тур. Анау Алатау, Сары өзөндеги гылимга шөлдеген кыргыз эли күтип тур. Калкына гылим таратып шөлдегенин басатын осы сендерсиндер, карактарым. Эрте оянындар!

Сабыр керебеттен ыргып турду. Жолдоштору да ойгонушту.

— Туруңдар, карактарым!—деп дагы бир жолу эскертип, Кузьмич башка бөлмөгө кетти.

Тез кийинген Сабыр төшөнчүсүн оңдоп койду. Бирок Мураталы деген бала уйкучураак белем, көзүн ачалбай эзилип жатты. Кузьмич Сабырлардын бөлмөсүнө экинчи кирди. Ар дайым башын оң жак ийнине саал кыйшайтып жүрүш ал кишиге адат болучу. Азыр да нак ошол адатынча башын оң жак ийнине саал кыйшайтып, аяр жумшак кадам менен Мураталы жаткан керебеттин жанына барды. Бул жолу жылаажынын шынгыратпай сол колуна уучтай кармап алган. Тек чочутпайын деген кишиче артык табыш чыгарбай, ак шейшептин жакасын жай кайрып:

— Типтен жата беремисиң, Мураталы карагым,— деди Кузьмич уйкудан көзүн ачалбай жаткан Мураталыга аталык мээрим менен жүйөлүү жеме айтты: —Алды үстинде ак шейшеп! Мынадай жумсак төсек! Кедейдин сен курлы балаларын сергек, таза өссин, адам болсын деп осы төсекке жаткырып отургой өкмет. Тур карагым, жата берме! Элде жата берип, бабаларымыз оянбай караңгы өттi гой! Турып, гимнастика ойна, салкын сувга бети, колунды жу, жабылган көк чатырлуу бир катар үй Кирмпростун ашсоң ана жакта жаксы повар бисирген татти тамак күтип тур гой!

Кузьмич элпек кыймылы менен бурула карап балдарга дагы бир жолу эскертти:

— Гимнастика ойнаңдар, таза жувнып, тамакка барындар, карактарым! — Анан чечкиндүү басып чыгып кетти.

Аркы өйүздөгү көчөнүн жогорку бурчунда темир менен жабылган көк чатырдуу бир катар үй Кирмпростун ашканасы.

Кузьмич айткан повар ар уруу тамакты даярдоочу. Бирок шаарга жаңы келген элеттик балдар каймак куйган сонун борщту ичишпей, капуста тиштерине тийсе, ат кулак чайнап алгандай түкүрүшөт.

Бир күнү эртеңки тамакта чай ордуна Кузьмич балдарга какао бердирди.

— Какао дейтын осы, карактарым! —деди Кузьмич өзү түшүндүрүп. — Ынак сүткө жасаттым. Татти, кубатты тамак гой.

Ал тургай биринчи стаканды өзү ичти.

Бирок «Какао» Сабырга жаккан жок. Чополуу топуракты сууга чалып бергендей жек көрүндү. Балдар ууртап алып, кээси кайра түкүрүндү.

— Түк тамак даамы жок... Чопо даамданат — деп Мураталы алдыртан күңкүлдөдү. Сабыр да стаканды чочулап кармап эрдин тийгизер-тийгизмексен кылып, какаону тишинин арасынан тымызын ууртады. Бирок ага таттуу, кубаттуу тамактын даамы келбестен эзилген самын сыяктуу былжыраган даамсыз бирдеме сезилди. Сабырдын жүрөгү жипкире түштү. Окшуп жибере жаздап, Кузьмичтен уялганынан араң токтолду. Бир азга демин алалбай турду да жарты ууртам какаону зорго жутту.

А Кузьмич жаңы келген балдардын какаону жактырбагандарын сезип, жан-алы калбай столду айлана басып, Сабырларга түшүндүрөт.

— Я балаларым, карактарым. Ише бериндер. Көнүп алгасын таласып ишетин тамак гой. Өтө дэмди, кубатты тамак гой. Осы сендерди ишсин балаларымнын дендери сак болсун деп мен — мендигимден тауп отурмын гой. Бул типти жок тамаккой. Ишсендерши, карактарым?

Ушинткен Кузьмич жаңы келген балдарга аталык мээримди көрсөттү. Элеттен келген кедей-кембагалдын балдары биринчи күндөн эле, ал кишини — Кузьмич ата дешти.

Кузьмич көп жылдар Алматыда туруп, анда казак балдарын окуткан. Андан Фрунзеге келгени Кирмпроско директор болду. Бирок «саатым бүттү, милдетим аткарылды» деп тынчып көргөн адам эмес. Өзү оюн зоок кружокторун уюштурат. Өнөрлүү, шыктуу балдарды кружокторго тартат. Дем алыш күндөрүнүн алдында кече уюштурулуп, балдардын күчүнөн оюн көрсөтөт. Ага Эл агартуу бөлүмүнөн, кыргыз өкмөтүнүн мүчөлөрүнөн өзү барып коноктор чакырат.

— Кешеги Алатау, Сары Өзендеги жанайлак өскөн кедей балаларынын адамболганын көрүндөр — дейт Кузьмич, өкмөт мүчөлөрүнө.

— Азыр ойлосом, өмүрүмдүн эң ширин учуру ошол Кпрмпросто окуп жүргөн жылдарым экен,— деп Сабыр кез-кез айтып калат: — Анда бизди, куду күкүктүн баласындай бөпөлөп багуучу. Ооба, күкүк жумурткасын тууп таштайт, аны карга басып чыгарат дейт. Анын балапанына бардык канаттуу жем ташып багат имиш. Совет өкмөтү чыккандан тартып окуу деп мектеп босогосун аттаган кедей-кембагалдардын балдарына так ошол назар бурулду, ыйык камкордук көрүлдү.

Жылтыраган сонун, сонун шибеттерди, окшош, окшош пальтолорду профком бөлүштүрдү. Ага Кузьмич өзү катышат. Далысы ысып— жаңы кийим кийингенге Сабыр кубанды. Аны көрүп, Кузьмич кубаттады:

— Осы сендер кийсин, балаларым кийсин деп кийимдин жаксысын алдык. Мунын бэринде бизге окмэтимиз бергизип атыр. Осы сендерди адам болуп, анау Алатау, Сары өзендеги гылимди сагынган калктын кызматин кылсын деп отыр. Энди сендерге, не калды, карактарым? — Жаксы окып, адам болу ак калды. Осы Фрунзе каласы кеше ак топурак каптаган Писпек аталатын деревня болатын. Мына бүгүн жаңара бастады. Эртең, осы сендердин замандастарыңдан курулыс инженери төрөледи. Ол осы Фрунзенин куратын адам! Жана театр кургызады. Биревиң жазувши боласың, ол пьеса жазып, анау кызым актриса шыгын, ол пьесаның баскы каарманынын ролун аткаратын болады. Бири сувтехниги, бири агроном болып: алар анау Сары езенде гүлдөтеди! Тагы биреулери зоотехник чыгып мал тукымын асылдандырады, бир катары врач, доктырлык гылимин алыи, кеселден саргайган адамдарды айыктырып, оларга емүр беретин болады. Дени сак адамдын ою да, иси да таза, зор болады, карактарым!

Оган дейин жаксы окыңдар! Аз калды: каникулга тарап, аул, аулга кайтатын кез бар. Сонда сендерден аул адамдары үлги алатын болсын. Эйтпесе, мылжың болып жаман истерди истейтин болсаңдар, журт сендерге ренжип калады. — Ал, карактарым, Ленин атанын осыятын тутынып: окып, окып жэнеде окып адам болыңдар!

Элеттен келген балдарды Кузьмич ушинтии кызыктырган. Илим алууга Ильичче үндөгөн. Өзүнүн билгенин Сабырларга берип, аларды адам болгула деген.

Ошенткен үч жетимдер, ал кишини Кузьмич ата дешкен!

**3**

Бир күнү өз сабагында Кузьмич бир сызыктуу калың, калың дептерлерди тараттырып берди да:

— Осы дептерди толтырып күндөлик түзиңдер, карактарым! — деди.

Уккан, көргөндү жаза бериштин пайдасы канча, дешип адегенде балдар чолок түшүнүштү. Тоонун көк кашка булагы жолун бөгөп калган көк мелтир таштын түбүн жибитип, жаңы ук чыгаргандай кедей балдарынын сезимин Кузьмичтей ак ниет кишилер курчутту. Илим тоо суусундай тунук көрүндү. — Кичинекей булактардан чоң өстөн куралгандай — ой-сезим кеңиди. Баягыда капуста тишине тийсе аткулак чайнагансып түкүрүнгөн, какаону таанына «чопо чылап берди» дешип чочуркап жүрүшкөн элеттин түнт балдары адам болушту. Жаңы заманды куруучулардын тунгуч армиясы ошолордон түзүлдү.

Акыры койбой жүрүп күндөлүктүн маанисин балдарга Кузьмич түшүндүрдү. Баягы бир сызыктуу калың дептер, күндөлүк — уккан, көргөнгө толгон. Кээде, азыр да ал дептерди барактап окуп: өткөн-кеткенди Сабыр эске салат. Бирде, боору эзилгенче күлөт. Бирде ичи ачышат, ойлуу болот. Ал кездердеги ар бир баскан из көз алдыга келгенсийт. Акыл ордуна айтылган Кузьмичтин сонун сөздөрү күнү бүгүнкүдөй кулагында...

...Азыр түнкү саат үч, коштошуу кечебиз да болуп өттү. «Кош, Сабыр. Барган жериңде жакшы иште. Кат жазышып туралы»! деп Айнагүл колумду жумшак кысты, бирок электр тогу сыяктуу күчтүү толкун жүрөгүмдү аралап өттү... Мына, азыр да Айнагүлдүн жумшак сыпаа манжалары колумду кыса кармагандай... Эчтемке эмес, эми бир жыл окуп, Айнагүл да техникумду бүтүрөт. Бирок техникум менен коштошуу жүрөгүмдү сыздатты. Темир канат кезимде, партия мени ушул мектепке жиберген эле... деп жазыптыр күндөлүккө. Кечеги, Ала-Тоо, Сары өзөндө жайдак калып жупуну турмушту башынан өткөргөн көчмөн элимдин жаңы заманында дүркүрөп гүлдөшүн көргүм келет.

Бир кездери күндөлүк дептерге мына ушуларды жазган экемин.

— Омор аке, менин узун сабак баяным, балким, сизди тажата баштагандыр?

— Те-ек, Сабыржан. Кулагым сөзүндө. Баяныңды уланта бер,— деди Омор.

Бул жолу кексе карыянын үнү Сабырга толкун ыргагы менен саал жумшак угулду.

— Баяным уланат! — деди Сабыр чечкиндүү,— сиз укпас. жагына өтсөңүз да айтамын. Ощентип пайдалуу ишимди мугалимдик менен баштадым. — Бул кесипти мен ыйык тааныдым. Мына, балаңыз төрөлдү. Ал былдырап талпынып да олтурду. Тамтуң басып, жерден «токмок жеп» — жети жашка толду. О, ата-энеге зор кубанычтуу күн — биринчи сентябрь! Тосурайтып таза кийинтип баласын мектепке ээрчитип ата-эне келишет.

Мектеп эшиги жабылбайт.

Мына, класска кирсең, мугалим олтурчу столдо букет, букет гүлдөр турушат. Көздү уялтып, чоң-чоң терезелерден балкып иур себилип, парталар жылтырап таза. Толтура чөйчөк насипти алдына алгандай, класска ар бир бала кубанып жайдары кирет!

Нак ошол секунддан тартып, нак ушул балаңдын келечеги башталат:

Мугалим балдарга тамганы көрсөтөт:

— А-а!

Балдар бир ооздон кайталашат:

— А-а!

Алардын коңгуроолу үнү мугалимдин кубанычын койнуна батырбайт. Нак ушул секунддан баштап өзү окуткан бала сабагына жетишсе, мугалим кубанат. Ага илимди көбүрөөк беришке ашыгат. Эгерде, бала сабагына жетише албаса, мугалим өкүнөт. Кандай болбосун, ал баланы сабагына жетиштирип, сабакты жакшы билген жолдошторунун катарында алып жүрүү үчүн жан-дили менен киришет. Ошентип, балаңдын адам болушуна мугалим илими, өмүрү менен милдеттүү.

Эң жооптуу, эң ыйык иш — мугалимдин аткарган иши дээр элем мен. Анткени, агроном өз илими менен эгинди өндүрсө; багбан чебер кесибин улантып, бак-даракты мөмөлөтсө; совет мектебинин мугалими көктөтүп, мөмөлөтүп, адамды өстүрөт. Адам берген мөмө — илим!

— Те-ек Сабыржан? — Омор бир аз күрсүнүп айтты. — Төрт аягында такасы жок күлүктү музга чапсаң байге албайт, ал — талпагын жаят. Көзү жетпеген иште караңгы адам андан ары белем? Он беш жылдай сандырактап жүрүп жеткениң маалимдик болсо, этегиң толгон

тура... Жүрөктө отуң жок. Отуң болсо, он беш жыл окуп, айылга өзүң жалгыз келбей,— капталың домпоюп тапанчаң кошо болбойт беле?! Тунупсуң кесипке. Ата, ат! Чана тарт! Балдарынды окута бер, деп бир кезде өзүңдү жемелечү элем. Кечирип кой, караңгы кишини, Сабыржан?

Сабыр калыбында токтоо айтты:

— Жемени жеке сиз айткан эмессиз. Ал кезде элет кишилери ошондой түшүнүшчү. Бул наадандык илимге кызыккан жаштарга далай-далай кесирин да тийгизген. Тез эле атка минүүгө ашыгып окууну таштап кеткендер да көп болду.

— Те-ек көк жал экенсиң. Сен анткен жоксуң. Окудуң. Мугалим болдун. Те Атбашы, Нарында да, Түштүк, Түндүктө да бир топ жылдан бери бала окутуп келдиң. Баса, азыр ойлонсом, сенден а деп сабак алган балдардын далайы азыр ачендик да болгондур. Мейли бир эмес эки тапанча тагынып жүрсө да, сени көргөн жерден кол куушурбай өтүп көрсүнчү, ал!

— Туура, Омор аке,—деди Сабыр күлө. —Ачендик тургай, академик болсо да бизден окугандар: «Ал кишиден, бир кездери мен да окуган элем» деп атыбызды атап айта жүрүшөр.

— Те-ек! — деди Омор. — Таалим алган маалимин антип эстебеген адам эместир?!

Жоошуй баштаган Оморго Сабыр тике сүйлөдү:

Ал эми сиздин балаңыз окуп, биз мугалим болуп турган мектеп да замандын таламын сонун аткарсын...

— Те-ек... — деди Омор. —Мектебиң таламды аткаралбай жатабы?

— Кемчиликтерибиз көп..

— Э, а ким айыптуу экен?

— Ага айыптуу биз жана сиз!

«Мектепте кемчилик болсо, а мен айыптуу болчу белем?» деген кишиче Омор Сабырга ормоё карады.

— Ооба, сиз да айыптуусуз! —деди Сабыр кексе карынын оюндагысын айттырбай түшүнүп, анын үнсүз берген суроосуна чечкиндүү сүйлөп жооп бере баштады. — Жеке окуган балдар гана эмес, ар бир ата-эне мектепти сүйүп кароого милдеттүү. Ал эми биздин айылдын кишилери бардыгы антпейт.

— Э, мектептин ээси — директор нени иштейт экен?

— Директор бардык ишке милдеттүү, бирок ал бир гана адам. Тентек бала көчөттү сындырса директор көрбөй да калышы мүмкун.

— Анан аны үйдө олтурган мен көрөмбү?

— Үйдө эле олтура бербеңиз, жарыкка чыгыңыз... Мектептин дубалы ураса, же багы кууpaca көрүшүп бериңиз, Антпесеңиз кыянатчысыз.

— Те-ек... Не айтасың өзүң? — деди Омор.

— Чын айтам! — деди Сабыр айтканынан кайтпай. — Артык окуу адамдын мээсин чиритет деп бир кездери тетири үгүт жүргүзүүчү элеңиз...

Намыстуу кары ызалана түштү:

— Те-ек! Айтканым жалган болдубу анан?

Ичинен күлкүсү келип турса да.

— А тетири үгүт болучу,— деди Сабыр. —А эми болсо, мектептин ишине жардам да беришкиңиз келбейт.

Омор сөз айталбай мукактана түштү эле, ирени чалкандай күдүрөйүп сүрдүү көрүндү.

«Кайран киши» деди Сабыр ичинен: — «Колуна көк союл берип, салышка койсо, өзү айткандай, майкандап жиберер беле?»

— Те-ек! — Карынын үнү кайрат ыргагы менен сүрдүү угулду. — Жетим улак да чыгымга учурабасын деп тилеген мен кандайча тетири үгүтчүмүн, Сабыржан? Ачык айт!

— Туура, чарбада ак ниет адамсыз. Ага талашым жок. Эмнегедир илимге кассыз.

— Тек, илимге да ниетим ак! Ал эми ашык окуймун деп илгери далай молдо жинди болорун болучу...

— Аныңызга талаш жок. Ал, адамды жинди кылуучу окуу. Эмне окуп, эмне айтканын молдо өзү түшүнчү эмес.

Кеп кармаган кишиче Омор кырдана сүйлөдү:

— Туура сегиз жыл окуп, гимназияны бүткөн Чормондун баласы да тушаган торпокко жетпей калган. Аны молдо окуткан эмес, ак баш оёздун маалимдери окуткан!

Сабыр жай гана санап айтты:

— Гимназия жогорку билим берүүчү эмес — бир! Чормонуңуздун уулу өзү анча мазалуу эмес болучу—эки!

— Бир, экинди билбейм, бала. Мен окубаган түркөй адаммын.

Ошентсе да өз акылымда чечем: артык окуу анча-мынча адамды акылынан тайытабы деймин. Ооба, баятан маалимдикти мактадың. Көңүлүм бир аз уюп калды. Болбосо, так сенин өзүңдө да шегим бар болучу. Дале айтам, чыйрак балдар «үп» атанып, эч болбосо райзоонун бир жеринде чот кагып олтурат... Рас, сен көп окудуң, жок дегенде жанагы кайыш сомкени жамбашыңдын үстүнө домпойтуп, айылга бир көрүнүп койбосоң... Те-ек, Сабыржан өзүн калыс боло койчу? Саа шек кылышка акым бар го менин?!

Кадимки какшыган шилбидей ийилип койбостон, дале болсо өз билгенине таманды бек тиреген Омордун таштай мүнөзүнө кээде Сабыр өз ичинен ыраазы,— «Аттигиниң» деп өкүнүп да коёт ал,— «Оюна бектигин көр. Жашынан окуп, илимге ээлик болсо, мындай кишилер өз кесибинен зор ийгиликтерди бербес беле? Эх, наадандык, сага, наалат!»

Сабырдын көз алдына Кузьмичтин элеси келди. Анын «карактарым» деп айтычу акыл, азаты, азыр Сабырдын кайратын курчутту. Биздин кишилер нак ошол Кузьмичтей илимге ээлик күчтүү болуш керек деди Сабырдын ою. Ал Оморго бурулду:

— Омор аке,—Сабырдын үнү кексе карыга чечкиндүү угулду. —Мен сизге катуу айттым. Көңүлүнүзгө албаңыз?

— Тек, бала. Кези келгенде айтып калбаса кептин атасы өлөт деген. Кебиң болсо бетке айт.

— Көп жашадыңыз — азды көрдүңүз. Эрдик кылып көрдүңүз, жарты күндүк жерге атагыңыз жеткен жок. Анткени, сиз журт таалайы үчүн эрдик көрсөткөн жоксуз. Жаатташкан чабышта такымга көк союл кыскан болуп, эки-үч кишинин тебетейин түшүрө чапканды эрдик деп жүрдүңүз. Ал эрдик да эмес, өзүңүз айткандай, тек, жарма чатак болучу...

Омор карынын жаак териси бүлк-бүлк этип тартып, оозунан сөз чыкпай түксүйө түштү.

— Отуз жыл мурда бирөөнүн тебетейин түшүрө чапканыңызды эрдик десеңиз, кемпириңиздин маңдайында олтуруп алып жарма чатагыңызды уланта бериңиз. Ал сиздин жеке ишиңиз. Бирок сиздин жеке иш, Орусбекке таасирин тийгизбесин! Зарлап жүрүп карыганда көргөн жалгыз балаңыз. Ал эрке да болгондур, тентек да жүргөндүр. Ал эчтеке эмес, биз аны тарбиялап да алабыз. Бирок тетири сөздөр,

жаман жоруктар, куду уйгак сыяктуу илешчээк келет. «Эрдигим» деп эски жоруктарды ылгабай сүйлөсөңүз, ал балаңызга тетири таасир бериши мүмкүн. Жалгыз уулум адам болуп өссүн деген тилегиңиз болсо, ушул кеңештерди эске алып, өз балаңыз окуган мектеп менен мындан ары тааныш болуңуз!

Омор чалкандай муруттарын түксүйтүп тамшангансып жооп айталган жок.

— Эрегишкен эки алп сыңарында, артыкча элеттик кыргыз айлында эски менен жаңы алиге бой тирешип жүрөт. Эски, куду күзгү туман кейиптенип көңүлдү чегөрүп, көздү караңгы кылсам дейт. Жаңы — жайдын күнүндөй жайнатып жылуу мээрим берип, кабакты жарык кылсам дейт. Жаңы эскини сүрүүдө, жеңүүдө. Бирок эски да тез жыгылбай тыталап тырмышууда.

Омор аке, мен кебимди атайы тамсил менен айттым. Сиз ушундай айтса түшүнөсүз: эски кимде? — Эски сизде! Мейли ал окуган болсун, мейли ал мугалим болсун, улуу Сталин дооруна жараша ким өзүн сыйлап, өзүн өстүрө албаса, эски нак ошондо!

## ЭСКИ ЖАНА ЖАҢЫ

### 1

Согушка чейин «Күрпүлдөк» мектеби бул өрөөндөгү мектептердин жоон ортосу делип жети класста эки сменде үч жүздөй бала окучу.

1943-окуу жылынын башында жаңы директор келди. Ал кышында белинен бүйүргөн кара тон кийүүчү. Жайы, кышы дебей өтүкчөн жүрүүчү. Баскан сайын оң жагына даана сылтып, тонунун оң этеги жерди шыпыра түшчү. Ага жараша өзү да маанилүү ишке ашыккан кишидей калдастап шашып жүргөн мүнөзү бар. Бир көргөн көз, аны көбүнчө иш үчүн ашыккан камкор, кичипейил адам деп калгыдай. Артыкча агартуу бөлүмдөрүнөн өкүл болуп келген кишиге, ал директор бөтөнчө ишмер, элпек болуп көрүнүүчү. А чындыгында мектепке ак ниет менен оюн бөлүп: мейли иште, мейли окуу куралдарын жетиштиришге эртелеп камынган жан эмес. Убактынын көбү өз чарбасына арналып: Э, дүкөнчү аке, дукаба, баркыт качан болот, айлыңда? — деп, көңүлү сельпо жакта. Өзү кээде колхоздун ишине кийлигишип, отчеттук мезгилинде, правлениенин катарына кандай кишилерден шайланарын, төрага кимдин болорун иликтечү. Ал, ишти тааныган кайраттуу адамды сүйчү эмес.

— Силердин сөз өтөт. Колхоздук демократия деген күчтүү. Аны албайбыз деп кол көтөрбөй койгула. Андай чыйрак киши башкарма болгону өзүңөргө жаман. Акыңарды жеп коёт, ал...

Ошентип тим жүрбөгөн соң колхозчулар ага: «Мүлтүлдөк директор», «Аксак директор» деп ат коюшкан. Айыл адамдарынын арасында тигиндей атка конуш мектеп директору үчүн уяттуу болсо да ал «мүлтүлдөк» деген сөздү укмаксанга салды.

Кой фермасынын башчысы Сабийра партбюрого маселе коюп, директордун кемчилигин бетине басты. «Мүлтүлдөк» директор кемчилигин мойнуна тез алуу менен ал ишин оңдоо үчүн күрөшкөн жок. Анын оюнча «Изине чөп салып, аңдый баштаган Сабийра менен элдешүүгө» алынын бардыгынча аракеттер көрдү: атайы козу арнап байлатып, бир үйгө таруудан бозо салдырды. «Тентек келинди ашым менен соолуктурсам, кокус текшерүү келип калса, белек болуп калар» дегенсип, бир-эки түлкүнү да көрүнө илдирип, тымызын күтүндү. Бирок, директордун бул жолку мүлтүлдөгү Омор айткандай суу кече алган жок.

Сабийра өз сөзүнө бекем турду. Арадан аз күн өтпөй жанына райононун башчысын олтургузуп, «Күрпүлдөк» мектебине нарком өзү келди. Директордун тымызын күтүнгөн даярдыгы быякта калды да, окуунун сапаты менен таанышкысы келген нарком тигинин оюнда жок суроолорду жаадырды.

— Өзүңүз адабияттан сабак берет экенсиз? Роман менен драманын айырмасы эмнеде?

Тамагына шили тура калгандай «мүлтүлдөк директор» мукактана түшүп коомай айтты:

— А оңой эле эмеспи...

— Оңой болсо да айтыңыз! —деди нарком.

— Маселен... бири диалог, бири монолог менен жазылат...

«Мүлтүлдөк директор» ушундан башка жооп айталбай токтолгон.

Сизге окуш керек болучу! Жеке өз башыңыз эмес, бир мектепке, кала берсе, колхозго да зыяныңызды тийгизгенсиз. Айып гана эмес, бул зор кылмыш. Канча бала билиминен өксүдү, сиз мектепте иштей албайсыз!

...Ушундан кийин «Күрпүлдөк» мектебине Сабыр келген.

Ошол «мүлтүлдөк директир»дин заманында жеке мектеп жасалгасы кыйрап, окуу сапаты төмөндөбөстөн, мугалимдерге да кадыр-барк калган жок. Артыкча өздөрүн мектептен алысыраак туткан кээ бир көпкөлөң адамдардын көзүнө мугалим, эптеп бала окутуп, өкмөттүн акчасын бекер алып жүргөндөй жеңил бааланса, Омор сыяктуу окубаган, эски кишилердин көзүнө, мугалим такыр барксыз болуп көрүндү. Ал тургай, колхоздун айрым активдерине алар көз каранды сыяктуу, кээде бригадирден ат алып миналбай районго жөө кетет.

Аны көргөн Омор биротоло мугалимден көңүлүн калтырып:

— Те-ек!? — дечү, чоң алакан менен өз санын өзү тып салып. —Окуп, окуп, акыры арыштап жөө баса турган болгон соң, окубаса да болгону экен...

Сабыр «Күрпүлдөк» мектебине келген кезде, көп кишилер тигил Омордун сөзүн кубаттап калган. Сабыр аны үзөңгүдөн бутун албай жатып сезди. Чындыгында «Күрпүлдөк» начар абалда экенин, Сабыр мурунтан билүчү...

Ушул жолу кадрлар бөлүмү аны, «Күрпүлдөккө» жибереринде эскертти:

— Жолдош Бегалиев, эң начар мектепти оңойт деп жиберип жатабыз. Сиз мына ушуну түшүнүңүз. Окуунун сапатын арттыруу – негизги максат!

Сабыр, кадрлар бөлүмүнүн алдында да, өз тарабынан бир катар таламдарды койду. Мектеп чарбасын түзөп, мугалимдердин кадыр-баркын көтөрүү жөнүндө айткан Сабырдын пикирлерин, кадрлар бөлүмү айрыкча кубаттап:

— Ишиңиз оңолсун, жолдош Бегалиев! Мектеп үчүн сиздин сиңирген эмгектериңизди, партия дайым жогору баалайт! —деп Сабырдын колун бекем кысып, аны кабинетинин эшигине чейин узаткан.

...Сабыр «Күрпүлдөк» мектебине директор болуп окуу жылы аяктап калган кезде келди. «Мүлтүлдөк директир» кызматынан эбак бошоп, иши сотко берилиптир. Сабыр ишти окуу бөлүмүнүн башчысынан өткөрүп алды. Чарбасыздыкка учураган мектеп ал кезде өтө аянычтуу акыбалда экен. Терезелеринде сынбаган айнеги аз, парталар эски ыңырчактай какжырап, балдар козголгон сайын кычырап турат. Көп замандан бери боёлбогон такта акчамбыл тартып, бетине

жазылган тамгалардын кээси араң таанылса, кээси таанылбай калат. Кээ бир окуу куралдары класс боюнча эки-үчтөн араң жетет. Үйгө берилген тапшырмаларды окуучулар, көп учурда аткарбай келишет.

Сабыр а дегенде эле мугалимдер менен таанышты. Алар кесиптерине берилип иштешкен ак ниет адамдар көрүнөт. Бирок, Сабыр байкаган бир кемчилик: же алар тажашканбы, же «милдетибиз эмес» дешеби, айтор, мугалимдердин кээси сабак өткөргөндү гана билишип, мектептин кожолук иштерине катыштары жок. Биз кесиптеги кишибиз дегенсип, чарба маселесине келгенде четтей беришчү болуптур.

Ушуларды байкаган Сабыр ар бир мугалимдин дилин билүүгө ашыкты.

Милдет жеке сабак берүү менен гана чектелбейт дечү Кузьмич. —Бардык кесиптен мугалимдик — жоопту да, ыйык да. Мугалим өзү окуткан окуучуну ички дүйнөсүнө чейин тааныш керек. Жадаса, баланын ооруган жерин сезсин. Ага кандай өссө жакшы адам болоруна багыт көрсөтсүн. Береги терезе айнеги кичине чатынаса, тигил партанын бети чийилсе, аларды эң биринчи мугалим көрсүн. Анын зыян экенин балдардын сезимине жеткирсин... Ошондо мугалим өзү окуткан шакирттерине барктуу болот...

## 2

Сабыр ар бир мугалимдердин үйүнө чейин кирди.

«Бул жерде мугалимдерге назар жок экенин көрсүнчү?» — деп эсептен сабак берген Сартбаев эски жоругун Сабырдын жолуна бөгөт койду: — «мыкты болсо, бизге үй салдырганын көрөлү... Бышыксынган адам бат эле быш дей түшүп, анан өз ишинин дайынын таппай калуучу?!»

Бир чети Сабырга сын такты. Биздин кандай жашап турганыбызды жаңы директор билип алсын дегенсип, Сабырдын келишине, Сартбаев үй ичин иретке келтирбей, атайы мейли деп күтүндү.

«Мен мугалим болсом да турмуш ушундай. Жакшылап көрүп алыңыз!» деп эскертмек болду. Ошентип биринчи ирет эшик-төрүн көргөн директорду, Сартбаев тигил бурчта какжырап турган эски столдун жанына коюлган жалгыз орундукка отургузду. Өзү терезеге жакын келип, алда эмнени оюна түшүргөндөй күлүмсүрөп турса саал

кызымтал тарткансып көздөрү койгулданып кичирее түштү. Ошенткен көздөрүнөн анча-мынча куудулдуктун жалыны жылт этип, ошол замат жанынан «Казбек»ти алып, элпек кыймылы менен Сабырга папирос сунду;

— Тартыңыз!

— Ракмат! — деди Сабыр колун көкүрөгүнө коюп. — Папирос чекпейм.

— Арак да ичпессиз?

Сартбаевдин орунсуз суроосун Сабыр жоопсуз калтыралбай:

— Анда-санда... — деди жай!

Сартбаев кадимки Шаршендин куудулдук кыймылын элестетип эки ийнин бирдей көтөрүп койду да:

— Аныңыз жакшы экен,— деди. Көздөрү жанагыдан бетер күлүңдөй түштү.

Сабыр атайы сурады:

— Анда-санда ичкенимди кубаттадыңызбы?

— Жок... Ичкиликти такыр ичпей койсо болор эле, колдон келсе...

— Ичпейм десе, ичпей коёт да.

— Айылдын шарты ага тыюу бербейт.

— Неге? — деди Сабыр. Анын үнү туруктуу угулду. — Баарыбыз тең айылда иштешип келатабыз.

— Ошон үчүн анда-санда болсо да ичип жүрөсүз да? — деп Сартбаев күлдү.

— Андай эмес,— деди Сабыр токтоо олтуруп сөзүн улады. — Мен анда-санда шаарга барып калсам, эски жолдоштор кезигишет. Алар менен олтурганда бирди-жарым рюмканы атайын ичесиң. Кайра айылда жүргөнүмдө такыр ичпейм.

Ишенгиси келбегенсип Сартбаев жай кубаттады:

— Өзүнүзгө бекем экенсиз анда...

— Адам өзүнө бекем болуш керек да!

— Ооба... бирок кээде ошондой шарт болуп калат. Ичкенди өнөр көргөн кишилер да бар. Алыска барбай эле бригадир Мукашты алалы. — Кокус бир компанияда болуп калсаң ал шорду катырат. —«Ыркты бузба» — дейт мас болуп алган неме башын чулгуп сүйлөп: — «Бул дүйнөдө аракка тие элек чочконун гана тумшугу калды... Сен ичпесең мен өгүздүн куйругун кармап алып өкүрөмүн...

Төбөңөн ылдый куямын» — ошентип кыстаган мастарга теңелбей кээде ичүүгө аргасыз болосуң...

— Анан өзүң да өгүздүн куйругун кармашасың?! — деп Сабыр күлдү.

Сартбаев бир аз оңтойсузданып:

— Мени ичкич деп таанибаңыз... Анчейин кеп,— деди.

— Бирок өгүздүн куйругун кармап өкүрүп жибербесин деп Мукашка жаныңыз ачып, ууртап-татып коём деңизчи?

Сартбаев күлдү да жооп айталган жок.

Сабыр тамашаны коюп, кебин улады:

— Мейлиң, компанияда олтур, жолдош Сартбаев, мейли мас болуп алган Мукаш буканын куйругун кармап алып өкүрөм десин, ачуусу келсе, ал ошентип өкүрө да берсин. А мен Сартбаев мугалиммин! Ушул олтурган кишилердин балдарын окутам. Ал тургай тигил буканын куйругун кармап алып өкүрүшкө тете оолжуган Мукаш тентектин баласын да мен окутам. — Мен советтик мектепте сабак берем! Эмесе мен ар дайым жаңы өнүмдүн талабы үчүн күрөшүүм керек. Алда кимдер «Айыл шарты ушундай эле болот» дешип, мага жаман жорукту сунуш кылса, мен аны кубатташым — эскиликти ээрчигеним. Ал эми жеке айылда гана эмес, биздин турмушта зор күрөш баратат.

Добулду жарып, эркиндик күн нур чачты,
Улуу Ленин бизге жарык жол ачты.
Элдер үчүн Сталин биздерди өстүрүп,
Эмгек менен эрдиктерге шыктантты.

Бирок этекке жабышкан уйгактай кесирин тийгизген тоскоолдуктар да жок эмес. Артыкча, кыргыз адамдарынын арасында тигил уйгактай жабышкан терс жоруктар күчтүү. Алар, биздин коомдук түзүлүшкө каршы аттанган кара ниеттер эмес — бирок эски жоруктарын биротоло таштай элек, дале болсо дүйнөсү тар кишилер.

Сартбаев күлүп койду:

— Мисалы, бригадир Мукаш деңизчи.

— Мейли Мукашта болсун — деди Сабыр. — Мейли башкабызда болсун, айтылган кемчиликтер жок эмес. Башкаларды кой, өзүбүздү сынап көрөлү. Мугалимбиз. Өкмөт бизге бардык жактан шарт түзүүдө. Дурус өлчөмдө айлыктар алабыз. Отун, суубузга чейин

камдап берүүгө эл милдеттүү. Баары жакшы. Ал эми биздин жаман жагыбыз бар. Ал биздин өзүбүздөн кетип жатат. Мисалга, жолдош Сартбаев мына биздин үй турмушубузду алалы: какжыраган эски столуңуз өз ордунда ортодо турбастан мына босого жактагы бурчка коюлган. Жалгыз гана орундугуңуз бар экен. Аны мейман болуп кирген мага бердиңиз да, сөз уланганда өзүңүз керебетке олтурдуңуз. Кесипке тийиштүү беш-алты эски китепти столдун бурчуна жыйган болупсуз. Башка адабият, газет, журнал көрүнбөйт. Тамакты жерде олтуруп ичет экенсиз.

Жаман көрсөңүз мейлиңиз, жолдош Сартбаев, мен кемчиликти бетке айткан кишимин. Мына ушул көрүнүштү менин үй ичим деп айтыштан мугалим уялыш керек! Стол, беш-алты орундук ар бир адамдын колунан келетко. Ал эми жакында мен газеттен бир кабар окудум:Херсон областына караштуу Сталин атындагы колхоздо жөнөкөй колхозчу адам өзүнүн кнтепканасын дайым жаңы-жаңы китептер менен толуктап турат экен. Биз мугалимбиз, үлгү көрсөтчү кишилербиз. А өзүбүздө, мына, көрсөтөр үлгүбүз начар. Эмне, ар бир айлык маянам колума тийген сайын, эч бир буткага бурулбастан китеп сатылуучу киоскага неге келбейм. Өзүмдүн китепканамды толуктоого зор мүмкүнчүлүгүм бар. Аны мага иштетпеген ким?

— Өзүмдүн маданиятсыздыгым.

— Менин адресиме ушунчалык орой сүйлөйт деп, жолдош Сартбаев ачууңуз келбесин. Мен орой айтсам, кечирип да коёрсуз. Ушул жупуну турмушубузду көрүп ызам келет. Дагы «айыл шарты ушундай» деген жок шылтоону айтабыз. Мукаш тентек мас болгончо ичип: «Э-э, жарыктыгым тунук суу, сага бир гана чочконун тумшугу малына элек» деп оолжуса, күлүп калабыз. Ошентип, биз анын келжирегин кубаттайбыз. Ал антип айтканда, ага күлбөстөн, томсоро карасак, «чочко тумшугун малбаган аракты сен чебердеп ичсеңчи!» деп айтсак, ал мейли, сага катуу айтсын, мейли, букасынын куйругун кармап алып күл челип өкүрсүн. Уктап, масы тараганда кечирим сурап үйүңө келет. «Э, жолдош мугалим, мен кечээ сиздин алдыңызда келжиреп коюпмун. Мастыкта андайлар боло берет, кечирип коюңуз» дейт.

Ага орундук көрсөт. Катарыңа олтурсун. Мичуриндин томун алып, анын алдына барактарын ачып кой. Ал эч болбосо, сонун мөмөлөрдү сүрөттөн көрсүн. Ага кеңешиңди айт. «Чочко тумшугу

тийбеген» аракка чыгарган тыйынды үнөмдөп тигил окуп жүргөн баласын кийинтсин. Окуу китептерин алып берсин.

Мына, жолдош Сартбаев. Кечирим сурап келген Мукашты сиз ушинтип узатыңыз. Мугалим катарында бир ыйык милдетти актаган болосуз, ошондо жанагы биздин этекке жабыша берген уйгактар да бат азаят.

### 3

Сельсоветтин төрагасы өзү баштап жергиликтүү активдер биздин турмушка көз кырын салышпайт деп жаңы директорго арыз айтууга камынган Сартбаевга, азыркы Сабырдын жемеси жүйөлүү угулду. Көңүлүнө жакпаган терс ишти иштеп кайта өзү эсине келгендей, Сартбаев алгачкы оюн айтуудан уялды. Көздөрүнүн үстү саал томпоё түшкөнсүдү, отко кактангансып бет түспөлү тамылжыды. Тек чекесин сыйпалап, башын ийкегилеп, Сабырды кубаттай берди.

— Рас, рас... жолдош Бегалиев, кемчилигибиз көп. Аны моюнга алабыз...

— Моюнга алуу иштин азы. Кемчиликтерди тездик менен жоюуга тийишпиз.

— Туура, колдон келишинче жоюшка аракеттенебиз да...

— Кемчиликти жоюп, тим болуш да иштин азы.

Сартбаев башын ийкегилеп сөз айтканы жок.

— Улам жаңы ийгиликтерге жетиш максат. Мен сизге сын айтканы келген эмес элем. Сиз менен кеңешкени киргем.

— Кулагым сизде?

Жаңы күнүн кайруусун эсине түшүрө албай комуз кылын бирден тергенсип, Сабыр столдун үстүнө койгон оң колунун ортону менен столду кез-кез терип басып, оюндагы кебин эми баштады:

— Менин сизге келгендеги себебим: мектепти көчүрүү жөнүндөгү кеңешти айтуу болучу. Биздин мектеп өз ордунда эмес. Мына өзүңүз айтыңызчы, мектептен төмөн бир да үй калбаптыр. Кыштак жогору ыктап, мектеп курулушу аяк жакта элкин турат. Мага бул тууралуу мугалимдер да пикир айта элек, өзүм да муну байкабапмын. Ал эми мектептин күзөтчүсү Ташбай аке эки-үч ирет айтып жиберди. — Четте калганыбыз мындай турсун дейт ал киши,— биздин мектеп улуган бороондун оозунда турат. Кыш күндөрү тигил Акташгын кар учурган бороону кирген буурадай, кээде жумадан жумага

чамынат. Мектепке бала эмес чоң каттай албайт. Таң атканча бороон ширеген ширендинин күлботодон эч айырмасы жок, күрөк батпай ширелген карды балта менен керткилеп, эшикке араң дегенде жол ачкан күндөрүм аз болгон жок. Ал эми мектепти тигил көк дөбөнүн бери алдына көчүрсөк: биринчиден, эл ортосу, экинчиден, ал ченге кышкысын бороон анча тийбейт. Тигил Каракүнгөйдүн бийик кыры тосуп турат...

— Мына бул туура пикир! — деди Сартбаев ордунан тура калып жан-дили менен кубаттады. —Мектепти ошол Ташбай айткан жерге көчүрүш керек? Кышкы бороондо биринчи класстын балдары эмес, үчүнчү, төртүнчү класстагылар да мектепке каттай албайт, мектептин четте калышы кылмыш! — Сартбаев кыжырланып колун силкти. —Эски директор куруп кетсин, иштин көбүн бүлдүрдү. Анын алдына мугалимдер алда нече ирет маселе койгонбуз. — «Силер сабак бергенди билгиле?! Акча жок болсо, жонума көтөрөйүнбү?» деп алаканын жая турган. А чындыгында ишти уюштура алган жок. Бул тууралуу сельсоветте да, колхоздун башкармасында да айып бар. Неужели сельсовет баштап, колхоз көмөк бере албайт?

— Ал да туура,— деди Сабыр жай,— шылтай берсең жооп берүүчүлөр областка дейре кетет. Бирок биздин милдет айыптууларды териштирүү эмес, ишти түзөө, улантуу.

— Ич күйгөндө айтасың да, жолдош Бегалиев,— деди Сартбаев колун көтөрө силкилдетип. — Болбосо, бирөөнү жамандоо менин да пикиримде жок. Мектеп ремонту үчүн өкмөт жыл сайын акча бөлөт. Макул, ал жетишпесин, өз мектебине колхоз эмне жардам көрсөтпөйт? Сельсовет бул маселени алда нече карады. Мектепти көчүртүүгө жардам берилсин деп токтом да чыгартылды.

Аткарылбайт, бумажный волокит!

Өзүбүз айтабыз, өзүбүз аткаралбайбыз.

Сабыр күлүмсүрөй түшүп чечкиндүү сурады:

— Биздин мектеп бороондун оозунда калышына жаныңыз ачыйт экен го?

— Ачыганда кандай. Куду, ноодон келген суудай тигил Акташтын бороону уруп турса, бала эмес, чоң да эшикке чыгалбайт. Ызаң ачынат. Күчүм жетсе, мектепти жалгыз көтөрүп барып, тигил көк дөбөнүн алдына коёр элем дейсиң...

Чын ниети менен күлүп жиберген Сабыр ордунан туруп Сартбаевга колун берди:

— Сизге жалгыз көтөртпөйбүз. Баарылап көтөрөбүз. Быйыл мектепти түбөлүк ордуна кондурабыз!

## ДАГЫ ЭСКИ ЖАНА ЖАҢЫ ТУУРАЛУУ

### 1

«Быйыл мектепти түбөлүк ордуна кондурабыз» деген Сабырдын чечими жеке Сартбаевга гана эмес, мугалимдердин бардыгына күчтүү таасир менен угулду.

Сабыр өзү баштап мугалимдер сельсоветке келишти. Төрага Адыл, мажилисин өткөрүп ага колхоздун активдери бүт чакырылды. Ата-энелерден да өкүлдөр олтурду. Мектепти жогорку көк дөбөнүн алдына көчүрүү жөнүндө Сабырдын пикири угулган соң, Адыл ордунан турду да, кимдидир эл ичинен издегенсип, олтургандарга кыдырата карады. Чынында атайлап бирөөнү издегени да эмес, анын сөз айтарда ушунтип карап алчу тек адаты. Бириндеп чыккан жээрде муруттарын тез-тез сылагылаласа, муштуму менен өз оозун өзү тымызын түрткүлөгөнсүп, колун тартып алган сайын куду илеп белгисинде ак тыртык оң жаккы ууртунун үстүнөн даана көрүнүчү, ээк астынан бирөөгө караса, бадырайган чоң көздөрү күлүмсүрөй түшүп тигил кишиге: «Кана, эр болсоң сөздү сен баштачы, баатыр» дегендей туюлучу.

Азыр, төрага Адыл нак ошол адатын жазбай, бригадир Мукаштын катарында олтурган энеге көзүн түшүрдү. «Кой, кагылайын, менде эмненин кеби?» дегенсип эне алдыртан кымтынды...

— Жолдоштор! — деди Адыл көз карашын энеден албай туруп — мектепти ортолотуп көчүрүү ар жылы оозеки сөз болуп жаз алды сүйлөнчү... Окуу аяктап, айтылган сөздү ишке ашырышка мезгил жеткенде унутуп койчубуз. Анткени баштагы директор окуу тарары менен жайлоолоп, же курорттоп кетичү... Ремонт үчүн берилген акчанын дайны табылчу эмес. А биз ага туура контролдукту кылалбадык...

Тынч олтура албаган бригадир Мукаш туурадан сүйлөдү:

— Мүлтүлдөк днректор мүлтүлдөп жүрдү. Ага контролдук кылбаганыңызга эмне себеп болду? Аксакал, ачык айтыңыз.

— Ачыгы шалакылык...

— Жеке ал эместир...

— Мукаш, билгениң болсо, сөз алып айт,— деди төрага бир аз үнүн көтөрө түшүп. Сөздү ооздон жулбай тартип сакта.

— Э, бүт сельсоветтин тартиби жеке Мукаштан бузулуп жүрсө, мына ал сугатына жөнөсүнчү,— деп бригадир жантая кетти. Бригадирдин бул жолку кыймылы да, энесине таарынган эрке баланын жоругундай көндүм адат катарында көрүндү.

Ансыз да колхоз активдеринин адресине сынды курчураак айткысы келген Адыл, Мукаш бригадирдин тигил жоругунан кийин, көз карашын эми өзүнө жакын олтурган башкармага узатты:

— Расын айтсак: мектеп ишине жолдош Акбаров сиз да салкын карайсыз... Баарына эле акча, акча дей берсек, акча кайсынысына жетишет. Ал эми кээ бир иштерди акчага шылтабай өзүбүздүн күч менен бүтүрүшкө болбойбу? Мына, маселен азыр, өз кулагыбыз менен уктук: «Өзүм баштап кирпичин коюшамын!» деп директор Бегалиев демилге көрсөттү. Ушул сыяктуу эле киши күчүнөн, унаа күчүнөн жардам бериш колубуздан келет беле? И, келет болучу. Ага мойнубуз жар бербейт.

Кербезденип олтурган башкарма Акбаров Мерген саал кызара түштү.

— Эми менин кирпич куйганым калган экен го?!

Мергендин кекээр сөзүнө тезинен сокку бергиси келип, Адыл чечкиндүү айтты:

— А кирпич куйса, куйбай жүрдүк беле?! Бала, экөөбүз ак кол болушка чамабыз келе элек! — Сөзгө кызыган Адыл «сизди» эсинен чыгарып жиберип «сен» деп сүйлөй баштады: —Жолдош Акбаров, сен экөөбүздүн актив болуп атка мингенибизге аз эле болбодубу. А ага чейин кара жумуш биздин колдон бүтүчү эмес беле? Колхоз өндүрүшүндө иштегенди айтпайм. Ал өзүбүз үчүн болучу... А жыйырма бешинчи жылга чейин кулактардын дубалын согуп кол жоорутпадыкпы? Совет өкмөтү багыбызды ачып, бизди киши кылганда кечээкини унутуп, бүгүн кербезденишке акыбыз да жок!

Теңтуш өскөн башкарма, төраганын жемесин көтөрүп да коймок, бирок саал өргө чаап көпкөлөң тарткан мүнөзү эл көзүнчө жеме

укканына кырс этип, ачууланып, ордунан тура калып, сөзүн бул дагы сен менен жөнөттү:

— А сен кайда жүрдүң, ушул сөздөрүңдү былтыртан не айтпадың, мурдагы жылы не айтпадың?

— Туура! — Алда эмнени эсине түшүрүп кубанган кишидей, Мергендин кыйкырыгына ызаланбастан Адыл көздөрүн күлүңдөттү. — Туура айтасың, Мерген. Былтыртан айталган жокмун. Анткени мен да былтыр мынчалык акылга келе алган эмесмин... И, былтыр бизге мынчалык акыл кошууга эски директорубуздун да чамасы чак болучу. Быйыл, биздин айылга Сабыр сыяктуу билимдүү коммунист келди! Бул — чоң жөлөк бизге! Жолдош Бегалиев, мени менен биринчи жолукканда эле, бир кезде өзүн окутуп таалим берген Кузьмичтин тилектерин айтты. Угуп олтуруп, кубангандан ыйлагым да келди.

Кузьмич айыл кыштактан барган кедейдин балдарын маңдайынан сылап туруп: «Каректарым, эрте ояныңдар! — дечү экен биздин Сабырга. — Анау Алатау, Сары өзөнде гылимден шөлдеген аул сендерди күтөдү. Тез барып, сусынын кандырыңдар, аул балаларына гылим бериңдер!» деп айтычу эле дейт. Расын айтсам мен Сабырдын оозунан бул сөздөрдү укканымда өзүмдү мектептен четке калтырып койгондугумду ойлоп уялып да кеттим...

— Туура, аксакал!—деди парторг Сабийра Адылдын сөзүн кубаттап. — Биздин мектеп үчүн баарыбыз уялгандай тарыхы бар... Руксат болсо, бир-эки ооз сөз айтайын?

Сөзүнүн кандай бүткөнүн өзү сезбей калган Адыл «Сүйлөй бериңиз» дегенсип Сабийрага башын ийкеди.

## 2

Сабийра ушул айылдын кызы. Баягыда атка минерлер Айдардын төө кепесине мектеп ачтырышканы да Сабийранын кабарында. А өзү болсо, азыркы сөз болуп жаткан курулуш а деп курулган жылы мектептин босогосун аттап, жети классты ушундан бүтүргөн. Ал тургай, тигил Акташтын бороону Сабийранын жүрөгүнө унутулбас эстелик калтырган. Сабийра баштапкы класста окуп жүргөндө кыш артыкча бороондуу болуп, кээде борошодон үйлөр көрүнбөй калычу. Өрдөш жактан караган кишиге мектептин үстү түнөрүп — тек

шумдуктуу тажаал чамынгансып улуган бороондун доошу жүрөктүн үшүн ала турган. Сабийралардын үйү өрдөштө. Окууга кызыккан секелек бороон болуп мектепке баралбай калган күндөрү ыйлагысы келип, кээде:

— Ай, ий, бороон ай, сени кантейин ай... Теги шкөлүмдүн чатырчасын учуруп кетпесе экен? – деп, кыз уйгу-туйгу борошо чамынган жактан көзүн албай кароочу.

— Кызым, бороон көтөрүлгөнү турат. Бүгүн шкөлүңа барбай эле кой,— деп энеси айтса да Сабийра аны көп учурда угучу эмес.

— Ай-ий, күндө эле сабактан кала беремби? Барам эле. Бүгүнкү сабак кызык болотко? — деп кичинекей кыз бороондун коркунучун тоотпой мектепке жөнөөчү. Араң чыйыр түшкөн жолдо, же түндө сүйрөтүп өткөн карагайдын изине түшүп Сабийра ашыга баратса, эшиктин алдында:

— Кап, бороон болсо куюгуп кетпегей эле — деп көзүн албай караган энесине куду кардын үстүндө тоголонгон топтой эрбелендеп көрүнүчү. Бир күнү ошентип энесин укпай кеткен Сабийра мектепке жеткенче, Акташтын бороону кутургансып чамынып жетти. Көпшөк жаткан калың карды асманга көтөрүп, алай-дүлөй борошону учурду. Карыш жер көрүнбөй, бат эле жер жүзү түнөрүп, улуган сүрдүү доош Сабийранын эсин чыгарды. Кичинекей кыз коркуп кетип: — Энекеай! — деди. Ошол замат бетти, колду каарыган долу бороон «үнүңдү бас!» дегенсип будаланган кызды борошо менен оозго урду. Сабийра адашты, тебетейди тегеретkенсип бороондун күчү кичинекей кызды дегдеңдетти. Ал далай жолу карга көмөлөндү. Акырында бир ыктоого кандай келгенин өзү да байкай албай калган. Эс-учун жыялбай жатып, «Мектеп болбосун?» деп эки жагына каранса, Сабийранын келип калган жери алда кимдин уй кепеси экен. Аңгычакты болбой кепенин төр жагынан келаткан кемпир чочуп кеткен:

— Апий, чокчолой!.. Адамдын баласысыңбы, же бороон учуруп келген албарстысыңбы?

Картаң, канетсе да кепенин төрүнө мал байлап келаткан го. Ошол замат Сабийраны тааный албай чочуп карады.

Кайыккан Сабийра колдойгон ээгин араң кыбыраткан:

— Мен Сабийрамын, чоң эне...

— И-ий оңбогон чокчолой... алдап жатпа, мени?

— Кантип алдайм, чоң эне...

— Албарстынын амалы кырк түйүнчөктө түйүлүү болот дечү?!

Кайыккан Сабийра аргасыздан күлгөн:

— Албарсты деген болбойт, чоң эне.

Кемпир ишене албай өңгөчүн тартып сүйлөгөн:

— Их... оңбогон чокчолой... Сен чын эле Сабийра болсоң, ушул бурганакта кантип таптың?

— Ооба, адашып жүрүп.

— Тигини, тигини... Теги ким болсоң да үйгө жүрчү...

— О-оба, энеке... үшүп кеттим...

Кемпир Сабийраны үйүнө жетелеп кирген соң аны улам тиктеп жатып чын Сабийра экенине, зорго ишенген.

— И-ий, чокчолой кудай, ушул кутурган бороондо саа окуу-ну ким койду. Кайыгып кеткен турбайсыңбы, кургур. Жер тепкиле. Колдоруңду кыбырат! Тигини. Селейгенче колтугундагы китебин түшүрбөйт, шкөлүңөрдү тигил бороондун оозуна салдырган Айдарга жетсин убалың.

...Азыр мажилисте олтургандардын көз алдыларына нак ушул окуяны элестете айткан Сабийра алда кимге кекенген кишиче бир аз кыжырлана сүйлөдү:

— Айылды эски атка минер — шылуундар бийлеп, эки уруу элдин ичинде эрегиш күчөп турган жылдары Айдар манап... (Айдар өз тушунда Күрпүлдөк элин жеке бийлеген. Адам баласы мындай турсун, ал: «Асмандын долусу Акташтын бороону болсо, адамдын долусу мен Айдар деген боломун. Кана, тажатса, мени тажатсынчы?! Кысыр эмди тайдын жаясын алдыма төшөнүп так жолуна жатып берейин мен!» — деп өз имаратын тигил ойго, атайы бороондун оозуна салдырган. Аны туурап бир чоң уруу эл бүт ойдон конуш алган. 1924-жылы «Күрпүлдөк» мектеби жаңы салынарда, дале болсо, өз айлында таасири күч Айдар мектеп биздин айылдан алыс түшпөсүн деп, жаат куруп, чабыш чыгарып, чатак баштап жатып, эл ортосу деп мектепти ушул ойго тургуздурган).

Азыр Сабийранын кыжырланган жөнү да ушул.

— Айдар манап Акташтын бороонуна эбак сапырылды. Ойдон конуш алган бир уруу эл бороондун оозунда отура алышпай өрдөшкө көчүштү. Ал эми мектебибиз болсо, али күнгө бороондун оозунда!

Чындыгында бул кылмыш, жолдоштор! Бир кезде мен кайыгып өлүп кала жаздаганымды айттым. А азыр болсо, өзүмдүн балам мектепке келип жүрөт... Аскарым болсо да чоңоюп калды, күздөн баштап кызым — Динар мектепке жаңы бара баштады. Ал бороон көтөрүлгөн сайын чыйпыйы чыгат: — «Ай-ий, чоң эне-ай, ушул бороон дегенди кантсек-ай» — деп, чоң энесин беймаза кылат. — Алда эмнеге кубангансып Сабийра күлүмсүрөп сүйлөдү.

— Эми кийинки кездери кызым мага жеме айтычу болду. — Кой, кой эле деп жайы-кышы тоого карай чабат, бороон болгон сайын мен мектепке кантип барып турам. Аны оюна да албайт?!»

Мына, жадаса, бизди ушинтип балдарыбыз да жемелей турган болушту. Ал эми мектепти бороондун оозунан көчүрүү керек деп оозубуз айтканы менен өзүбүз аны иш жүзүнө ашыралбай келатабыз. Бул үчүн баарыбыз айыптуубуз. Неге десеңер... — Сабийра ызасына чыдай албай энтиге — неге десеңер — деп бир сөздү эки кайталатты: — Биз бул күндө бардык конушубузду жаңыртып жаткан кезибиз. Ал эми балдарыбыз окуп билим ала турган жайды али күнгө кыштактан окчун бороондун жолуна калтырышыбыз, мен дагы айтам: кечирилгис чоң кылмыш!

Быйыл жаз, кандай да болбосун, мектебибиз тигил эл ортосу Көк дөбөнүн жанына көчүрүлүүгө тийиш!

Бул ишке активдер өзү баштап, комсомол, пионерлерге чейин катышсын! Ансыз айткандарыбыз сөз боюнча калат, жолдоштор!

Бая Адылдын жемесине териге түшкөн башкарма Мерген Сабийранын сөзүнөн кийин өзү да уялгандай болду окшойт.

— Болуптур, мектеп көчүрүлсүн деп токтомуңарды чиие бергиле! Колхоз баарына даяр. Киши күчү жетишпесе, жаан-чачында, айдын караңгысында болсо да өзүбүз иштешебиз! — деди.

— Бале! Баса, сөздүн бабасын азыр айтпадыңбы? — деп Адыл Мергенди кубаттады.

— Кагылайындар,—деди баятан айтылган кептерге толук ыраазы болгон эне тигил өз ордунан солк этпестен олтуруп — эбак эле ушинтип акылыбызга түшүрө айтсанар, биз ата-энелер өз балдарыбыз үчүн төбөбүз менен жер казып бербейт белек? Эми кеч болсо да мейли... Теги мектеп быйыл да көчпөй калбасынчы? Деле керек болсо ташын да көтөрүшүп беришке даярбыз.

Эненин айтканына ыраазы болгон Сабырдын үнү толкун ыргагы менен угулду:

— Ракмат, кайраттуу энелер, сиздердин демилге бизге күч кошот!

Эптеп жөнүн келтирип: «Эй, сельсовет аке, мектептин ремонтуна алынган беш куб тактай кайда жолоочулап кетти?!» деп Адылды бир чымчып алышка камынган бригадир Мукаш аргасыз энени кубаттады:

— Э, жадаса, кемпир энем да таш көтөрүшмөк болду го... Токтомуңарды чие бергиле! Окшош ары барып, бери келип, дале бригадирге жүктөлчү түйшүк го. Мактанасыңар, мактанасыңар, бизсиз ишиңер бүтүчү беле?!

Бригадир Мукаштын кийинки кеби олтургандарды күлдүрдү.

Күлкү токтоло түшкөндө Мукаш тура калып сунуш кийирди:

— Бир чети парторг, бир чети сельсоветтин мүчөсү. Алар аз келсе, азыр баарыбыз уктук, Сабийра таңдайынан чаң чыгарып мыкты сөз айтты. Мектепти жаңы конушка кондуруу ишине биздин Сабийра аталыкка бекитилсин. Мен муну токтомго чие кетишти талап кылам!

Мукаштын сунушун бир дооштон кабылдады.

### 3

Албетте, токтомду чие салгандай анын иш жүзүнө аткарылышы арзан болгону жок. Июндун жыйырмасынан тартып токумдай булут куралбай, жерге жалгыз тоголок тамчы жаан тамбай күндүн чакыйып тийиши кургакчылык коркунучун белгиледи. Мукаш айткандай — күч бригадирлерге түштү. Күнү-түнү кулак бөгөлбөдү, бир жактан эгин талаасына, бир жактан апийим аянтына сеп алдырбай сууну жибериш иши көп күчтү талап кылды. Атайы белгиленген сугатчылар тобу жетише алган жок. Кетмен көтөргөнгө жараган эркек, аялдын көбү сугатка чектелишти. Сугат жумушу сээлдесе отоо, чабык башталат. Оруу-жыйоу шаштырат. Ошентнп, учурдун кандай өткөнү байкалбайт, быйыл да мектеп көчүрүлбөй калыш коркунучу сезилген сайын Сабыр менен Сабийра тынымды коюшту.

— Ремонт үчүн берилген акчага, ары кетсе адис куруучулардан үч-төрт жумушчу колду четтен жалдайбыз. Ошондо иштин көбү өзүбүздүн күч менен бүтүш керек. Ага өзүм баштаган мугалимдерди чегем. Жарайт, өспүрүмдөр да катышсын. Ошондо да кемчилик болот.

— Жок, Сабыр ага! — деди Сабийра. — Мейли асман урасын, быйыл мектеп маселеси чечилет. Пионер иштеп жатса, мугалим иштеп жатса, сельсовет менен колхоздун жетекчилери четтеп көрүшсүнчү. Же алардын балдары окушпайт бекен?! Шашпаңыз, Сабыр ага. Мен парторгмунбу? Жалаң активдерди кирпич куюшуп, таш көтөрүшкө катыштырам! Алар ак кол болуп жаман үйрөнүп кетишти.

Ушул сөзүнөн кийин Сабийра ишке кызуу киришти:

Чоң курсак торуну баса теминген бригадир Мукаш таң азандан эки арабаны өзү жеткиздирип келип Сабырга тапшырды.

— Ой, товарищ деректир. Тетиги Сабийраң уйкумду бөлдү. Теги мына бул ат-арабаларды карамагыңа ала турчу. Тактайларыңды ташыта берчи! Ушул эки арабакечти араң эптедим. Тынбай иштешет. Киши күчү жетишпей жаткан кез. Айтор, кудай жарыктык да мас боло баштаса керек. Кышкысын Акташтын бороонун кутуртат. Жайкысын, минтип тамчы жаан тамызбай асманды чаңкыйтат.

Эки жеңин каруусуна дейре түрүнүп, курулушту башкарып жүргөн Сабыр Мукаштын куудул сөзүнө күлдү да:

— Омор аке айткандай, те-ек, Мукаш,— деди анан жаңы тийген күн нурунан көзү уялды окшойт, колун чекесине серепчилей калып, Мукаш баштап келген арабаларды сындап карап, сүйлөп койду: — Жаандын жаабаганы аба райынан, жаратылыш шартынан.

— Билем, билем! — деди Мукаш эки үзөңгүнү тең тээп ээрден көтөрүлө берип. — Ооба, мен да нак ошол абанын райын айтам... Жакында, түшүмдө чон казан бозо көрдум. Мен андан ичейин дегенимче болбой, куду акбууранын чуудасындай созулган булут кайдан-жайдан пайда болуп, бир учу казанга малынды. Ошол замат анын ичиндеги бозо шимирилип жок болду... Кантти-канетпеди булуттар мас болушуп тоо арасына уктап калышкан окшойт...

Үй жагынан баскан Омор жакын келип калган болучу.

— Те-ек, жаратылышка шек келтирбей сүйлө, зөөкүр акмак! — деп ал Мукашка таягын көтөрдү.

Күлүп жиберген Мукаш ошол замат чоң курсак торуну баса теминип Омордон оолак качты. Ал тигиндей бара түшүп атынын башын кекейтип токтоло калды да, Сабырга Оморду көрсөтүп айтты:

— Ой, товарищ деректир. Алдагы таяк сүйрөгөн абышка да

менин бригадамдагы киши. Бекер жүрбөй иштешсин, таш көтөртө бериңиз!

— Бар, акмак, бар! — деди Омор күлүп, Мукашка. — Мен саа баш ийбейм, устапты билем... Сабыржанга керек болсо, ташын да көтөрүшүп берем!

Күндүн алоолонгон алтын табагы көтөрүлгөн сайын иш кызууда.

Жанагы Мукаш келтирген арабалар менен туура беш араба эртеден бери бир тынганы жок. Уюткан уюкка карай түйшүктөнүп тынбай чубаган кумурскалардын сыңарында, тигил кыштактын аяк жагында окчун калган мектеп курулушу бузулуп, азыр анын жыгач-ташы мектептин жаңы конушун көздөй тынымсыз ташылууда. Араба айдагандардын арасында эки-үчөө быйыл комсомолго жаңы өтөбүз деп жүрүшкөн өспүрүмдөр. Алар иште демилгелүү, бөтөнчө көңүлдүү. Тактайларды же устундарды арабаларына сылай жүктөшөт да, Үч дөбөнү көздөй ат айдашат. Оор жүк салынган арабаны өр талаша чирене тарткан семиздер туяктарын «дүп-дүп» таштап кара топурактуу кыртыштуу жолду эзилте басса, булчуң эттери майда титирейт, тери нымдалышкан соору жүндөрү күнгө чагылышып жылтылдай берет.

— Нө-ө! Жаныбарым Тоотору! — деп арабакеч вожжыны кез-кез силкет. Жүктөлгөн үстүнө олтурган соң өспүрүм бала жаагын жанып ырды жөнөтет.

Ала-Тоо өзөнү<br>
Жаңырган кезеги...

— Нө-ө!

Мектептин жаңы конушуна курулуш материалдарын түшүрүшкөн соң арабакеч бош арабага туруп алып, кайра буруп вожжыларды тең кармап бекем силкет.

— Нө-ө! Жаныбарым, Тоотору!

Эңкейиш жолдо аттар желе басса, дөңгөлөктөр саал кылдырттап көзгө илешпей жеңил чимирилет...

## 4

Айтор, дөңгөлөк алга карай зымырап чимирилген сыяктуу жаны конушта мектеп курулушун тургузуу иши да күн сайын кызый

берди. Бирок, ишти кызыткандар куруучу адистер эмес, тек ушул кыштактагы биздин жердештер.

Бүгүн Сабийра жылдыздан турду. Дайым, тоого койчуларга кетип үйгө аз түнөчү энеси бүгүн үйдө бирге болгонуна кубанып сак жаткан Динар ойгонду.

— Апа, турба!—Динар уйкулуу көзү менен энесинин мойнунан кучактады.

— Коё бер, гүлүм! — деди Сабийра кызын эркелете:

— Бүгүн мектеп пайдубалы көтөрүлөт.

— А биздин мектеп жаңы конушта аппак болот э, апа?

— Ооба, аппак болот!

— Анда мен да барып курушам.

— Сен кичинесиң, жылдызым.

— Ооба, таш көтөрө алам.

Жылуу мээрим менен Сабийра Динардын маңдайынан өптү да:

— Уктай бер. Мектеп курушка Аскар байкең барат. Азыр сен кичинесиң.

Көйнөгүн үстүнө салган соң, Сабийра тымызын басып, уулун ойготту:

— Аскаржан, тур. Бүгүн кирпич куюшмак эмес белең? Тур!

Адыл менен Мерген Сабийрага берген убадаларынан таныш-кан жок. Биринчи эле күнү өздөрү баштап ишке чыгышты. Эки женди каруууга дейре түрүнүп, лом темирди күрс-күрс согуп, таш оодарышып Сабыр жүрдү. Аларды көрүшкөндө чоң-кичине тек турбай ишке кол кабыш кыла келди. Жадаса күзөтчү Ташбай аке да, быйыл окуу аяктары менен Анжияндагы кызыма барып, бир саякаттап келемин деп жүрчү оюн таштады. Ал жаңы директорунун демилгесин чын ниетинде кубаттады:

— Э, Сабыржан!—деди Ташбай Сабырга. —Мектепти шул жайыдан көчүргөн адамга рахмат айтам дээр эдим. Шул демилгени баштаган сизге эндн чоң рахмат! Шуни көрүп мен эм, Анжиянга бармас болдум энди, ылай жууруп кирпич куюш эм, кирпич тизип дубал көтерүш эм биздин кесип! Кана, иштешип берейлик! — деген.

Азыр Ташбай зор тепшидей сүйрү тартып чуңкур оюлган аңгекте топон себилген ылайды, жалкыны этектей кетмени менен камырдай жуурат. Ал балбандардай арыштап ылайды тартса, тизесине

чейин бата түшүп, кетмендин жалкынындагы алакандай тешиктен кээде ылай суу оргуй түшөт.

— Э, комсомолларым, тез-тез ишлеп көниш керек! Ылай эм, башлап ишлешни талап кылады — деп Ташбай, тигил жаштарга ылайды жууруштун ыкмасын көрсөтүп.— Канчалык якшы ийленсе, кирпич эм шончалык бышык-бекем болады.

Эки топко бөлүнгөн балдар жарыша иштешсе, аларга ылай чак келбей, тигил ташуучуларды шаштырышат. Артыкча Аскар күтүп туралбайт. Ал өзүнөн бир-эки жаш улуу балдардан калышкысы келбей, кээде ылайды күрөктөп сузуп калыпка карай ашыгат.

Чоңдор башкалардан мурда Аскарды макташат:

— Бал-е! Аскарым жарайт! Ударник тура, өзү!

**5**

Тан эртенден ушул жерде жүргөн сельсоветтин терагасы Адыл өзү да бакылдап жалпыга угуза бек-бек сүйлөп, тигил кирпич куюшкан балдарды мактайт:

— О, тосураңдаган азаматтарым! Жарышып иштегиле. Ушул мектептен силер, окуйсуңар, садагалар! Кана, кимиңер ударниксиңер? — дейт Адыл. —Оо, Аскарым азамат! Тигил Орусбекке жеткирбейби дейм? Ой, Омор акенин баласы, сен, саал тентегирек көрүнөсүң. Жонуңа чейин баткак жабыштырыпсың.

Адыл агайдын бул айтканы артыкча Аскарга жагат. Ал өзүн мактаганы үчүн эмес, тигил Орусбектин тентектигин тааныганы үчүн, Адыл агайды сыйлайт. Алда эмнегедир кубангансып ойноо көздөрүн күлмүңдөтүп Орусбекке карайт. Бпрок ага ызасы келген Орусбек алдыртан Аскарга муштумун көрсөтөт. Кээде, ылайдан колуна толтура чеңгелдеп алып, тигил иштеген балдарды көздөй чачат... Өңчөй өспүрүмдөрдү баштап кирпич куйдурган Сабийра өзү да бир калыпка ээ. Ар бир бала күнүнө жүздөн кемитпей кирпич куюшка жарыш ачкан. Азыр балдар ошол норманы аткарышка ашыгышат.

Кээде заңкылдап ырдап коюп балдарга демилге көрсөткөн Сабийра азыр тигил, Адыл менен Мергенге кайрылды:

— Курулушка өзүбүз баштап иштешебиз дегенсиздер. Ал, аксакалдар! Экөөңүздөр бир замбилге ээ болуп, бизге ылай ташышкыла!

«Э, биз ылайды кантип көтөрмөк элек?» деген сөздү ачык айталбай Мерген тек калп жөтөлүп күлгөн болду.

— Сабийра туура айтат,— деди Адыл Мергенди далыга кагып. — Ал, замбилди көтөрүш! Экөөбүздүн ар күндүк нормо токсон замбилден ылай ташып төгүү болсун!

Жалкындуу кетмендин четинден копшолгон сабын таяна кармап, дагдайып тура калган Ташбай да бир жактан тамашалады:

— Оп, Мерген аке! Көтөрүшүңүз! Сиздин эм үчте балаңыз окушта юреди да! Шул балларның адам болышы учин казыңызнин майын бир эли-жарым эли түширип коюңуз.

Ишке колун тийгизишмейин тамашадан кутулбасына көзү жеткен соң Мерген:

— Жарайт, Ташбай аке, иштешейин, иштешейин... — деди да, тиги Адыл көрсөткөн замбилдин бир башын көтөрүшүүгө басты.

Атайы аны тамашалай жүргүсү келген Адыл:

— Сен алдыга жүр! — деди Мергенге. Колунан түшүрчүдөй замбилди коомай кармап талтактай баскан Мерген төрт-беш замбил ылайды төккөнчө боргулданып, бир аз токтолуп дем алайык деди эле, ага Адыл көнгөнү жок.

— Кызуу иште токтоо болбойт.

— Тердеп кеттим. Коё турсаңыз...

— Адам жумушта жеңилденип алып анан иштейт. Чечинип ташта.

«Азыр кетемин го» деген Мерген чечингиси келбей, тек башынан калпагын алды эле, чекеси кадимкидей бууланып, өзү энтигип турду.

— Калпагыңды тигил устундардын үстүнө ыргыт! — деп Адыл Мергенди шаштырды. — Бол, жалкоо адам белгиси, жалакай болот ар ишке... Сен экөөбүз кара жумушту иштешпей жүрчү белек. Далай-далай, тешелеп кулактардын чөбүн чаппадык беле. Эми өз ишибизден чарчайбызбы? Ал, көтөр!

Адылдын ушул сөзүнөн соң «Баса, кара жумуш бизден калбады беле» деп өз ичинен чыйрала түшкөн Мерген дагы беш замбилди унчукпай көтөрүштү. Бирок алтынчыга келгенде алдыртан күбүрөп, кыйшактай баштады:

— Аксакал, болду го? — Токтотолучу...

— Жалакайланба,— деди Адыл күлүп. — Экөөбүздүн нормо токсон замбил. А биз болсок, үчтөн бирине да жеткире элекпиз. Бол, алдагы баркыт кемзелди чечип, тигил устундардын үстүнө ыргыт!

«Дайым ат үстүнөн буйрук бербей, кээде ушунетип тердеп койгонубуз да оң. Бол, аксакал, иш токтоп калды.»

Күлүп жүргөн Адыл өзүнүн чарчаганын анча сезбестен, улам кийинки замбилге ылайды үйүбүрөөк салышат.

— Колум тажап кетти, жеңилдеп эле салалычы! — деп Мерген кыйшактаса, Адыл ага көнбөй шаштыра берет:

— Э, ал экөөбүздүн тумсактыгыбыз... көрбөйсүңбү, ылай түтпөй тигил пионерлер күтүп калышты. Бол, Сабийранын шылдыңына калбайлы!

Оор салынган сайын теңселе баскан Мергендин кебетесине Адыл алдыртан күлөт да, замбилди атайы титиретет.

— Коюңуз, аксакал, колуман түшүрөм...

— Э, мен эчтеме кылганым жок!

— Титиреттиңиз го?

— Өзүң чебердеп бас. Көп жылдан бери ат үстүнөн буйрук айтып жүргөн бизден кара жумуш чочуркайт көрүнөт.

Адыл ачык мүнөздүү, кээде унчукпай олтуруп бир сөз айтса, күлдүрүп сүйлөгөн салмактуу адам. Жашы элүүдөн жаңы эңкейген. Бирок чап жаак келген сур ирени али толук, бажырайып чоң ачылган акылдуу көздөрү адамды өзүнө тартып күлүмсүрөй карайт. Ойлонуп тамаша айтарында кырдач мурдунун таноолору саал жайыла түшүп, сыйда чыккан сейрек муруттары бириндеп кыбырагансып туруп бир сөздү айтып калса, адам аны жылуу сезим менен күлүп угат. Күч-кубатка толуп отуздун ичинде турган курагындай гүлдөгөн түспөлү нурдуу, жылдыздуу. Бирок тигил оң жак таноосунун алдындагы илеп белгисиндей ак тыртыктын да өз тарыхы бар. Ал жашынан жетим калып байдын коюн бакты... Жазга турум ит-куш күч болуп, малды колдон талашып турган кезинде — бир токтуну карышкырга жегизди. Малсырак байбиче, токтуну карышкыр жегенин укканда: — «О, жер соргон көр?! Токтум эгизден туучу коюмдун козусу болучу. Аны карышкырга жегизгенче өзүң жолуна жатып бербейсиңби, көр?!»—деп заарканып, токтусунун күйүтүнө чыдай албай кеткен байбиче колундагы эт бузуп олтурган бычагын тигил койчуну көздөй ыргытат. Кулда кулак жок жер карап от ичкелештирип олтурган Адылдын оң жак

таноосунун астына курч бычак сайыла калып, жез толтосу отко чагылыша түшөт. Катуу корккон Адыл кан жая берген ууртун колу менен бек басып үн чыгарбай ачуу көз жашын төгүп сыртка кетет... Жарааты ырбап, бети шишип, бир жактан жазгы турунту кара бороон этин түлөтүп, катуу забыр тартат. Бирдеме жабышып тургансып дайым бетин басып жүрүү, жарааты айыккандан кийин да Адылга адат кылды. Азыр да анын оң жак таноосунун астында, сейрек муруттарынын арасынан куду илеп белгисиндей типтик ичке тыртык агарып көрүнөт.

Жетим калып, жалчылыкты баштан өткөргөн Адыл жашынан окуй алган эмес. Ал кийинки жылдары гана чондорго кошулуп, айылдык мугалимдерден сабак алып кат тааныган. Зээндүү тырышчаактыгы аркасында илимди тез өздөштүрдү. Журнал, газеттерди үзбөй алат, шаарга барган сайын киоскалардан бир сыйра китеп издейт. «Партия, тарыхынын кыскача курсун», «Ленинизм маселелерин», «Жолдош Сталиндин кыскача өмүр баяны» деген китептерди бир нече кайталап окуду. Так ушул учурда ар түрдүү китептерди катар тизип эки этажерканы толтурду.

— О, тойпондогон садагаларым! — деп Адыл мектепке бараткан балдар жолукса, аларды дайым эркелетет: канаты кеч жетилген кыраандай биз кеч талпындык. Илимден өксүп калдык. Эми силердин окуй турган кезиңер. Окугула, садагалар! Бизге карабагыла. Силердей кезде бизге окууга кайда? Муунубуз катпай жаш өмүрдү байдын ирегесинде жалчылыктан баштадык. Бетибизге так түштү... Жүрөгүбүздө дарт калды. Ошол ачуу запкыны канча эскерсем, ошончо кайратым курчуйт. Калган өмүрүмдө силердин таалай үчүн кызмат кылышка ашыгам!

— Окугула, садагалар!

Дайым ушул сөздү айтычу Адыл, бүгүн өзү менен замбил көтөрүшкөн колхоз башкармасынын төрагасы Мергенди тындырбады.

Туура токсон замбил ылай ташып төгүшкөн соң Мерген дагы жалакайланды:

— Болду эми, Адыл аксакал! Бүгүнкү план жүз процент аткарылды...

— Көтөр! — деди Адыл ага. — Улуу Ленин өзү баштап ишембиликке чыкканда норманы ашык аткарган. Ошол күндөн тартып биздин коомдун кишилери эртеңки ишти бүгүн бүтүрөт! Кечээ жур-

палдан жаш кыздын сүрөтүн көрдүм. Кездеме токуучу комбинаттын токуучусу экен. Үч жылдын нормасын алдан аткарып, дале тына элек дейт... А сен, Мерген, алп кебетең менен замбилди эсептешиң уят болот!

**6**

«Ак кол» болуп тумсак өскөн Мерген эртеси төшөгүнөн араң турду. Бели селейип, эки жоон сандын териси тыз-тыз ооруду. Ал эки тизесин тең таянып араң дегенде өйдө көтөрүлдү. Колтугунан сүйөмөлөп, үстүнө чий баркыт бешмантын жаап кызмат көрсөткөн аялына Мерген жалооруй карады:

— Де-еги жанчылып калыпмын, байбичем... Күнү-түнү менен кара жумушта иштеген кишилер кантип чыдашат, ыя?

— Ал экөөбүздүн бейил күтө калганыбыз, аксакал,— деди кепти ачык-айрым айтып көнгөн аялы Мергенге. — Адам да арык кезин бат унуткан жылкы мүнөз болот тура... Болбосо, сен экөөбүз кара жумушта эле чоңойбодук беле.

— Өзүңдү мага кошпочу. Сен дале болсо ороктон кишиге жеткирбейсиң го.

— Ал айтканың да чын,— деди аялы кебин тамашага чалып:— Аксакал атка конгонуңдан бери сен ат үстүндө иштечү болдуң. Курсагың бөрсөйүп кетти. Эртели-кеч кетменге кол тийгизе жүрчү, ден соолукка жакшы десем кебимди укпачу болдуң.

— Ушул айтканың да ырас экен, байбичем,— деди Мерген муштумун түйө, чыканагын бүгүп, булчуңун жеңинин сыртынан кармалатып аялына. — Көрчү, бүткөн боюм жанчылган менен замбил көтөрүшкөнгө булчуңдарым чыңала түшүптүр!

— И ананчы!

— Ботом, бул Сабырдын эмнеси бар, ыя? Кирпичти жарыша куюшкан өспүрүмдөрдү айтпайын. Жадаса, таягы менен жерди сабачу Омор абышка да, бирдемелерди кармалашып курулушта жүрөт.

— Сабыр мектепти жакшы болсо экен дейт. Балдар илим алса экен дейт. А баштагы мүлтүлдөк деректир болсо, мектептен мурда өзүн ойлоочу.

— Омор абышка айткандай, те-ек, болду эми,— деди Мерген кайраттанып. — Дагы Адыл менен тигил Сабийра оңбогур мени

шылдыңдашып жүрүшпөсүн. Ишке чыгышалы, арбый турган күн болучу.

Башкарманын төрагасы Мерген айткандай күн өтө берген сайын, жаңы конушта мектеп курулушун тургузуу иши дембедем кызыды. Өзү баштап таш көтөрүшкөн Сабырды көргөндө мугалим Сартбаев келип, пайдубалды көтөрүштү, кой фермасынын башчысы, парторг Сабийранын жаштарга дем берип кирпич куюшканын көрүп, Омор акенин кемпири Бермет тим туралган жок, энелерге дем берди. Энелер биргелешип чоң-чоң казан майлуу жарко бышырышты. Бирден, экиден көмөч нандарды тасмалга орошуп, чоң-чоң ак чакалар мелт-калт май каймактаган ысык жаркону көтөрүшүп, чоң энеге жол баштатып, иш кашына энелер келишти. Бермет этиет козголтуп чакасын түздөп тактайдын үстүнө койгон соң «Сиз улуусуз, сиз айтыңыз» дегенсип чоң энеге карады. Чоң эне да өз чакасын тигилердин катарына койду. Анан наркы пайдубалга кирпич тизген Ташбайды чакырды:

— Ой, Ташбай, жолоочунун аты чөп чалганга, дыйкан бир тыным алып тамак ичкенге иш токтолбойт дешчү. Силерге тамак алып келдик, ысыгында ичип алгыла, анан иштегиле!

— Оо, кагылайындар,— деди энелердин бири. — Таш көтөрүшкө күчүбүз жетпеди, аш бышырыш колубуздан келди. Энелердин колунан даам таткыла, садагалар!

Тактайдан жасалган убактылуу калканчык-чатырчанын көлөкөсүндө кишилер жадырап-жайнап, энелер бышырышкан тамакты ичүүгө олтурушту.

Калай чөмүчтү батыра сузуп чоң эне өзү идиштерге тамак үлөштүрө баштады:

— Мектеп тургузуп, жакшы ишти баштап жатасыңар, силерге биз ушунетип ысык тамак берип туралык дедик...

Чоң эненин колдору калчылдайт. Мелт-калт титиреген чөмүчтөгү сорпо чайпалып тамат.

— Колун жуунуп, мала кызыл косынканы чекесине бууп байланган соң Сабийра чоң эненин колунан чөмүчтү алды.

— Таттуу жаркөңөр үчүн сиздерге ракмат, энелер! Эми төргө олтуруңуздар, мейман болуңуздар.

— Тек, Сабийражан!—деди Омор түксүйө карап, Сабийрага.

— Маа өз кемпирим куюп берсинчи. Карыга, жашка өз теңи. Маа кемпирим куюп берген тамак таттуу.

— Тетиги Оморду көр-ой! — деди чоң эне тамашаны улантып. — Деле кемпиринен ажырагысы келбейт. Кокус кемпириң көз жуумп кетсе, көрүнө кошо жатарыңды көрөрмүн?

Чоң эненин тамаша кебине ар ким күлүштү.

Дайым кызыл жүгүрүгүн шылтоолоп, жумушка чыкпай жүрчү Мурадыл да бая күнү башкарма Мергендин замбил көтөрүшкөнүн көрүп бел чечинген:

— Эй, Сабыржан!—деген Мурадыл өзү басып келип. — Менин колуман кайышчылык келичү. Тактай тилүү келичү... Бирок жанагы Мукаш бригадир «Сага мен жайы-кышы тактайды кайдан табам, суғатка чык» деп мени сууга чекти. Кызыл жүгүрүгүм бар десем уккаңы жок... Кийин кызыл жүгүрүгүм күчөп, иштен чыктым.. Атаганат, ар ким өз кудурети жеткен ишти иштегени жакшы экен. Колуна араа кармаган кишини көрсөм көзүм кычышат. Же кызыл жүгүрүк мени жеңсин, болбосо, кызыл жүгүрүктү биротоло мен жеңейин: тактай керекпи, тилишип берейин!

Ошентип Мурадыл өзүнө жолдош таап, бир четке тактай тилчү жай курушкан. Таң эртеңден алар тактай тилишүүгө келет. А дегенде баягы Мергенден бетер белин басып,— козголтпой калыптыр. Кызыл жүгүрүгүң кургур жеп чыкты деп эңкейип басат. Карагайдын үстүнө жеңил гана туруп алып, ырдаган курч араанын туткасын кош колдоп салмак менен он-он беш таштаган соң ооруган жерин сезбей кызып кетет. Ошол кызуусу менен кечке арааны ырдатышкан Мурадыл өзү айткандай кийинки күндөрү «кызыл жүгүрүккө түкүрүп таштады!»

— Орусбек, суу чачпа! — дешет.

Азыр жеңилденип олтурган Мурадылдан чоң эне сурады:

— Ботом, Мурадыл, төшөктөн турчу эмес элең го. Тактай тилип жүрөсүңбү?

— Э, байбиче, эмгекке чындап кызыксаң ооруң да өзү качат көрүнөт. Түкүрүп салдымбы дейм, кызыл жүгүрүктөн дайын жок! — деди Мурадыл.

— Таңдайына жабыша калган ысык картөшкөнү араң жуткан Омор:

— Тек,— деди көзү жашылдана түшсө да сырын айтпай өз алдынча күлө. — Кишинин бошу ооруга бел алдырат. Илгери сынма котур болуп да туура кырк күн бел чечкен эмесмин!

Наркы энелердин катарында жарко ичип олтурган Бермет алдыртан абышкасын тыйды.

— Болду эми, мактанбаңыз, баатыр!

— Т-ек, кемпир,— деди Омор. — Чыдамкайлыкты айткандын да мактанганы болчу беле. Ар ишке чыдамдуулук керек. Жылда, ант урган мүлтүлдөк деректир: — «Акча жок. Адам күчү жетишпейт» деп чыдамсыздык кылычу. А быйыл Сабыр чыдап койду эле, мына жаңы конушунда заңгырап мектеп үйү тургузула баштады. Тетиги күзөтчү Ташбай Анжияндагы кызына барбай мектеп курушуп жүрөт. Те-ек, ант урган Ташбай Анжиянга качан барасың десем. — «Э, Омор аке, быйыл Анжиян калды го. Мен кетсем, ылайды ким чылашат» деди. Баса, чын сөз го Ташбай кетсе, ылай чалмакейлечү мен белем?

## 7

— О, мен Ташбай акемдин отрядына кошулам!—деп тамашалай сүйлөгөн Сабыр чоңдордон бөлүнүп, тигил балдардын арасына Орусбектин катарына олтурду. Анткени азыр энелер тамак алып келердин астында Орусбек баштаган чатакты Ташбай аке араң баскан. — Ой, Омор акемдин уулу, чатакты кой! — деп ар ким канча айтса да, чоңдордун жемеси Орусбектин сезимине кенедей таасир этпеди. Бул жолу Орусбекти ээликтирип тентектикке баштаган бир кезде, атасы Омордун оозунан уккан укмуштуу жомоктогу Чоюнкулак алптын элеси болду. Карыганда көргөн жалгыз уулун эрдикке үйрөткүсү келген Омор кары кээде өз оюнан чыгарып болсо да: «Көлдү шимирген Сарыдөө», «Тоону омкоргон Карадөө» деген өңдүү жомокторду эптештирип, Чоюнкулак алптын элесин ар дайым ал дөөлөргө каршы коюп, анын дабаа жетпеген эрдигин мактачу:

— Чоюнкулак уктаганда бир кулагын алдына салып, бир кулагын үстүнө жамынчу экен,— дечү Омор тизесин баса олтурган уулу Орусбекке. — Кокус катуу уктап калсам Сарыдөө келип көлүмдү шимирип, Карадөө келип тоомду омкоруп кетет. Уктап калбайын деп башына борчуктун ташын жазданчу экен. Кээде аны да тоотпой алп уйкуга батып коңурукту баштаганда — Чоюнкулактын коңуругун

Койкап тоосунун ар жагында эрдиктерине чыдай алышпай өз колдорун оздөрү кишендеп жатышкан Карадөө менен Сарыдөө угушуп: — «Ал Чоюнкулак уктаптыр. Көлүн шимирип, тоосун омкоруп келели» деп кишендерин быт-чыт үзүп, күн-түн тынбай жарышкан эки дөө жакындаган сайын алардын дүбүртүнөн көлү толкуп, тоосу титиреп Чоюнкулак алп чочуп ойгонуп, ал: бир айкырганда төбөгө булут чогулуп, нөшөр төгүп; эки айкырганда жер жарылып; оң кулагы менен чапканда Карадөө кулап; сол кулагы менен чапканда Сарыдөө сулап; экөөнү бирдей жердин жарыгына ыргытып, ачуусуна чыдай албай Чоюнкулак алп дүп-дүп баскан сайын жер оюлуп туручу экен...»

Атасынын түксүйгөн кайраттуу муруттарынан көзүн албай шумдуктуу жомоктун бир сөзүн кетирбей угуп олтурган Орусбек сурап коючу:

— Ата, дөөлөр чын эле болгонбу?

Омор уулуна ишендиргиси келип:

— Чын эле болгон,— дечү.

— А болсо азыр эмне жок, дөөлөр?

— Те-ек... —дечү Омор уулунун суроосуна жооп таап айталбай. — Азыркы балбан кишилер ошол дөөнүн неверелери... Менин чоң атам да, биз алптын тукумунанбыз. Биздин балдар жолборсту чабат деп айтчу...

Уулун эчтемеден коркпой эр жүрөк болуп өссүн деген Омор тигил сөздөрдү өз оюнан чыгарып айтычу.

Орусбек ошол атасынан уккан алп, дөөлөрдү туурап, көбүнчө тентекчилиги ошондон башталучу.

Балдарга кошулуп, кирпич куюшуп ылайды тепсеген сайын Орусбектин көз алдына Чоюнкулактын элеси келди. Тентек бала оюнда өзүн Чоюнкулакмын деп эки кулагынын кырын ылай менен шыбады. Тигил, Ташбай аке ылай жуурушка токтоткон көлчө сууну менин көлүм,тигил үйүлгөн сары топуракты менин тоом деп, Аскарды көлүмдү соруучу Сарыдөө; аны менен кирпич куюшкан арык чырай кара баланы тоомду көтөрүп кетүүчү Карадөө деп, өзү Чоюнкулактын милдетин аткарган болуп:

— Айт күн жаады-ы! — деп кыйкырат да, Орусбек, балдарга ылай суудан чачып калат.

Тигил жарыша тынч иштеген балдар:

— Мен Чоюнкулак алп! — дейт, Орусбек балдарга. — Азыр мен эки кыйкырсам жер жарылат. Анан оң кулагым менен чапсам Сарыдөө, сол кулагым менен чапсам Карадөө кулайт!

Ушунткен Орусбек өзү эртеден бери анча иштеп жарытпады. Берки жакшы иштеген балдарга да кесирин тийгизди.

— Ал, Сарыдөө, кула! — деп оң жагына секирип Аскарды түртсө,— ал, Карадөө, кула! — деп сол жагына секирип тигил кара баланы түртөт. Ага теңелбей иштей берген Аскар:

— Тез-тез иштегиле, балдар. Чоюнкулак алп бизге жетпей калсын,— деди.

— Чоюнкулак келсинчи, биз аны кирпич менен белинен бастыралы,— деди башка бала.

— А-ах! — деди Орусбек чеңгелдерин көрсөтүп, талтактап басты,— азыр Чоюнкулак жериңерди оё басат!

Өз баамында кадимки Чоюнкулактын өзүндөй эч эчтемеден кайра тарткысы келбеген Орусбек Аскардын куйган кирпичтеринин бир-экөөнүн четин кемирейте басты.

— Ал Чоюнкулак жериңерди оё бассын!

Кирпичтердин бузулганын көрүп ичи күйгөн Аскар:

— Орусбек тентек! — деди.

— Ким тентек, ыя?!

— Сен! Эмне үчүн кирпичтерди эзе басасың?

Өзүнө кайрат көрсөткөн Аскардын сөзүнө Орусбек кумсара түштү да, мышыктай тез бүгүлүп, Аскарга ылай ыргытты:

— Мына сага!

Ызасына чыдай албай кызарып кеткен Аскар ошол замат жооп кайтарды:

— Мына, сага да! Ал...

— Мына, дагы...

— Мына ал аз болсо... Сенден ким коркот экен?!

— Коркпойсуңбу?! — деди дайым баатырсынчу Орусбек ылайды чоң чеңгелдеп. — Сени азыр мен жердин жарыгына көөмп салам.

— Коркчу ким экен!? — деди Аскар да ылайды чоң чеңгелдеп. —Азыр сени өзүңдүн тооң менен бастырам!

— Кетменин таштай салып Ташбай келип, нары жактан Сабыр чуркап, экөөнү араң ажыратышкан.

Ошондо да Омор:

— Те-ек, жайына койгула, былчылдашсын. Кайсы баатыры менин уулум! — деп нары жакта күлүп турган болучу.

Азыр Орусбектин катарына келип олтурган Сабыр:

— Э, Орусбек карагым,— деди бир кездеги Кузьмичче аталык мээрим менен ал,— жана эмне тентектик кылдың?

А дегенде Орусбек жооп бербестен «Аскардан эмне сурабайсыз» деген кишиче козголуп тим болду.

— Эмне жооп бербейсиң?

— Мен тентектик кылган жокмун,— деди Орусбек өз жоругунан кылдай шексинбей. — Алар өздөрү...

— Кайдан өздөрү. Сен аларга мурун суу чачып, мурун ылай ыргытпадыңбы?

— Мен ойнодум...

— Ошентип ойноочу беле?

Орусбек көздөрүн ойноктото карады. Баланын ал карашында «Эмне, мени ойнотпоюн дедиңиз беле, мен Чоюнкулак алп болом, билсеңиз» дегендей тоотпос караш.

Тууралган көмөч нандан бир үзүмдү алып, далинкедеги жаркого кашык салып аралаштыра олтуруп Сабыр:

— Тентек болуш жарабайт, Орусбек! — деди.

Сабыр сөздү балага айткандай үнүн көтөрүп окутуу, үйрөтүү иретинде эмес, Орусбекке теңтушундай сүйлөштү. Сабырдын азыркы айтканы Орусбекке да жеме катарында орой угулган жок. «Ой, жолуң болгур, мунунду кой» деп чоң кишиге кеңеш катарында сүйлөгөн кептей күчтүү таасир этти. «Бул кеңешиңизди угам. Мен тентек эмесмин» деген кишидей Орусбек да саал жоош тартып, тек күлүмсүрөп, алакандарын ушалай баштады.

— Тамак ич. Орусбек,— деди Сабыр.

— Ичем... —деди Орусбек акырын. Анан кашыкты алып, жарконун сорпосун акырын ууртады.

Билгени бар кишидей баятан өз алдынча күлүндөп отурган мурду боорсоктой борсойгон кичинекей кызыл тоголок бала:

— Агай, Орусбек Чоюнкулак! — деди.

Тамак ичип олтурган балдар бирин бири алдыртан караштты. «Буга директор агай эмне айтаар экен» деген караштар.

Сабыр түшүнө олтурса да атайы сурады:

— Чоюнкулак деген ким?

— Орусбек!—деди бала.

Балдар дуу күлүштү.

Сабыр эчтемени сезбегенсип дагы сурады:

— Кайдан жүрүп Орусбек Чоюнкулак?

— Тигине, кулагына караңызчы? — Бала өз алдынча купшуңдап күлүңдөдү.

— Орусбек Чоюнкулак алп?! Ал жерди оё басам деп биз куйган кирпичтерди тепсейт,— деди Аскар.

«Болду эми? Сен антпейсиңби?» деген кишиче Орусбек көздүн кыйыгынан Аскарга иткараштты салып койду.

— Кана, мен да көрөйүнчү,— деди Сабыр бурула карап — Орусбек кандайча Чоюнкулак?

Орусбектин кулагынын кырына катып калган кара чопо калдайып али жуулбай жүрүптүр.

— Э, Орусбек карагым! — Сабыр жылуу мээрим менен анчейин сурады,— кулагыңдын кырына эмне сүйкөп алгансың?

Орусбекке кектүү араң олтурган балдар туш-туштан чурулдашты:

— Ал чоюн, агай.

— Оң кулагы менен чапса Сарыдөө кулайт...

— Сол кулагы менен чапса Карадөө сулайт...

— Те-ек! — деди Омор уулун жактап. — Силер менин уулумду жемелебегиле! Жалгыз болсоң, чогоол бол деген, мен аны эр жүрөк өссүн дейм.

Омордун үнү чыкканда тып басылган балдар, алда эмнеден табыш сезген улактай элеңдешип, тигил берендей ормойгон айбаттуу карынын сүрүнөн чочулашты. Ал тургай кызыл тоголок бала оозундагы картөшкөнү чайнаар чайнамаксан делдейип: «ээй... Омор аке уулуна болушса бизге катуу кыйкырат ко?» деп коркту.

— О-о, Орусбек чын эле Чоюнкулак болом деп боло албаптыр — Сабыр кебин кадыресе айтты. — Көрсө, Орусбегим кулагын ылай менен шыбап алат тура. Бул Чоюнкулак эмес эле топурак кулак да... Баса! Мен Омор акемдей кайраттуу кишинин баласы чындап эрдик көрсөтүп, чоң иш кылып, анан «Чоюнкулак» деген атка ээ болгон десем, көрсө, ал кулагына капкара ылайды шыбап алып «Чоюнкулак»

болдум деп жүргөн тура. Жок, муну мен мактабайм. Бул тазалык эмес, эрдик да эмес. Бул, тигил балдар айткандай тентектик — Сабыр алдындагы тамактан жей олтуруп: —тентектик, тентектик!—деп, улам кайталап кебин улады. — Кичине кезимде мага да чоңдор жомокторду сүйлөп беришчү. Алар кээде Жезтумшук жөнүндө айтыша турган. «Ал өзүнүн чучтуйган учтуу жезтумшугу менен дөңгөчтү жара чокуйт» деп. Мен андай коркунучтуу жомокторду көп уккан күнү уктай алчу эмесмин. Көзүм илинсе алда кандай коркунучтуу элес мени кубалагансып көрүнчү. Мен чонойгонумда ашкан мерген болсом, жер үстүндөгү жезтумшуктардын баарын атып жок кылсам деп самачумун. Мына, мен чоң киши да болдум. Көп шаарларды кыдырдым. Далай китептерди окудум, тоолорго да чыктым. Бирок жезтумшукту көрмөк тургай, ал тууралуу жалгыз ооз сөз укпадым. Ал эми Чоюнкулак, көлдү шимирчү Сарыдөө, тоону көтөрө каччу Карадөөлөр деле адамдын ойлоп тапкан жомогу. Биздин бабалар бир кезде куралсыз, күчсүз болушуп жырткыч айбандардан да, кээде забыр тартып калышчу. Кээде адам өз ара бирине-бири зордук көрсөтчү. Ошондо адам күчтүү да, эмгекти сүйгөн мейнеткеч да, адилет калыс да болгулары келишти. Ага ылайык ар түрдүү жомокторду ойлоп айтышты. Маселен: «Жайыл дасторконум» деген жомок — ырыс-кешик төгүлгөн берекени самайт; «Жер тыңшаар», «Көрөр көз» да өнөрдү тилешет, ал эми «Чоюнкулак» деп эч бир күчкө алдырбас алп баатыр болушту самашкан. Албетте, айтылган жомоктордун кээси адамды жокко ишендирген зыян жагы да бар.

Сабыр Орусбекке карап күлүмсүрөп койду да, кебин балдарга да, чоңдорго да таандык кылып уланта бердп.

— Ал эми мындан отуз эле жыл мурда, ушул эле биздин ата-энелерге, тетиги, олтурган чоң энеге, Омор акеге: «Таштан үй салынат. Ал үйдү он эки, он үч жаштагы өспүрүмдөр тургузушат. Суунун күчү менен кубат алып, зым аркылуу үй-үйлөргө өчпөс шам жандырат...» деп айтсак, же биздин тоолордун арасына алма, өрүк сыяктуу ар түрдүү жемиш багы мөмөлөйт. Өзү жүргөн трактор менен жер айдайбыз... Чийдей каланып жакшы бышкан буудайды өзү оруп, өзү бастырган комбайн иштейт десек биздин сөзүбүз аларга жомок болуп угулмак.

Ал биздин күндө алар чындык болду. Ошентип, азыр биз өз заманыбызды сонун үлгүдө айтылган жомок — жомок бүгүн чындык! десек туура келет.

— Туура, Сабыржан, туура!— деди Чоң эне башын ийкектетип. — Башканы айтпа, ушул ынтымагыбыздын өзү да жомок. Кечээ эле ушул өзөндөгүлөр уруу-урууга бөлүнүшчү. Баш айрылып, көз чыгып чабышып жатышчу. Минтип мектеп куруп, балдарын окутуу кайда? Тетиги каржайып олтурган Омор өзү айтсынчы, көк союлду такымга кысып, конуш талашып, жайыт талашып эле чабышып жатышчу...

Энелер шыпшынышты:

— Баса десеңиз, байбиче...

— Ошентип жүрүп, бардык энчиден куру калган турбайбызбы, көрсө...

Алда кандай сонун кабар угуп кубанган кишидей Сабыр жайдары:

— Ийгиликтин кечи жок. Мына, мектебибизди бүтүрсөк, ал биздин кыштактын маданий борбору болот. Орусбектер, Аскарлар ушул мектепти бүтүрүшөт. Андан Фрунзеден, Москвадан окуп, балким Ала-Тоонун сырын ачкан геолог-инженери болуп, же адамды илдеттен сактаган доктору же... айтор жакшы киши болуш үчүн «Чоюнкулактын» элесин туурап күчтү жомоктон издебейт, биздин балдар күчтү илимден алышат.

Тура калып Сабыр кызып айтты:

— Таттуу тамак бышырып келген энелер, сиздерге ракмат. Чамдайлык, жолдоштор!

## ДИНАР ЧОҢ ЭНЕСИНЕ САБАК БЕРЕ БАШТАДЫ

### 1

Мектебинен кайтаар маалы эбак өттү. Карды ачып келер, эркемдин. Тамагы белен турсун деп небереси үчүн сүткө таруу көптүрүп, дандырга бышырылган ак нандан далинкеге туурады. Айрандын каймагынан да салып коёюн деп чон эне колуна чай чыныны жаңы эле алган.

Күнгөйдө учкан калдыркан көпөлөктүн канатындай ак боркогун делдектетип ашыккан Динар үйгө уу-чуу алып кирди:

— Э, чон эне... Чон эне, ай — Динар эгиз улактуу эчкини айдап жүргөнсүп жалгыз өзү үй ичин дабыратып, чуу түшүрдү:

— Э, чон эне... Ай, ушул чоң энем-ай!

Алда эмине болуп кетти деп чоң эне алдастап катуу шашты.

Калчылдаган колу чай чыныны түшүрө жаздады. Ашкананын эшигин ачканча ашыгып.

Чоң эненин үнү саал каргылданып угулду:

— Мен мындамын, эркем...

— Эмне болду? Эмне болду? — тентек кыз туйсуңдай түштү. — Кыйкырам. Укпайсыз. Дагы эмне болду дейсиз...

— Кой таарынба, көлөкөм! — Чоң эне небересин жоошута сүйлөдү. —Ачка болуп келет деп сага тамак даярдап жүрдүм. Тигине, столго карачы: өзүң жакшы көргөн таруу турат!

Саал жоошуй түшкөн Динар портфелин столдун бурчуна койду:

— Чоң энем кызык киши, теги. Эмне, мен сизден тамак сурадымбы?

Таарынтып албас үчүн небересинин оюндагысын алдан сезүүгө ашыккан чоң эне:

— Жок, эркем, тамак сураган жоксуң, —деди.

— Анан эмне...

«Мен үйгө кирелекте тамак сурай келичү кичине кезим өткөн» дегенди Динар чоң энесине үнүнөн таанытты.

— Бүгүн кеч калды. Кызымдын курсагы ачып келетко деп, сага тамакты өзүм белендеп тургам.

Динар нурдана түштү:

— Чоң эне, эмне үчүн кечигип келгенимди билиңизчи?

— Олтуруп тамагыңды иче кой, анан билип берем...

— Жок, азыр билиңиз.

— Жарайт, тамагыңды иче гой.

Тентек кыз кежирлене баштады:

— Жок, сиз билиңиз, билбесеңиз мен тамак ичпейм.

Динар орундуктан кайра турду.

— Ичпейм дедим, ичпейм. Кетип калам дедим, кетип калам...

— Олтура гой, акмак. Азыр эле билип берейин. — Чоң эне эмнени билерине өзү да маң болуп, жоолугунун астынан көрүнгөн чачтарын сылагылады. Динар аны ашыктыра берди:

— Мен эмне үчүн кечиктим, бат билиңиз.

— И, билдим... — дедн чоң эне чыны менен ойлонгонсуп. — Сен кыздар менен ойноп жүрдүң...

— Ойногон жокмун! Таппадыңыз.

— Сабыр таякеңдикине барып тамак ичип келдиң эмесе?

— Апий, ушул чоң энем кызык киши деги,— деп, Динар орундуктан тегеренип олтурду. — Эмне, мен айыл кыдырып тамак ичип жүрчү белем.

— Эмесе табалбадым, эркем. Сен тамагыңды ич. Мен а чейин жакшылап ойлонуп анан таап берейин.

Динар чоң энеге бурула карады. Тентек кыздын бадырайган сурмалуу көздөрү «Чоң эне, менин кечигип келгенимдин себебин чын эле табалбайсызбы?» дегенсип күлүңдөп турду.

— Чын эле... мен чарчап калдым,— деди чоң эне. —Тамагыңды ичегой, анан...

— Чын эле табалбадыңызбы?

— Чын эле...

— Мени жакшылап караңызчы,— деди Динар. «Муну көрбөйсүзбү» дегенсип, күлүңдөй түшкөн көздөрүн ойноктотуп, кызыл жагоосунун учун кармалап койду. Чоң эне небересин аягынан башына дейре токтолуп карады. «Көрбөйсүзбү, мен бүгүндөн баштап пионермин»,— деп Динар айтып жибере жаздап күлүңдөп турду.

— Көрдүм, эркем,— деди жаңы байкаган чоң эне да.

— Мойнуңа жагоо тагынып келипсиң. Пионерге өткөнсүң го?

Ыргып турган Динар таптак секирип алакан чапкылады:

— Эми араң таптыңыз. Эми араң...

Чоң эненин жүрөгү элжиреди. Маңдайында секирип-секирип турган Динарын бооруна бекем кысты, бетинен өпкүлөдү:

— Өмүрү таалайлуу бол. Муң билбе, берекем! Төрүмдөн көрүм жуук, карыган койдун жашындай өмүрүм калды,— деп кээде өкүнүп калчу чоң эне азыр өз келечегин, ушул кичинекей тентек небересинен көрдү. «О! Ата-эне баланы ушун үчүн тилейт да» — деген сезим чоң эненин каткан муундарын эритти.

— Эркем, өмүрүм... Оюнду таптым го, эми тамагыңды иче койчу?

Чоң эне бул сөздөрдү этиет айтты. — «Кызымдын мен чечелек дагы сыры болбосун» — дегенсиди.

Куду бир тамчы суу тамгансып чоң эненин көздөрүнөн жаш көрүндү.

## 2

Эрке желдей санаасыз тентек кыз чоң эненин көзүнө таңдана карады:

— Ой! Чоң эне, чоң эне... эмне үчүн көзүңүздүн ыйлагысы келди?

— Көп жашап азды көргөнү үчүн, көзүм ызаланып жатат,— деди чоң эне.

— Э-эй, көз да ызаланат бекен?

— Ызаланат, эркем... Жаш кезимде силерчилеп пионер болуп өссөм, окуп илимди таанысам дүйнөнү тереңирээк көрөт элем дейт көзүм.

— Рас эле, чоң эне. Окуу деген эң сонун да. А сиз эмне окубайсыз?

— Мен карыдым. «Алип бээге» тилим келбей калды...

— Жо-ок, айтып берейинби, чоң эне?

— Айтагой, эркем?

— Бүгүн мектепте кызык болду.

— Ал эмине кызык?

— Тиги Орусбек деген тентек баланын карыган атасы да окуганы келди.

— Оморбу?

— Ооба...

— Ал школго келдиби?

— Ооба, чоң эне... Айтып берейинби?

— Айтып бер,— дедн чоң эне жаңы көргөн кишидей небересинен көзүн албай,— сенин айткандарыңды чоң энең чарчабай угат.

— Ошол Омор абышка бүгүн окуганы келди. Анан...

Динар токтоло калып энтиге сүйлөдү. — Анан ал киши кечке мектептен кетпей койду...

— Мугалимдер менен уруштубу?

— Жо-ок, урушпай эле. Сабыр таякем аны өзү ээрчитип жүрдү. Класстарга кириштн. Мектептин айланасын көрсөттү. Танапис болгондо, биз алардын жанына чуркап барган элек, Сабыр таякем бизге көрсөтүп: — Омор аке,— деди ошол ачуулуу абышкага. — Биз мектепти тургузган жылы күз ушул кыздар жаңыдан окушкан. Келерки күздө окууну үчүнчү класстан улантышат. Азыр уяндык калып, кыздар ачык-айрым өсүүдө. Улам жаңыны тааныган сайын — жондо жүргөн кишидей көңүлдөрү көтөрүлүүдө.

Сабыр таякем ошол ачуулуу абышкага күлө карады:

— Тентек уулуңуз сабак берген мугалимдин шагын сындырат. Балдардын ыркын бузат,— деди.

Ачуулуу абышка Сабыр таякеме урушчудай бурула калып:

— Те-ек, Сабыржан. Сенин мектебиңде менин уулумдан башка тентек жокпу?

— Жок деп айтсам да жаңылышпайм.

Ачуулуу абышка мага карады эле муруттары ийнедей сайылып, эки көзүнүн ортосу кичинекей арык сыяктуу көрүндү.

Мен ал абышканын ачуусунан чочуп кетип айтып жибердим:

— Ооба, ата. Орусбек эң эле тентек! Биз тигил мектеп алдындагы аянтка гүл олтургузсак, ал бизге суу чачты...

Абышка ишенгиси келбеген кишидей:

— Те-ек! — деп койду.

— Ооба, ата,— деди менин жанымдагы Сырга,— чопчоң эле бала уялбайт экен...

«Ушул кичинекей балдарга ишениңиз, Омор аке» дегенсип Сабыр тымызын жылмайды.

— Менин уулумдан башка тентек жок экен да, мектебиңерде... — Ал өз алдынча кыжырланып сүйлөдү. Куду сууга тийген кара сулунун куйругунан бетер, Омордун муруттары кыбырады. Алда эмне тамагына кептелгенсип, ызасы муундуруп, шилекейин жуталбады:

— Те-ек, Сабыр балам! Жалгыз уулду адамга акысын кетирбес — чогоол өссүн деп тилечү элем. А, билгенимче баш тоголонттум. Көрсө, ал чоңго да, кичинеге да жек көрүмчү өсүп калыптыр. Мен аны эми уул дебейм...

— Ошондо жаңылышасыз, Омор аке,— деди Сабыр кескин,— Орусбектин келечеги кең... Албетте, тетири мүнөздү түзөтүү оңой эмес, Омор аке. Ийрини тез түзөтөт. Кишини эмгек оңойт. Кыштактан окчун жалгыз үй болуп турган кезинде биздин мектеп менин көзүмө үтүрөйүп көрүнүчү. Жалпы аракеттендик, эмгек көбүрөөк жумшалды. Мектептин жаңы курулушу кыштактын көркүн ачты, тигил жаш бактары мөмөлөй баштады. Теребел жаңы төрөлгөндөй өзгөрүүдө. Бул тек сырткы көрүнүш. Ал эми ушул мектептин класстарында олтуруп сабак окуп жүргөн балдарыбыздын эмгеги — окуу.

Кайсы бала сабакты өздөштүрүш үчүн көбүрөөк эмгек сиңирсе, ал бааны да жакшы алат.

Биздин тилек, сиздин тилек бир, ар бир бала адам болсун деп тилейсиз. Андай болсо, биз менен бирге болуңуз.

— Те-ек, Сабыржан. Мен бөлөк жүрөмбү? — деди Омор.

Сабыр кескин айтты:

— Сиз бөлөк жүрөсүз. Эсиңизге салайын: бир кезде Чоюнкулак тууралуу айткан жомогуңуз уулга кандай таасир этти эле?

— Э, Орусбек, Чоюнкулакмын деп мушташ чыгарчу,— деди Омор. «Ошондой болушу керек да» дегенсиди маашыркана.

— Ооба, Омор аке,— деди Сабыр. Анын үнү Оморго салмактуу угулду. — Ата-эне баланы жеке айткан акылы менен тарбиялабайт. Алар, баланы, өздөрүнүн жүрүш-турушу, өз ара ынтымактуу мамилеси, жакшы иштери менен да тарбиялайт... Сиз дөңдө олтуруп алып, көк союл менен жер сабасаңыз, балаңыз да ошону туурайт. Сиз: «Сабаса, жер таарынып калат. Ага жакшы мамиле кылып терең айдаса, кандыра суу берсе, көп түшүм берет» деп акыл айтып, өзүңүз да ошону иштесеңиз, балаңыз сизди ээрчип жардам кылат.

— Бул айтканың акыл. Угамын, Сабыржан,— деди Омор.

Сабыр кебин улады:

— Ата, энелердин чогулушуна кечээ чакырган элек. Сиз бүгүн келдиңиз. Кеңешти угуп, мындан ары биз менен болуңуз!

— Те-ек, Сабыр балам,–– деди Омор кары эмнегедир көзүнө жаш кылгырып жоош сүйлөдү. — Эртеден берки айткандарың маа сабак болду... Ракмат өмүрлүү бол, тек! Руксат бер, күн сайын мен да мектебиңе келип, силерден сабак алып жүрөйүн!

...Динар чоң энеге селтең карады:

— Мектептен сиз да окусаңыз, чоң эне?

Чоң эне жооп таап айталбай аргасыздан күлдү.

— А эмнеге күлөсүз, чоң эне? — деди тентек кыз таарынгансып. — А тигил Орусбек тентектин ачуулуу атасы деле сизден кары. Күндө мектепке келип турам деп Сабыр таякеме убада берди.

— Макул акмак,— деди чоң эне, тентек небересинин көңүлүн кыйбай. — Карыдым дебейин. Мен да окуюн.

Динар кубанып сурады:

— Чын айтасызбы?

— Чын айтам, эркем. Бирок, мен мектепке баралбайм да?

— А эмне үчүн?

— Мен да кетип калсам короо-жайга ким көз салат. Энең ферме. Үйдү айда, аптада бир көрөт...

— А апта деген эмне, чоң эне?—деди Динар сөзүн бөлүп.

— Апта — жума да, жети күндө бир дегеним. Аскар экөөң окуудасың,— чоң эне кеңеш сураган кишидей, небересин тиктей карады: — Андан көрөкчө мени үйдөн сен окутуп жүр?

Өз милдетине оор түйшүктү алганы жаткансып Динар чоң эненин сөзүнө ошол замат жооп бералбай ойлонуп калды...

3

Небереси Динардын жоруктарын эстесе чоң эне өз алдынча кобурайт:

— Ай, акмак ай, акмак. Мени оку дейт. Же окуюн десем, «а» сына тилим келсе, «б» сына тилим келбейт. Окуп агроном болгонумча эле табият мени алдына алып кетпейби...

Нак ушул секундада Динардын үнү чоң эненин арт жагынан чаң этти:

— Чон эне! Э, чоң эне!

Чоң эне бурула карады:

— Эмне, эркем?

— Бүгүн мен сизге эмне айтканы келдим. Билиңизчи?

— Омор абышка окуп жүрөт деп айтасың.

— Жок, ал эмес!

— «А»ны окудуң, «б»ны окудуң. Эми андан аркысын оку деп айтканы келдиң.

— Ал дагы эмес! — деди тентек кыз.—Сизди окутпаймын. Мен сизге таарындым, ошол!

Чоң эне небересине таңдана карады:

— Эмнеге таарындың, эркем, ээ.

— Мага сиз эч-эчтеме үйрөтпөйсүз. А тигил жолдош академиктин энеси ага академик болушуна үйрөткөн!

Небересинин айтканына аң-таң болгон чоң эне кол күрөгүн таштады:

— А кайсы академик, эркем?

— Кайсы академик болчу эле. — Динар бакырайган көздөрүн ирмегиледи. — Кадимки эле жолдош академик мендей кичинекей бала кезинде энеси ага академик болушка үйрөткөн. А сиз болсоңуз мага академик эмес, тим эле зоотехник болушту айталбайсыз.

Бир туруп күлкүсү келее, бир туруп небересинин талабына жооп айталбай алсыз болуп турган чоң эне алдыртан үшкүрүп койду да, кичине кызын чочутуп албайын деп этиет:

— Эркем, сени академик болсун деп мектепке бербедикпи,— деди.

— Ооба, делегой... Өздөрү берген кишиче... илгери, Динардай кыздардан калың жеп калчу элек деп кейип да жүрөсүз го. Совет өкмөтү менен Сабыр таякем болбосо, сиздер мени түк да окутпайт болчусуңар. А тигил жолдош академиктин энеси баласы кичине кезинде эле академик болсун деген.

Кичинекей небересинин орундуу жемесине жооп айтуудан чочуган чоң эне:

— Анын энеси өзү окумуштуу болгондур... А биздики курусун...

— Ооба? — Динар, чоң эненин сөзүн бөлдү: — Бирдеме болсо эле биздики курусун дейсиз. А тигил академиктин энеси деле эч кайда окубаптыр.

Чоң эне кеп айталбай токтолду. «Ал окубаса баласына кантип академик болушка үйрөттү?» дегенснп Днинарга үнсүз карады.

— Ооба,— Динар чоң эненин оюндагы суроону угуп тургансып, тыкылдады: — жолдош академик мендей кичине кезинде энеси жанына олтургузуп алып, ага, сонун-сонун жомокторду айтып беричү экен...

— Аны сага ким айтты,— деди чоң эне.

— Ий-ий, ушул чоң энем кызык киши деги,—деди Динар кейип. —А мен пионермин да.

— Ооба, пионерсиң, эркем.

— А пионер баарын билет. Айтып берейинби, чоң эне?

— Айтып берчи...

— Бүгүн отряддын сбору болду.

— А сбор деген эмне, эркем?

Бир жайда тек туралбаган Динар капкара көздөрүн ойноктотуп

чоң энеге күлүңдөп карады. Кыздын бул карашында: «Ой, чоң эне, сборду да билбейсизби?» деген таңдануу бар.

— Чын эле түшүнө албай жатам. Айтып берсең, эркем?

— Ай-ий, ушул чоң энем эң эле кызык киши экен,— деди Динар кейип. — Сексен жашка чыктым деп мактанат. А өзү Ванькаины да билбейт. Анан сборду да билбейт... Теги эмне ойлоп жүрүшкөн өздөрү.

Же күлө албай, же жооп айталбай кичинекей небересинин алдында уяттуу болуп турган чоң эне жерден күрөктү араң алды да, арыктын кырына бир күрөк, жарым күрөк топуракты кырдады. Куду карылыгы титиреткен өзүнүн жай кыймылындай үнү да, жай, саал дирилдеп жумшак угулду:

— Анан кантсин, эркем. Чоң энең өмүрүнүн көбүн таптакыр караңгыда өткөрбөдүбү?

Диңар чыны менен сурады: , — Эмне үчүн караңгы? А сиз мендей болгондо күн кайда эле?

— Мен сендей кичине болгонумда күн тийчү эмес, эркем. Аны сага далай жолу айтпадымбы...

Чоң энени делдее караган Динардын капкара көздөрү бакырая түштү:

— Ал кезде күн жок беле, чоң эне? ... .— Жок болучу, эркем...

— А муз кантии эричү эле? Тоолорго гүлдөр кантип чыкчу эле, күн жок болсо?

— Мен асмандын күнүн айтпайм,— деди чоң эне небересине түуралап баян этти. —Асмандагы күн анда эле тийип турчу, жаз-жаз кыш-кыш болуп келичү... Бирок жерде эңкейген кедей-кембагалдын бизге окшогон жетим-жесирдин күнү жок болучу. Окуу мындай турсун, сен айткан сборуң мындай турсун биз силердей кезекте өйдө карай алчу эмеспиз.

«Ай-ий, кандай болгон деги?» деген сезимде Динар чоң энени өтө аяп карады. Картаңдын жай кыймылын кылдат байкады, дирилдей, жумшак угулган үнүн талдап укту. Анан тоонун тентек желиңдей депилдеген эрке мүнөзүн коюп токтоо боло калды:

— Чоң эне, айтып берейинби?

— Айтагой, эркем,— деди чоң эне калыбында жай. Сенин айткандарыңды чоң энең тажабай угат.

Динар энтигип тез-тез сүйлөп сбор деген эмне экенин өзү

билгениндей чоң энесине түшүндүрдү. Анан бүгүнкү сбордо болгон окуяны баян этти.

— Ай-ий, чоң эне, билесизби? — деди Динар . — Сбор деген эң сонун болот!!

Чоң эне үнсүз башын ийкегиледи. Чоң эненин анткени Динарга «Билем, эркем, билем» дегендей туюлду. «Бүгүн биздин сборубуз өттү» деген сөздү башта Аскардын оозунан далай укса да, чоң эне аны анча таназар алычу эмес. Анткенн, Аскардын мүнөзү чоң кишиникиндей: ал токтоо, эстүү сүйлөйт. Аны чоң эне көп сүйлөткүсү келбейт. — Бала туруп чоң кишинин айтканын айтса, ичим тартынат. Бирөөнүн көзү тийип калабы, бирөөнүн сөзү тийип калабы деп чочуймун дечү чоң эне. Аскар айткан кепти анча кубаттай беричү эмес.

Аскар кээде чоң энени тамашалачу:

— Чоң эне, чачыңыздын агын киши көрсө көзү тиет. Жоолук менен башыңызды бек бууп коюңуз.

— Болуптур, күчүк,— дечү чоң эне анда. — Мени шылдыңдаба... А өзүң кишилердин көзүнчө көп сүйлөбөй жүр, уктуңбу?

— А эмне, мен ошончо эле бабыр бекем?

— Бабырсың! Сен бабыр түгүл, кыргыз угалек кептерди айтычу болдуң. «Жердин кырчоосу» дейсиң, «Түндүк уюл», «Ай балыгы», «Күн балыгы» деген бирдемелерди таап сүйлөчү болдуң. Андай дегендерди сенин чоң атаң угуп көргөн эмес...

Аскар күлүп, чоң эненин сөзүн бөлөт:

— Чоң атам, ай балыгы эмес, биздин карасуудан алабуганы кармап көрдү беле?

— Тигини, тигини,— дечү чоң эне, небересине ичинен ыраазы болгонун сездиргиси келбей. — Кантээр экен десе, эчак жердин алдына кеткен чоң атаңа сынтага баштадың го... Чоң атаң чын эле балык кармап көргөн эмес болучу. Ал киши балыкты «Суунун жылдызы. Тийбегиле, ыйык болот» деп айтычу.

Аскар күлүп:

— Э, чоң атамдын ошентип айтканын акылымдан сезет эмесминби...

— Омор абышка айткандай тек, күчүк,— дейт чоң эне Аскарга тап берип,— Тигини, акылымдан дейт тура. О, мурдунду урайын,

кучук. Уялбай айтканын көр. Сенден көрө эшиктеги ала мойнок Окжетпес эстүү. Чык!

Аскар коңгуроолуу күлкүсү менен үйдөн чыга жөнөп, чоң эненин көңүлүн ооруткусу келбейт. Чоң эненин жүрөгүн элжиреткен мээримдүү таасир калтырат.

Ал эми Динар тентек андай эмес. Кокус, алда эмнеден улам ачууланган чоң эне чыны менен урганы тап берсе да, Динар андан качмак тургай кайра эненин бутун кучактайт. Ошентсе, кээде небересин жазгаймын деп чоң эне өз тизесин муштап алат:

— Ка-ап, тентек! — Тизесин сыйпалап: Кичигирим муштасамчы... Тизем да какшап калды...

— И, кандай экен. Кандай экен! — дейт Динар чоң энени табалап. — Мени урмак белеңиз... Оорудубу, оорудубу?

Ошенткен Динар чон энени ой-бойго койбой оюна келгендерди сүйлөп, кээде энени тажата берет.

— Болду эми, тентек! — дейт тажаган чоң эне Динарга — Капкайдагыны сүйлөй берип кулагымдын кужурун алдың...

Сүйкүмдүү добуш менен коңгуроолуу күлкүсү куюлуша, капкара көздөрү ойноктоп бир жайда туралбаган Динар :

— А кулактын кужуру кандай болот, чоң эне? —

Эмне деп түшүндүрөрдү биле албаган чоң эне курчу кайтып бозомук тарткан көздөрүн күлүңдөтө карайт. Алда эмне айтчудай эриндери бүлкүлдөйт. — «Ай, ушул тыкылдаган тентек кызды кантсем. Кыпчуур менен тилинин учунан чымчытып чойсом канетет, ыя» — деген караш.

— Ну, айтсан, чоң эне. Кулактын кужуру эмне?

Терилери майда-майда бырышып, муундары көбүңкү тартып, учтары дайым калтыраган колдорун чоң эне салмак менен көтөрөт, эки алаканы менен тап эткизе сандарын чабат:

— Муну кантсем, ыя? — дейт, тажап, күлүп: — Кужур дегенди мен сага кантип түшүндүрөм, ыя?

— Кантип, кантип... Эми ушул кужур дегенди да билбейсизби. Өзүңүз айткан сөз го.

— Тигини, тигини. Бул кыз мени бир күндө үч маал сотточу болду... кужур деген мына минтип кулактын тынчын алганды айтат... — чоң эне эңкее калып Динардын кулагына «Чүчүү» лөп кыйкырат.

Тентек кыз мойнун жыйра, кулагын басат; шакылыктап тынымсыз күлөт.

— И! — дейт кошо күлгөн чоң эне—кулагың чуркурадыбы? Кужур деген ошол, тынбай бежирейсиң, миң түрдүү кептин башын сурайсың. Анан менин кулагымды да ушунтнп чурулдатасың... Эми түшүндүңбү, кужурдун эмне экенин?

— Жок, жок! — дейт, күлкү аралаш Динар !

Ошентип чоң эне менен кичинекей неберенин сүйлөшкөнү ич элжиреткен тамашага айланат.

4

Чоң энесине тез жетишке ашыккан Динар , бүгүн да үйгө уучуу ала кирди.

— Чоң эне! Э, чоң эне, бирдеме айтам билиңизчи...

Баятан сандыктын үстүндө уктап жаткан таргыл мышык табыштан ойгонду. «Те-ек, кыз. Акырын жүрсөңчү» дегенсип, уйкулуу көздөрүн үргүлөтө Динарга карады.

Азыр мышыкты байкоого Динардын чамасы да жок:

—Чоң эне, чоң эне. Бирдеме айтам билиңизчи? — Тентек кыз колундагы портфелдн сандыкты көздөй ыргытты. Мышык селт этип, курч азууларын арсыйтып оозун кере ачып эстенип койду. Анан катар-катар шакек салгандай темгил тартып түксүйгөн билектерин жалай баштады.

Көз айнегинин боолорун кулагына илип койгон чоң эне, «Анатомия» китебин барактап, сүрөт көрүп олтурган. (Бул, өгүнчөрөөк, Сабийра шаарга барганда, келечекте балдарыма керек болор деп сатып келген китеп болучу.) Бирок тунарык көрсөткөн айнектер ого бетер чоң ененин көзүнүн күчүн кемитип, ал көп сүрөттөрдү тааный албайт. Маселен — адамдын жүрөгүнүн сүрөтүн тиктей карап, тааный алган жок, эмнегедир аны балапан басып олтурган тоокко окшотту. Ийрилип бөлөк тартылган мөөндүн сүрөтүн көргөнүндө: — И, жыланга окшойт. Ог эле жоон экен, бака жуткан түгөтко? — деп койду.

Дагы бир топ барактарды ачып, бир бетке бою менен тартылган скелетти көргөндө чоң эне чочуп кеттп.

— Апей, ботом!.. Арка, мойну оркойгон неме го, өзү?

Китепти бирде алыстатып, бирде жакындата кармап, жакшы

көрө албаган соң адатынча оң көзүн жума калып сол айнектин жылчыгынан шыкаалап:

— Те-ек; кокуй.. Кабыргасы саналат да... Ушунчалык да арыктайт экен э?

Нак ушул секундда Динар кирди. Бардык назарын тигил скелетке бөлүп, өз алдынча кобураган чоң эне уу-чуу ала кирген небересинин дабышынан селт чочуду. Колунан китепти түшүрдү. Өзү бурула карады эле чоң эненин көздөрү көрүнбөй, тек жарыкка чагылышкан айнектери тептегерек болуп жалтырай түштү,

— Акырын жүрсөңчү, эркем... кичигирим чочусамчы, теги?

Эгерде, Динар чоң эненин сырын түшүнсө: «Сизди мен чочуткан жокмун. Өзүңүз, алдагы скелетти таанныбай коркуп олтурасыз» дейт беле? Бирок Динар ал сырын сезгени жок, тек адетинче ыргыштап, селтең этти:

— Коркпоңуз, чоң эне. Мен келдим. Эмне айтканы келдим. Билиңизчи?

Чоң эне жай сүйлөдү:

— Маа сабак бербейм деп айтканы келдиң. А мен өзүм эле окуп олтурамын...

— Жок, жок. Тапкан жоксуз! — деди тентек кыз.

Эми башымды катырат деп небересинен чочулаган чоң эне ишке берилип олтурган кишидей жогортон сүйлөдү:

— Болду Динар . Чуулдаба, эми?

Чоң энеден салкын сөз аз угуучу Динар азыр көздөрүн ирмегилеп, тим боло калды.

Ушунтип койбосом мазамды ала берет деп сактанган чоң эне атайы айтты:

— Чуулдаба! Сен сабак окуп олтурганда мен мышыкты үйдөн кууп чыгам. Өзүм бутумдун башы менен басып жүрөм. А мен китеп окуп олтурганда... Сен да тынч бол!

Аябай таңданган Динар көздөрүн бакырайта карады:

— Эй, чоң эне. Сиз да китеп окуй аласызбы?

— Сен эле окуй алам деп жүрдүң беле? — деди чоң эне, үнүн салмак менен таасирлүү угузуп, небересин ишендире сүйлөдү. — Кантээр экен деп койсо, маа мугалнм боло каласың... А сен окуган китепти мен окуй албайт бекем. Чоң эненин көздөрү саал күлүмсүрөй

түштү. Бирок аны тигил күңүрт көз айнектин көлөкөсүнөн Динар байкай албады. — Сен пионер болгонуңа мактанасың. А мен жакында партияга өтөм, билсең...

Динар ишенер-ишенбес сурап койду:

— А анкет толтурдуңузбу? Партияга өтчү киши анкет толтурат.

Өз кебине чоочуган чоң эне сыр бербеске тырышты:

— Тигини, мени дагы текшере баштадыңбы? Анкетти эмне кылам толтуруп... Өзүмдүн келиним парторг. Ал менин ким экенимди жакшы билет.

— Ооба,—дедн Динар ,— Сабийра апам, сиздин кайсы жылы туулганыңызды билбейт.

— Аны ким айта койду саа?

— Ооба, өзүңүз анткансыз...:

— Качан?

— Ал тургай, кайсы жылы туулганыңызды сиз өзүңүз да билалбайсыз...

— Тигини, тигини, оңбогур...— деди чоң эне күлүп жибере жаздап араң: — Кантип эле өзүмдүн туулган жылымды билбеймин...

—Ооба,— деди Динар — билбейсиз эле.

— Билем эле.

— Билсеңиз айтып бериңизчи, кана?

Чоң эне бир тынымдай небересине үнсүз карап турду да:

— Мен, илгери атамдын көк букасы карышкырды сүзгөн жылы туулгамын,— деди.

Же каршы болорду, же кубаттарды билалбай делдее калган Динар өзү да таң калып сурады.

— Көк бука карышкырды сүзгөн да жыл болобу, чоң эне?

— Болот, эркем,— деди чоң эне кебин улап: — Илгери кыргыздарда ошондой жылдар болучу... Раматылык сенин атаң короого кийик түшкөн кыш туулган...

— Ал короого кийик түшкөн жыл кандай, чон эне?

— Сенин атаң боюмда.. Найза бою кар жаап, тоонун кийиги жака талашты... Мойну узун кыштын түнү жылдай созулуп, кандайдыр муз жарылса, зоо жаңыргансыйт. — «Кары чилде ак сакалын сеңселтип суу түбүндө уктаган кези» дешип...

— «Кары чилде» деген кайда болот, чоң эне?

Небересин тиктей карап чоң эне, чилдени өзү туюнгандай баян этти:

— Жайдын толгон кезинде жай атасы келип, кырк күн аябай ысыйт. Аны кыргыз жай чилдеси дешет. Кыштын толгон кезинде кыш атасы келип, кырк күн чытырап аяз турат. Аны кыргыздар кыш чилдеси дешет.

— И, ал Аяз ата! — деди Динар .

— Ооба, от башында карылар кеп жөнөтүп, мелтиреген сонор карга сүйрөп теребелде ит-куш жортот...

— А ит-куш деген эмне, чоң эне?

— Сөздү бөлбөй кепти ук,— деди чон эне. Ит-куш деп кыргыз бөрүнү айтат..,

— А бөрү деген эмне, чоң эне? — деди Динар көздөрүн бакырайта таңдана.

Чон эне аргасыз күлүп койду:

— Ит-куш да, бөрү да — карышкырдын аты! Эмнелей бербей кепти ук, акмак. —Чоң эне кебездей жумшак колдору менен Динардын мурдун чымчып койду да, кебин улады. —Ошентип, аяз ата сакалын сеңселтип суу түбүнө түшкөн мойну узун кыш түнүндө толгоо келип, көз ирмеген жокмун. Таң аппак атып калган кезде бала көз жарды...

— А көз жарган кандай?

— Бала төрөлгөндү айтат... «Сүйүнчү! Уулдуу болупсуң, атасы» деген кабарды укканда, чоң атаң байкуш, кубанычына чыдай албай кочкор сойчумун деп короого чыкса, кепенин сырт жагына үйүлгөн чөптүн түбүнө жаныбарым тоо кийиги оттоп туруптур дечү... Ошентип, сенин атаң короого тоо кийиги түшкөн кыш төрөлгөн бала. Короомо кайып келиптир, уулумдун аты Кайыпбек болсун деп чоң атаң атаңа ат койгон болучу.

Эмне айтарын билбей таңданган Динар :

— Ай ээй, ошондой да болот экен э?

— Ооба, эркем — деди чоң эне — илгерки кыргыздардын жылы ошентип саналуучу.

Чоң кишидей салмак аттап каадалуу баскан Аскар китептерин столуна койду да токтолбой чоң энеге бурулду:

— Ну, бабушка, куттуктайм, сизди! — деп колун сунду.

Шашып кеткен чоң эне да:

— Куттуктаганы эмнеси, кучуктун? — деп Аскарды алдыртан карады.

— Куттуктайм! — деди Аскар чоң энени. —Эртең отряд боюнча биздин пионерлердин сбору болот. Сизди баяндамачы кылып көрсөттүк. Даярдана бериңиз!

Балким чоң эне Аскар тамашалап айтат деп капарына албайт беле? Бирок ишенимдүү айткан неберенин сөзү чоң энеге чындай угулду.

— Апей мен баяндама жасачу белем?

— Жасайсыз! — деди Аскар. —Жетимиш жылды бекер жашадыңызбы...

— Оюн десем, чындайт го күчүк...

— Пионерлер дайым чын сүйлөшөт — Аскар эки бүктөлгөн баракчаны чөнтөгүнөн алып, чоң энеге сунду. — Ишенбесеңиз мына, сизге чакыруу билети! Жакшылап даярданыңыз. Динар экөөбүздү уят кылбаңыз.

Чоң эне Аскардын колундагы билетти алды. Төрт бурчунда кызыл-жашыл кош сызыктар сызылып кичинекей кызыл желекче тартылып, бетине алда кандай сөздөр жазылган баракча чоң эненин колунда дирилдеди.

— Аскар, чоң энем партияга өтөм дейт! — деди Днинар.

— Билем! — деди Аскар эми гана күлүмсүрөп. — Ошон үчүн бул кишиге баяндама тапшырылды. Жакшы даярданыңыз, чоң эне. Бизди уят кылбаңыз!

— Эмне айтам, садага?

— Өз өмүрүңүздө эмнелерди көрдүңүз?

— Маа окшогон кемпирлер эмнени көрчү эле, секеттерим...

— Айтор, бизди уят кылбаңыз, чоң эне?

Аскардын кыймылы чоң энеге таасир этти. «Бул балдарымдын тамашасы болор?» деген ойдо чоң эне, бирде колундагы баракчага, бирде Динарына карады. Динар куду үркө турган улакча элейип:

— Чын, чын... чоң эне — деди кебин алда кимдер угуп койбосун дегенсип ал акырын сүйлөдү. — Жана, мен да ушуну айтайын деп келгем... Эртеңки сбордо мугалимдер да болушат. Сизди да, тигил ачуулу Омор абышканы да сүйлөтөбүз деп Сабыр таякем өзү айткан.

Эмне дээрге билалбаган чоң эне өз алдынча шыпшынды.

— Сизди пионерлер чакырганы рас, — деди Динар — Ишенбесеңиз, мына окуп берейинби?

Чон эне үнсүз башын ийкеди.

Динар колунан чакыруу билетин алып, анда жазылган сөздөрдү угуза окуду:

«Ардактуу чоң энебизге!

Эртең Фрунзе атындагы пионер отрядынын кезектеги сбору өтөт. Сбордо, Сталиндик сыйлыктын лауреаты, пионерлердин жакын досу Советтик академиктин бизге жазган каты окулат. Андан кийин ардактуу чоң энебиз бизге сөз айтып беришин күтөбүз.

Фрунзе атындагы отряд совети».

Аң-таң болгон чоң эне акырын Динар дан сурады:

— Мен өз өмүрүмдө эмне көрдүм эле, эркем?

— Билбейм, чоң эне,— деди Динар .

Башына эчтеме түшө бербесе да чоң эне ойлонгонсуп калды.

— Чоң эне,—деди Динар акырын: —Пионерлер Сизге саясыдан да суроо беришет. Анда кантесиз?

— Билбейм, садага...

— Ооба, биздин пионерлер кыйын. Саясы, чарба өнөктүктөрүн да сурашат.

— А сборуңарда кандай кептер айтылчу эле?

Ай-ий, чоң эне, билесизби? Биз өткөн жолку сбордо келгин куштардын кайда кыштарын билдик... Аны сиз айтып бераласызбы?

Жок, ботом... Келгиндер Меке жакка кетишет деп молдолор айтычу эле... А бөдөнөнү болсо, кумурсканын уюгуна кыштайт экен деп, чоң атамдын кеп салганын уккам. Илгери бирөө тоодон карагай сүйрөтүп келатса, карагайдын тумшугу карды дөмпөйткөн кумурсканын уюгун бузуп... бирдеме бырпылдаптыр. Отунчу атынан түшө калса, кардын астынан бузулган уюкта бөдөнө жатат дейт. Өлгөн го десе, тирүү экеи. Отунчу бөдөнөнү койнуна катып үйүнө келиптир. Кантип өлбөй жүрдү деп тумшугун ачса, кичинекей тилинин үстүндө кандайдыр бир чөп жүрүптүр дейт. Көрсө, ал мээр чөп экен. Бөдөнө ачка болбос үчүн мээр чөптү тиштеп, үшүбөс үчүн кумурсканын уюгуна кирип кыштай берет экен деп кеп салчу, чоң атам жарыктык.

Жай убак болсо, «А мээр чөп эмне?» деп сурар беле? Бирок

азыр чоң энем эртеңки сборго чейин саясатты билип алсачы деп кам көргөн Динар мээр чөптүн жөнүн сурай албады.

— Жок, чоң эне. Келгиндер жылуу жакка учуп кетишет,— деди Динар , өзү сбордо укканын чоң энесине баян этип,— маселен Каспий деңизинде бир булуң бар дейт. Кыш бою ал булуңдун жерин канаттуулар жердешет. Аларга мергенчилер да тийишпейт...

— Өкмөт тыюу салып койгон го?

— Ооба, чоң эне. Кокус, сизден пионерлер келгин куштар кайда кыштайт деп сурашса ушуну айтыңыз.

— Макул, эркем,— деди чоң эне. Анан өзү да тымызын сурап койду: — А биздин Ленин атабыз кайсы жылы туулган эле, Динар жан?

— Билем, чоң эне. —Динар кубанып кетти. — Биз аны сабактан окуганбыз. Улуу Ленин 1870-жылы, жыйырма экинчи апрелде, Симбирск калаасында туулган!

Жакшы түшүнө албай калган чоң эне:

— Апрель деген кайсы ай?

— Ай-ий, чон эне,— деп Динар чоң энени аянычтуу карады.

— Апрелди да билбейсизби?

Бир аз тартына түшкөн чоң эне:

— Кыргызча айдын аттары башка айтылат да,— деди. Динар таң калып сурады:

— Апрель кыргызча эмеспи?

Айткан сөзүмдө саясы жаңылыштык кетирип коёмбу деп сактанган чоң эне этиет сүйлөдү: — Биздин учурда апрель деп айтылчу эмес...

— Ай-ий, чоң эне. Ушул «Силердин учур» кызык экен теги,— деди Динар кейип. —Биздин учур, биздин учур дейсиздер. Анан баардыгын тең эле билбейсиздер. Эртеңки сборго чейин мен сизди окутайынчы, теги.

## АК СӨЗ

### 1

Уулу аскерге кетелегиндеги алып берген күрөң жибек көйнөгүн дайым кийген сайын чон эненин ийни «кубанып» көңүлүн сергектентип жиберүүчү. Анын үстүнө келини Сабийра, кемпирдин өз оюнда-

гыдай көйкөлтүп кең да, узун да бычып, кептүү, жарашыктуу тиккен. Ушул көйнөгүн кийген сайын уулун эсине түшүрүп, саал улутуна:

— Маңдайы жарык Кайыбым, жаныма күйүмдүү кайран балам — «Жаз, күз колхоздо майрам болгондо, эне, ушул көйнөктү кийип жүрүңүз» деген эле. Түн уйкусун, күн тынымын коюп: «Аз жылда биздин колхоздун гүлдөгөнүн көрөсүздөр!» дечү да жарыгым... Оңбогон жоо согуш баштап жибербедиби!

Көйнөгүн киерде, согуштан каза тапкан уулу Кайыпбекти эскерип жүрөгү тыз этип, суз тарта түшкөн чоң эненин өкүнүчү жазгы мөндүрдөй тез эриди.

Ак боркок тагынып жаңы өрүм чачын мала-кызыл жибек тасма менен учтап, көпөлөктөй делдектеп бир жерде тынч турбаган Динар чоң эненин колунан жетелеп ашыктырат:

— Ий, чон эне. Бат-бат эле чуркап кетпейби, теги.., Кечигип калабыз эми...

— Энтиктирбечи, эркем. Кокус жүрөгүм жарылып кетсе, бүгүн жыйында менин ордума ким сөз айтат.

Беттери тамылжыган чоң эне мектепке араң жетти. Ал киши терезенин тушунан өтө бергенде:

— Келатат!

— Келатат!—дешип чурулдаган үндөр кулагына шак угулду. Чоң эне эриксизден жалт карады. Кең класска жык толгон өспүрүмдөр жайнап көрүндү. Жүрөгү элжиреп, муундары бошой түштү.

Ал аңгычакты болбой Сеитова менен Нина Леонтьевна экөө утурлап чыгышты.

— Чоң эне, сизди пионерлер күтүп олтурушат! — деген Сеитованын сөзүнө удаа, Нина Леонтьевна да:

— Здравствуйте, бабушка! — деп чоң эненин сол жагынан колтуктай берди.

— Амансыңарбы, кагылайын кыздарым. Чакыртыпсыңар, келдим... Менден башка да карылар барбы, же мени эле чакырдыңарбы?

— Омор аке да келди!

— Кең коридорду ортолоп өткөн соң Сеитова чоң энени оң жактагы эшикке карай баштады:

— Бери жүрүңүз, эне. Директордун кабинетине кирип, бир аз дем алыңыз.

— Оо, кагылайын кыздарым. Береги тентек, ашыктырып, жүрөгүм туйлап чыкты.

Сеитова эшикти ача берди. Чоң эне көрүнгөндө Сабыр ордунан элпек тура калды да:

— О... келиңиз байбиче! — деп столду айланып утурлады. Сартбаев да ошол замат тамашасын токтотуп, чоң энеге жол бошотту. Бир Омордон башкалар орундарынан турушту.

— Те-ек, байиче,— деди Омор башка сөздү коюп. — Салмактуу экенсиң. Журттун барын күттүрдүң го?

Сабыр чоң эненин көңүлүн улап койду:

— Убакыт бар. Байбиче өз маалында келди...

— Байбиче, сизден тартиптүү экен. Айтылган убакытка төп келди! — деди Сартбаев.

Омор ага ормоё карады:

— Тек, Сартбайүп маалим. Эми мектебиңерге эрте келип берсе да, силердин тартипке жакпаган Оморду кантсек болот, ыя?

Аердегилер Омордун сөзүнө дуу күлүштү.

Дивандан орун алган соң чоң эне өзүнүн жумшак колун Омордун тизесине койду:

— Ооба, Омор. Биз жаштарга жакпайт окшойбуз. Сен болсоң көк союл көтөргөн чатактын кишиси элең. Мен болсом, көтөрмө эшип, жүн тыткан түйшүктүн кишиси элем... Көрсө, ошентип күл-ала болуп жүрүп биздин арым жарты болуп калган тура. — Чоң эне тигил өз ордуна кайра олтурган Сабырга бурулду.— Аскарым чакыруу билет деп кооз кагаз алып келди. Кечигебиз, тез чурка деп тентек кызым жетеледи. Айтор, мектепке кандай керегим тийди, биле албастан эле келип калдым, Сабыржан?

**2**

Чоң эненин суроосуна ошол замат жооп айтыштын ордуна Сабыр элпек козголуп, өзү атайы белендеп койгон «Огонёк» журналын алды.

Бир саамга кабинет ичи тымтырс.

Сабыр «Огонёкту» бир аз барактап, бир бетти толтурган портретке токтолду да, журналды эки карыга бирдей сунду:

— Байбиче, сиз да, Омор аке да. — Ушул сонун адам менен таанышыңыздар. Анан, мектепке сиздерди чакыргандык жөнүндө сөз башталат!

— Э, тек, Сабыржан? — деди Омор. — Сен бизге дагы кандай казатыңды баштамак болдун, ыя?

Ошол сөзү менен Омор шадылуу колдорун созуп журналды коомай кармады.

— Мунуң кайсы китеп? — деди чоң эне. — Барактары ого эле чоң-чоң экен, «Манас китеби» эмеспи?

Чоң эненин суроосуна мугалимдер күлүшпөдү.

— Жок, байбиче, бул «Манас китеби» эмес,— деди Сабыр.

— Баса, «Манас китеби» чыгат дешчү эле. Качан чыгат?

— Э, байбиче,— муруттарын түксүйтүп Омор журналдын бетин сөөмөйү менен түртүп койду. — Чыгалек «Манас китепти» коё туруп, колго тийген талаш китептин жөнүн түшүнөлүчү...

— Анчейин сурадым да,— деп чоң эне шыпшынды.

— Эй, Сабыржан, мунуң, Солтонун тилиндеби, же саяктын тилиндеби?

Омордун суроосуна Сартбаев бырс күлдү.

— Тек, Сартбайүп маалим, сен эмне күлөсүң?

— Э анан сиз күлгөндөй сөз айтып жатасыз да. Солтонун тили менен да, саяктын тили менен да китеп чыгалек.

— Анан кайсы тилде чыгып жүрөт?

— Кыргыз тилинде, орус тилинде, башка тилдерде.

Омор тизесинин үстүндө жазыла жаткан «Огонёк» тун бетине сөөмөйүн тып сайып көрсөттү:

— А бу китебиңер кайсы тилде?

— Бул орус тилинде,— деди Сабыр.

Омордун сүрдүү тиктеген көздөрү күлүндөй түштү: —

— Бале-е; «Огонёк» тун барагын силкип-силкип. — Көрчү, чыгарган китебинин бир барагы бир түндүк жабуудай! Тигил чоң Пурунзанын өзүнөн чыгарылатко?

— Жок, Омор аке, колуңуздагы журнал. Ал Москвадан чыгат.

Сабырга Омор түксүйө карады:

— Те-ек, Сабыржан. —«Сокур таукка бэри бийдай» деп казакем айткандай, журналың да, мурналың да Омор үчүн баары китеп!

— Омор экөөбүз кэзде, ушул «Күрпүлдөктүн» тилин түшүнө албайбыз. А бу «Огунегиң» дин эмнесин түшүнөт деп бизге бердиң, Сабыржан? — деди чоң эне.

Сабыр журналдын бир бетин бүт ээлеген портретке көрсөтүп айтты:

— Алдагы сүрөттөгү адам менен таанышыңыздар.

«Э бул ким экен?» деген кишиче Омор саал чалкалай берип, портретке тереңден карады. Кайраттуу ирени сур тартып эки каштын ортосу жылга, жылга. Адамды жалтанта тиктечү өткүр көздөрү курчунан тайыганыбы же анчейин адетиби? Айтор, Омор портретке кадалып терең тиктейт. Омордун ар кыймылын кылдат байкап шүк олтурган Нина Леонтьевна: «Ах,— деди ичинен: — кайраттуу, дед! Кайраттуу дед! Эгерде окуп, дүйнөнү көзү таныган болсо, мекен үчүн балким зор милдет аткарган болот эле го, бул адам да».

Чоң эне теңтуш карыга тике карап, тамашалай сүйлөдү:

— Ой, Омор, сен эмне алдагы сүрөткө урушчудай карайсың, ыя. Жеке сени көрсүн дегени жок Сабыржан, мени да көрсүн деди. Кана, бери жылдыр!

Көздөрү саал күлүңдөй түштү да Омор кары:

— Те-ек!— деди жай. —Омор сүрөт менен мушташкандай тетиги Мукаштын мурутунча чоң казан бозону шимирип келгени жок бул жерге.

Чоң эне тамашасын улады:

— Баса көк союлуң колунда көрүнбөйт.

Омор сылык сурады:

— Те-ек, бу ким деген болуп кетти, ыя?

— Ал академик! — деди Сабыр,

Чоң эне кубанып кетти.

— Э-э... академик деген киши ушул беле?

— Ооба, байбиче. Адамдын жыргалы үчүн кызмат кылган киши!

— Теги, өзү кайсы шаарда турат!

— Москвада!

Чоң эне аябай таңданып сурады:

— Ботом... Жанакы менин акмак Аскарым «академик, академик» деп калат. Көрсө ушул киши тура. Тигил менин акмагым бул киши менен кантип таанышты, ыя?

— Аны азыр түшүнөсүз, байбиче! — деди Сабыр. — Убакыт болуп калды. Класска баралы!

## 3

Чоң энеден жарым кадам озунуп баскан Омор эшик алдына келгенде кийиндей берди:

— Те-ек! Бу класс дегениңерге уруксатсыз кирсе, маалимиңер капа болот окшойт. Сабыржан, өзүң баштачы!

— Жүрө бериңиз, Омор аке. — Сабыр эшикти ачты:— Кире бериңиздер!

— Мен турганда Оморго жол кайда. Артымдан жүрсүн! —деди чоң эне.

Сабыр баштап чоң эне менен Омор киришкенде, кең класс жык толгон пионерлер дүр ордундарынан турушту. Кабарсыз аяк астынан бөдөнө учурган адам сыңарында чоң эненин жүрөгү бегирээк сокту. Өмүрүнүн көбү оор түйшүк, учсуз санаада өткөн картаңга азыркы тыным түшүндө көргөн сонун элестей сезилди.

Кең эмес бөлмө кулпуруп көрүндү.

— Саламатсыздарбы?

— Саламатсыздарбы?

Чон эненин көздөрүнө жаш келе түштү да, Сабырдын сөзүн улады:

— Олтургула, эрмектерим!

Чон эне «эрмегим» деп небереси Днnарды гана айтычу. Азыр, бүт пионерлерди айтты.

Чоң энеден бетер толкундай түшкөн Омор:

— Те-ек! — деп башка сөз айталбады. Дайым сүрдүү угулуучу үнү азыр каңырыгы түтөй түшкөн кишиникнндей толкун ыргагы менен жумшак чыкты.

— Тек, акмактар... тек...

— Ардактуу пионерлер!— Чоң кишилерге айткандай Сабыр кебин салмактуу баштады: — Бүгүнкү сборубузга урматту чоң эне жана Омор аке келишти...

Нина Леонтьевна баштап, мугалимдер да, пионерлер да дуу алакан чабышты. Пионер бөлмөсү кадимки ак зоодой жаңырды. Жүрөгү элжиреп эрип олтурган чоң эне жан-жанындагы мугалимдерге карап алды да, шыпшынып, кебездей жумшак алакандарын «тап-тып» чапкыласа анын алсыз дабышы, селдей толкуган күчтүү жаңырыкка житти. «А, арман... Биздин өмүр талаага кеткен тура» деп өкүнүч

айттыбы, же жайнаган пионерлерге өз ичинен жалынабы? Айтор чоң эненин эриндери бүлкүлдөп, кат-кат бырыш алган маңдайында эски муң-зардын көлөкөсү турду. Ак чалган саамайы тал-тал дирилдеди.

Эмне иштерин билбей калган Омор:

— Те-ек, акмактар... көрчү, балдардын колдору кандай күчтүү: дүйнөнү жаңыртат! — деп өзү таягынын учу менен тактайды тык-тык ургулады.

Алакандардын жаңырыгын Сабырдын сөзү токтотту:

— Академик Константин Владимировичтин биздин пионерлерге жазган катын азыр Аскар окуйт. Андан кийин бүгүнкү ардактуу меймандарыбыз чоң эне менен Омор аке көргөн-билгендеринен бизге сүйлөп беришет!

4

Кең бөлмө, чымын учса угулгандай жымжырт. Жалгыз гана кат окуган Аскардын коңгуроолуу үнү жаңырык чыгарат. Ал ак көйнөк, кара шым кийген. Пионердин жагоосу жалындын учундай малакызыл. Колундагы кагаздын бурчтары саал дирилдегенсийт. Эки элиге жакын узарган коңур чачтары дүпүйүп учтары жылтырайт. А катты жатка окуган сыяктуу кээде башын өйдө ийкеп, сөздөрдү так эркин айткан сайын, анын тегерек тарткан толук бети тамылжып, нурдуу. — «Кой, күчүк... Сен баласың, көп сүйлөбөй жүр!» — деп айтычу чоң эне кат окуган небересинин оозунан көзүн албады. Аскар, бүгүн эр жеткенсип — дыкан, чыйрак көрүндү. Жаңырык чыгарган коңгуроолуу тунук үнүнө чоң эненин жүрөгү элжиреди. — «О, күчүк, ушунча балага кат окуп турат, э» — дегениби, кез-кез өз алдынча жумшак эриндерин «шып» эттирип шыпшына олтуруп чоң эне окулган каттан буларды туюнду:

«...Кымбаттуу менин балдарым. Катыңарды окуганымда чын жүрөгүмдөн кубанып олтурдум. Мен илимий ийгиликтерге кантип жетиштим. Аны силердин билгиңер келет. Ооба, силерге кызыктуу жана түшүнүктүү болуш үчүн бул аңгемени баян этейин: мен Россиянын жупуну гана бир кыштагында төрөлгөм. Атам селолук мектепте сабак берүчү. Өз энем эрте өлүп, мен чоң энемдин колунда калдым. Ал киши кат таанычу эмес (илгери, илим алууга орус аялдарына да мектеп эшиги ачылбаган) бирок менин чоң энем орус элинин эски жомокторун көп биличү. Өзү жип ийрип отуруп же мени жанына

алып огород ишин иштеп жүрүп сонун-сонун жомокторду айта турган. Мен чоң энемдин жомогун уккандан чарчачу эмесмин. Көп учурда, курсагым ачса да тамакты унутчумун. Кээде уйкум келсе да, чоң энемдин салмак менен кызыктуу угулган коңур үнү уйкумду ачып жиберчү. Мен «ал эмнелеп» чоң энемдин кебин бөлчү эмесмин. Ал киши улам жаңы жомогун баштаса, аны тынч олтуруп угуучумун. Чоң энем коркунучтуу жомокторду мага эч айтычу эмес... Кийин ойлонсом чоң энемдин мага айткан жомоктору элдин санаасынан төрөлгөн сонун кыялдар экен. Мен ал жомокторду укканымдан кийин көп нерселерге кызыга турган болдум... «Эч чарчабас атка минип алыс жакка саякатка барсам. Мен барган жерлерде адамды оорудан сактай турган сонун гүлдүү чөптөр өссө; жаңы-жаңы тоолорду тапсам, ал тоолордун арасында адам баласынын турмушуна керектүү кендери болсо; калың токойдон өтүп, атымды тунук сууга сугарсам; анан мен минген атка канат жаралса; сонун жомокторду айтып берген чоң энемди атымдын канатына кондуруп, өзүм тапкан кендүү тоого алып барсам, чоң энем ошол жаңы тоону көргөндө дагы кызык-кызык жомокторду айта берсе, эх!»

Чон энем сүйлөп берген жомоктордон улам менин ой-сезимимди ушундай сонун-сонун кыялдар бөлүчү.

— Ну, сынок! — деди атам, бир күнү чоң энем болуп (ал киши абдан карып калган кези) биз түшкү тамакка жаңы олтурганбыз. — Окууну улантасыңбы, же атаңа жардамчы болосуңбу?

Мен эмнегедир ошол замат жооп бералбадым.

Кашыгына сузуп алган борщту ууртап, салфетка менен жумшак эриндерин акырын-акырын сүртүндү да чоң энем күлүп койду:

— Биздин Константин чоң окумуштуу болсом деп самайт.

Атам көңүлсүз гана:

— Дай, бог... — деп койду.

Чоң энемдин сөзүнө атамдын көңүлсүз жооп бериши менин намысымды чакырды.

— Мен өлгөнчө илимден ажырабайм,— дедим атама. Өзүм да билбейм, ашыгып сүйлөдүм. — Санкт-Петербургга жибериш үчүн мага далалатыңызды эч аябаңыз, ата!

Атам эмнегеднр оор тамшанды да, оюн ачык айтпады.

Мен өз оюма бекем турдум: ошол жылы өзүм туулуп өскөн

кыштакты калтырып, Россиянын борбору — Санкт Петербургга кеттим.

Каттын ушул сөздөрү окулганда, канетсе да бир кездери өз уулун окууга жөнөткөнү эсине түштүбү, чон эне да өз алдынча шыпшынды.

Аскар жөтөлгөнсүп, үнүн жасап койду да, кат окууну уланта берди:

«Кымбаттуу балдарым,—деп уланды кат. —Мен Улуу Октябрь революциясына чейин окумуштуу деген наамга жетише алсам да, илим менен тең кадамдашууга шарт болбой калды. Акылдын чагылганынан төрөлгөн улуу Ленин жер жүзүн каптаган караңгылыкты жара сүрдү. Дүйнөдө биринчи социалисттик өлкө жаралды. Лениндик жарык жолу менен кеменгер Сталин совет кишилерин жеңиштерге баштады. — Нак ушул Советтик улуу доордо гана илимден калышпай кең кадам коюуга мага шарт берилди. «Дүйнөнүн оң тарабына жарыгын сээп, жанжаныбарга нур берип турат» деп чоң энем жомоктогу кеменгердин элесин айтычу. Бала кезден ал элес менин сезимимди курчутту... Өткөн заманда эмгекчил кишилер жер жүзүнө теңдик келтиричү кеменгерлерди самашчу. —Мына бүгүн, улуу Лениндин иши — дүйнөнүн оң тарабына жарыгын сээп, өчпөс нур берди! Илимде, эмгекте зор-зор жеңиштерге бизди Ленин нуру шыктандырат!

Кадырлуу балдарым, силер мага катты: «Алыскы Тияншандан» деп жазыпсыңар. Рас, мындаи жүз эле жыл мурда, азыр силер жашаган тоонун сыры илимге белгисиз болучу. Европалыктар ал жакты өтө коркунучтуу болжошкон. Кээси ал жакта — «От бүрккөн жанар тоолор бар» дешсе, кээ бирлер — «Ташты жердеген жапайы адамдар бар» дешчү...»

— Ге-ек! Чын сөз го! — деди Омор бет алды.

Омордун ушул сөзүнөн кийин кат мындайча уланды: «Улуу Ленин — Оку, оку, жана оку деп осуят айткан. Ушул осуятты толук өтөө азыр силердин эркиңерде. Социалисттик талааны гүлдөткөн агрономдор да, багбандар да, аскалуу тоонун сырын ачкан инженерлер да, геологдор да, советтик кишини илдеттен сактачу врачтар да, айтор коммунисттик коомду куруучу сонун кишилер силердин катардан өсөт. Окуй бергиле, окуй бергиле! Илим менен эрте жаздай өмүрдү гүлдөткүлө!».

## 5

«..Эрте жаздай өмүрдү гүлдөткүлө!» — деди ээ «Те-ек, сөз эмес бекен, э!» — Өз билгенине бек турган бир мүнөздүү кары оюн угуза айталбады...

Чоң энеге сөздү биринчи берсемби деген Сабыр, азыр алда эмнеге таасирленип олтурган Оморго кайрылды:

— Сөз сизге берилди, Омор аке?

—Тек,— деди Омор таягын «түк» эткизип. —Баяндама жасап көргөн киши эмесмин.

— Көргөн, билгениңизден эстелик сүйлөп бериңиз? — деди Сабыр.

— Те-ек, Сабыржан! — кексе кары Сабырга бүркүтчө карады. — Сен сүйлөсөң баяндама, тетиги Мерген сүйлөсө баяндама. А көздөрү чолпондой жайнаган жалаң гүлдөгөн пионерлерге Омор сөз айтса, тек «эстелик — көргөн билген жай сөз» боло калат экен го?!

— Э, ант урган Омор, баяндама жасап көргөн жан эмесмин деп эми эле өзүң айтпадыңбы,— деди чоң эне.

— Ооба, өзүм айттым,— деди Омор. — А өзүм айтсам эле менин сөзүм баяндамага кошулбай калабы?

— Кошулат, Омор аке,— деди Сабыр токтоо,— докладчы десем чочуп кетеби дедим, сизди.

— Тек! Чочуй тургаи кишини тапкан экенсиң! — Омор ордунан турары менен кебин жөнөттү. — Э, кагылайын балдарым! Силердин Омор акеңер эчтемеден чочубайт. Ошону билип койгула! — Омордун кайраттуу бийик үнү а дегенде эле пионерлерди өзүнө тартты. — Мен тез чочуган кишини коркок деймин. А коркок кишинин жүрөгү да, чапкан союлу да, айткан кеби да коркок болот. Тетиги башкарма Мерген баяндама сүйлөсө, «мисалга» деп калат. Айткан кебим супсак болбосун баяндамамды мен да мисалсыз баштабайын...

Терезе жактан Орусбектнн үнү чыкты:

— Те-ек, сиздин мисалды уккубуз келет, жолдош Карабашев!

Бирок Орусбектин үнүнө күлгөндөр болбоду. Бир катар пионерлер ага: «Ай, уятсыз, өз атасына да ошентнп айтат бекен?» дегендей үнсүз караштьг. Кулагына чейин кызара түшкөн Орусбек ошол замат тим болду.

Омор укмаксанга салып өз кебин улады:

— Ооба, кагылайын неберелерим! Илгери силердей бала кезимден баштап жүрөгүм да, сөзүм да, союлум да эч-эчтемеден жалтанган эмес!

Жүрөгүмдүн коркпогонун айтайын: не он бирде, не он экидемин. Үйдүн көлөкөсүндө жылаңач жатып уктап калыпмын. Бир кезде уйку-соонун ортосунда мемиреп жатсам боорум муздайт. «Кокуйлаган» энемдин үнү угулат. Көзүмдү ачсам, энем маа эки саржан келбей безеленип турат: — «Кокуй, Омор, түк кыймылдаба! Боорунда жылан жатат, чагып алат» — Энемдин корккону маа тамашадай угулду. Ошол замат атам айтычу Жаманкара баатырдын жыландын башын керте тиштеген жоругу эсиме түштү. Атаганат, ушул жылан төшүмө карай сойлосо, Жаманкара баатырча оозумду ача берсем, э деп бир аз козголбой жаттым. Бирок, «Демиңди алба!» деген энемдин корккотугу ачуумду келтирди. —Боору менен жылган жыландан эркин баскан адам коркучу беле, эне! — дедим да мышыкча илгичтик менен жыланды шилиден чымчыдым. Тырмактарым болот чымчуурдай карыша түшкөн экен, билегиме оролгон кайран кара чаардын куйругу баатырдын камчысынын учундай титиреп, титиреп турду!

Журөгүмдүн коркпогонуна ушул тамсил!

— Экинчи тамсилим,— деди Омор үнүн атайын жоон чыгарып. — Не, жыгырма, не жыгырма бирдеги курагым, Биздин айыл өз атанын баласы, кадимки Айдар манапка курама өңдүү. —«Э, Айдардан көрдүк, же малга, же башка ээ кылбады»,— дешип карыларыбыз Айдарга угузбай алдыртан наалышат. Бири ачык бет бакбайт.

— Эй, атаганат, союлду көтөрө чапсак эле Айдарга тең болбойбузбу! — деп мен намыстанам. Бир жай аптап кайнап жерди какшытып жиберди. Биздин айыл анча-мынча эгин салса, күйүп баратат. Эгинди сугарбасак болбойт деп жапырт сугатка чыкканбыз... Шашке болбой суубуз соолуп калды. Өстөндүн башына киши чаптырсак, кишибиз оозун канга жуудуруп өкүрүп келди.

— Суунун башында Айдардын жигиттери жүрүшөт. «Байбиченин эрке уулу тирүү балык кармап бергиле деп үч күндөн бери үнүн баса элек... Биз балык кармай албай жүрсөк, томаяктар, силер эгин сугармак белеңер» деп тентек жигити оозумду кандады. «Өздөрү сайды какшытып сууну теңирден тескери калмак арыкка буруп жиберишиптир».

— «Э Айдардан амир болсо, аргабыз канча, эрке уулга балык кармалсын. Биз андан кийин да сугарабыз» — деди сугатчылардын сакалдуусу. Башкалар үнсүз кумсарып турушту. Ошондо кайран өзүм ачуумдун келгенинен тоо-таш көзүмө көрүнбөй, кулагым «чур» этти.

— Айдарга кошулуп, Азирети-Аалысы келсин... Эгин күйүп баратса, эртеңкиге күтө албайм дедим да, аркандагы атыма тердик салбай ыргып миндим...

«Эй, койсоңчу! Акташтын бороону менен кармашкан Айдарга ким чак келет!» — дешти ар ким.

Бул сөз кулагыма чымын ызылдагандай да угулган жок, Күрөгүмдү туура өңөрүп жөнөп кеттим...

Омордун ушул сөзүнөн кийин бөлмө ичи козголо түштү.

— Ооба, кагылайын, неберелерим! —Омор үнүн көтөрө чыгарды. — Өстөндүн бууганына кандай жеткенимди билбедим. Аттан ыргып түшүп сууну кайра өстөнгө салып жатсам, жигиттердин бири чыйылдап жетти: — Кан ууртгай элегинде кайра бур!—деп буйруду. Карасам, келген жигит Желкикара дешчү Айдардын кошоматчысы экен. Те, маа буйрук кылган кишидей кишиси болсочу. Ачуум шакардай кайнап:

— Те-ек! деп илбирстей бир каргыган экем. Ат үстүндө чыкчырылган Желкикара карасам тумактан жеңил колумда жүрөт, күлүп жибердим... Те-ек, неберелерим, нак ошол күндөн ушул күнгө мен да ушул «тек» деген сөзүмдү таштабай келатам...

Омор корс-корс күлдү да:

— Э, неберелернм, баяндамамды кыскартайын жанагы Желкикараны өз чылбыры менен эки колун аркасына тырыштыра байладым да, өстөндүн бууганына чым ордуна туура таштап, башына таш жаздадым... О, күчүк, байыңа барып датыңды айтарсың, мени жамандаарсың. А чейин биз эгинди сугара туралы. Сен сууну богоп жата тур деп күрөккө таянып Желкикараны айрөктөп турдум...

Омордун как ушул сөзүнө пионерлер дуу күлүштү.

— Ал аңгыча болгон жок! —деди Омор ошондогу окуя азыр да көзүнө көрүнүп тургансып берендей коңкоюп терезеден алыс карай берди да... —дагы эки жиғити чымын-куюн жетип келишти... Бирок келерин келишти да, тигил бууганда чым ордуна көөлгүп жаткан Желкикараны көрүшүп токтой калышты.

Мен да оозумдан кеп чыгарбай тек турдум.

— «Эй, ит!» — деди жигиттерднн бири, камчысын сундуруп тигил Желкикарага көрсөттү. — «Тигини эмне кылып таштагансың? Айдар акенин кишилери сага чым ордуна суу буруп калган экен го?!»

— Ооба, ит! — дедим мен да,— Азыр Айдар акендин өзүн алып кел... Ушуну көрөт!

— «Тоба, айтканын көр ой» — деди бири.

— «Тигини, камырап койсочу» — деди экинчиси.

— Тек, жуундукорлор, үнүңөрдү баскыла! Азыр экөөң тең кулак богойсуңор!—дедим мен... Тамсилимди ада кылып айтарым: ошол жолу Айдардын улуу уулу баштаган он беш кишиси менин бир бөрүгүмдүн алдында жорголошту...

Ушинтип, жадаса, Айдардай жаяндан менин таягым жалтанбаган.

— Те-ек, кагылайын неберелерим,— деди Омор,— баяндаманы бүтүрөйүнбү, бүтүрбөйүнбү?

Пионерлер чурулдашты:

— Бүтүрбөңүз, Омор аке!

— Эң кызык экен!

— Тек! эмесе, мен үчүнчү тамсилимди баштадым...

— Баштаңыз...

— Баштаңыз...

Көп узабай мени бийге чакыртты. Мен бий алдына келдим. Кымкап чепкенди кесирдүү жамынып Айдар, сакалын ушалап молдо, ошентишип ар кимге бирден карап бий, алардын катарында казандай кара бөрк ырган, жорудай дагдыя үч-төрт манап, бай олтурушту...

Башкасын тизмектеп олтурбайын, кагылайын неберелерим. Бий, Айдарга комдоно карады.

— «Бегим, дооңду угалы!» — деди.

Кесирдүү Айдар санын аткып, мен жакка кабак түйдү.

— «Береги тентек менин төбөмдө ойноду. Бийим, тендик кыл, канын ичейин!» — деди.

— Те-ек! — дедим мен ошондо Айдардын доосуна, анан бийге бурулдум. — Э, таксыр бийим, баш кесмек бар, тил кесмек жок. Айдардын доосуна жооп айтайын, руксат этиңиз? — дедим.

— «Э жообуңду айт!» — деп бий ордунан козголуп койду.

— Ачуунузду келтирбей, адилет текшериңиз, анан айтам! — дедим.

— «Э, бийдин адилетсиздигин качан көрдүң эле?»— деди бий.

— Өзүм бий алдына биринчи келишим. Келгендер, бий адилетти билбейт деп айтышат... — деп алдыртан бийге карадым. Анын бүкүр мурдунун үстү «күлүндөгөн» кучүктүкүндөй бырыша түштү. Үнү көтөрүңкү чыкты:

— «Сен бекке жооп айтасыңбы, же бийди текшересиңби?!».

— Айып этпеңиз бийим. Азыр, Айдар мени төбөмдө ойнойт деди. Ушул сөзүнүн калпы-чынын адилет бий өзүңүз текшериңиз: Айдар суусар бөрктү алсын, сиз анын чачтарын ачып төбөсүн караңыз. Төбөсүндө ойногон мен Омор бекем, же курт бекен?.. (Менин минтнп айткан себебим, Айдарды төбө таз деп угучумун).

— «А-а-й-т!!» — деп турган Айдар кынынан шамшарын издеди.

— Те-ек! Кыйкырба! Бул жерде токолуң жок. Мен Омормун! — дедим... Ал жолу адилетсиз бий «Бекке тил тийгизди» деп маа тогуз айып ойлоду. Бирок, анын оюнан менин сөзүм баатыр болду!

Омордун нак ушул сөзүнө пионерлер дуу-дуу алакан чапкылашса, кең бөлмө ак зоодой жаңырды.

— Те-ек! Колунарды чеберден чапкыла, акмактар! — деди Омор жаңырыкка аралаш кебин улады. —Азыр тамсилим бүтө элек!

Пионер бөлмөсү токтоо суудай мемиреп мелтиреди. Омор сөзүн уланта берди:

— Маселен жана Аскар балам академигиңердин сөздөрүн окуду. Мен башкасына сынчы боло албайм. «Те-ек» деп ойлонуп карадым. Те алда кайдагы орус, эрте жаздай өмүрдү гүлдөткүлө деп кыргыздын балдарына кеңеш кошту, ошолордун биринде менин уулум бар. Өз атасы болуп туруп ушул күнгө уулума ошончо акыл айталбапмын... Ойлоп, ойлоп алысты жуук, эл-журтту дос кылган ушу биздин өкмөттүн илимине чын пейлимде раазы болдум! Башта окуу, ачендик болчу кишиге эле керекко дечү элем. Керсө ачендик мындай турсун биздин колхоздун кеп козуларын ич өткөктөн сактаганда мал доктурдун окуусу болду! Ушундай деп мени Сабыр үгүттөбөдү. Турмуш өзү баян этти. Окусаң, ачендик болуп кел. Ачендик болбосоң, өкмөттүн ак данын бекер жебе дечү элем. Жылдыздай жайнаган кагылайын неберелерим, азыр силердин көз

алдыңарда мен ушул жаңылыш айтып жүргөн сөзүмдү кайра аламын! Так ушул мөөнөттөн баштап ал сөздү мени айтты деп эсептебегиле!

Сабыр баштап пионерлер алакан чабышты...

— Ооба, жаңылыш сөзүмдү мен кайра алдым! — деди Омор. Эч убакта бүгүлбөгөн кексе кары азыр ошентип айтты. Шампандын көбүгү тийгенсип кеңилжээри кычыша түшүп тереңге тиктеген өткүр көзү жаш чайыды. Ушундай күчтүү сезимге багынганы өмүрүндө биринчидир? Каңырыгы түтөп картаңдын үнү бек чыкты:

— Азыр эки дүйнөнү башымдан өткөргөнүмдү сездим. Бул — бир! Бала эки түрлүү болуп чоңойгонун түшүндүм. Бул — эки!

Баарыңар бирдей мени сыйладыңар: айткан сөзүмдү бир кишидей тынч олтуруп уктуңар... Жалгыз гана, береги терезе түбүндө олтурган өз уулумдун үнү угулат. Үйдө болсо, ал он бештей кеп айтат беле? Бул жерде ар кимиң бир карап, анын жаагын жап кылдыңар.

Зоо боорунда куурап турган арчадай бүгүлбөгөн ата маа да, береги чээнден чыккан тентек уулга да тарбия таалим берген маалимдерге ракмат! Таңкы чолпондой көздөрүңөр балбылдайт. Пионерлер силерге ракмат! Эс тарткандан баатырлыкты жактаган адам элем. Бале! Илим, адамды балбан өстүрөт экен. Мен силерге эми гана багындым.

Жанагы академик аке айткандай: илим менен эрте жаздай өмүрдү гүлдөткүлө, чырактарым!

**6**

«Чырактарым» деген Омордун жылуу сөзү чоң эненин сөөгүн эритти;

— Ушинтсең сен да... Өмүр бою «тек» деп кежирлене бербей, ыкка көнсөң эми...

Тынчтык боло калганга, кең бөлмө мемирей түштү. Баарынча таза кийинип сбордо олтурган пионерлер бир үйдүн бүлөсүндөй. Тигил биринчи катарда олтурган кичинекей небереси Динар :

«Эми чоң энем эмне айтаар экен? Сөзүнөн жаңылбагай эле?» деп артыкча санаа тарткансып көзүн албай делдейип олтурганда, чоң энеге сөз берилди.

— Кагылайын эрмектерим!—деп чоң эне ордунан жай туруп, акырын сүйлөдү. Саал дирилдеп чыккан үнү жумшак угулду. Бизди

уят кылбаңыз. Пионерлер, саясаттан сураса кантесиз? — деп айткандары эсине түштүбү, айтор азыр Динар ына көз түшүргөнсүдү. —«Ай-ий, чон эне, бат-бат, бек-бек сүйлөсөңүз» деп ашыгабы? Айтор, ушул тынымдагы Динар жүрөгүнүн «дүк-дүк» урушу жанындагы Сыргага шашпай угулар беле? Бирок, Сырга да Динардан бетер чоң эненин оозунан көзүн албай тыптынч.

Коолап чыккан шибердин астынан жалгыз талдан чырпык суургандай чоң эне алда качанкы түнөргөн окуяны бирден санады.

— Биздин балалык жупуну, жайдак турмушта өткөн. Кыштын күнү коктунун карын күрөп, боз үй тикчү кыргыздын мектеп дегенди азы билчү, анда...

Чоң эненин жашы кылгырып, үнү муңканып чыкты:

— Кээде эсептеп олтуруп биздин тукумду отузга жеткизем. Азыр ойлонсом, отузубуздан туура он жети бөөдө өлүм болушуптур. Туулгандан кийин өлбөй коймок беле? Өлөт. Бирок тилегин ашыралбай арманда эрте кеткен өкүнүчтүү. Мен ошолорду айтам. Наадандыктын кесепетинен кыргыздын тукуму жанагы отоо баскан апийимдей кылмая өсүчү... Ар түрдүү илдет артыкча балдардын өмүрүн кесчү. Энелерин күйүткө салчу...

— Мен да бир тамсил айтайын,— деди чоң эне алда эмнени эсине түшүргөнсүп ак аралаган саамай чачын сылады. Колдорунун учтары болор-болбос калтырап, кардыккан үнү муңдуурак угулду: — Биздин элде Чоро дегендин аялы туура он тогуздун энеси болду. Он уулу, тогузу кыз. Алар аман чоңоюшса, өздөрүнчө чоң айыл журт болмок. Илгерки жайдак, жүдөө турмуш артыкча Чоронун сөөгүн какшатты. Жазгы туруун улуу тумоо жүрдү. Бир күндө Чоро үйүнөн экиден сөөк чыгарды. Мен билгенден Чолпон деген кызы жети жашынан уз чыкты: кестелеп сайган саймасын айылдын чебер келиндери мактай баштаган кезде Чолпонду улуу тумоо жыкты. Ошол кызы жерге көмүлгөн күндөн энеси шордуу ичкен ашын сезбей эсинен ажырады...

Азыр ойлосом, ал кезде да адамды илдеттен сактаган доктурлар болсо, балким Чоро байкуштун Чолпону өмүрлүү болот беле? Көөр төгүлгөн колунан эчен сонун сайма, эчен сонун чебер иштер жаралат эле... Менин ырысым: көп жашап калыпмын, ушул заманды көрдүм. Кыргыз айлы отурукташты. Мектеп, клуб, кызыл үй дегендер ачылды, театр, кино дегендер келичү болду... Ойлоп олтуруп акылың ай-

ран: айылда чаар киши калбай баратат. Чоңдон бала акылдуу, эркектен аял калышпайт. Менин жесир келиним Сабийра азыр колхоздо ферма — миңдеген малга ээ! —Чоң эне кубангансып күлдү да, кебин улай берди:— Кичинекей Динарым маа сабак берип жүрөт... Чын эле эрмектерим. Ал, кечээ априлди түшүндүрдү, Карлыгач бир күндө уясынан төрт жүздөн төрт жүз элүүгө чейин учуп чыгып баласына жем алып келет десе, мен аңкыйып анын оозун карап калыпмын. — Аны сен кайдан билесиң?— деп сурапмын. Менин билбестигиме Динардын ачуусу келди: — «Ай ушул чон энем кызык экен. Өзү китеп окубайт, ийик эле ийрип олтурат. Анан эчтеме билбей калат»—деп ызаланды. Дагы бир неберем Аскар колхоздун эгини түшүмдүү болсо деп, үрөндүн өнүмүн текшерет. Өгүнчөрөөк, башкармабыз, сенин айтканың боюнча, биринчи кампадан буудай үрөнү өнүмдүү болду. Өмүрлүү бол, садага! Силерди бекер окутуп жатабызбы? Ушунтип илимиңер менен колхозду өркүндөтүшкүлө!» — деп Аскарымды аябай алкады. Чынымды айтайын: Мергендин антип айтышына ичим тартынды: —Ушул күчүктө эмненин илими. Мактабай эле койчу, Мерген... десем...

— «О, байбиче, эскиликти таштаңыз. Биздин колхоздо Сабыр жетекчилик кылган мектеп бар!» — деп Мергеним мактанды. Баягы жылы көпчүлүк биздин мектепти курушканда ушул Мерген беш замбил ылай көтөрүшүп мончого түшкөндөй тердеген эле. Быйыл болсо, ушунча мактанат.

Көп жашаган чоң энеңердин, эрмектерим, силерге айта алганы ушул. Ойлонсом: Өмүрдүн арты өкүнүч болсо, алды жыргал экен. Артыма кылчайып өткөргөн өмүр жолумду элестетсем: арсак-терсек капчыгайда кара аркандай чубалган жалгыз аяк чыйыр калыптыр. Анда өмүрдү өкүттө өткөрүп, калың жолоочу сандалат...

Алды жагыма карасам: даңгырап кең жол жатат. Келечеги алда: кызгалдактай гүлдөгөн силердей жаштар баратат!

Комуздун кылын бирден тергенде ал кандай ыргакса, чоң эненин азыркы үнү да ошондой коңур ыргак менен сезимге жетти:

— Жана, Аскарым академиктин катынан жүрөктү толкуткан күчтүү сөздөрду окуду. Кээде муунум эрип, көзүмөн жаш кылгырды. Караңгылыкка наалат! Көз ачырбай бизди көп адаштырыптыр. Жашым сексенди карады. Көргөнүм аз экен. Башкаңар мындай тургула, кээде эрмегим Динар бир сөз сураса, мен жооп бералбай такалам. Бу

дүйнөдө эмне кылып жүргөмүн деп ызам ачынат. Бары-жокту билгиси келип эргип, көкөлөп өскөн Динарымды көрүп, кайра кубанып кетем.

Лениндей улуу бабаңар осуят айткан тура. Окугула, окугула, кагылайын эрмектерим. Мен андан ашык эмнени айталам?

## 7

Сеитова алдыга өттү. Кызгылт, көгүш гулдүү ак крепдешин көйнөгү тараз боюна куюп койгондой. Анын аксаргыл жүзү тамылжып мугалимдерге таандык токтоолук менен коңур үнү салмактуу чыкты:

— Азыр бизге пионер Ташбаев Ашым кыргыздын улуу акыны Токтогулдун ырын айтып берет!

Капкара көздөрү ойноктогон Ашымдын коңгуроолуу үнү бөлмөнү жаңыртты.

Ашымга таңдана караган чоң эне өзүнчө шыпшынды;

— Токтолуп да койбойт... Өмүрлүү болсунчу, акмак...

Бүркүт караштты салып ормоюп бийик боло калган Омор шадылуу зор алканын «тып» дедиртип столго сокту:

— Те-ек! Мынабу, мен олтурган үйдү жаңырткан Ташбайдын уулу бейм?! Атаңдын көрү дубалчым... Мен аны тек мектептин күзөтчүсү десем... Сакалын чокчойтуп жүрүп, бүтүн кыргыздын ырын уулуна үйрөткөн бейм? Ба-х, чиркин ай-э!

Ашым салмак менен колун бийикке шилтеди:

Панардай жанып боштондук
Бактыбызга туулду.
Кандай эне тууду экен,
Лениндей уулду!

— Те-ек, тек...

Токомдун балбан сөздөрү Оморду кызытты. Кезек күтпөй талашка көнгөн кары, Ашым аяктай электе эле:

— Тек, айтып берчи, Сабыржан? Бу, Токтогулуң кайсы эл, кайсы уруудан өзү?

— Током кыргыздын акыны, Омор аке!

— Те-ек, кыргыз экенин билем. Уруусун сурап жатам?

— Азыр уруу айтылбайт, Омор аке.

— Те-ек, ал саясы катаа дечи?!

— Током кыргыздын булбулу!

Омор баягы өзү көргөн бюстту элестетип, колун сыртка карай шилтеди:

— Токоң тиги олтурган көөдөй кара го, өзү. Ал неси?

Чочуп сураган Омордун сөзүнө Сабыр аргасыздан күлдү:

— Омор аке, сөздү бөлбөңүз. Пионерлер атайы сиз үчүн ыр окуп жатышат... Сиз көргөн жезден куюлган элес. Аны бюст дейт.

— Бале! — Омор өз алдынча күңкүлдөдү. — Буста дейт... Кыргыздын эчак өлгөн Токтогулун мектепке олтургузуп койгон советке ракмат-чы!

...Же Оморго кошулуп «Ал эмнелеп» сурабастан, чоң эне аңтаң олтурганда Сеитова ордунан туруп:

— Азыр пионер Динар Кайыпбекова «Эне» деген ырды айтып берет! — деди.

Саал корунгансып ордунан акырын туруп алдыга өткөн Динар чоң эненин көзүнө гүлгө конуп тынып отурган көпөлөктөй делдейип жоош көрүндү. Үйдө, дайым эгиз улакты ээрчиткенсип абыр-дабыр менен секирип жүрчү Динарын азыр чоң эне өз ичинен аяды:

«Акмак, сен да корунат белемсиң? Тигил, Ташбайдын баласы Ашымдан кем калба. Сен да чыйрак бол!» — Оюндагы ушул намысты азыр алдыга чыккан кичинекей небересине угуза айта албай чоң эне ага жал-жал карады: «Сен менин неберемсиң. Окуп киши болушуңду күтөм. Мени сен да уятка калтырба, эркем».

Ошентип караган чоң эне Динардын көзүнө биринчи көрүндү. Балким, өз үйүнө келгенсип тентек кыз эркелейт беле? Бирок мойнуна жүктөлгөн коомдук милдет ага баарыдан жооптуу сезилди. Бир гана «Эне» деген сезим жаш кызды бийледи. Көз алдында чоң эненин гана элеси турду. — «Чыйрак бол, эркем. Тартынба, мени сен да уят кылба» деген үнү угулду. Беттери ысып-күйүп, жүрөгү «дик-дик» согуп чыккан Динар а дегенде сүрдөй түштү. Ичке үнү алыстан араң жеткен жанырыктай үзүлүп муңкана, кебетеси мугалимдерге өтө сүйкүмдүү көрүндү.

Динар ырдын ар бир сабагын айткан сайын үнү бекем чыгып өзү чыйрала берди... Канаттарын жай сермеп сонун ак куш учкандай эненин ыйык элеси көз алдыга келди.

Мекенимдей ннети кең,
Энем менен өстүргөн.

Жадаса Омор карынын кез алдына эбак дүйнөдөн өткөн энеси элестеди. — «Кыштын суугунда төрөлгөнсүң. Даакыга ороп бешигиңе бөлөгөмүн. Чоңоюп, киши болуп, журтка пайдаң тийгизгениңди көрөр бекемин?» дечү энесинин сөзү күнү бүгүн айтылгансып кулагына угулду:

— Те-ек! — деди Омор өз алдынча. — Энеге тең келичү эмне бар, дүйнөдө!

Чоң эне да «Ал раско» дегенсип үнсүз башын ийкегиледи.

Сырга мукактана калып, Пушкиндин «Туткунун» орус тилинде сүйлөп берди... Үнү муңкана өзү алда кимден уялгансып, башы саал оң жак ийнине кыйшая уяңыраак турган Сырганын кебетеси Нина Леонтьевнанын ичин элжиретти.

Эркиндикти көксөгөн улуу акындын караңгы түндө жарк эткен чагылгандай сөздөрүн азыр кичинекей кыргыз кызынын оозунан укканда жаш мугалиманын жүрөгү толкуду.

«...Туда, где гуляем лишь ветер... да я!»... деп акыркы сабакты айтарда күчөнүп үнүн созо таштады.

«...гуляем лишь вете-ер... да ыя!»...

Нина Леонтьевна кубанганына чыдай албай ордунан тура калып алакан чапкылады.

«Те-ек, эркек да, кыз да тартынбай ырдап, тартынбай декелематсиясын айтышса, береги менин Орусбегим мокок белем. Оозун бууган торпоктой үнсүз. Ал неси? Же менин тукумум жашык беле?!» — деп өз ичинен кыжырлана баштаган Омор коржоюп мойнун алдыга созуп, кээде жоон санын «тып» таяна калса: наркы туу алдында тумбага коюлган барабан, ордуна жаңы отурган Сыргага куду дарбыздай болуп Омордун колтугунан көрүнө түштү.

Сырганы урматтап дуу чабылган алакандардын доошун Сеитова басты:

— Азыр биздин ичибизде олтурган ардактуу Омор акенин уулу Орусбек, Советтик Армиянын каармандыгына арналган ырды окуп берет!

Пионерлер бөлмөсү беш-он секундадай тымый түштү да, артжактан кимдир бирөө күлкүсүн токтото албай бышкырып жиберди. Ал ким болсо да Орусбектин тентектигин сүйбөй, ага шылдың күлгөн жолдошторунан болсо керек. Ордунан жай турган Орусбек

тигил бышкырык чыккан жакка, «Сениби, ашыкпа» дегенсип житире карады. Өзү да кулагына чейин кызара түштү да, колду жогору карай силке «Советтик Армияга» деген ырды айта баштады.

Экинчи куплет башталарда Орусбек мукактана калды эле, намыстана түшкөн атасы:

— Те-ек, жаттап алган сөзүнөн да жаңылат бекен. Айтсаң, айткандай айт. Айтпасаң сакалымды дирилдетпе! — деди.

— Сизге сөз берилген жок Омор аке, тынч олтуруңуз! — деди Сабыр, Омор ашыгып тез олтурду.

Ошенткен атасын көргөндө Орусбектин оюна: «Болсоң болгондой бол, болбосоң колхоздун токочуна зыян келтирбей эрте жогол. Эл тердеп табат данды» — деп айтычу атасынын кеби кылт эсине түштү. Ал кайраттана баштады;

Омордун кулагына уулу Орусбектин үнү эми бек угулду. — Баса, баса...— деп намыстуу кары күңкүлдөй берди: — Дагы бегирээк! Дагы кайраттуу! Эй, акмак, үнүңдөн таш жарылсын, сүрүндөн жүрөк айрылсын!

Саал ачуурак угулганы болбосо Орусбектин үнү чынында кайраттуу чыкты. Кызып алган Орусбек улам күчөп: үнү да, кыймылы да чыйрала берди.

— Тек! Үнүңдөн таш жарылсын!—деп теминип олтурган Оморду чон эне колунан тартты:

— Ой Омор, өзүң жоо сая тургансып теминбей армия тууралуу айтылган сөздөрдү элге угузчу!

Бирок чоң эненин айтканы Омордун кулагынын сыртынан кетти.

— Жок! — Кайраттуу абышка күчөп теминди. — Баатырдык жөнүндө кеп башталса, Омор чыдап туручу беле! Э, атаңарга аалат кара жоо, ырыс толгон төрүмө өтөм дейт, э?! Биздин ченге келип көрсүнчү, ал?! Союлуң күчтүү болсо, жооң алыс жүрөт деген макал бар илгертен. — Омор берендей ормоюп Сабырга бурулуп «тып» дедирте столду бир салды. — Тек, Сабыржан. Неси төгүн! Байыртан атам — кыргыз жоо дегенде теминген журт. Билип кой, аны!

Омор столду шап чапты. Алаканы тыз-тыз чымырады. Бир аздан кийин ысый баштады. Эрдик жөнүндөгү сөзгө берилип алаканынын ысыганын сезбеди:

— Баса-а чабышта жанчышмай эрдин салты!

Дайым көздөрүн алактатып, эки жагына элеңдей карап, алда эмнеге ашыккансып, урунуп-беринип терс жүрүүчү тентек уул чоңдордун да, балдардын да көбүнө жек көрүнчү болучу. «Орусбек» деген ат аталганда Аскардын көзүнө сындыргыч, бүлдүргүч, алы жеткен балдарга тап: «кызыл муштум» тентек элестечү. — «Сениби, мурдуң кандайт» деп муштум күүлөгөн Орусбекти эң оңолбочудай сезчү – Аскар, азыр өзүнүн жаңылганын сезди. Анткени, бул жолу Орусбек: «Сениби, ашыкпа» деп азыркы кекениши баштагыдай тентектиктен эмес, намыс түрткөн караш болучу.

Эсине келе баштаган Орусбек, бүгүнкү сбордо атага да, мугалимдерине да, өзүнө теңтуш пионерлерге да жакшы жагын көрсөтүшкө тырышты. —Жана, «Советтик Армия» тууралуу ырды окуурунда, тымызын бышкырып шылдыңдаган балага, ал: «Сениби, ашыкпа, досум, менден да өнөрдү көрөсүң» деп караган.

Азыр ал өзүнүн жакшы жагын көрсөтө алды. Сабыр да, Нина Леонтьевна да, деле пионерлер бүт Орусбекке чын алкыш менен алакан чабышты. Бирок тентек уулдун өз атасы Омор эмне кыларын билалбай калдастады:

— Те-ек, тек! Акмактар...

Анан куу арчадай каржайып тура калып Сабырды мойнунан бек кучактап, ысык жашы аралаш кысып-кысып өөп алды да:

— Те-ек, раазымын, силерге, мугалимдер...— деди. Дагы далай жылуу сөздөрдү айтууга эптенсе да сакалдары дирилдеп Омор сөз айталбады.

...Советтик Армия тууралуу ыр окулуп, сбор аяктаган соң, «Күрпүлдөк» пионер отрядынын күндөлүк дептерин Аскар столго койду. Ал — кызыл дермантин менен мукабаланган, бир сызыктуу калың дептер.

Сабыр күндөлүк дептерди ачты.

Биринчи барактын бетинде баш тамгалар менен сулуу тартылып жазылган:

«Фрунзе атындагы пионер отрядынын күндөлүк дептери» деген адрестин алдында, пионер значогунун сүрөтү үч тилдүү кызыл жалын алоолонгон кичинекей от сыяктуу болуп көрүндү.

Нак ошол значок сүрөтүнүн алдына Сабырдын ортон колу тийип турду. Үнү толкун ыргагы менен жай угулду:

— Ар күндүн өзүнчө сонун баяны болот. Унутпас үчүн күндөлүк түзгүлө,— дечү Кузьмич, Кана, Орусбек! Бүгүнкү күндүн сонун баяны жөнүндө отряддын күндөлүгүнө эми сен жазчы! Токтолбо, өзүм айтып берем! — деди да Сабыр салмак менен жай гана айта баштады:

«...Кечээ гана ата-энени кайгыга батырган кандуу согуш добулдай каардуу өтсө да, советтик кишилер жараны тез айыктырды. Жыргал таалайыбыз үчүн тыныч эмгектебиз.

Биз үчүн эмгек — окуу!

Бизге тынчтык гана керек. Биздин өмүр илимге арналат. Талбай иштеп, көп ойлонуп ата-энелер чачтарын агартты. Ошол агарган ар бир тал чачтары үчүн биз, улуу атанын илими менен келечекти гүлдөтөбүз...»

Күндөлүк аякталган соң Сабыр Оморго күлө карады:

— Кана, Омор аке, биздин күндөлүк баладан балага сакталат. Кол коюп, белги калтырыңыз.

— Тек, Сабыржан! — деди бир аз калдастай түшкөн Омор. — Кол коё алучу эмес элем... Кандай болор экен?

— Өз кежирлигиңизден көрүңүз,— деди Сабыр тамашалап,— эмесе, сиз кол койбойсуз.

— Тек, токто, Сабыржан? — деди шашып калган Омор. — Кат билбесем колум бар. Бармагымдын тагын калтырам: келе, сыя бергиле!

Көңүлдүү чыккан күлкүлөргө аралаш, пионерлердин күндөлүк дептерине, Омор кары сөөлдөнө баштаган байыркы бармагынын тагын балчыйта басты.

## ТАШКА ЖАЗЫЛГАН ЖАЗУУ

### 1

Эртең биз саякатка чыгабыз,— деп Аскар айткандан бери Динар чатакты баштады:

— Мен да барам, Аскар.

— Сен жүрө албайсың. Жогорку класстын пионерлери барышат!

«Жогорку класстын» деген сөз Аскардын оозунан сыймыктуу чыкты. Ага ызасы келген Динар ансайын ыргыштады:

— Алда кайрандар ай э-э? Силер аттаган аттамактан мен деле

аттайм. Силер чыккан тоого мен деле чыгалам... Кошпосоңор да барам... Көрөсүңөр, барам.

Динар чечинбестен жатмак болду. Ачуусун таргыл мышыкка чыгарып, аны оозгу бөлмөгө кууду. Өзү түндөн турууга кекенип, чоң эненин кулагына үч кайтара шыбырады:

— Чоң эне, мен уктап калсам ойготуңуз. Макулбу?

Чоң эне Динардын көңүлүн улап койду:

— Болду, сүйлөй бербе, эми. Эрте уктап, эрте тур.

Кайдан-жайдан булут куралып кара кементай жамынгансып дүйнө жүзү түнөрдү. Бир азга мемиреп токтой калган жылуу абаны тоо жактан шуулдап жеткен доош сүрдү. А дегенде ири-ири тамчылар «тып-тып» терезени черткилеп, тыныч уйкуда мемиреп бараткан Динардын көзү ачыла түштү да акырын сурады:

— Чон эне, күн жаадыбы?

— Ооба, эркем. Күн жаап келди. Эртең эч ким саякатка баралбайт эми. Тыныч уктайгой... Күн эртең кечке куйса экен. Жер тамырына ым керек. Быйыл эгинди жер көтөрө албай калсын.

Чоң эненин кубанычын Динар бөлүшкөн жок. Эртең саякатка баралбай калсак жаман болду деп ичи ачышты. Башын көтөрүп терезе жакка карады. Бирок капкара калпак көзүнө кийилгенсип, дүйнө жылчыксыз түнөрдү. Алда кандай коркунучтуу доош чулгап келаткандай сезилди. Үйдүн чатыры дабырап турду. Терезелердин туштарына тамган калың тамчы кулак тундурду. Бири так кулактын түбүндө «чулп-чулп» этсе, бири (канетсе да калпыс жаткан алакандай калайга тийип жатса керек) аны «дың-дың» сабалайт. Жамгыр нөшөрлөгөн сайын алдагандай күчтүү доош үйгө кирип келаткансыйт. Демин ичине алып бөгүп жаткан Динар капкара тыбытка оролгон балапандын сыңарындай тым-тырс. «И,— дейт Динардын ою: — Мени баралбайсың деди эле Аскар. Эми өзү да баралбайт. Күн абдан куйса экен».

«Чып-чуп», «Дың-дуң» тамган тамчылар алдагандай күүнү баштагансып Динардын кулагынан алыстай тушту. Уйку бешиги терметкен сайын куду жумшак жел калкыткан каакымдын гүлүндөй, кыздын сезими теренде дилдиреди. Терезелердин түптөрүнөн, дарбазанын алдында, чоң эне асыраган огороддун чөнөктөрүнөн майда-майда булактар жылтылдап аккансып көз алдына тартылды. Жайна-

ган көк тамырлары жаанга жибип, куду жая салган жибек жоолуктай жер бети үлбүрөй түштү да, Динар көшүлүп кетти...

Жаздын күнү жаш баладай деген ушул. Жумасына ачылбачудай түнөргөн эле. Асманда токумдай булут жок! — деген чоң эненин үнү Динарды селт ойготту. Ал көзүн ача салса, терезеден себилген нур жастыгынын четинде жумшак күлүңдөдү.

Динар ыргып турду:

— Чоң эне, э чоң эне! Күн ачылган тура.

Жаандан соңку күндүн уялчаак нуру жалтанта берген соң көз айнегинин боосун азыр эле кулагына илген чоң эне небересине бурула калганда, Динарга айнек жылтырап көрүндү.

— Ооба, эркем. Күн чайыттай ачылды!

— А... Аскар гана?

— Ал бая эле кеткен...

— Кайда, саякаткабы?

— Билбейм... Кетти го...

Жашырган сырын айталбай турган кишиннн сыңарында чоң эне күлүңдөп турду.

— Билбейм, билбейм!—деди ызалана түшкөн Динар .— Эрте ойгот десе, ойготпойт кишини...

— Жаан жаабадыбы?

— Жаан, жаан...

— Кой эми, таарынба, эркем.

Жаш кулундай селтең этип Динар терезе жакка бурулуп кетти.

— Мейли, Аскар кетсе кете койсун. Аманчылык болсо, тоого сени Сабийра эжекең өзү баштап барат. Атка мингизип алат,— деди чоң эне.

Туйтуң эткен Динар көйнөкчөн турган калыбында чечкиндүү басып эшикти бек жаап чыгып кетти.

## 2

Динар чарчоону сезбеди. Кыштактан канча узаса да кээде таскактап, кээде желип басып, алды жактан көз албай келатат. Түндөгү жаандан кийин али тоборсуй элек жол бети кадимкидей нымдуу. Жыңайлак тамандын изи даана калат. Кан-сөлгө толуп көк ыраң тарткан өсүмдүктөр жолдун жээк-жээгинде жал тартып, Динардын

этек жеңине тийсе; кээде шүүдүрүмдүн болор-болбос бүркүндүсү жыланач балтырына себилет. Бирок, ашыккан Динар азыр аны сезер эмес. Анын көздөрү, те алда кайда: жогорку Күрпүлдөк өзөнүн өрдөп баратышкан балдарда: — «Аскар саяктака кетип, мен каламбы» деп намыска көгөргөн жаш кыз бул сапардан баш тартычу жайы көрүнбөйт. Ал тургай ызасына чыдабады: каректери жашка чайыла калса, алды жак көзүнө мунарыктай түшүп; тигил өзөндү өрдөгөн балдардын ичинен ак көйнөкчөн бирөө буту жерге тийбей учкансып баратат. Аны көргөн сайын Динардын ызасы кайнайт: — Тигини, тигини... Ошол кантсе да Аскар?! — дейт өзүнөн-өзү тигил көз учундагы ак көйнөкчөндү кекетип. — Мени гана таштайт... Шашпа... Мени кичинесиң дейт, ой.

«Кадырлуу балдарым, силер, дүйнөнү кең таануу ишин, а дегенде өз колхозуңардын жер, суусун үйрөнүүдөн баштагыла. Кандай өсүмдүктөр өсөт, жан-жаныбарлардын кандай түрлөрү бар? Тоодогу таштардын породаларын, топурактардын катмарларын үйрөнгүлө! Колхоз жеринин картасын кагаз бетине түшүргүлө...»

Бүгүн пионерлердин саякатка чыгуусуна академиктин ушул каты демилге болгон. Сейтованын жетекчилиги менен саякатка чыккандар жогорку класстын гана пионерлери болучу. —Эсепсиз эч иш бүтпөйт — деп, Сартбаев кошулду. Нина Леонтьевна болсо, бир чети жер, сууну көрүшкө кызыкса, бир чети өзү сабак берген балдарынан калышпады.

Алар улам өзөндү өрдөгөн сайын жаңы дүйнөнүн эшиги ачылгандай карагайлуу беттер көлөкөлүү, табылгылуу коктулар терең, көк ырандуу колоттор ой тартып, жел жортсо, кадимки толкундай ыгып шибери жапырылат, чагылышы көздү уялтат. Жон, кыр, төр алда нече кулпурат, гүлдөр термелет. Жел леп-леп калкыйт. Көбүк черткен кашка суунун шары бирде кулактын түбүндө шарылдайт, бирде алыстай түшөт.

— Ах, не деген көркөмдүк!—дейт Нина Леонтьевна, жаратылыштын көркүнө кызыгат. Күлүмсүрөйт, сурмөсү тартылган көгүлтүр көздөрү ойноктойт, — Кырка, кырка карагайлар. Ах, зоо чагылышы укмуш...

Жана саздагы булактын боюнан жулуп алган бака жалбыракты камандын кулагындай делдейтип сундура кармап Сартбаев:

— Нина Леонтьевна, те кырда турган эмне, тааныңызчы? — деди.

— Кайсы?

— Мынабу орто кырдагы.

Көздөрүн бир аз куушуруп өткүр тиктеген Нина Леонтьевна:

— Ал, кырда турган койчу го? — деди.

— Ниночка, жакшылап байкачы,— деп Сеитова жумшак жылмайды. — Ал адамга окшойбу, же башкабы?

— Адам эле го?

— Жакшылап байка.

— Козголбой турат, болбосо, адам эле.

— Жок, ал таш,—деди Сартбаев. —Аны ал жерге адам койгон эмес... Мен да, аны а деп көргөнүмдө кырда турган койчу экен деп ойлогом. Ал тургай көздү айырбай тиктей берсе, козголгонсуп калат... А чындыгында ал жерден өнүп чыккандай бекем турган киши бою кызыл таш. Ал таш кандайча себеп менен жондо калды. Сыры ачылган жок. Бирок ага тийиштүү далай кызык окуялар сүйлөнөт.

Баягында дүрбөлөңчү Деркембай деген: — «Жылкы тийгени келген уурубу, же адам тоногону жүргөн каракчыбы, билбейм. Мылтыгын таянып жондо турган кишини көрдүм» деп айылга кабар салыптыр. Омор баштаган он адам атка минет. Алар күүгүмдөн те, наркы чоң жолдон жол тосуп таңды атырышат. — «Мылтыкчан каракчыны кайсы жерден көрдүң эле?» — дешип, жерге жарык киргенде Деркембайдан сурашса, ал орто кырдагы кызыл ташка көрсөтүп: —«Береги кебелбей турган каракчы эмегенде мен бекем!» дептир.

— Тек, дөөрүк! Ал таш эмес беле?! Каракчы деп түнү бою кызыл ташты багып жаткан белем?! Эми муну эл укса, менин атымды ким коёт! — деп Омор Деркембайга урушуптур. Ошондон кийин башкалар бизди — «Таштан жашынган күрпүлдөктүктөр» дешип шылдыңдашат деп Омор өзү айткан.

Сартбаев эки ийнин тең куушуруп күлүп койду:

— Омор мага кежирленбейт. Ачууланып баратса, Омор аке, мылтыкчан каракчы эсиңиздеби? дейм. Ак көңүл киши: — «Тек, сөзүңдү кыскарт» деп муруттарын түктүйтүп, таягын жанына таштай салат.

— Ах, ал таш экен да,— деди Нина Леонтьевна. Сеңселген

көкүл чачын кайра сылады, саал томпогойрок маңдайын кашкайтып күлүмсүрөп айтты: — Азыр мен да аны жондо турган малчы деген элем.

Жибекти желпигендей леп-леп жорткон салкын, бетти-колду аймалайт. Көңүл толкуп эликтей кериле баскан мугалим кыз алда кайда карайт.

Береги узун кырдан жогору тайпак төрдүн үстүндө чеңгелдей аппак булут чайытынан ачылган пахтадай бапыйып турганы болбосо, көгүлтүр асман туптунук. Артыкча түндөгү жамгырдан кийин өзөндүн абасы аңкып көңүлдү терметет. Бирок биринен бири өтүп жарыша гүл үзүшкөн, же көпөлөк кубалашып, чымчык учурушкан балдардын дуусуна суунун шары обон алышкансып — өзөн ичи уу-чуу. Артыкча Орусбек аттамактан аттамакты аттап суунун көбөөлүнө колун сала коёт. Каруусуна дейре түрсө да жеңи сууга малынып, бетине көбүк чертилет. Жашыл дукабадай түктүйүп турган кыртыштарды жээктеги таштын бетинен сыйрып алат да шарды көздөй ыргытат. Ал шардан шарга ала салып боржоктогон көбүккө батып карарып калкыйт.

Казандай таштын үстүнө секирип чыга калган Орусбек:

— Ээй, торопой агып баратат! Торопой агып баратат... — деп, балдарды чогултат. Тигил азыр гана өзү ыргыткан кыртышка көрсөтүп. — Тигине, тигине, көбүктүн арасында карара түштү. Шар ала салдырды. Карап тургула, азыр наркы чоң таштын шаркыратмасынан секирет...

Ошенткен Орусбек балдарды өзүнө ашыктырат. Кой-айды укпай ээлигип жөнөйт.

Оюнга анча көңүл бөлбөгөн Аскар, азыр мугалимдерден алыс кетпесе да, тигил суу бойлой жарышкан Орусбектерге алаксып, кээде аларга бир сөз айтып күлөт. А чындыгында өз ара сүйлөшкөн мугалимдердин сөздөрүн кетирбей угуп, өзү сөзгө катышпаган менен салабаттуу, токтоо. Мугалимдердин жанында эркек балдардан кээде Аскар жалгыз калат. Сырга баштаган үч-төрт кыз андан бетер сылык сыпаа: «Эй, тентектер о-ой» дегендей, алар тигил суу бойлой жарышкан Орусбектерге карашат.

— Да-а!—деди Нина Леонтьевна Сартбаевдин кебин улап. — Али бул тоолордун сыры ачылган жок...

— Кайдан ачылат.—Сартбаев адетинче эки ийинин бирдей

куушурду. Кылымдар бою адамдан сырын жашырган аскалуу тоолордун бек кулпусуна эми илим ачкычын бурайт!

«Баса»,— деди дале болсо балача туюнган Аскардын оюу...— «Ушул аскалуу тоолордун койну эмнелер менен толду экен? Жалаң гана топурак, таш болду бекен? Же башка заттар барбы? Балким, уюган кендер бардыр. А балким таптакыр сырын адам ача элек, бирок эң керектүү заттар биздин тоонун койнунда жаткандыр? Эх!»

Аскар эмнегедир Сыргага карады. «Доктор» Сырга Аскардын антип карашын сезмексен болуп, зыңгырап токтоо басты. Кыздын антип басышынан: «Менин доктор экенимди байкап ал Аскар. Бүгүнкү саякатта кокус кырсыкка учурасаң, сени эмдеп айыктырчу адам мен экенимди билип кой» дегендей. Бирок, али кишинин ички дүйнөсүн тааный элек Аскар Сырганын ал сырын сезбеди. Таза кийинип кыз салты менен сылык келаткан Сырга тек Аскардын көзүнө ак көгүчкөндөй сыпаа көрүндү. Күн илеби тийгенсип ага ичи жылыды. Кыздын жакшынакай көркүнө кайра-кайра карагысы келди...

**3**

Баятан өзөндү өрдөп алды жакта баратышкан балдарга жетем менен декилдеп келаткан Динар өзү кыштактан эчак узап кеткенин байкабай калган. Бирок алдыңкылар көрүнбөй далдаага кетишкен соң Динар жалгыздыкты сезди. Тон чүмкөнүп коркунучтуу жомокту күңкүлдөгөн карынын каргыл үнүнөн бетер суунун шары алыстан кужулдап, Динар эки жакка элтең-элтең карайт. Көзүнө жан көрүнбөй, теребел жымжырт, узун чөптөрдүн бирин-серини желге термелет. Кээде ошол чөптү аралап жылан сойлогонсуп, же кандайдыр жаныбар жүргөнсүйт. Динардын кулагы чуулдагансыды. Жүрөгү дикилдеп бегирээк сокту. Нак ушул секундда ал алды-артына карабай безилдеп. — «Аска-ар. Аска-ар!» — деп агасын чакырат беле?

Бирок антсем корккондук болор деди, намыстана түштү. Чыйралып, кайраттанып кетти да, азыр тигил имерилиштин ар жагынан Аскарларга жетишке үмүттөндү. Жолдун тыягына бир, быягына бир чуркап ээрчий келаткан Окжетпес баятан көз жаздымында болучу. Азыр аны кадимкидей эш тутуп, күлүп жиберди да итти өзүнө чакырды:

— Окжетпес, Окжетпес... дирилдеп чыккансып өз кулагына өз үнү жат угулду. Динар кайраттанып, бек-бек унчукту: —Окжетпес,

Окжетпес! Ой, шайтан! Сен алыс чуркаба. Бутуңду жылан чагып алат... Аскар бизди ээрчитпей кетти. Сен аны билесиңби? Мейли, ээрчитпесе ээрчитпесин. Биз ага эми эле жетебиз!

Динар өзүн-өзү алаксытты. Бырп этип аяк астынан чымчык учту. Элире чаап Окжетпес аны кубалап кетти... Динар да ашыга басты. Ал жана чоң энеге таарынып жылаңайлак чыккан. Бир-эки жолу бутунун башын ташка урду. Кийинкисинде баш бармагы ташка катуураак тийди эле, кызуусу менен ооруганына караган жок. Бутун ташка атайы урунткан Аскар болуп жаткансып, ага аябай кекенди: — Мени таштап кетип калат ой. Шашпа, тоого сенден ылдам чыкпасам, Динар болбойм, мен...

Жол өр тарткан сайын жүрөгүнүн согушу тездеди. Саамайы ылдый сызылып түшкөн тер, жаагына так калтырды. Жанагы Аскарлар имерилген тушка келгенде алды жак аңырайып, өзөндүн төрү кеңейе түштү. Куду, бир таноосу жырылган мурунга окшоп оң жактан салынган тумшук көрүндү. Нак ошол тумшук өзөндү эки айрыкка бөлөт.

Динар алды жактан Аскарларды көрө алган жок. Анткени, алар бая эле тигил экинчи тумушукту айланып, чоң өзөн менен кетишкен. Чоң өзөндүн төрү алыс. Улам өйдөлөгөн сайын бир нече айрыктарга бөлүнөт. Ал эми өзөндүн башы төрт салаа. Төртөөнө төрт булак куят. Жоноюлдарын туташ арча каптап, бери жактан караган кишиге кара-көк кийиз жамынып, тоо жастанган төрт алп жаткансып дүмпүйүп көрүнөт. Төрт салаанын чыгышы калың кырчын каптаган тескей бети — саймалуу туш кийиздей оймолуу-чиймелүү. Нак ошол кырчындуу тескейден жапайы каман да жолугат. Ага жетүүгө далай бар. Бирок, чоң өзөндүн башы төрт салаада каман бар деген сөздү Динар далай уккан.

Алдыңкылар кайсы өзөндү өрдөгөнүн билалбай маң боло калган Динар табыш тыңшагансып бир саамга токтой калды. —«Чоң өзөндү өрдөсө каман бар» — деди кыздын оюу. — «А кичи өзөндөн кыштактын чети көрүнүп турат...»

Же ушул оюна алдандыбы, же тигил тумшукту этектеп, элире чапкан Окжетпести ээрчидиби, белгисиз. Айтор, Динар чукул сезимге ээрчип кичи өзөнгө карай бурулду.

## 4

Күрпүлдөктөгү Фрунзе атындагы пнонер отряды колхоздун жер, суусун жакшы үйрөнүп: таштарды изилдөө, тоолордо кандай жыгачтар чыгарын билүү; акты боюнча колхозго түбөлүк бекилген жердин картасын тушүрүү,тоо гүлдөрү менен тоо өсүмдүктөрүнөн гербарий кургатуу, ал үчүн, атайы жасалган папкаларды көтөрүп, бүгүн пионерлердин саякатка чыккан жөнү ушул.

Тумшуктан чоң өзөндү көздөй имерилген соң, пионерлерге жер, суунун көркү жаңырып көрүндү. Күн көтөрүлгөнүнө карабастан жанагыдан ава салкын, өсүмдүк көк жашаң. Ал тургай береги тумшуктун тескей бети наркы күнгөйүнө салыштырганда таптакыр жаңы жер. Күнгөйүндо кургакка өнө турган бадалдар, бөрү карагат, түп-түп шилбилер, ит мурундар. Жонго жакын анча калың эмес табылгы гүлдөп, кээ жеринде төөкуйрук өнгөн. Ал эми башка өсүмдүктөн ак тикен, топчу баш, шыраалжын, бирин-серин гана сүттикен бар. Этегирээк жакта төө коко, чогойно, аткулак аралаш арпакан чыгат. Жогорку беттерде канаттарын күнгө жаркылдатып калдыркан көпөлөктөр учса, алар далдактап алыстан кадимкидей көрүнөт. Зуулдап аарылар көтөрүлүп, ар уруу чымын, чиркей ызылдайт. Борбаш учат, сарыбарпылар жалгыз тал чыбыкка, же өзөктүү чөпкө конуп сайраган болот. — Бул күнгөй көркү. Ал эми тигил кырдан тескей бетке эңкейсең, болду, турмуш башка: кадимки карагай зыңгырап, түбүндө тобурчагы төгүлөт, четин гүлдөп, тал бүрдөп, топурак каракөң тартып жер кыртышы дайым нымдуу. Карагайдын көк-жашыл бүчүрлүү бутактары жайылып, теңселип шуулдай берет. Бетте суюгураак чыккан жашыл ыраң шибер сеңселип бутактуу бийик жыгачтардын көлөкөсүнөн күндү аз көрүп, тигил күнгөйдө чыккан чөптөргө салыштырганда кылмая, ичке. А бирок кээ бир тал, четинде чоң түп тартып үй ордундай жер ээлеп дүпүйүп шактуу. Этегирээк жактарда чыны карагаттар түп-түп тартып, арасында элик балдыркан, казтаңдай аралаш калың шибер чачтай уюлгуп бутка оролот. Күзгө жуук ушул беттерге келген адам кожогат менен бүлдүркөндөн аяк басарга чолоо жер таппайт. Ак кийген адам байкабай отура калса, «кызыл жамбаш» болуп турат... Ал эми учуп конгон канаттуулар да тескейдин өзүнүкү: тал арасында сагызган шакылыктап, «доңк-доңк» карагай чокулап кайдадыр доңкулдак олтурат; канаттарынын тарсылдаган күүсү адамды чочутуп алакүү учуп, береги

топ карагайда күйкө чырылдайт. Кандайдыр каракур канат какса теребел жаңырык чыгарып оштоно берет. Туяктуу жаныбар жүргөнсүйт — «карс» бутак сынгансыйт. —Айтор, өңгөн жыгачтар, өсүмдүктөр; учуп-конгон канаттуулар да; мейли чыккан доош да, топурак ыраңы да, карагай бутагын шуулдатып соккон жели да тескейге таандык.

Азыр күнгөй менен тескейдин ушул өзгөчөлүгүн окуучуларга дагы бир жолу бышыктоо үчүн Сеитова тумшуктагы кечүүдөн жогорook жактагы жалпак ак таштын жанына токтой калды да, тыяк-быякта жарыша чуркап эркин келатышкан балдарды чакырды:

— Мында келгиле, балдар!

Орусбек бул кезде калдайган жазы мукабаны башына чатырча кийип, кең адымдап өзүнчө оюн баштап келаткан. Ал адетинче укмаксанга салып нары жакка адымдады.

— Орусбек, мен кимге айтам! — деди Сеитова.

Орусбек канат сермегенсип эки колун эки жакка күүлөп койду да:

— Азыр... Те-етиги төө кокону үзүп алып, учуп жетем эжеке,— деп нары чуркады.

Балдардын бир тобу тигил жалпак акташтын үстүнө чыгышты. Калгандары сөз күткөн кишилердей мугалимди тегеректешти.

Ал аңгыча болбой, Орусбек учуп жетти. Таз карындай тармалданып, эки жак кырынан учуна карай ийнедей тикендери сайылган төө коконун канжардай болгон жалбырагы колунда. Орусбектен башка бала төө коконун тикендүү жалбырагын кармай албас-ов. Бирок Орусбек колдорун ачыштыра сайган тикен уусун тоотуп койбой:

— Эжеке, мына мен төө коконун тикенин алып келдим! Муну да папкага салып кургатыш керек. Ушул тикенди кайнатып суусун ичсе чакалай болгон адам оорусунан айыгат деп атам айткан!

Орусбектин тентектигин кайраты жууп кетти окшойт, Сеитова, ага карап эрксизден жылмайды да:

— Жарайт, Орусбек, тикендин жалбырагын папкага салып, аңгемени бузба — деди.

Мугалимдин жылмайышы, Орусбекке — «Азаматсың, Орусбек, эчтемеден кайтпас кайраттуу бол! Бирок тентектикти коюп жүр!» дегендей туюлду.

Ал колундагы тикендүү жалбыракты ары-бери папкага салды да, катарга турду.

## 5

— Биз кечүүдөн өттүк. Суу азыр оң жагыбызда,— деди Сеитова жана жээктен үзүп алган гүлдү сабагынан этиет кармап тоо жакка сундура. —Мына, тескей бет, тигине, күңгөй. Кана, ким айтат: күңгөй менен тескейди эмне бөлүп турат?

Эки-үч баланын үнү жарыша угулду:

— Ортодогу жон, эжеке.

— Жон эмес, кыр! — деди Орусбек. — «Эй, балдар, жаңылбасаңарчы» деген кишиче ал үнүн салмактуу, жоон чыгарды. Чоң киши кайдан келе калды, деп ойлогон Нина Леонтьевна арт жагына жалт карады. Үнүн жасап, атайы жоон чыгарып, чоң кишиче сүйлөгөн Орусбек экенин билген соң өзүнүн алданганына күлкүсү келди да, бирок күлгөнү жок. Тентектик жагын көбүрөөк таанып, ага наразы болучу мугалим, азыр куудулдук да колунан келерин көрүп Орусбекке ичинен раазы болду.

— Макул, кыр дейлик,— деди Сеитова мугалимдерге таандык токтоолук менен үнүн көтөрүңкү чыгарып, салмактуу сүйлөдү. — Азыр биз нак ушул кырдын тумшугунда турабыз. Тетиги борчук таштан нары карасак, бул жерден бизге, кырдын жону — мизин төмөн каратып койгон чалгыга окшоп көрүнөт. Биз ал кырга чыгып, түштүк жакты карап үч-төрт гана кадам бассак, күңгөйгө өтөбүз. Орто ара бир аз гана кадам. А чындыгында күңгөйдө өскөн өсүмдүк тескей бетте жок, тескейдики күңгөйдө көрүнбөйт.

Кана, пионерлер, эмне үчүн андай? Бул жөнүндө бизге ким түшүндүрөт?

Орусбек бул жолу унчукпады. Башка балдар да алда эмнени издегенсип, кыр жакка жабалактай карашат. Нак ушул секундда наркы күңгөй жактан учкан сагызган канаттарын күнгө чагылыштыра кыр ашып тескейдеги топ карагайга житти.

Аскар колун көтөрдү:

— Мен айтам, эжеке?

— Кана, Аскар, айтчы.

— Күнгөй бет түштүк тарапты карайт: дайым күндүү. А тескей жакка күн анча тийбейт — көлөкөлүү... — Аскар шилекейин жуттубу, жообунан такалдыбы, бүдөмүктөй калды! Мугалим аны шаштырган жок. — «Айта бер, Аскар. Биз сабакта өтпөдүк беле» деп күткөндөй

саал күлүмсүрөп караган Сеитованын мандай тиштери эрдинин астынан кырка тизилген седептерче ичке тартып агара түштү да анчейин:

— Кош, анан? — деп койду.

— Биз билебиз — деди Аскар кебин улап. — Өсүмдүккө өтө керектүү: күн, суу жана ава! Эгерде күн, суу жана ава болбосо дүйнө да болбос эле.

Кимдир бирөө арт жактан унчукту.

— Туура эмес!

Пионерлердин бир катарлары бурула караштты. Унчуккан Сатай экен, ал кулагына чейин кызара түштү да, өз пикирин жактады:

— Күн, суу жана ава болбосо, дүйнө болбойт эле дейт Аскар. Ал туура эмес. Дүйнө болгон үчүн күн, суу жана ава бар да. Эгерде...

Кызып сүйлөгөн Сатайдын кебетесине бир топтору күлүп жиберишти.

Сатай күлгөндөргө эдирее карады:

— Эмне күлөсүңөр... Дүйнө жок болсунчу, бардыгы жок болот...

Сатайга караганда токтоо болушка тырышып Аскар эки алаканын жая сүйлөдү:

— Ошол бардыгын жок кылбай турган күн, суу жана ава?! Азыр ава болбосо, сен беш минутка жетпей тумчугаар элең.

Баятан араң турган Сырга кесип айтты:

— Жашоого шарт керек! — деди.

— Жарайт,— деди Сеитова айтыш бир аз токтоло калганда. — Күн, суу жана авасыз турмуш бүтөрүнө талаш жок. Мына биздин көз алдыбызда күңгөй да, тескей да. Бирок күңгөйгө караганда тескей бетинде турмуш кулпуруп турат. А күн нуруна дайым какталган күнгөй өсүмдүккө жарды. А бул эмнеликтен?

— Күнгөй күнгө какшып калган да, эжеке?—деди Орусбек.

— Азыр анын чочугандай сүйлөгөн сөзүнө айрым балдар күлүштү. Алар тетири ой менен эмес, тек анчейин күлүшкөн. Бирок бардык жагынан атасын тууураган Орусбек ызаланып тигил балдарга житире карады:

— И, эмне шыкылыктадыңар. Билсеңер айтпайсыңарбы. Силердин жети атаңар төрөлө электен бери бул күңгөй күнгө какталып турат. Топурагы какшып, жер кыртышы каткалаң. Ошон үчүн

күңгөйгө, кургакчылыкка чыдамдуу өсүмдүктер өнөт! А тескей түндүккө жакын...

Орусбек тескей түндүккө жакын деп айтарын айтып жиберип, өз сөзүнөн күнөм санап кепке такала калды.

Сеитова жай сол ортонун чекесине тийгизип кебин улады:

— Туура, тескей түндүк мүнөздүү. Азыр, сиздердин айтыштан биз эмнени байкадык? — Күндүн тийиши тегиз болбосо, жер кыртышы бир калыпта ным сактабаса, ава өзгөрүп турса, ал жерде ошол шартка жараша өсүмдүк өсүп өнөрү көрүндү. Маселен, бул эки ортодо тигил бийик кыр жок болуп, күнгөйгө, тескейге бөлүнбөй бул ара тегиз жер болсо, эки тарапка Күн бирдей тиймек, жер кыртышы да нымдуулукту тегиз сактап, ава да бир калыпта болмок. Азыр биз көрүп турган өзгөчөлүк анда болмок да эмес.

Мына ушундан кийин биз эмнени түшүндүк? — деди мугалима, үнүн саал бийик чыгарып. — Маселен, ар бир өсүмдүктү алсак, ал: күндү, аваны, сууну керектеши менен бирге, ылайыктуу шартты да талап кылаары көрүндү.

Биз мына ушуну билдик.

## 6

Артымда кыштак алды жакта Аскарлар баратышат. Окжетпее жанымда. Ал карышкырды коркутат,— деп Динар баятан камарабай келаткан. Бирок коктуну өрдөгөн сайын алды жак жымжырт тартып, Динарга коркунуч пайда болду. Атынан атап чакырган алда кимдин үнү кулагына угулгансып, эки жагына элтеңдеп, кээде бир тынымга токтой калат. Аны чакырган эч ким көрүнбөйт. Кокту ичи эп-ээн. Чөп башын терметкен жол токтоп, теребел мемиреп — көшүлө түштү.

Динар табыш чыгарып кара күчкө жөтөлдү. Ээндикти как жарып жаңырык оштонду... Ал аңгыча болбой кандайдыр алагүү унчукту. Алагүүнүн «күү-гүк» чыккан жоон үнү алиге бышыктап угалек кичинекей кызга коркунуч туудурду... Динар басар-басмаксан элтеңдеди. Коркунучтуу үн ага береги тайпаңдан наркы асман тиреп зыңгыраган бай карагайдан угулгансып, кыз ошол жакка карады. Бирок асманды ат жабуулап ак булут көчсө, тээ, бийиктеги көк тиреген карагай учтары зыңгырап кайдадыр жылгансып көрүндү. —«Ээй, чоң эне, карагай кайда жылып баратат?» деди Динардын оюу. Кыз корк-

конун унутуп коюп карагайдын алда кайда каалгыган учунан көзүн албай карап турду. Ак булут бат эле үлбүрөп жука тартып түтүндөй созулуп суюлуп кетти. Карагай учтары токтолгонсуп заңгырап турушту... Нак ошол учурда нар жактагы канжардай жалтыраган ак зоонун үстүнөн жапжай калкып эки зор канаттуу ээрчише чыкты да көк торгун сыңарында чаңкыйган асманда карарып көрүндү. Алар айланган жорулар экенин Динар көрөр замат тааныды. — «Ай-ий, атаңкөрү канатым болсо, мен да ошол сыяктуу бийикте айлансам э?» деп ал колун чекесине серепчилей калып кызыга карады. Те-е, көк астында калдайган жорулардын бири зор канаттарын жай сермеди. Алда эмнени көргөнсүдү, бурулбастан Динар келаткан кичи коктунун башын көздөй түз сызды.

Асманда айланган жору алты кырдын ар жагындагы тарпты жазбай көрөт деп качандыр чоң эненин бир айтканын азыр Динар эсине түшүрдү. Басар-басмаксан болуп делдее түшкөн кыз, те асмандан көзүн албай өз алдынча күңкүлдөдү.

— Ай-ээй, жорулар ушул жакка келатат... Тарп көрдү го... Карышкыр бар го...

«Дик-дик» этип жүрөгүнүн соккону өзүнө угулду. Оң бутуна чөп ороло түштү да мүдүрүлүп кетти, бирок жыгылган жок. Көздөрүнүн кычыктары ачышып каректерин жаш чайды... Баятан шиберди жойлоп анча алыс кетпей элтең урган Окжетпес береги этектеги үч-төрт түп бадалды аралай салды.

— Окжетпес, Окжетпес...

Каңырыгы түтөгөн Динардын жашы чындап тамды:

— Окжетпе-ес!.. О, арам и-ит! Мени жалгыз таштап алыс кетпе-е!

Четки бадалды айланып чыга калган Окжетпес союлдай куйругун булгалап шиберди жапыра элтең уруп Динардын жанына келди да, эркелегенсип ары бир, бери бир секирди. Куйругун Динардын этегине чапкылап бир азга жыт алгансып турду да тигил бадал жакка кайра кетти.

Динар чындап коркту.

— Сени шашпа, үйдөн жолугарсың,— деди Аскарга кекенип. —Мени таштап кетет ой... Шашпа, мени карышкыр жесе экен... Анан кантээр экен... Ушул бойдон жоголуп кетем. Издеп, издеп табалбай

калышсын. Чоң энем ыйласын. Мейли... Ойготуп койбойт, ой... Сабира эжем ыйласын...

Ызасы ташыган Динар алга карай ылдамдай басты. Эчкире жаздап ачуу жаштары тамчылады:

— Муну көр ой, мени адаштырат. А чоң энемди көр, ойгот десем, атайы ойготпойт... ушул коктуну өрдөп, тигил чоң кырды ашып, тоо-ташты аралап кете берем. Мейли, мени карышкыр жесин... Мени издеп убара болушсун. Чоң энем аябай ыйласа экен... Аскарды урса экен...

Нак ушул секундда тигил бадалдын ар жагынан Окжетпес арс-арс үрдү. Жашы төгүлгөнүнө карабастан өз алдынча кекенип ылдамдай баскан Динар Окжетпестин үнүн угуп токтоло калды. Катуу корккон кыз, балким азыр бакырып ыйлайт беле, бирок, ал алды жактан катар-катар соройгон үч-төрт мамыларды көрдү да, «Адам жүргөн жер тура» деп бел байлап кайраттана түштү. Бат-бат басып мамыларга жетти. Көрсө, алар өткөн жаз тактай тилинген жер экен. Атайы орнотулган төрт мамынын экөө сороюп бош, өрдөш жаккы экөөндө коюлган устун ага жөлөнгөн жарты шыргый ошол бойдон туруптур.

Арс-арс үргөн Окжетпестин үнү үстү-үстүнө угулду. Муундары калч-калч этип алдастап шашкан Динар тигил жөлөнгөн шыргыйды эмгектей басып, жогорку устунга чыкты. Устун жерден эки метрче бийиктикте эле, бирок Динар үчүн ал өтө бийик көрүндү. — «Мейли, эми карышкыр эмес, жолборс келсе да мага жетпейт» деди кыздын оюу. — «Мен азыр жерден бийикмин... Курсагым ачпаса, он күнгө чейин ушу устунда тура беремин... Мейли, чоң энемдер, мени издешип аябай чарчашсын... Ай-ий, чын эле мен он күн туруп алсам, анда Окжетпес кантет?»

Катуу шыбыраган табыш чыга түштү. Коркуп кеткен Динар баятан берки кекенгенин унутуп коюп:

— Энеке!—деп тоо жакка жалт карады. Тигил топ бадалдан бери үркүп келаткан жоон топ койлорду көрдү да Динар күлүп жиберди...

**7**

Карындашы Динарды үйгө калтырып келгенине Аскар азыр өкүнүп да калды. — «Динарды ээрчите келсем да болмок тура. Бизден калышпай тоо гүлдөрүн терип, жерди, сууну таанып, оюнга канмак экен ал. Ка-ап...»

Тентек карындашынын кыял-жоругун көз алдына элестетип Аскар өз алдынча жылмайды: — «Ойгонгон соң кантти экен, акмак? Үй ичин үч сапырып чатакты баштады го. Чоң энемдин айнегин сындырбаса болгону...»

Атайы сага алып келдим Динаржан деп карындашына бермек үчүн үч сабак «жылдыз гүлдү» үзүп, мукабага салбастан колуна кармап келаткан.

Урунуп-беринип тентектенген Орусбек:

— Аскар кыз, Аскар кыз... Гүл терет, кыздар менен басат,— деп Аскардын жанынан чуркап өттү да, аны чыканакка муштап кетти.

Чыканагы уюп колунан гүлдөрү түшө жазган Аскар ызасына чыдабай тигинин артынан жөнөдү.

— Ай, Орусбек, сени?!

Оюнга кызыккан балдар туш-туштан жаалашты:

— О-о, Аскар күлүк...

— Орусбек оңой бекен, жеткирбейт...

— Жо-ок, Аскарды билбейсиңер, ал чапкан аттай тим эле...

— А Орусбекчи, учкан куштай...

Сеитова аларды тартипке чакырды:

— Балдар, кубалашпагыла! Жер бийик, күйүгөсүнөр.

Ал аңгыча болбой таптак түйүлүп берки өйүздөн секирген Орусбек суунун аркы кашатына түштү.

— О-хо-о! — деди Ашым. —Айтпадымбы. Орусбек, чиркин, сырттандай секирет!

Балким, токтой калат беле, бирок Ашымдын тигил сөзү Орусбекке удаа бараткан Аскардын намысын курчутту, Көбүк бүркүп күжүлдөгөн тоо суусунун тигил Орусбек секирген тушунан ал да топтой түйүлдү.

— Айтпадым беле,— деди Сатай. — Аскар калышпайт деп...

Аркы өйүздүн кашаты кереге боюнча жантык болгондуктан Орусбек төрт аяктап эмгектей түшүп кылчак-кылчак артына карады. Өзүнө удаа секирген Аскарды көргөнүндө, ал туруп качалбай жатып шыкылыктап күлдү.

Аркы өйүзгө барып түшкөнүндө Аскар да төрт аяктай калган, бирок ал илбирстей шамдагайлык менен Орусбекти шыйрактан алды.

Ал экөөнүн тамашасына баткан балдар туш-туштан жаалашты:

— А-а, Орусбек карматып койду...

Намыска чукул Орусбек балдардын тигинткенине ызаланып кетти белем, саал мыкчыя түштү да Аскарды төшкө тепти. Андан жасканып кетенчиктей түшкөн Аскардын сол буту сууга малына түштү.

Оңоло калган Орусбек шыкылыктап күлгөн боюнча наркы кашатка чыга качты. Аскар тура калды да алда эмнесин жоготкон кишидей тез бурулуп суунун агынына карады. Карындашы Динарга берейин деп кармап жүргөн үч сабак «жылдыз гүлдүн» экөө дайынсыз, бири тигинде көбүккө аралаш калкып барып таштан алыс шарга кетти.

Ичи күйгөн Аскар Орусбекке кекендн.

...Чоң коктуну өрдөй берген менен бүгүнкү сапар максатына жеталмак эмес. Күнгөй, тескейдин өзгөчөлүгүн таанышкан соң, балдар аркы өйүзгө өтүшүп карагайлуу бетке чыгышмак. Андан Ортокырды жондоп, жанакы кишидей соройгон кызыл ташка чейин барышмак. Себеби, Ортокырдын нак жонунан туруп караган кишиге «Күрпүлдөк» колхозунун жер, суусу алакандагыдай: өзөн, өзөндөгү мал жайыттары да, алкымдагы чөп чабындылары менен түздөгү эгин аянттары да, бактары дүпүйүп, огороддору салаа тартып, кыштактын ар бир үйлөрүнө чейин дайын. Көз жеткен жердеги коңшу колхоздордун жер, суусун байкоого болот.

Сеитова бүгүнкү сапардын планын түзгөндө балдарды нак ушул Ортокырга баштап келмек болгон.

Карагайлуу беттен жонго чыкканчакты мугалимдер эки ирет тыныгышты. — Күйүгөсүңөр, тыныккыла! — деп балдарга да айтышты. Бирок, карагай чыккан көлөкөлүү бетте балдар өздөрүн азыр гана ноктодон агытылган кулундай ээн-эркин сезишти. Эң жоош деген Сатай да туура үч ирет этегин тобурчак менен толтурду. Үчөөндө тең жыйнап алган тобурчактарды четиндин ашына тийгизишке аракеттенип зуу-зуу ыргытып бүтүрдү. Ал эми Орусбек баштап башкалардын ыргыткан тобурчактарына, балким, сан да жетпес, бирок, тобурчак ыргытышта бүгүн Ашым көзгө көрүндү. Анткени жана кайдандыр учуп келген сагызган жалгыз аяк чыккан шилбиге коно калып шакылыктай бергенде, Орусбек баштаган төрт-беш бала ага карай тобурчак жаадырышты. Ошол замат жан алакетке түшүп сагызган көкөлөй учту. Башкалардыкы

чендебей, Ашым ыргыткан тобурчак сагызгандын он канатынын учун чырпып өттү.

Балдар Ашымды макташты:

— Оо, Ашымдын колу түз экен...

— Ооба, ыргыткан тобурчагы октой зуулдайт.

— Таамай тийсе сагызганды көмөлөтмөк тим эле...

Балдар кызыкка батып тобурчак ыргытышкан сайын чөйрөгө канаттуу жологон жок.

Ашып кетсе, жонго отуз метрче жерде бутактары көөлбүгөн бай карагай асман мелжип менсинет. Ошого жетип көлөкөсүндө дем алсам дегенде артыкча Сартбаевдин көзү учту. Ал жанындагы мугалим кыздарга чаалыкканын сездиргиси келбей жон жакка карап кебин тамашага чалат:

— Экөөңдү эки ийниме кондурам да жонго алып чыгам.

— Бизди коюп, өзүңүз, тигил бай карагайдын көлөкөсүн көп карабаңызчы,— дейт Сеитова.

Сартбаев ага жооп табалбай күлөт.

Булардын ичинен тоого көнбөгөн Нина Леонтьевна экен. Аныcы аз келгенсип үстү ачык кыска такалуу туфли улам бутунан түшө берип тажаткан соң, ал бут кийимин колуна алып жылаңайлак басты. Таманы шиберге тийген сайын кытыгысы кычап, күлөм деп күлө албайт. Улам кокту жакка карап баш айланткан жан боорлордо жер таяна жаздап чебердеп басат. Бирок анча күйүккөнү жок.

Балдардын бир тобу тигил бай карагайга эчак жетишкен. Энтиге-энтиге басып ал жерге мугалимдер да келишти.

Байыртан бери зыңгыраган жоон карагай жел жортсо, жай теңселип шуулдап турат. Жоон бутактары саал төмөн ийилип, бүчүрлөрү ийнедей сайылып калың. Ичке деген тамырлары адамдын жоон санынча болуп, кээси толгонуп барып, куду бүркүттүн салааларындай тоо боорун чеңгелдеп жер кыртыштап тереңге житкен. Жай, кышына күн көрбөгөнгө кеминде чоң үйдүн ордундай айланасы каракурдун ойноосундай таптакыр. Жалгыз гана кургак тобурчак төгүлүп, саргыч тартып күбүлгөн бүчүрлөр себилген.

Нина Леонтьевна менен Сеитовага, Сартбаев жон тартып жерге баткан тамырды көрсөттү:

— О, мына, даяр орундук. Олтуруңуздар,

Сеитова отурар замат асманга карады:

— Бах, карагай эмес бекен!

Те, жогорку бутактардын арасынан балдардын балгырлары кызаңдайт. Орусбек баштап жоон топ бала бутактан-бутакты кармап басып, карагайдын башында жүрүшөт.

— Кулайсыңар, түшкүлө! — деди мугалим аларга. Нина Леонтьевна да карагайдын башына карады.

— Ай, тентектер, деги канчасы чыгышкан?

Нак ушул тынымда «сындым-сындым» дегенсип бутактан бутакка «шып-шып» тийип кулап түшкөн тобурчак, так Нина Леонтьевнанын жанында жаткан туфлисине тырс этип атайы салгандай кептеле түштү.

Ошол замат:

— Ах! — деп чоочуп кеткен Нина Леонтьевна туфлисине кийилген тобурчакты көрө сала коңгуроолуу күлкүсүн чыгарды:

А-ха-ха! Кандай түз, кандай таамай!

— Да-а, Ниночка... так ошол таамайлык менен тып этип көзгө тийбегенин айтчы — деди Сартбаев.

Карагайдын кылды учуна жакын барган Орусбекке Нина Леонтьевнанын азыркы күлкүсү ичке жаңырык аралаш оштонуп өткүр угулду.

Жоонураак бутакты басып, оң колун орой карагайды кучактап туруп Орусбек төмөн жагына карады. Өзүнө үч-төрт метрче жетпей токтогон Ашымдын төбөсү ага жалпак өңдөнүп көрүндү.

— Эй, Ашым! — деди Орусбек.

— Эмне-е? — Алда немеден чоочуган кишидей Ашымдын үнү дирилдеп чыкты.

— Чыгып кел, бери!

— Жок, мен кайра түшөм...

— Чык, күкүк болобуз!

— Ылдый карасам башым айланат...

— А, сен ылдый караба. —Орусбек Ашымды алаксытты:

— Карагайдын учуна чыксаң кыштакты көрөсүң.

— Жок, чыгалбайм,— деди Ашым түшө баштады.

— Коркок, коркок,— деди Орусбек аны.

Ашым ага жооп кайтарган жок.

Орусбек үнүн муңкантып күкүкчө чакырды:

— Күкүк-үк, күкү-үк...

Эч ким ага үн кошкон жок.

— Күкү-үк, күкү-үк...

Жел сокту. Коркунучтуу доош чыгарып карагай учу теңселди.

— Кү-кү-үк, күкү-үк...

Жерде жүргөндөргө Орусбектин үнү кадимки күкүктүн үнүнчө муңканып алыстан угулду.

— Айран, жуурат азайып, таккаттым, таккаттым!

Орусбек да бутактан бутакты басып түшө баштады.

## 8

Аскар, Сатай дагы эки пионер арттан келишти. Алар бир-бир колтук кылышып тоо арпаканы менен казтаңдайды көтөрүп алышкан. Артыкча Сатай кымбат буюм таап алган кишинин сыңарында таноосун дердендетип энтиге басат. Саамай тери сызылып, чекеси булоолонот. —«Бизди көргүлө, сонун табылгабыз бар. Жапайы арпа таптык» деген кишиче ал өтө кубанычтуу.

Мугалимдер күлө караштьı.

— Аскар, эмне артта калдыңар? — деди Сеитова.

— Биз жапайы арпа таптык! — деди Сатай.

— Болсо болор, көрсөткүлөчү,— деди Сартбаев.

Кубангандан көйнөгүнө сыйбай турган Сатай казтаңдайдан арпаканды бөлүп:

— Мына, жапайы арпа!

— Чын эле арпага окшош экен... — деди Сеитова, балдардын десин кайтаргысы келбей, Сатайдын колундагы арпаканды алды: — изилдеп көрүш керек. Бул бирок...

— Ооба, эжеке арпага окшош чыккан чөп экен — деди Аскар.

Сатай Аскарга таң калып карады:

— А, өзүң азыр эле жапайы арпа экен дебедиң беле?

— Ооба, муунчактары да, өзөгү да, көгү да кадимки арпадай көрүнгөн... Анан байкасам чөпкө окшойт...

Тигил колоттон бери көтөрүп келген арпакандын чөп болушун каалабаган Сатай талаша баштады:

— Арпа! Арпага эле окшойт...

— Арпа болсо, эмдигиче адам көрбөй кайда жүрүптүр? — деди карагайдын башынан жаңы түшкөн Орусбек. — Биз жонго чыкканыбызча булар буудай да таап алышпагай эле?!

Орусбектин сөзүнө балдардын кээси күлүп жиберишти.

Сатайдын кулагы ансайын кызарып, ал мукактанып кеп айталган жок.

— А эмне экен? — Аскар Орусбекке чечкиндүү жооп кайырды. —Арпа болбосо тукумдаш өсүмдүк. Окшоштугу окшош!

Тентектиктин жосунун улантып Орусбек сыбызгыта ышкырып, колун алыска шилтеди:

— Жолдош Аскар үрөндөрдү текшерүү тажрийбасын бүткөндө карагайдын учуна ашкабак өндүрөт. Аны менен ойнобогула?!

Орусбектин бул кебине балдар күлгөнү жок. Мугалимдердин көзүнчө минткени орой көрүндү.

— Орусбек, сен жаңыласың. Аскар үрөндүн өнүмүн текшерсе, арпага окшош өсүмдүк издесе, ал туура ишке умтулат. Окуучу ар ишке талаптанышы керек. —Сеитова колундагы өсүмдүктү балдарга көрсөттү.

— Мына бул өсүмдүк — арпакан деп аталат. Арпакан түзгө да чыгат. А бул тоо арпаканы. Бул берекелүү өсүмдүк. Кадимкидей баш алат, бирок даны чүрүш — бүргө окшош. Ошого карабастан, эгерде биз буудай, арпаны, айдап өндүргөндөй, тоо арпаканын да асырасак балким, колхоз малы үчүн берекелүү тоют...

Нак ушул секундда Сеитованын аңгемесин бөлүп үстү жактан шыбыраган катуу добуш угулду.

Бардыгы добуш чыккан жакка жалт караштьт.

Сопол куйрук келген чоң сур атка минген көк-ала баш адам көрүндү. Ал эмнегедир жылаңбаш, теңметеңи агарган тегерек сакалы жайыла түшкөнсүдү. Жалпак бети алоолонуп, катуу ашыккан түрү бар. Карышкырдан айрып алгыс эки кулагы тең тикчийген көк дөбөтү жандай салып шиберди жойкуңдап, тигил кишинин мингени, тик — жанбоордо кадимки түз жолдо келаткансып алчактай басат.

Сеитова аңгемесин токтотту, пионерлер тигил атчанга жабалактай караштьт.

— «Эй, силер кимсиңер? Кайдан келип калдыңар?» деген ки-

шиче атчан беркилерге адырая караса, күнгө какталган жалпак бети алоолонуп тамылжып көрүндү.

— Бул ким?

— Тааныдыңарбы?

Ал ангычакты болбой, тигил атчан аркан боюндай калганында тизгинин жыя кармап, эки үзөңгүнү тең тээп, ээр үстүндө көтөрүлүп, саал чалкалай түштү да, күрөктөй колун чекесине серепчилеп:

— Эй, биздин окуучу балдарсыңарбы? Кайдан жүрөсүңөр, ботомдор?

— Ой, Келген акем турбайбы,— деп Сартбаев ордунан тура калды. —Эмне жылаңбаш, жүрөсүз, жарыктык?

— О, жылаңбашты сурабагыла кой көрдүңөрбү, балдарым?

— Жок,— деди Сартбаев. — А кайдагы кой?

— Кайдагы болучу эле, биз баккан койлор, — деп Келген кейип сүйлөдү: — Түндөгүдөй жаанды көргөн эмесмин, теги кудай салбасын: көзгө сайса көрүнгүс караңгы болду. Иттер да жаагын басканы жок. Өзүбүз да уйку бетин көрбөй кыйкырышып, короону тегеренип жүрдүк. Быйыл карышкыр артыкча күч: мылтык атып турса да колдон талашат. Биздин тоонун карышкыры мынчалык болчу эмес эле. Бир жактан ооп келгенби дейм. Деле мал багуу кыйын болуп кетти... Жаан, жана таңга жакын басылды. Баш ылдый суук жел сокту... Короонун четинде кыйкырып туруп эле дилдиреп көзүм илине түшкөн экен. Дүр этип чоң короо кой чатырап үркүп... Кыйкырыктан, кыйкырык. —Эки-үч жолу мылтык атылды. Чыйрыккан койлор туш-тушка бөлүнүп, иттер да ажылдап кокту ылдый кетишти.

Бөлүнгөн койлорду кайра жыйнадык. Эртең менен санасак элүүчө туяк жетпеди. Отуз чактысы наркы Кертабылгыдан табылды. Эми жыйырма туяктын не кеткен изи, не калган тарпы жок. Мал аягы сегиз: үрккөн бойдон өтүп кеттиби деп эми кичи сайга баратам.

Келген койчу сүйлөй баштаганда эле балдар аны тегеректей келишкен. Чоң сур ат чамбыл тартып, демин тез-тез алат. Койчунун оозу сөздө болгону менен каштарын түксүйтүп, кабагын түйө эки көзү ой-тоону чабыттайт. Өзү шап бастырып кетишке даяр.

— Аке, койлор өзү үрктүбү, же карышкыр тийдиби? — деди Ашым.

— Э, өзү да үркчү беле, балам! Карышкыр тийди. — Келген тиги чокчоюп отура калган итине көрсөттү. — Ырыска шерик Алгырым болбосо, теги түндө жаман болот эле. Карышкыр менен тамакташкан белем? Мойнунан кан чыгып... ууртуна тиши батыптыр. Ошентсе да таң азандан бери менден калбай ээрчип жүрөт.

«Ырас, түндө тигил жүрөк конуштун арчасына чейин карышкыр менен кармашкан дөбөт мен боломун» дегенсип Алгыр камырабай жаланып койду.

Орусбек катарындагы балдарды алдыртан укуп, итти мактай берди:

— Карышкыр менен иттин ити кармашат. Көрдүңбү, билегинин жоонун...

Куду, шибердин шуудурун элестетип балдар арасынан күбүр башталды:

— Ох, кайран Алгыр!

— Тигине, кулагынын астына кан катыптыр.

— Карышкырды да тиштеди го.

— О.... Чындаса жеп коёт.

— Кудай сакта! — деди Келген колун оң чекесине серепчилеп күндөн көзүн калкалап, те алда кайдагы бийикти карап: —Жорулар айланат да?!

Жапырт бурула караштьı. Күн чыгыш жактагы бийик кырдын үстүндө камырабай жай калкыган эки жору көк астында токумдай карарып көрүндү.

— Соо эмес. Жыйырма койду кырган экен го.

Чоң сурду баса теминип Келген Ортокырдын жонун көздөй шыдыр бастырды. Ал өз алдынча кейип баратты:

— Сакалым өрттөндү го. Мынча койду карышкырга жедирет деген эмне. Кырсык эй, кырсык эй...

Балдар да, мугалимдер да кары койчуга удаа жонду көздөй жабыла жөнөштү.

9

Корккон Динар устунда туруп кыйкыра баштады:

— Чой, чой, койлор. Бери келгиле, мен бар. Карышкыр силерге тийбейт!

Бирок койлордун артынан карышкыр эмес, Окжетпес көрүндү. Корккон койлор элтең урушуп, удургушат.

Коктунун калың шиберин жапырылта куйругун булгалап, Окжетпес борс-борс үрүп, секирип-секирип коёт.

— Чой, чой, койлор... Силерди баккан койчу кайда? О-о, у-у! Койчу, койчу кайдасың? Коюң мына-а! — Динар кулагын тосуп тыңшай калды. Анын чакырыгына тескейден күнгөйгө жаңырык оштонду, зоону как жарган сыйкырдуу курчтан бетер жаңырык тоо койнуна житти. Бирок адам үн берген жок. Карагай, чер эп-ээн. Бул Кичи сайга койлор буюгуп келишкен. Азыр алар Динарды караан туттубу, же Окжетпес айдадыбы, айтор коркуп калган койлор төрт мамынын ортосуна үймөлөктөштү.

— Кет, Окжетпес! Ой, жаман ит!—Динар Окжетпеске муштумун жаңсады. — Сениби, койлорду коркутпа! Билесиңби, корккон жаман болот... Койлорду коркутпа! Ой, жаман ит.

Дыр этип бирине бири сүйөнүп койлор чокмороктошсо, зериккен ит аларга тийип качырып, борс-борс үрөт.

Азыр өзүн кызуу турмуштун арасында сезген Динар бир заматта коркууну унутту. Жана тигил устунга сүйөлгөн шыргыйдан эмгектей басып араң чыккан. Эми болсо буту илинбей чуркап түштү да, Окжетпести качырды:

— Кет десе эмне укпайсың, ыя? Билесиңби, биздин койлор. Эми буларды экөөбүз кайтарабыз...

Динар эки алаканын тып чаап, селдее түштү:

— Ай-эй, ким тиштеди, байкушту!

Ал, актөбөл кара боруктун карышкыр тарткан куйругун жаңы көрдү. Коркуп калган борук топтошкон койлордун арасына өтүүгө тырышат. Теңинен көбү жырылган жаралуу куйругу таңырандап, канталаган майы кызгылттанып, таңына жабышкан алакандай териси салпылдайт.

Тигил боруктун куйругун карышкыр тартты деп түшүнсө, балким Динар катуу коркмок. Динардын эсине карышкыр түшпөдү. Боруктун куйругун Окжетпес тиштеди деп түшүндү. — «Эмне үчүн колхоздун коюнун куйругун итке тиштетесиң» деп эми Сабийра жеңекем урушат деди Динардын оюу. Тигил ойну канбагансып эркелеп жүргөн итке чындап ачууланды. Аны урууга жерден таш издеди:

— О, акмак ит, канкор,— Гитлерсиң сен! Эмне үчүн койдун куйругун тиштейсиң, ыя! Сениби, өлтүрөм, көрөрсүң... Сени ээрчитин келген мен акмак... Эми Сабийра эжекем урушат: «Динар , сен жанында жүрүп койду эмне үчүн итиңе тиштетесиң» дейт. Анда эмне дейм? Ой, акмак ит.

Динардын көз жашы эриксиз тамды. Жаралуу борукка жаны ачыды.

— Үркпөгүлө, байкуш койлорум... Азыр мен силерди кайтарамын. Үркпөгүлө...

Жанакы өзү келген жолго салып Динар койлорду кыштакка карай айдады.

...Кимдир бирөөнун курч балтасы кыя кескен четиндин ичке, узун чыбыгы азыр Динардын колунда. Чыбык көп болсо, бир-эки күн гана мурда кыйылган болуш керек: сыйда, узун чыбыктын өзөгү жашаң тартып сөлдүү кабыгы жылтырап кочкул. Уч жагындагы эки бутактын узунча сүйрү жалбырактары кызгылт тартып абада дирилдейт. Динар чыбыкты ансайын тез-тез булгалайт:

— Чой, чой, койлорум чой! Чой...

Динар чыбыктуу болгон соң Окжетпес тап берип койлорду үркүткөнүн койду.

Азыр Динардын көңүлү жай. Койлорду чой, чойлойт. Зыңкылдап ырдап коюп, кээде өз алдынча сүйлөйт:

— Койлорду көк бетке жайып откозом. Тигил күрпүлдөгөн өзөнгө түшүрүп, көк кашка сууга сугарам. Кечинде кыштакка айдап барам, мейли таң калышсын: Аскар да, чоң энем да... Чой, чой, койлорум ой, чой...

Койлор тынч жайылып, Динардын көңүлү жай келаткан кез. Туурадан шабыр-шубур табыш чыкты. Алды-артына карабай койлору катуу үрктү. Куйругун карышкырга тарттырган жанагы кара борук чымын-куюн түшүп артыкча коркуп бaрaтaт.

Апкаарган Динар :

— Чоң эне! — деп бир бакырды да элтең-элтең карады. Көп болсо, беш метрдей жерде Окжетпес менен жтттaшып, куйругун чагарактатып турган көк «карышкырды» көрдү. Үнү чыкпай Динар муунуп калды.

—Коркпо, садагаң! —Алда кимдин жоон үнү туура жактан угулду: — коркпо, кызым. Ал — ит, Алгыр! Коркпо!

Ал аңгыча болбой чоң сурду энтиктирип Келген жетти.

—Коркпо, садагасы кызым! Колхоздун койчусу Келген акеңмин. Тигил — Алгыр!

Динар араң унчукту:

— Алгыр?

— Ооба, садагасы. Ал — Алгыр. Биз жоготкон койлорду издеп келатканбыз...

— Жоголгон койлорду?

— Түндө короого карышкыр тийип... Койлор буюгуп.

Динар кеп таап айталбады.

— Тигил койлорду кайдан айдап жүрөсүң?

Динар аптыгып араң айтты:

— Тоодон. Таап алдык...

— Таап алдык?

— Ооба...

—Сенден башка дагы ким бар?

— Мен өзүм... — деди Динар . —Анан тигил Окжетпес бар.

— Койлор кимдики экен?

— Колхоздуку да, биздики да...

— Кызым тура турчу...

Ашыккан койчу сөзүн бүтпөстөн тигил үркүп барып токтой калган койлорду көздөй кетти.

### 10

Ортокырдын туу жонунан караган адамга «Күрпүлдөк» колхозунун жер чеги алакандагыдай дапдайын. Жеке «Күрпүлдөк» эмес, башка танапташ кыштактардын далайы көз алдыга келет. Адам көңүлү толкуп, кыялы эргийт: «Эх, жыл сайын жерибиз жашарып, элибиз өркүндөөдө!»

Азыр Сеитова, окуучуларды ушул Ортокырдын туу жонуна баштап чыкты.

Жон,— эркин, ээн. Леп-леп калкыган эрке жел көңүлдү эргитип, бала эмес чоңду оюнга ээликтирет.

— Бах, кайран бала чак! — деди Сартбаев. Анын өткөн өмүрүнө өкүнүү да, азыркыга кызыгышы да салмактуу чыккан коңур үнүнөн даана угулду. — Ушундай жондордо так түйүлүп чуркасан, килем

баскандай таманың кубанчу. Тикен кирип, таш тилгени чымын конгончо да сезилбеген, бах, кайран бала чак!

Балдар, Аскар жон ылдый чуркашты. Эликтин секиргенин туурап таптак түйүлдү. Ал түз жердегиге караганында бийик да секирди, алыс да түштү. Ал учкундай жеңил сезди,— «Балдар мага жетпей калды го» деп ойлогон Аскар, тигил кишидей кызыл ташка жакын келгенинде күүлөнүп араң токтоду. Ошол замат зуу этип удаа жеткен Орусбек Аскардын эки ийнинен тең таянып, башынан алыс секирди. Бир кадамча илгери барып түшкөн Орусбек нары тоголонуп кылчак-кылчак Аскарга карады. Ал өч алууга Аскар өзүн кубалайтко, деп ойлогон. Бирок, Аскар аны кубаламак тургай: — «Ой, оңбогон Орусбек о-ой! Менин башымдан кантип секирдиң, ыя?» деген кишиче ормоё түштү. Туу жондун бетегесине оонай жыгылган Орусбек кыткылыктап күлдү. Жарыша чуркашкан балдардын кээси Аскарга жетпей токтошту, кээси, тигил кишидей кызыл ташка чейин кетишти. — «Э-эй, эмне үчүн балдардын баары бийик секиришет? Билдим, ылдыйда адам күүлөнүп кетет тура» деп баамдады Аскардын ою. Бирок жондун суюк абасы да ага себепчи экенин ал байкай алган жок.

...Кызыл таш алыстан жондо турган кишидей сороюп жалгыз аяк болуп көрүнгөнү менен жанына келгенде түптүү, кадимки боз үйдүн төбөсүндөй төгөрөк тартып набаттай ширелишкен чулу таштар тоону как жарып өнүп чыккандай. Таштын жылма беттери күнгө кармаган бадностой жалтырайт. Бирок абайлап караган көзгө, таштын жылмасынан кеткис болуп терең житкен оюу-чийүүлөр окулат. Алар бир түстүү эмес: ар түрдүү боёктор. Ал эми кээ бир катмар бир-бирине анча тегиз эмес катталышкан альбомдун барактарын эске салат. Көгүлтүр түстөгү кээ бир таштар, куду байыркы алптардын чоюн баштарындай жуп-жумур, урунчуктуу. Таштардын ширелишкен катмарлары төгөрөк тартып боз үйдүн төбөсүн элестетет. Нак ошол төбөдө атайы кол менен койгонсуп зыңгырап тигил кызыл таш турат. Анын бийиктиги кеминде үч метрге жакын. Учу үч бурч тартып тоо жак четиндеги кетиги өзүнчө кипкичинекей кокту өңдөнүп көрүңдү. Анткени ага далай замандан берп топурак ширелип, ал кара көк тартып кыртыштанып, анда чөп өнө баштаган. Азыр аны Омор көрсө: — Те-ек, быйылкы жаандын күчүн көр ай, а! Жадаса ташты жарып чөп чыгыптыр го!» —дээр беле?

Бирок туш-туштан жамырашып оюнга алаксыган балдар «ташты жарып» чыккан ал чөптү байкашкан да жок.

Замандын чебер усталары кынаптап тургузган сонун эстеликти көргөндөй мугалимдер ташты макташты:

— Ай, ай, ай... Байыркынын эстелиги сыяктуу зыңгырап турат!

— Көрчү, Инночка, чебер кол атайы тизгендей...

— Ах, жаратылыш кандай чебер! Кандай көркөм! Карасаң, тетиги катмар, терен сырын жашырган калың барактуу китеп сыяктуу!

— Ооба! Чындыгында ошол катмардын өзү сонун китеп! Аны илим гана таанийт.

Оюнга берилип Аскар ташка чыкты.

— Эх, жолдош академик!

Балдар Аскар жакка элтең караштты.

Аскар кыткылыктап күлдү. Бирок, анын кыйкырыгын Орусбек оюнга айландырды:

— Эй, балдар, академик Аскар аке ташка чыкты!

Туш-туштан күлкү угулду. Аба толкуткан коңгуроолуу жаңырык алда кайда кетти.

— Балдар!—деди Сеитова. —Мына, биз турган жон: Ортокыр деп аталат. А бул, силер чыккан ташты: «Борчук» деп да аташат. «Кароол таш» деп да аташат. «Борчук» аталган себеби — көрүп турасыңар го, ар түрдүү таштар набат сыяктуу ширешип — борчуктанып тургандыктан. «Кароол таш» аталган себеби — нак ушул борчуктан туруп караган адам төрт тарапты тең көрөт. Жок издеген малчы көп учурда ушул «Кароол ташка» чыгат. Теребелди акмалап, жайыттан малын табат. Ошон үчүн жана бизге жолуккан Келген койчу да ушул жакка келаткан болучу.

«Кызыл таш кантип туруп калды?» деп баятан таң калып караган Ашым чочугандай сурады:

— Эжеке, а кызыл ташты ким койгон бул жерге?

— Кызыл таш адам колу менен коюлган эмес,— деди мугалим.

— Бул, жер астындагы түптүү асканын учу. Азыркы максатыбыз: колхозубуздун жер чеги менен таанышуу.

Ким биздин колхоздун жер-суу картасын кагаз бетине даана түшүрсө, анын иши пионер бөлмөсүнө көргөзмөгө илинет!

Жадаса Орусбек да тынч. Ал, бая төө коконун жалбырагын кат-

тап салган жазы кара папканы эки тизесине койду эле, куду төрт бурч кичинекей кара стол алдында тургансып эптүү боло түштү.

— Эх, достор! Мына стол да даяр! Азыр, «Күрпүлдөк» колхозунун картасы тартылат!

Сызыксыз ак кагазды папканын бетине жайып койду, жакага карай кыдырта карады. Жеке мүнөз — жоругу гана эмес Орусбектин бет-ирени да атасына окшоп кетет. Бажырайып чоң ачылган капкара көздөрү ойноктоп оттуу, кабагы тик, каштары калың. Кыймылы шок. Азыр нак ошондой шок карашы менен ал колхоздун жер чегин баамдоодо.

Тоо тарап жылга, жылга тартып кең төрлөр чалкаят; кырка тизилген карагайлар кыр-кырдан аша карайт: төр-төрдүн этектеринде тал-четиндер, карагат, шилбилер аралаш тоо жыгачтары дүпүйөт. Ал эми төр-төрдөн жогорку бийиктиктерде куду жашыл баркытка кадалган акактардан бетер күнгө чагылышып ак таштар жалтырайт. Далай, далай зоолордун астынан, далай, далай өтөк жылгалардан, тогуз торо, жыбыттардан көз жаштарындай сызылып булак чыгып, алар чарык жиптердей созулуп бир өзөнгө куюлган соң, ана, көбүк бүркүп Күрпүлдөк атанып көк кашка суу тоодон жакага карай чамынууда. Аяк өйдө жел жорткон сайын суунун шары жондо олтургандарга шашпай угулуп, баятан жарыша чуркашып саамайдан тери тамган балдардын беттерин леп-леп желпип салкын жел өтөт.

Орусбек өзөндү улай карады.

Береги таш тумшуктун түбүндө дүпүйгөн топ бак — колхоз тегирмени. Канетсе да коомдук курулуштарда иштешкен колхозчулардын ысык тамагы үчүн салынган ун, талканды тартып жөнөдү окшойт: —коюу чаң жалкоо көтөрүлүп тегирменден машина узады. «Тегирмен менен кыштактын аралыгы канча болду экен» деди Орусбек ичинен. Ал колун түз сунду: карындашты тике кармап, сол көзүн кыса, бармагынын учун туура тегирменге мээледи.

Сууну бойлой узун тарткан үч кең көчө «Күрпүлдөк» кыштагы Орусбектин көз алдына келди. Бак-шагы дүпүйө баштаган кыштак кырдан караган көзгө бир топ көркөм: ар бир үй санатта, ар бир огороддун чеги карындаш менен сызгандай дайын. Күн чыгыш жаккы көчөнүн нак ортосунда жаркыраган ак чатыр башкарма Мергендин үйү. Андан бир аз жогорку чатырча бригадир Мукаштыкы. «Өндүрүштүн жүрөгү бригадирде. — Биз жатып алсак, башкарма

мактанып көрсүнчү» деп көтөрүлө сүйлөгөн Мукаш огородду атайы Мергендин өйдө жагынан алган. Азыр анын үйүнүн чатырчасы да алда кайдан жаркырайт. Бирок алар канчалык жаркыраса, да кыштакты көркүнө чыгарган — коомдук курулуштар! Баягыда «Карадөө», «Сарыдөө», «Чоюнкулак алптар» жардамдашып курушкан мектеп азыр кыштактын нак ортосунда: чоң-чоң терезелери шаңкайып, чатырчасы алда канча бийик. Эшик алды ээн тартып, гүл тигилген аллейлери алыстан чоң шырдактын түрүндөй оймо-чийме.

Үч дөбөнүн ортосунда сап-сап тигилген жемиш жыгачтары бутактап, жашыл чатырдан бетер кең жайыла баштаган. Бороз-борозго бөлүнгөн беде өсүмдүгү көрпөдөн тармалданып, түптүз арыктар чубаган чарык жиптердей көзгө араң илешет. Канетсе да суу келе баштады окшойт. Четки арыкта күн түшкөн айнектей жылт-жылт эткен чагылыш көрүндү. Нак ошол арыкты бойлоп баскан жалгыз караан жүрдү. «Айтты-айтпады тигил караан Омор аке атанган — менин атам. Ал өзү каалап мектеп багына күзөтчү болгон!» — деди Орусбек ичинен. Тентек уул атанын караанын алыстан жазбай тааныды. Ийилбеген темирден катуу мүнөз күтүп, дайым өз билгенин адамга кошпогон бир мүнөздүү атанын азыр тигинтип эмгекте жүрүшү уулга шаңдуу көрүндү. — «Атам карыды. Мен жакшы окуп, эмгек кылбасам, эми ата, энеме оор болот» деди Орусбектин оюу,— «Колхоз жерин жакшы үйрөнүш керек!»

Сыр сандыктын кипкичине алтын ачкычын бурап, андагы ачылбаган сырды аз-аздан сүйлөтө баштаган сыяктуу жакшы ой — жаңы сезим азыр Орусбекти өзүнө билгизбей ээрчитти. Жанагы тентектикти таштады. Ал алдындагы чоң барак кагаздын бетине колхоздун жер, суусунун картасын түшүрүшкө бардык дитин бөлдү. Бирде алыска көз чаптырып теребелди болжолдоп, бирде баракты өлчөп, алган масштабын ченемдейт.

Борбор — кыштак! Чыгыш тарапка коктунун төрүнө курулган кой кашары, кыштактан бир жарым километрче окчун. Андан жогору Кара күңгөй: койлордун кышкы жайыты.

Орусбек түз-түз кош сызыктар менен колхоздун үч көчөсүн түшүрдү, кара күңгөйдүн адырын ийрек-ийрек сызыктар менен белгилеп, кой кашарынын ордуна кнчине төрт бурчча койду. Анан кыштактын түштүк чыгышынан башталып батышка карай созулган эгин талаасын баамдап, өзүнчө көркөм оюу-чийүү элестеткен бир нече аянтты

санады. Алардын арасынан жал-жал тарткан арыктар өтөт, эгин аянтын как жарып каражол жатат. Кыштактан узабай жатып тарам-тарам арыктарга бөлүнгөн Күрпүлдөк суусу барган сайын ичкерип жайлап агып кара суута айланып, жээгине теңселип камыш өнө баштайт... Батыш тарабы ошол камыштуу карасууну жээктей алкакча ийиле барып, жүрөктү элестеткен талаа, туура элүү тогуз гектар эсебиндеги күздүк буудай. Ал быйыл башка эгиндерден эрте быша тургандай: тегиз баш алгандыктан каракөк тартып көөлбүйт. Баш ылдый жел калкыса, бир заматта көл жарала калгансып, ошол ара жалтырап агара түшөт.

— Эге, күздүк баш ала баштаган го. Айлар өтөт. Комбайн да келет! — деди Орусбек кара жолду болжоп, талаа-талааларды бөлүп турган арыктарды кагаз бетине түшүргөн соң, көз алдына комбайн элестеди. Анан күздүктүн жол жаккы жээгине кумурскадай карартып комбайнды белгиледи. — «Окшош, азыр көрүнбөсө да, күздүк бышары менен ушул жээктен комбайн жүрөт!» — деп Орусбек өз алдынча кубанды.

Азыркы тынымда ар бир бала ушул Орусбектин сыңарында улуу кубанычты башынан өткөрүүдө. Колхоз жери аларга жаңырып, жашарып, кулпуруп көрүндү.

## 11

«Эл карыбайт. Дүйнө жашара берет!» — деген сөз а деп укканында Аскардын сезимине анча жеткен эмес. — «Эл карыбаса, чоң энемдин чачы да агарбай, Омор аке да жигит боюнча кайраттуу жүрбөйт беле?» деп ойлочу.

Азыр кечээкисин ойлонсо, Аскардын же уялып, же өкүнө баштаган кези. Ал артыкча быйылкы кыштан бери кадыресе кишидей токтоо, сөздү ойлоп айтуучу болду. Былтыркы бешмантын кийсе, инисинин кийимин кийгенсип калат. Былтыркы ойноочу оюндарын эсине түшүрсө, өзү уялат. Ал тургай жана суу бойлоп келаткан кезде, Орусбек менен кубалашканын эстеп, Аскар кулагына чейин кызара түштү. — Жандай көргөн жакшы жолдошу жандай басып, азыр Аскардын кулагына минтип айткансыйт: —«Ай, ай, Аскар! Чоңоюп да калдың. А сендей эле Сырганы көрчү. Доктор болдум дегенсип токтоо. Ал сен ушул Сырганын көзүнчө Орусбек менен кубалаштың. Ой, жолуң болгур. Оюнга көңүл бөлбө, эми. Колхоз жеринин картасын бышыктап тартпасаң уят, сага!»

Аскар азыр жооптуулукту сезди. Ал тигил Орусбектен бетер жерге, сууга көз чаптырды: те жору айланган акчамбыл зоолуу бийиктен баштап, төмөнкү көк жайык беттерди, тепшидей колотторду; салаа-салаа жылгаларды, терең-терең коктуларды, кайкалаган кырлар, карагайлуу тескейлерди коён жатагына чейин жазбай байкашка ашыгат. Балалыктын ашыкчаал мүнөзү артыкча Аскарды шаштырды. Ал ойго, тоого көз кыдыртты: те кыр карагайдан нары жаңы жайылып чыккан калың койлордун алды жай аккан дарыя суусундай кылкылдап, көбүргөндүү көк беттин четин каптай берген. Азыр болсо эки кырдын ортосу жылдыздай чачыраган жалаң ак койлорго толуптур.

Ай-ий, жалаң ак таштардай жалаң ак койлор! «А тигил донуз сыртын каптап чылк кара койлор жайылып чыкса, кандай сонун көрүнөр эле. Жалаң кара ташты сээп жибергенсип доңуз сырты бир заматта карара түшмөк. Омор аке айткандай те-ек, жолдоштор!» Үстү жагы түндөй карарып, асты жагы пахтадай агарып турса, көк-жашыл төр кандай сонун...

Дале болсо балалыктын курч сезими Аскарды ушундай алаксытты. Бирок бул сезим жөн кездегидей оюнга алаксытпады. Жооптуулукка, эмгекке ээрчитти.

Мындан аз күн мурда курулуштан келген соң, Сабийранын айтып отурган кеби, эмнегедир азыр Аскардын көңүлүн бөлдү. Ал жолу Сабийра буларды айткан болучу: Быйыл бир баш, келиркиде эки баш, а соңкуда эки эсе ашат. Быйыл ачык турган коктунун оозун келиркиде алыстан агарган кең сарай ээлейт. Быйыл аз гана мөмө түйгөн алма жыгачы, бир аз жылда мөмө төккөн кенчке айланат. А балким азырынча сырын койнуна каткан ушул Ортокырдын тоосунан жакын жылдары кымбат кен табылып, ал эмгекчи адамдын керегине жумшалар. Тигил үч көчөгө сыйлыгышкан Күрпүлдөк кыштагы балким, көп узабай кулпурган шаарга айланар. Бул тек кыял, эмес, биздин замандын чындыгы!

Ушул сөздөр азыр кулагына угулуп тургансып «Күрпүлдөк» колхозу өнүккөн жер, сууну жакшылап баамдаган сайын Аскар жаңыны сезди.

«Сен жеке көзүң көргөн менен чектелбе, эртеңки чындыкты кошо тааны» — деп алда ким ага айтып тургансып улам караган сайын

анын көзүнө ой, тоо энедей ысык көрүндү. Картаны так даана түшүрүү менен бирге, колхоз жеринин эртеңкисин көз алдына элестетип:

«Кыштак менен тегирмендин орто арасын жемиш багы ээлейт. Ортодо көл... Туурада электр станциясы... Ал эми чоң жолдун астында деминде дагы беш гектарча жерге алма, өрүк отургузсак, биздин кыштак гүл ичинде көрүнөт! Сөзсүз ушундай болот!»

Аскар кагаз бетине алда боло турган көлдүн ордун тегерек тарттырып сүйрүчө сызды, майда-майда балатыларды тартып, жемиш багынын аянтын белгиледи. Электр станциясынан үч тарапка зымды улап, аны кокту-коктуну өрдөп курулган мал короолорго жеткирди.

Чоң барак кагаздын бети өзүнчө бир көркөм оюу-чийүүгө айланган сайын Аскар курсагынын ачканын сезбеди... Алда кайда созулган араба жолдор, тарам-тарам бөлүнгөн арыктар, колхоз жеринин кан тамырлары сыяктуу эгин талааларын аралап чиелешкен. Те, сегиз-тогуз талаага бөлүнгөн чалкайган кең түз баракттын далайын ээледи. Бирок, тоо жайыттарын түшүрүү Аскарга кыйынчылык туудурду. Ал азыр өздөрү олтурган Ортокырды кандай белгилешти билалбай акыл эргитип бир азга олтурду. Эмнегедир чубашкан көпкөк вагондордун кипкичинекей макеттери көз алдына элестеди. Орто кырды жондоп салынган темир жолдо, эң жогорку электр кубаты менен зымырап жүрүп турчу поездди самады. — «Бирок, бул жонго андай поезд келтиришти, бул жактан адам баласынын муктаждыгына өтө зарыл түрдө керектелүүчү кен табылышы гана актайт» — деди Аскардын оюу. Ошол сонун кенди азыр өзү тапкансып эмнегедир өз алдынча аша кубанды. Анан нак ушул өздөрү олтурган «Кароол ташты» элестетип жондун кырына учтуу пирамида тартты:

«Эх, бул тоодон укмуштуу кен табылат!»

Бир катар мезгил өткөн соң:

— Бүттүңөрбү, балдар! — деди Сеитова.

Туш-туштан үндөр угулду:

— Бүттүк, эжеке!

— Бүттүк!

— Эмесе, убакыт далай өттү, кыштакка кайталы.

Папкаларын жаап, балдар жабыла тура баштады.

Нина Леонтьевна тигил кызыл ташка колун жаңсады:

— Мына бул таш биздин колхоздун жерин күзөткөнсүп мен-

менсинет. Зыңгырап бекем турат. Кана, жолдоштср, айткылачы?! Эстелик болсун үчүн, ушул таштын бетине кандай сөздү жазалык?

Мугалим балдарга жылуу жүз менен жылмая карады. «Кана, акылдуунар ким, ким айтат?» — деген көз караш Аскарга да, Орусбекке да, Сыргага да жетти.

— Мен айтам! — деп Сырга озунуп кол көтөрдү.

— Кана сен айтчы, Сыргажан.

— Жашасын тынчтык! — деп жазалык.

— Туура, ошентип жазса да болот...

— Мен! — деп Аскар кол көтөрдү.

— Кана, сен айтчы Аскар.

— Колхоз жери гүлдөй берсин! деген сөз жазылсын.

— Туура. Дагы ким айтат?

Обочодо үкөктөй таштын үстүндө баятан тим турган Ашым эдирейип колун көтөрдү:

— Мен айтайынбы, эжеке?

— Кана, Ашымжан, сен айтчы,— деди Сеитова.

— Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!— деп жазалык.

— Туура!

Айтарын айтып Ашым кулагына чейин кызара түштү:

— Биз кечке гүл тердик. Карагайдын башына чыгып, тобурчак ыргыттык. Орусбек күкүк болуп чакырды. Мен үч калдыркан көпөлөк кармадым... Бирок картаны анча жакшы тарталган жокмун. Чынын айтсам, башым адашты. Ал тигил Индия жерине — кабыгын тилсе, сүт аккан жыгач өнөт дейт. Бирок индус кедейлерйнин балдары сүт көрбөйт экен, Мен аны китептен окудум. Беш жашар балдар тамеки фабрикасында иштешкенин баяндайт. Ага менин жүрөгүм ачышты. Беш жашар бала кантип иштейт. Акылым жетпеди. А капиталисттер болсо, балдардын эмгегин бекер деп эсептешет экен. Мен андай теңсиздикке кошулбайм. Индустун балдары да сүт көрүшсүн. Өз жерлеринде эркин өссүн.

Ошон учүн «Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары бириккиле!» — деп жазалык!

Ашымдын сунушу салмактуу угулду. Эмне айтар экен денгенсип пионерлер мугалимдерге караштьі.

— Мен Ашымга кошуламын,— деди Сырга. — Бардык пролетарлар бириксе, дүйнөдө тынчтык болот!

— Туура!

— Туура! — деди үндөр.

Аскар менен Орусбек жарыша айтышты:

— Мен жазам!

— Мен жазам!

— Ашым өзү жазсын. Анын колу сулуу,— деди Сартбаев.

Орусбек баштап карылуу балдардын үч-төртөө Ашымга таканчык болушту.

Орусбектин тизесин басып, коопсуз турган Ашым өз ишин жакшы билген чебер сүрөтчүнүн сыңарында токтоо турду. Таштын жылма бетине тамгаларды түшүрө баштады.

Арадан бир катар минута өткөн соң киши бою кызыл таштын күзгүдөй жылма бетине жазуу пайда болду:

«Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!»

## НАМЫС

### 1

Койлору табылган соң Келген койчунун көңүлү жайланып, Динарды алдына өңөрдү. Келгендин жылаңбаш жүргөнү Динарга табышмак болду. — «Эмне үчүн чоң киши калпак кийбей жүрөт, калпагын жоготуп койгон го. Аны кантип жоготту?» — Бул божомол Динардын көңүлүн бөлдү.

— Калпагыңыз гана, чоң ата?

— Калпак эмес, кара жан эске келбей калбадыбы, Динаржан.

— А эмне үчүн, чоң ата?

— Койлор жоголбодубу?

— Кайсы койлор?

— Мына ушул койлор. Тоодон тоону артып, буларды издебеген жерим калган жок.

— А Окжетпес экөөбүз бая эле тапканбыз! — Динар сыймыктана сүйлөдү. — Анан колхоздун кою экен деп кайтарып жүрдүк.

— Ооба, садагаң. Булар жоголсо, баарыдан мурда Сабийра жеңе уят болот болучумун.

— А сиз кантип жоготтуңуз. Уктап калдыңыз беле?

— Ненин уйкусу, Дикен. Койчуда уйку болбойт. Тоодо ит куш көп, койчу уктаса, койлорун кырдырып коёт.

Келген темине бастырды. Түндөгү окуяны Динарга туюндурду. «Көзгө көрүнгүс караңгы болду. Жамгыр нөшөрлөп төгүп турду. Короого карышкыр тийди» деген сөздөрү күчтүү таасир этип; Келген койчу Динардын көз алдына эч-эчтемеден жалтанбас баатырдай элестеди. Койчунун: «Капчыгай арасы жаңырып турду...» дегени жомоктогудай табышмак иретинде угулду. Жаандуу түндө капчыгайда жалгыз калгандай сезди өзүн. «Эх,— деди Динар ичинен. — Колумда чоң кылыч болсо, анан койлорду жегени келаткан карышкырдын башын кыя чапсам».

Келгендин баяны таасир эткен сайын Динар алда немеден коркконсуп, элеңдеп сурады:

— Чоң ата, ал эмне үчүн көп койлор бир карышкырдан үркөт?

Келген аз сөз менен даана түшүндүрүшкө тырышты:

— Карышкырда азуу бар. Ал жырткыч.

— А койлор көп да?

— Көп болгону менен кайрат кыла алышпайт.

— А эмне үчүн?

— Ошон үчүн алар койлор да...

— Жо-ок, чоң ата,— деди Динар . — Койлор көп. Алар коркпосо, баары жабыла сүзгүлөшсө да, бир карышкырды өлтүрүшөр эле.

Кичинекей кыздын таап айтканына койчу ичтен ыраазы болду. Динарды эркелете сүйлөдү:

— Кой деген кой да. Алар карышкырларга даабайт.

Койчунун кебин Динар өз ичинен талдады: — «Эмне үчүн койлор даабайт? Көп койлор туш-туштан сүзгүлөшсө, карышкырды бат эле өлтүрүшпөйбү?»

Койчунун айдаганына макул болушуп, жалгыз аяк жолдон чубаша баскан койлордун кээси кыйтылдап жорголоп баратса, Динар алардан көзүн албай кубана карайт. «А байкуш койлор, байкуш койлор!» — дейт, Динардын уяң акылы: «Көрчү, буларды бир койчу айдаса, бардыгы жолго түшүп чубашып баратат... А ушунчалык карышкыр, бир эмес, он койчуга тостурбастан тоо-тоого чыга качышар эле».

Койчу минген чоң сур ат алчактап басса, майда көкүлү жел учурган жалындын учунан бетер леп-леп сеңселет. Таралгандай майда жалы

сыйда титирейт. Кез-кез кулагынын түбүнөн мөлт этип тери тоголонот. Балким, Динар ал терди байкаса,— «Бул атка минген эки кишибиз да. Оңой бекен. Ошон үчүн тердеп келатат» деп компоё баштамак. «Эмне үчүн аттын кулагынын түбү көп тердейт?» деп толгон-толгон суроолор менен Келгенди тажатмак. Бирок азыр Келгендин бактысына Динар аттын терин байкабады. Кыздын ой-санаасын бөлгөн: кой менен карышкыр. Момун койду жырткыч карышкыр тиштегендиги Динар га күчтүү таасир этти. Калың кой бир карышкырды көрсө, ага жабыла каршы турбастан андан дүркүрөп үркө бериши Динарга түшүнүксүз болду. Койлорду карышкырдан качырбаска Динар акыл эргитип амал издеди. Жүздөгөн-миңдеген койлордун бир карышкырдан коркконуна ызаланды: «Акмак, койлор ай. Эмне үчүн карышкыр көрсө, качып беришет...»

Алда эмнени эсине түшүргөндөй элтең этип туура жакка карады да Келгенден сурады:

— Чоң ата, а койлорду карышкырдан коркпос кылып үйрөтө албайсызбы?

— Кантип үйрөтөм, Динаржан?—деп Келген эриксизден күлдү.

— Эмне, билбейсизби?

— Билбейм, садага... Кой: «чой, чой» ду гана угат. Адам тилин түшүнбөйт. Ал — айбан. Ага, баатыр бол, деп кантип түшүндүрө алам? Менин милдетим: аларды жакшы жайыттарга жайып, семиз асыроо. Ууру, бөрү жолотпой сак кайтаруу. Мен аларды баатырлыкка үйрөтө албаймын да. Кой айбан да, Динаржан.

— А ит да айбан да, чоң ата?

— Ооба, ит да айбан.

— А эмне үчүн аларды аскерлер үйрөтүп алышат.

Сөзгө такала түшкөн койчу билмексен сурады.

— Итти эмнеге үйрөтүшөт экен?

— О, ит кыйын! — деди Динар : —А, чектен өтөм деп келген фашистти тим эле кекиртектен тиштейт! Ит чекте турган жоокерлердин тилин билет. А кой эмне койчунун тилин билбейт?

— Билбейм, Динаржан! — деди Келген башка жооп табалбай: — Койдон ит акылдуу болсо керек. Ошон үчүн го...

— Жо-ок, чоң ата. Динар билген кишидей чечкиндүү сүйлөдү.

— Койду да үйрөтсө боло-от. Мен биле-ем...

— А билсең айтчы, кантип үйрөтсө болот?

— Үйрөтөт, билем. Кантип үйрөтөт билбейм.

Келген черин жазып каткыра күлдү.

— Эмне күлөсүз,— деди Динар .

— Кантип күлбөйм, Динаржан? Сенин тилиңе түшүнсө, мен эмес чоң сур ат да күлөр эле.

— Жо-ок, чоң ата. Сиз күлбөңүз!—Динар кадыр эсе токтоо суйлөдү. — Койду да карышкырдан коркпос кылыш үйрөтсө болот.

А эмне үчүн башта биздин жерде өнбөгөн өсүмдүктү азыр агрономдор өндүрдү? Сиз билесизби, адам баарын иштей алат!

...Динардын кебине Келген койчу раазы болду. Жакасын карманып таң калды. — Тобо, эмдиги балдар чоң кишинин мээсине түшпөгөндү айтышат. Көрчү: «койду карышкырдан коркпос кылып үйрөтсө болот» дейт тура. Эс тарткалы малдын четинде жүргөн менин акылыма түшкөн кеп эмес, бул! Мына быйыл туура элүүнүн сегизине келдим. Кыраан таптап карышкыр алдырганды билем, тайган агытып түлкү тиштеткенди да көрдүм. Рас, кадимки борбашты таптаса, бугунун көзүн чукуп карайлатып салат деп укканым бар, бирок, «карышкырды кой сүзүп качырсын» деген кеп, кудай билет, алмустактан бери акылга сыйган иш эмес чыгар!

Адегенде ушундайча таң калган Келген бир аздан кийин: — «Ай, бала, бала. Сүйлөсө, тили татты, ойлосо ою тайкы — балалык чак бир жакшы кез да!» деп күлдү, кулгөн менен кайра мостоё түшүп, сакалын сылай берип Динардын кебине кошулгансыйт: «А рас эле, бөрүнү бөлтүрүк кезинен козуга сүздүрүп көндүрсө кантээр эле».

## 2

Койчунун аялы Динарга жалынып-жалбарып, кондуруп калмак болгондо, Келген:

— Кой, байбичем! — деди Динардын коналбас себебин баян этип:

— Азыр, кыштактагы чоң энеси Динардын биздикинде отурганын билбейт. Кечинде, балдар кыштакка кайтышса, алардын ичинде Динар жок, чоң эненин тынчы кетер. Андан керө Днинаржанды тамакка тойгуз. Курут сал, эжигей бер. А тигил Окжетпеске жуурат куй.

— Койчу аке, койдум. Андай себеби болсо, мейли.

Аялы жадырап-жайнап Динарды эркелетти. Кадыресе конокту күткөндөй эпилдей берди:

— Динаржан окуп жүрөт деп айткан Сабийра эжеси. Тазалыкты сүйөтко.

Келген койчу Динарды мактай сүйлөдү:

— Динар жан мектепте тазалык комиссиясы деп айтпады беле, Сабийра эжеси.

— Баса, ошондой деген эле...

— Уккан жок белең. Динар сен эмес, тигил Омордун тазалыгын текшергенин?

— Апей де, анда эмесе, Дикен мени да текшерип жүрбөсүн.

Койчунун аялы мурункудан бешбетер эпилдеп Динардын алдына таза дасторконун жайды. Эжигейди далинкеге додолоп салды, чоң аяктай курут төктү. Нан сындырып, чыны толгон сапсары каймакты койду да:

—Жакшылап тоюп ал, Динар секет. Анан кетеринде көнөчөккө салып, чоң энеңе каймак берип жиберем. Белиңе курут түйүп берем. Жакшылап тоюп ал, секет. Эми тигил Окжетпесиңе жуурат куюп келейин.

Сыр аякка мелт-калт жуурат көтөрүп койчунун аялы Окжетпеске куйганы кетти.

Динар сонун көрүп эжигейден жакшы жеди. Ага койчунун аялы ыраазы болуп:

— И-и-й, секетим, Динарым. Сабийра эжесинче эжигейди жакшы көрөт тура. Тойгонунча жейгой. Бизде эжигей көп. Чоң энеңе да берип жиберем.

...Курсагы тойгон соң Окжетпесин ээрчитип, тигил апай бетке чуркап Динар далайга гүл терди.

Келген аны алда нече жолу чакырды:

— Дина-ар, кайтсаңчы, балам!

Ага кубаныч ыргагы менен жаңырган ичке коңгуроолуу үн жооп кайтара берди:

— Азы-ыр, чоң ата. Эң сонун гүлдөр бар эке-ен!

Оюнга берилип, тоонун көркүнө кызыккан Динар Келгенди балким күн батканча күттүрөт беле? Бирок берегиде желге теңселген барсылдак гүлгө кызыгып, жыгыларын билбей жан боордо жүгүрдү. Шиберди как жарып туурага атырылган жыланды көрдү. Ошол замат:

Ашымды сүйөмөлөй берди: — Кокус, көзүң караңгылап баратса мойнумду бек кучакта. Жыгылып кетпегин!

Балдар бир саамга жардана карашып, жымжырт турушту. Сырга Ашымдын согончогуна йод сүйкөгөн соң Орусбек:

— Көзүндү ач, Ашым. Коркпо! — деди Ашымды кайраттантып.

— Кесчүсүн кесип бүттү. Эми кандай тигээр экен, көзүң көрүп турсун!

Йод согончогун тызылдатып ачыштырган сайын Ашым бегирээк тиштенди: — «Операция кандай жүрүп жатат болду экен? Өз көзүм менен көрүп турайынчы» деген кишиче, Аскардын ийнине таяна башын эңкейтип бутуна карады. Сырга йод сүйкөлгөн жараатка пахта койду да аны бастыра бинт ороду.

— Операция аяктады, жолдоштор! —деди Сырга.

Аскар Сыргага кайрылды:

— Ашым өзү басып кеталабы, жолдош доктор?

— Тигил ойго түшкөнчө жардам талап кылат. Түз жолдо өзү кете алат.

Алда эмнени эсине түшүргөнсүп Орусбек кабагын чытый Ашымдын тамырын кармалады:

— Жолдош доктор, Ашымдын тамыры жай: — каны аккандыгынан болсо керек, дары беришке руксат этиңиз?

Кыткылыктап күлө жаздап араң турган Сырга:

— Руксат! — деди.

— Тез тыңысын, үч өлчөмдү бир беришке болобу?

— Болот...

Сырга күлкүсүн тыялбай бурулуп кетти.

Орусбек кабыгынан тазалап үч жоон сарымсакты Ашымдын оозуна кармады:

— Бол, мына бул дарыларды жутуп жибер. Жүрөктүн кагышын чыйралтат!

— Ачуу го! — деди Ашым.

— Дары таттуу болмок беле, сага. Тез жут!

Билектей ышкындын ортосунан «барс» сындырып, кабыгын аарчып жиберип Аскар бир жактан шаштырды:

— Тигинден кийин витамин дарыны жут. Бул таттуу болот. Каныңды көбөйтөт.

Балдар туш-туштан жаалашты:

— Дарыларды тез жут, Ашым, тез сакаясың.

— Ачуусунан коркпо.

— Таттуусу жууп кетет.

Кайраттана түшкөн Ашым үч сарымсакты бирдей тиштеп барч-барч чайнады. Оозунун ичи дуулдап, мөлт-мөлт жашы тоголонду.

— Эчтеке эмес, баатыр болсоң, чыда! Мына азыр таттуу дарысын жутасың!—деп Аскар колундагы ышкынды Ашымдын оозуна алпарды. Сарымсактын ачуусун оозунан кетиришке ашыккан Ашым ышкынга жутунуп, Аскар ага ышкынды сугунтту:

— Бөлбөй жут. Бул дарыны чогуу ичсе тез таасир этет.

Ашым уурттарын булчуңдатып «барс-барс» ышкынды чайнай баштаган кезде дуу күлгөн балдар:

— Ашым дары ичип айыгып калды. Эми өзү басып жүрө алат.

— Жүргүлө, кеттик...

— Кетти-ик, кеттик! — дешип, жон ылдый жарышты.

Адегенде ооруксунуп аксай баскан Ашым эти кызыган соң согончогунун оорусун сезбей, каткыра күлүп балдардан калышпай кыштакка кирди...

4

Саякаттан кайтышкан пионерлер кыштакка келишкенде батыш жээктеги тал, теректен түшкөн көлөкөлөр көчө бетин туура кесип: аба мемиреп, көчөдө баскан-тургандар сейрек учураган кез эле. Балдар да көрүнбөдү. Созолонгон овон да угулбады. Жалгыз гана береги жээкте көлөкө жазданып магдырап жаткан аксакал адам, деңгел тушунан пионерлер өтө берген кезде башын көтөрдү да, өзү көлөкөдө жатса да колун чекесине серепчилей карады. — «Эй, балдар, чуулдабай баскыла. Эртеден бери эмгектенген кыштак азыр бир саамга дем алып мемиреп турат!» — дегендей картаңдын тигил карашы сестүү көрүндү.

Сеитова пионерлерге кайрылды:

— Чуулдабай тартип менен баскыла, балдар! Азыр чогуубуз менен мектепке барабыз. Гербарияларыбызды, таштарды, тобурчактарды пионер бөлмөсүнө коюп, анан тарайбыз. Ага дейре эч ким үйүнө кетпейт!

Тигил көлөкө жастанып жаткан картаң Сеитованын пионерлерге айткандарын чала түшүнүп өз алдынча күңк этти:

— Кербуурул менен таштарды, тобурчактарды ташып эмне ишке жарашмакчы булар...

Кайрадан магдырай түшкөн кары бир көзү жумулса, бир көзү араң ачылып, тигил алыстап баратышкан пионерлерди ээрчий карайт. Бирок жаздын илебинде ыксырап дилдиреген картаңдын көзүнө балдар жамыраган козулардай чыбырчыктап, кээси асманга көтөрүлүп уча баштагансыды... Карынын эриндери бүлкүлдөп, сакалдары дирилдей берди. Ортоңку теректен түшкөн көлөкө суюлуп, аягы өйдө күн тийип келатканын сезбестен жаш балача дилдиреп картаң таттуу уйкуга берилди.

...Тоо гүлдөрүнө, ар уруу өсүмдүктөргө, жалбырактарга толтурулган бир нече папкалар, «Кароолдун» борчугунан алынган таштар, тобурчактар, эңилчектер, ар уруу «табылгалар» пионер бөлмөсүнө коюлган соң бөлмөдөн кеткиси келбей, экспонаттарга карап күлүңдөп турган Ашымга Сырга тийишти:

— Ашым, дарыңды ичкин.

Аскар күлүп жиберди:

— Орусбек, ачуу дарыны алып кел, Ашымга.

Ошол замат эки-үч сарымсакты бирдей кармап Орусбек жетти.

— О, жолдош доктор, биз даярбыз!

Ашым сарымсакты дагы жээр бекен дегенсип пионерлер ага жабыла караштты:

— Ашым, азыр беш нормону бир сугун.

— Таптакыр айыгасын.

Орусбек сарымсактарды сунду:

— Тез, токтолбо!

— Мен ооруган жокмун. Дарыңды өзүң ич!—Ашым Орусбектин колун кайра түрттү. — Эх, пионерлер... Эн негизги ишти унутуп, тамашаны кайра баштадынар, уят да.

Токтоо туруп айткан Ашымдын сөзү пионерлердин көңүлүн бөлдү. «Негизги иш кайсы?» дегенсип Орусбек да токтоло калды.

— Биз азыр саякаттан кайттык! — деди Ашым пионерлерге. — Оюнубуз канды. Сонун гүлдөрдү да тердик. Жалтырак таштарды да алып келдик... А силер болсо мага дары ичире бересиңер. А биздин отряддын күндөлүк дептерине бүгүнкү саякат тууралуу эстелик жазышты эмне эстебейсиңер?

Ар кимдер Ашымды жакташты:

— Рас, рас!

— Ашым, азыр беш нормону бир сугун.

— Айда, сарымсагыңды өзүң же, Орусбек.

— Эстеликти ким жазат?

— Мен! — деди Сырга.

— Жок, мен,—деди Ашым: —-Сунушту мен мурун айттым. Мен жазамын!

— Туура, Ашым жазсын.

— Бул жолу Ашымдын акысы бар жазышка.

Пионерлер ага жол ача беришти. Ашым төргө өттү да, дайым тумбага сакталган күндөлүк дептерди алып, баптанып столго олтурду. «Эмнеден баштап жазар экен?» — дегенсип, Сырганын көздөрү күлүңдөдү. Башкалар да столдун үч жагынан жардана карашып, тымтырс турушту.

Күндөлүктү тез-тез барактаган Ашым жазылуу беттерди көз учунан жамыратып, ал тургай бир нече ак беттерди өткөрүп, дептерди кайра барактады. Ашымдын кыймылында элпектик да, куудулдук да көрүндү. Пионерлер ага күлүп карашты.

— Эх?! — деди Ашым, карасынан агы чоң тептегерек көздөрү ойноктой, жазылган беттин аягындагы балтайган тактыы Орусбекке көрсөттү: — Көрүп ал, Орусбек. Мына бул сенин атаңдын бармагы. Бирок көрүп ал да «Эмдигиче атама кол коюшту үйрөтө албапмын деп уялып кал!»

Ашымдын айтканына пионерлер дуу күлүштү. Кулагына дейре кызара түшкөн Орусбек баштагыдай тентектенип, Ашымга муштум көрсөтпөдү. Үнсүз араң жылмайды.

— Те-ек, шайтан Ашым.

— Тигини, уктуңар го — деди Ашым. — Атасына кат үйрөтүштүн ордуна, кайра өзү анын «Тегин» тартып алган тура.

Күлкү күчөдү. Туш-туштан ар кимдер унчугушту.

— Жана Орусбек дары деп ачуу сарымсакты сугунткан эле. Азыр Ашым андан өчүн алды.

— Жарайсың, Ашым.

— О-оңой чоң баш эмес экен.

— Бүгүн өнөрүн чыгара баштады, бул.

Кобур менен күлкү куду өткүн жаагандай себелеп турду. Ашым аларга көңүл бурбастан күндөлүккө төмөнкү сөздөрдү жазды:

«Бүгүнкү саякат бизге чоң таасир калтырды... Мен бүгүн жаңы китеп окугандай болдум. Маселен, мага биздин колхоздун жер чеги анча тааныш эмес эле. Бул кезге дейре мен биздин колхозду чоң коктунун оозунда, туштуш тарабынан баары пайдасыз тоолор деп болжочумун. Менин ал болжолум туура эмес экен. Жана Орто кырдын «Кароол ташында» отуруп жакшылап байкап: биздин жердин кеңдигин көрдүм. Бак-даракты көбөйтүп шаар курса да боло турган... Ал тургай тигил тегирмендин тушуна көп катар бир үй тургузуп, анын чатырчасынан наркы кырга улап көпүрө салса эң сонун болор эле. Ошол көпүрөдө туруп, мен калпагымды көкөлөтө ыргытып карап турсам э. Ай, бирок биздин жакта жер титирейт да. Андай бийик үй куруп, көпүрө тургузушка болбойт го...»

Алда эмнелерди ойлогонсуп Ашым каламын оң жак кашынын үстүнө такап бир саамча токтоло калды.

— И, эмне жазарды таппай калдыңбы,— деди Орусбек ага: — Жаз! Эмкисин мен айтып берем сага! Узартыштын кереги жок, эми эки ооз сөз жаз:

«Биз бүгүн «Кароол ташка» чыктык. Өзүбүздүн кыштакты карадык. Ак чатырлары аз, бак-дарактары жаш. Кээ бир үйлөр, айланасына бийик өнгөн кендир менен эрменден араң байкалат. Кээ бир үйлөр: акталбай турат... Ошондой жупуну тамдардын бири менин атам Омор акеники. Мындан үч жыл мурда: Ата, баатырмын, баатырмын дейсиң. Чын баатыр ак чатырлуу үй салбайбы десем: анда атам: —Те-ек, иттин баласы?! Башкалар сынап болуп, эми маа акыл айта турган сен калдынбы, чык үйдөн?! — деген. Учуп турган менин артыман таягын жөнөткөн... Азыр менин атам да өзгөрө баштады: — «Те-ек, биздин кыргыз оокатты билбеген эл экенбиз го. Жада калса, өзүбүз кирип турган үйдү да жаңылатпайбыз» деп аз күн мурда өзү кейиди... Мен ага абдан таң калдым. Рас эле биздин кишилер, биздин жерди жашартса сонун болор эле. Эх, пионерлер, ушул демилгени биз баштайлы».

## 5

Кечке эки көзү тоо жакта болгон чоң эне күн кечтеген сайын өзүн коёрго жер таппады. Үйдү кулпулап, көз айнегин тартынды. Таягын таянып өйдө карай басты. Саякаттан кайткан Аскар алдынан чыкты.

Корккон эчкидей элейип токтой калган чоң эне Аскардан сурады:

— Э ботом,Динар  кана?

— Динар  кайда эле, чоң эне? — деди Аскар кайра.

— Силердин артыңардан кетпеди беле...

–– Биз тез кеттик жетпей калган да...

Чоң эненин заманасы куурула түштү. Мууундары калчылдап кеп айталбай калды. Алда эминелер көз алдына тартылды: — Куурчактай кыз сууга агып кеттиби? Жылан чагып алдыбы? Не... — Санаасы санга бөлүнгөн бечара кемпирдин маңдайындагы бырышы бир заматта көбөйө түштү. Жумшак уурту бүлк-бүлк тартты...

Аскарга чоң эне аянычтуу көрүндү. Чоң курсак торуну минген бригадир Мукаш карп-курп чыга түштү:

— Тарт, бери! — деди чоң эне Мукашка.

Бригадир кыйылгансыды:

— Ашыгып ишке бараттым эле...

— Азыркы саатта менин ишимден ашыгыш иш жок, билсең, Мукаш... Түш атыңдан!

Ээрге олтурар замат чоң эне тизгинди шарт өрдөшкө карай алды.

— Кечээки кандуу согушта курман болгон жалгыз уулдун белеги жок...

Аң-таң болуп жөө калган Мукаш Аскардан сурады:

Чоң энеңе эмине көрүндү кагылайын?

— Динар  жок...

— Э, кудай... Мен да бир кокуй иш болгон экен десе... Биздин жерде бала жоголчу беле...

Мукаш ылдамдай басып жолуна түштү.

Кадыресе кишидей Динар  менен эрмектешип келаткан Келген жогорку имерилиштен чоң энени жолуктурду. Койчу өңөргөн Динары куурчактай болуп татынакай көрүндү. Чоң эне кубангандан ыйлап жиберди:

— Барсыңбы, жылдызым. Кечке кайда жүрдүң?

Чылбыр, тизгинди бош коюп жыгыларына карабастан, небересине боюн таштады. (Чоң курсак торуга басмайылы бек тартылган үчүн гана ээр ooганы жок). Келген шашып айтты:

—Чеберденңиз, жарыктык. Жыгыласыз...

— Ушу көлөкөм үчүн талпагым ташка жайылса, мейли, Келген...

А дегенде чоң энесине күлкүсү келген Динар , андан жалыныч сөздөрдү укканда мостоё түштү.

«Чоң энем коркот тура. Мени аяйт тура. Чын жоголсом чоң энем өлүп калатко? Ай байкуш чоң энем ай...»

Динардын ойноктогон көздөрү бир паста жалооруду, коюла түштү:

— Антпечи, чоң эне... Менин да ыйлагым келип кетти...

Чоң эне небересин өпкүлөп жалбарды:

— Көзүңдөн тегеренейин, булбулум. Кичинекей эрмегим... Сен ыйлаба, мен ыйлайын...

— Кичинекейим дебеңиз, байбиче,— деди Келген. — Динаржан жоголгон койлорду табышып берди. Чоң киши болот деген ушул.

— Ушунун адам болгонун көрсөм, болду. Дүйнөгө ыраазымын анан...

Леп-леп жорткон тентек желдей эрке Динар эч коркуныч сезбей көңүлү эргип келаткан. Азыр чоң энесинин жоругуна аябай таңданды:

«Эмине үчүн чоң энем ыйлаганча коркот? Үйдү өзүм деле табат элем го. Кызык экен... Же тоого чыккан киши эле жоголуп кетмек беле?»

А чоң эне болсо, небересине үйрүлдү:

«Таманын таш тилсе канетет эле? Тоодо жалгыз жүрө берген балалыгын көр ой».

Баса, бул эки сезим — эки өмүр. Бири жаңы өнүм. Дуулдап бардыгын алышка кызыккан Динар . Ал коркпойт. Сактанбайт. Тек баарын билишке ашыгат. Бири — сапары карыган чоң эне. Ал турмуштун ачуусун татыган кексе кары. Ал сак, коркок. Артыкча ушул неберелеринин атасы жалгыз уулу майданда курман болгондон бери, аяк асты «шуудур» этсе да сактана калат.

«О... теңири. Ушул шуудурдун кесири балдарыма тийбесе экен. Карыган койдун өмүрүндөй жашым калды. Эми ушул

чүрпөлөрдүн жамандыгын көрсөтпө?» — дейт. Балапан асыраган торгойдой үйрүлөт.

А Динар тентек:

«Ай-эй, чоң энем кызык киши да. Жашы сексенге жетти. Мен тоого кетсем коркот. Эмине, жоголуп кеткидей мен кой белем?..»

...Атын алганы келген Мукаш эжигей, куруттун үстүнөн чыкты. Адам баспаган чытырман токойду аралап небересин араң таап алган кишиче калчылдагы али басылбай чоң эне бардыгына кайыл. Дасторконду кең жайып, колунда барын аяр эмес... Динары бир жактан секирет:

— Мына эжигей, мына курут. Мунун баарын койчу апам берди. Чон энеҗе алпар деди!

Мукаш төргө олтурду:

— Бал-е, мен тойдун үстүнөн чыккан турбаймынбы, көрсө...

— Ооба?! — деди Динар Мукашка. —Түндө аларга карышкыр келиптир. Койлорду кырыптыр. Бригадирмин, бригадирмин эле дейсиз. А эмине кишилерди баштап барып карышкырларды карматпайсыз? Алар койлорду жейт экен.

— Э, садага,— деди Мукаш алаканын жая. — Тоодогу карышкыр бизге карматабы?

— Эмине үчүн карматпайт?

— Кармайм десең тиштеп алат. Карышкырдын азуусу курч болот.

— О-о бале-е... Өзү бригадир. Анан карышкырдан коркот?! Карышкырды кармап, азуусун аттиш менен сууруш керек да.

Чынын айтканда Динардын доосуна Мукаш жооп табалбай калды. Тек баж-баж эткени менен: — «Пай, пай... Омор аке айткандай, те-ек. Ырас эле карышкырды тукум курут кылсак жаман болбос эле» — деди ичинен.

**6**

Динар тоодон көргөндөрүн чоң энеге айтып түгөтө албады.

— Билесиңби, чоң эне. Койлор эриндерин эбиретип гүлдү бирден искеп оттойт экен.

Чоң эне небересине жылмая карады:

— Каймак таттуубу, сүт таттуубу?

— Каймак таттуу да...

— Э... койлор да ошол чөптөрдүн каймагын тандап оттойт.

Динар жаш кулундай туйтуң этти:

— Аскарын тоого жиберет. А мени ойготпойт ой... Мени эчтеме билбей калсын дейт окшойт...

Кантип эле сени билбей калсын дейин?

— Анан эмине ойготподуң?

— Бутун ташка уруп алабы, жыланга чактырабы. Же башынан күн өтүп кетеби. Же...

— Же... же... Мугалим менен чогуу жүргөн балдар далайды үйрөнүп келишти.

Чочутуп албайын деген кичиче чоң эне этиет сурады:

— Балдар эминени үйрөнүп келиптир, берекем?

— Мына билбейсиз. Аскарды жакшы көрөсүз. Ал эчтеме айтпайт. Баарын күндөлүк дептерге жазат. Анан эч кимге көрсөтпөй катып салат. Алар тоодон таш көтөрүп келишиптир...

Чоң эне небересинин көңүлүн улады:

— Алар тердеп-кургап тоодон көтөрүп келген ташты мен саа ушул эле жерден таап берем...

— Ооба?! Андай таштарды табалбайсыз. Ал башка порода.

— А породаң эмине, эркем?

— Мына билбейсиз. Порода — кен чыга турган таш. Ал — асыл!

— Ооба, асыл таштан, акыл жаштан дечү карылар...

Унутканын эсине түшүргөн кичиче Динар селтең этип жаадырай карады:

— Бир буюм сурайын бересизби?

— Ал кандай буюм экен?

— Берем десеңиз анан айтам?

— Бергендей буюм болсо, ала кой.

— Кичине үкөгүңүздү?

— Аны эмине кыласың, берекем? Ал түп таякенден калган белек. Менин колума өткөнүнө быйыл туура кырк беш жыл толот. Раматылык атаңды төрөгөнүмдө, таяэнең аны мага белекке берген... Кадоосу кажып, капкагы да бошоп калыптыр.

— Динар элейип ойлоно калды — «Баса, эң кымбат белек экен да...»

Элейген небересин чоң эне аяды:

— Ал үкөк акыры сеники болот, жылдызым...

— А мага азыр керек... — деди Динар жоош туруп — почтоо салам.

Чоң эне таңданып сурады:

— Э берекем, эски үкөктү алып почтоо эминеге жарататат ыя?

— Теги ушул чоң энем түк түшүнбөйт,— деди Динар . — Сандыгыңызды почтоо албайт. А мен почтоо салам...

— А кандай почтоо?

— Таш...— деди Динар акырын,— пионер бөлмөсүндөгү таш-ты академикке жиберем.

— Башка пионерлер билишеби?

— Билишпесе коюшсун. А мен алардан мурда жиберип коёмун...

— Анда алар таарынбайбы, сага?

— Таарынса.— таарынсын. Өздөрү эмине мага жеткизбей ке-тишет, анан?!

— Сени ойготпой койгон айып менде да...

— Ошон үчүн сандыгыңызды бериңиз!

Небересининн бул доосуна эне үнсүз башын ийкегиледи —«Мейлиң акмак, алсаң ала койчу» дегениби. Не — «Эмине десем сага, мени чарчаттың го» дегениби? Анысын чон эне өзү да баамда-бады.

Пионер бөлмөсүнө Динар алда нече ирет келди. Келген сай-ын андагы жаңы коюлган гербарийлерди карап, кээде таштарды кармалайт. Тигил дубалга илинген карталарга анча баа берген да эмес. Бирок ар биринин этегиндеги: «Биздин колхоздун жер, суу картасы», тарткан: Орусбек, же Аскар деп жазылган өзүнө тааныш аттарды окуган соң: «Ай-ээ, ушундай болобу? Колхоздун жери, суусу кантип эле бир-эки барак кагаздын бетине батырылсын?» — Динар ишенбегенсип делдейип карайт. —«Бул карталарды кантип тартышты? Аларга мугалим көрсөттү да?!» —деп болжойт. Өзү катышпай калганын эстесе, ачуу даам татыгансып, ичи ачышат: «Ай-ий, уят ай. Башка пионерлер, көрчү кандай пайдалуу ишти иш-тешкен. Ал мен Окжетпес менен кубалашып жүрүп, кайра келдим» деген өкүнүч, бир кезде Динарды кайра намыстантты: — «Бышш?!» — деди Динар Аскардын тарткан картасынан мин тапкысы келип: — «Карта тарткан миш... Мени кичинесиң дейт. Ал өзү чоң болгон-догу тарткан картасын көр: иймекей-чиймекей бирдеме. А мектеп

кана? А Үч-Дөбө кайда? Ойт десең, мындай картаны кесири болбосун, уктап отуруп тартар элем».

Динар намысына чыдабай сөөмөйүн чочойтуп, Аскар тарткан картаны кайчы сызды. Тырмагынын тагы жол-жол тартып сызык түшкөн кагазды акырын сылап койду. —

«Аскарлар таап келген таштарын өздөрү жнберсин. Мейли, а мен да өзүмдүн тапканымды жазамын!»

Баягында табылган койлорду айдап, Динарды алдына өңөргөн соң Келген тигил чоң айрыктын сазы менен бастырган. Чоң сурдун төрт аягы дүп-дүп баскан сайын жер кыртышы куду коюу боткодой титиресе, Динар ага коркунуч менен караган. Бирок кара-көк тартып көөлгүгөн көлчүктөрдөн жүлүндөй булактар да тарам-тарам сызылып аккан суулар Динардын көңүлүн бөлгөн.

— Э, чоң ата,— деп сураган Келгенден Динар: —Эмне үчүн саздын суулары кара-көк?

Келген койчу өзү даана түшүнбөй туруп Динарга жооп берген:

— Саздын суулары ошондой болот Дикен. Жердин да өзүнчө майы болот. Жердин майы ушунтип көбүнчө саздын сууларынан чыгат.

Азыр пионер бөлмөсүндө турган Динардын көз алдына нак ошол «майлуу» суу элестеди.

«Эх, таптым таптым!» Динар кубангандан эки алаканын чапкылап жиберди.

«Чоң энеме айтам: Академик агайга майлуу суу тууpacында кат жазабыз!»

Токтолбой үйгө келген Динар чоң энени кетирбей отуруп, катты мындайча баштады: «Күрпүлдөк» мектебинен окуучу пионерка Динар Кайыпбекова жана анын чоң энеси Айымдан салам кат!

«У нас земля жирная...» Орус тилннде сөз табалбай калган соң Динар катын кыргызча улады: — «Академик агай мен жакында саякатка тоого бардым. Биздин жактын тоолору бийик, жери семиз, таштары чоң болот. Тоолордо эң көп түрдүү гүлдөр өнөт. Аюу, түлкү, карышкырлар жашайт. Бирок биздин тоонун карышкырлары чөп оттошпойт: койлордун куйругун тиштешет. Ал эми саздарыбыздан майлуу суу агат. Кой баккан чоң ата аны жердин майы деди:

Сизге суроо:

1. Жердин майы болобу?

2. Биздин пионерлер сизге тоонун ташын жиберишсе, андан эмнени табасыз?

Сизден ушуларды билгибиз келет. Жооп күткөндөр мен жана чоң энем!

Дасидания».

Чапталган конверттин сыртына Динар бул адрести жазды:

Москва, Кремль.

Бул кат академик Константин Яковлевичке тийсин.

## ОМОР ДАГЫ ЖАҢЫЛДЫ

### 1

Сабырга убадасын берип, мектептин багына күзөтчү болгондон бери Омор «эрдигим» деп эртегесин сүйлөгөндү коюп кетти. Таң азандан туруп тигил көк дөбөнүн жанындагы бакка карай басарында Берметке эскертет:

— Бир көнөчөк аш-айран жеткизип бербесең, каным катып кететко, кемпиржан.

Омор ошентип айтып басып кетет. Үй тиричилигин башкарып болгон Бермет күн түшкө таяп калган кезде аш-айран куюлган көнөчөктү көмкөрүп, тасмалга оролгон бир токочту колтугуна кысып, абышкасына келет.

— Те-ек, байбичем, келдиңби? — дейт Омор — мени унутту го, деген элем...

— Э, баатыр, кандай сүйлөйсүз,— дейт Бермет да тамашаны улантып: — Элүү жылы бирге жүргөн кишисинда унутуп коючу беле.

— Баса дейм да...

— Күзөтчү болгону үй-бүлөнү кайра өзүнүз унуттуңуз го, баатыр. Таң азандан кетесиз... Кечке үй бетин көрбөйсүз.

— Адам бир ишке берилсе, аны баласындай сүйүп калат экен. Мектептин бак-дарагына күзөтчү болгондон бери үйүм ушул дөбөнүн тегереги өндөнүп кетти. — Омор сөөмөйүн чочойтуп көрсөтө берет. — Жадаса, берегиийри чыккан алма көзүмө алда эмедей көрүнөт? Кетким келбейт.

— Бермет тымызын чымчыйт:

Ушул бакты аралап келиндер күтүшөт тура...

— Те-ек, кемпиржан! — дейт Омор Берметке. —Сабыр алыс-

тагыны көргөн кыраан белее? Чынымды айтайын мен а деп кайын энеме баш урунганымда да андай шашкан эмесмин. Кол коюңуз деп Сабыр колума калем учту карматканында, жонумдан тер кетти...

— И, анан...

— И ананыңды коюп тур, кемпиржан! — Омор көтөрүлө сүйлөдү. —Баатырың токтолгон жок. Илимдин-билимдин булагын силер тереңдеткиле. Мeники ушул эле болот деп туруп бианерлердин китебине кайран бармакты балтайта бастым. —Омор бармагын чочойтуп кубанып койду. —Сыяны коюу сүйкөп алыпмын. Басканымда ушул бармактарымдын тагы тайлак төөнүн таманындай бадырая түшкөнүчү...

Бермет тымызып күлдү:

— Мактанбаңыз, баатыр. Деги Семетей болуп кетсеңиз да бармагыңыздын тагы кантип тайлак төөнүн изиндей болсун.

Жаңыдан көрпөлөнүп келаткан бедeнин арасына таягын таштап коюп, бутту сунуп жаш бактын көлөкөсүндө сергип олтурган Омор аяктагы аш-айрандан бир жолу кере уурттаганында аяк капортосуна жакын бошой түштү.

— Мактанба дейсиңби, те-ек. — Кербез картаң баягы алп колдору менен аш-айранга малынган муруттарын жанып-жанып аякка көрсөттү: — Көрбөйсүңбү, баатырыңы эмне чак келүчү эле?.. Иштесе—иши алпты; сүйлөсө — сөзү алпты, баатырың мактаганын эмгиче билбей кайда жүрөсүң?

Анан мен бармагымды бассам, кумурсканын изиндей болуп калды дейинби, саа. Те-ек, акылсыз болбо, сен да. Тузду өлчөп татытсаң, ашың даамдуу. Баптап сүйлөсөң сөзүң уккулуктуу.

Ойлосом, кагазга бармак басып калган бул өрөөндүн кыргыздарынан жалгыз мен экемин. Айыпты моюнга ала жүргөн жакшы. Аны да болсо, өзүмдүн кежирлигимдеи көрдүм... Маалимдердин алдында уялганыма чыдай албай, деги кежирликти таштадым, балакеси! Түбүнө суу жайып, колхозчу эгинди көктөтсө, силер илим берип биздин балдарды көктөтөт экенсиңер. Маалимдер, силерге ракмат. Жалгыз Ташбай жетише албайт окшоду. Карыдым деп бекер баспай мындан ары мектептин багына күзөтчү болушайын дедим. Тек, жаман айткан жокмунбу?

— Бул сөзүңүз дурус, баатыр,— деди Бермет. —Сиз күзөтчүлүк кылгандан бери башкалардан мурда Орусбек жоошуп калды.

— Те-ек, жоошубай көрсүнчү! — деди Омор. Алыста бараткан адамды чакыргансып, кайраттуу үнү бийик угулду. —Мектептин багын мындан ары атаң күзөтөт. Жардамчы бол, дедим го мен ага. Укпасынчы, ал бала...

## 2

— Те-ек, адамдын акысын жер кайтарат деген ак ырас экен го! Тоонун карагайына карасам миң жылдан өсүп өнгөндөй көрүнөт! А балдарым олтургузган мына бул бак: көзгө бат таанылды го!

Алда ким менен аңгемелешкенсип, Омор өз алдынча бекбек сүйлөдү. — Жетимди жетелеп чонойткон кең пейил кишинин сыңарында, береги Ташбай күзөтчү багбан болгону жарны жазылды. Ал, кечээ эле, шкөлдүн короосуи шыпырып, мешине от жагып, менин сыңарымдагы карапайым киши эле. Алдага тобо, бир өзөккө үч-төрт уруу жемиш жыгачын улап багбан атка конгону Ташбай аке атанды. Күн өткөн сайын, жаман арамдын агарган сакалдары кайра карара баштаганбы? Өзү да көбүнкү тартып калгандай. Те-ек, карыны жашартып жиберген эмгекти таанытбай арманда өттүң го, бабам?!

Омор аркасына алган табылгы таягына эки колун арта салып бак аралай дагдыя басат. Береги көчө жээктей тигилген бала теректер сыйда тартып созула наркы жээктеги турпан талдар дүпүйүп, тигил айланасын, гүл, бак курчай баштаган мектептин тактай жабылган төрт талаа чатырчасы зор калпактай агарып күнгө чагылышып көздү уялтат. Ал эми берки эки арада сап-сап тигилген жемиш бактары кылка тартып, орто аралыктарда беде көрпөлөнүп бардыгы жашыл, бардыгы жапжаш!

Берегиде, Адылдын огородунун тоо жакты бетинде үч теректин бийигине күкүк конду. Өйдөтөн калкыган жел бар белем, теректин жогорку бутактары дирилдеп, күкүктүн үнү бирде жакындап муңканып, бирде алыстап турду.

Жогорку өстөн аркы жээктей түп-түп чыккан шыралжын менен сүттикенден кээде баштары көрүнсө, кээде көрүнбөй баятан балдар ойноп жүрүшкөн. Алардын коңгуроолу үндөрү аваны толкутат:

— Кон, кон көпөлөк!

— Учуп кетти көкөлөп!

Бирок балдардын ал чуусу баятан Омордун назарынан сыртта болучу.

Балдардын үнү басылып, теребел мемиреди.

Алда эмне эсине түшө калдыбы:

— Те-ек, карыны жашарткан ак эмгек...

Карт күзөтчү кыялданып токтоло калды. Жел учурган дооштой балдардын чуусу алыстай берди. Теребел мемиреди. Нак ушул тынчтыкта алда эмне сезгендей Омор элтең этти:

— Те-ек, балдар жургөнсүйтко?

Өйдө жакка бурула карады. Эч жанды көрө албады. Шексинген кишидей ошол жакка карай акмалап басты. Артыкча баш жактагы үч-төрт алма жыгачы мөмөну кебүрөөк түйгөн. Ойногон болуп, балдар ошол жакка көп келишет. Бирок Омор жүргөндө алар бактын ченине жолошпойт.

Бактардын учунан алыс карап келаткан Омор туура туштан өтө бергенде гана тигил ортоңку алма жыгачынын жанында жалбыракка бир көзүн далдаалап, бүт бою ачыкта турган Жыпарды көрдү.

— Те-ек! — деди Омор.

Кары күзөтчү жакындаган сайын Жыпар жалбыракка көздөрүн гана далдалады. Кичинекей кыздын ою, өзү күзөтчүнү көрбөсө, күзөтчү да аны көрбөйт деп билсе керек. Жыпардын жоругуна күлкүсү келсе да, Омор томсоргонсуп, үнүн бийигирээк чыгарды.

— Те-ек, алмага тийген кайсы бала?

Жыпар башын энкейтип, көзүн чоңураак жалбыракка далдаалады.

— Тигини, өзү турат, көзү жок... Шашпасын мен муну кармап алайынчы. —Омор таягын сермей эңкее басты.

Жыпар корконунан кыткылыктап күлүп жиберди да алма ууштаган колун этегине далдалады.

— Ууру экен го, кармап алайынчы...

— Чоң ата-а...

— Мени чоң ата дейт го, ким бул?

Жыпардын күлкүсү мурункудан көрө коңгуроолуу угулду.

— Те-ек! — деди баланын жоругуна ичи элжиреген карт күзөтчү. —Муну көр. Деректир акемдин өз кызы Жыпар экен го. Элдин баласын тарбияла, тарбияла дейт. А өз баласын алма үзүшкө жи-

берет. Шашпа, деректирим. Сен эле мени окутпастан мен да саа сабак берип көрөйүн...

Күлүп турган Жыпар азыр унчукпай калды. Алда немеге таарынгансып куйтуя түштү. Береги аары коно калган каакымдан көзүн албай мостойду. Ал түгүл азыр бакырып ыйлап жибермек, бирок жашы кылгырган сайын тигил каакымдын гүлү да, анда конуп олтурган аары да, өзгөрүп көрүндү. Каакым тегеренгенсип, сары гүлдөрү жан кирип кубулгансып: анда конгон аары аны кармалап, токтото албай жаткансыды. Азыр көңүлүн ошого бөлгөн Жыпар коркунучту тез унутуп ыйлаган жок. Ал тургай «Тегеренген каакымды токтото албаган» аарыга күлкүсү келди. Кичинекей кыздын күлүмсүрөгөн жылдыздуу жүзү жазыксыз, нурлуу.

— А, ууру кармадымбы...

Жыпардын жумшак билегине күзөтчүнүн шадылуу колу өгөөдөй учурады. Төөнүн корголунча түйүлгөн көк алма баятан Жыпардын уучунда болучу. Ал азыр жерге түштү.

Чочуп кеткен Жыпар:

— Чоң ата, а мен жөн эле жулдум,— деди.

— Тек, чырагым. Жөн жулбай жүр...

— А эмне болот?

— Жулса алма жок болуп калат.

— А алма жок болуп калса эмне болот, чоң ата?

Эмне деп жооп айтарга билбей Омор алаканын жаяп:

— Жок болуп калса, жок болуп калат,— деди.

Биразга ойлонгонсуп, башын сол жак ийинине кыйшайтып турган Жыпар дагы сурады:

— Бышпай калат, э?

— Ооба, бышпай калат.

— А бышпай калса, эмне болот, чоң ата?

— Бышпай калса, чийки болот. А чийки алманы бала жесе, ичи ооруйт... — Жыпарды чочутуп коюшту ойлогон Омор апырта сүйлөдү: —Көк алмага тийбей жүр, чырагым. Көк алманы көп жеген баланын киндиги «буп» этип тешилет да, алма жыгачы өнүп чыгат...

— А бышкан алма кандай болот, чоң ата?

Омор токтолбой жооп берди:

— Бышкан алма кызыл болот, чырагым.

— Кызыл...

— Ооба,— деди Омор кичинекей кызга тууралап баян этишти ойлоп, кайра: — Алманын кээси ак болуп да бышат.

— Ак...

— Ооба, ак алма да ич оорутат...

— А кызыл алманы жесечи?

— Кызыл алманы жесе, антпейт...

— А мен кызыл алма жейм, э, чоң ата?

— Ооба... Качан алмалар кыпкызыл болушат. Анан өзүм үзүп берем А дейре колуңду тийгизбе! Эч качан?

— А эмне үчүн эч качан?

— Те-ек, чырагым... — Омор Жыпарга мөмөлөрдү көрсөтүп айтты. — Артыкча ушул мөмөлөргө тийбей жүр. Таанып кой, өзөгү бир гана, а башына карасаң бир бутагында алма, биринде алмурут мөмөлөп турат. Бул, биздин Ташбай багбандын амалы. Сен буларга тийбей жүр. Булар тажрыйба деген болот! Кокус, тигил мөмөлөргө колуңду тийгизсең, көрдүңбү. — Омор кында жүргөн бычагынын сабын көрсөттү. — Бычагым бар, чырт эткизип колуңду кесип алам. Тажрыйба мөмөлөрүнө колуңду тийгизбе!

Жыпар үнсүз башын ийкегиледи.

Омор тигил жерге түшкөн алмага көрсөттү:

— Алманы ал, руксат! Бар, ойноп жүр.

Жыпар тез эңкейип алманы алды да, колдон чыккан көпөлөктөй делдектеп чуркап кетти.

Кубанып ээрчий карап турган Омор:

— Те-ек, алманы бекер бердим, э. Бул кыз тентуштарына көрсөтсө, алар жемиштин татыгын алышып жабыла келишет го, эми. Ка-ап!

### 3

Күн өткөн сайын Омор күзөтчүлүктү бийик кесип катарында жооптуу сезди. Алманын мөмө түйгөн шактары көзүнө алда эмнедей ысык көрүнүп, бакты аралап, кобурап басат:

— Те-ек, кыргызым, эмгектен таза эч нерсе жок белем! Көргүлөчү, береги жемиштер дандуу, тартып, көздүн жоосун алучу болду. Кол тийгизгиң келбейт.

Омор табыш чыккан жакка бурулуп, күрөктөй алаканын чекесине серепчилей калса, барбайган жоон манжалары бирикпей, колдорунун учтары болор-болбос дирилдейт. — «Эй кимсиңер? Не деген бейбаштык. Силерге бакты аралашка ким руксат берди, ыя?» — дечүдөй каштары түктүйөт, эриндери бүлкүлдөйт.

Оор жүктү көтөрүп бир калыпта тартып баскан төөдөн бетер Омор жай козголот. Азыр бактын аяккы четинде жүрсө, бир аз мезгил өткөн соң бактын баш жагынан көрүнөт. Аны көргөн кыштактын кишилери айтып калышат:

— Береги Омор акени көргүлө. Мектеп багына күзөтчү болгондон бери күчөп кетти өзү.

— «Те-ек» — деп коюп, кээде багбан Ташбай аке менен да атаандашат ал.

— Көлөкөдө олтурганын көрбөйсүң.

— Башкалар эмес, өз уулу Орусбекти жолотпойт экен.

Омор тууралуу кишилер эми ушуларды айтышат. А Омор болсо, бак арасынан кетпейт. Кээ бир күндөрү жалкындуу кетменди курчута чыгып, байламталарды оңдойт. Арыктардын буулган жерлерине чым чаап тизет. Бак арасында коко же чогойно көрүнсө,— ай, арам тамырлар. Силерге жемиш бактын арасынан ким орун берди, ыя? Жоголгула! — деп чаап таштайт. Кээде, колундагы кетмени чымдуу кыртышка бата-бата түшкөндө баягы жигит кездери көз алдына элестейт. —Те-ек, дале болсо билекте күч бар экен го! — деп картаң өз алдынча күлүндөй берет. Айдар манаптын жигити Желкикараны чым ордуна суга басканын эскерсе: Те-ек, иттин баласы! — дейт Омор. Бир мүнөздүү кайраттуу карынын муруттары түктүйө түшөт. — Баса, Ленин төрөлбөсө, совет өкмөтү теңдикти алып келбесе, Айдар таз бизге ушул жемиш багын да тиктирбейт эле го?! Ка-ап, кайран Ленин, эң болбоду дегенде жүз жыл мурда келсечи.

Омор бир жерге отургусу келбей улам бир арыкты аттап, улам жээкти бойлоп ар бир мөмөлүү жыгачтын жанына токтолот. Көпөлөк уялаган жалбыракка курт түрүлсө, аны терип таштап, керимсел уруп бирин-серин саргая баштаган жалбырак көрүнсө жулуп таштап, биздин алма, өрүктү «чоочун из» аралаган бекен, деп кылдат байкаган Омор баягыда Жыпарды жолуктурган дарактын жанына келгенинде далдайып тура калды, башынан аягына мөмөлөрүн кубанып карады.

— Бале, Ташбайым, чын эле багбан болуп кетти го. Көрчү алмасы да, алмуруту да уялчаак кыздай...

Ар бир мөмөгө кубанып караган Омор катуу чочуду.

— Те-ек, буларга не болуп кеткен, ыя?

Омор мостоё калды, чалкандай сайылган муруттары түктүйүп эриндери бүлкүлдөдү:

— Те-ек, мөмөлөрдүн бөйрөгүн ким кемирип кеткен, эй! Шумдук... Албарстыбы, же адамбы?

А дегенде таң калган Омор ар бир мөмөгө колун тийгизди. Көздөрүн жумуңкурап кылдат шыкаалап, мөмөгө батып-батып калган тактардын алда эмнеден болгонун таанышка ашыкты. Кылмыштуунун изине түшкөнсүп салмактуу баскан Омор мөмө жыгачын бир-эки айланып кайра жанагы ордуна токтолду. Ар бир мөмөнү санаттан өткөзчүдөй бутактардын башынан аягына улам карады. «Эй, абышка, абышка, тиш тийгизбей бизди жакшы баксаңчы» дегендей өйдөкү шактагы мемөлөрү мала кызыл тартып күн нурунда жадырап-жайнап аман турушат. Ал эми үч-төрт жаштагы баланын бою жеткендей жердеги төмөнкү шактын мөмөлөрүнөн «жарадар» болбогону чанда. Бөйрөктөрүнө так түшүп, кээ бирөөлөрү оюлуп да калган. Аларды көргөнүндө, карышкыр тарткан козунун куйругу көз алдына элестеди.

— Тек! — Омор бөйрөгү оюлган мөмөлөрдү аяды. Алардын эмнеден ушундай болгонун тааный албай айраң-таң болду. — Курт ушунетти дейин десем, ал мөмөнүн бөйрөгүн көзөп өзөгүнө өтүчү эле? Кумурска дейин десем, ал алмага катылуучу эмес эле... Эчкилер тоодо, балдарды жолотпойм. Тоба, не деген шумдук болду, ыя?

Бир мүнөздүү Омор карыга күзөтчүлүк милдетти эч ким тага да, тапшыра да албас-ов. Ал бул ишке өз эрки менен келген. Уулу Орусбек жокто бүркүтчө ормоюп, терезеден алыс карап, кемпири Берметке акыл салды:

— Те-ек, кемпир жан. Башкарма Мерген мени кербезсиң дейт. Эч кимиси милдет такканы жок. Береги мектептин багына күзөтчү болуп берейин деп деректир Сабырга өзүм айттым.

Анда Бермет күлүп койгон:

— Бышкан мөмөгө күзөтчү болушка адам четтен чыгат, баатыр... Деректирге убада берсениз, так аткарыңыз.

— Те-ек, кемпир! Кырк жылдан бери менин сырымды чече элек белең. Береги чүкөдөй болгон Ташбай багбан атагын алды. Карысам да ушул элге кайратты эмгектен көрсөтөйүн дегеним го, бул! Эн биринчи сен түшүнүп ал, ушуну!

— Түшүндүм баатыр, түшүндүм —деген Бермет,— курбудан калган чоң уят.

Сыңар мөмөнү зыянга учуратпаска Омор кары бек кекенген. Башка жакта жүрсө да ой-санаасы бакта.

— Тек, береке ушунда экен го. Кадимки жыгачтын башына каптайдагы жемишти өндүрүп үзүрүн көргөн адамга ракмат! Ушул жоодурап турган жемиштерди күзөтө албасам, сакалыма чок түшкөнү болор, тек! — дечү карт күзөтчү.

Азыр тиги бөйрөктөрү оюлган мөмөлөрдү көргөнүндө дал боло түштү. Ачуусун кимден чыгарарын биле албай, таягын алда нече ирет жерге ныкып таянып, кабагын түйүп, каштарын түктүйтүп кейип Берметке келди.

— Кемпир үйүндөн чык, мени ээрчи,— деди Омор.

— Сөздү эки айттырып көрбөгөн Бермет ошол замат үйдөн чыкты. Абышкасынын кабак-кашын көргөнүндө «эмне болду» деп сурай алганы жок. Ээрчип келе берди. Катуу ойго чөккөн Омор «барып көрөсүң» деген кишиче түктүйүп үнсүз келатты. Басар жолдун жарымынан өтүп келген кезде Бермет шексиз тымызын сурады:

— Эмне болду, баатыр? Кейип келдиңиз?

Омор эки жагына карап койду да бир тынымдан кийин үнүн пас чыгарып саал энтиге сүйлөдү:

— Укмуш болду кемпир... Несин сурайсың, бара көрөсүң да.

Азыркыдай ойлуу, жоош мүнөзүн биринчи көргөн Бермет абышкасын катуу аяды. Аны артык сүйлөткүтү келбеди. Эмнеси болсо да «бара көрөрмүн» деди.

Бактарды аралай басып баягында Жыпарды түбүнөн жолуктурган тажрыйба жыгачына жакын келгенде сөздү Омор өзү баштады:

— Бүгүн укмуш болду энеси... Же мал аралаган жок, же балдар келгендей болгон жок... Сак болом деп убада берген элем, сакалым өрттөндү...

Омор кебин бүтүрбөй токтолду. Абышкасынын татаал мүнөзүнө жедеп көнүккөн Бермет да: «А сакалыңыз эмнеден өрттөндү?» деген-

сип тымызын карады. Жугү оор төөдей ыңгыранып жай баскан Омор азыр Берметтин көзүнө бир жактан келген кишидей чоочун көрүндү.

Ал аңгыча болбой жанагы мөмө жыгачына жетип токтолгон соң:

— Тек кемпиржан. Токтойлучу,— деди Берметке. Ал өзүн аябай кылмыштуумун деп эсептегенде кепти ушул «кемпиржандан» баштай турган. Ушул кепти уккан соң: «Э, баатыр, бир кылмышың бар экен го» деп баамдаган Бермет бырс күлө жаздады да, абышканын каарынан жазганды. Эмне деген шумдугу болсо да аныгын азыр айтар деп Бермет ашыкканы да жок, күлкүсүн да тыйды.

— Мына бул мөмөлөргө карачы, кемпиржан. Укмуш болду,— деди Омор мостоюп, баягы мөмөлөргө көрсөттү.— Баары бирдей бөйрөгүнөн оюлуптур. Неден болгонуна айран азырмын... Алгач саа көрсөтүп, анан Сабыр менен Ташбайды чакырайын дедим, кемпиржан... Не болсо да бул жакшылык эмес; не албарсты иштеди, не бооругу менен жылган жылаан тиштеди. Адам колунан келген болсо, муну менин душманым иштеди: атайы менин паанайымды басайын дегени. Тек, кемпиржан, боо сен не айтар элең?

Бөйрөгү оюлган ар бир мөмөнү кармалап, кылдат байкаган Бермет:

— Бул тиштердин тагы го? — деди.

— Ооба,— деди Омор. Башкаларына тийбей, нак ушул тажрыйба мөмөлөрүн ким тиштеди?

— Баса, ошону айтам да... Эрикпестен жүрүп, булардын баарын кандай адам тиштеп чыгат? Караңыз, баатыр. Деле тиштери тегиз батыптыр... Балдар болсо жулуп кетишет эле. Чоң киши минтип бирден тиштеп ойноп отурбас да эле.

— Тек, кемпиржан. Мен да ошону айтам. Тиштин тагы батканын өзүм да болжодум. Бирок, мени тоотпой атайы тажрыйбаны бузгусу келип минтип тиштеп ойногон ким болот, ыя?

— Уулуң болбосун, баатыр?..

Бермет айтарын айтып алып, сөзүн бүтүрбөй өкүндү. Чын эле буларды Орусбек тиштеген болсо, ачуулу ата аны өлтүрөт деп чочуду.

— Тек, Орусбек дейсиңби? — деди Омор.

— Жок, бул тактарга караганда Орусбектин колунан келген иш эмес...

— Тек, аны кантип таанып турасың? Алманы адам маңдай

тиштери менен тиштейт. А бул мөмөдөгү тактар анча ири эмес... Орусбектин маңдай тиштери күрөктөй болуп турбайбы, баатыр.

— Туура айтасың, кемпиржан. Муну же кудум шайтан тиштеди, же жел куюн тиштеди. Болбосо Омор жүргөн жерге ким даап келүүчү эле, те-ек... Жаныдан эмгек менен таанылайын деген кезде Ташбай экөөбүздүн арабызга от жаккысы келген душман ким, мында?!

**4**

— Кылмышкер жел кайып болсо да мен аны табам. Таппасам бир боо ширенкени жеңиме катып барып Сабырдын алдында сакалымды өзүм өрттөп берем,— деп, кекенген Омор бак арасынан кетпеди. Татынакай көнөчөккө аш-айран көтөрүп, казанга жапкан бир-эки нанды тасмалга ороп колтугуна кысып эртели-кеч Бермет келет.

Бир мүнөздүү абышкасына Бермет ашык сүйлөбөйт.

— Таптыңбы, баатыр? — деп, тек, кайдыгер сурайт.

Омор көнөчөктү чөйчөк ордуна колуна коюп, андагы муздак аш-айранды кере-кере жуткан соң, береги мөмөлүү бактарга тикеле карайт. Барбайган алп манжалары менен чалкандай мурутту жаныпжаныып тумшугун курчуткан кыраандай коңкоюп олтуруп:

— Тек, кемпиржан... Кордукту жанакы сасык аарылардан көрмөк болдум. Тиги так түшкөн мөмөлөргө төрттөн-бештен конуп алат да, үңүп оё беришчү болду. Анык желмогуз сасык аарыларбы деп койдум. Не кармап алалбайсың, не таяк менен чаба албайсың... Чапсаң аарылар учуп кетишет, таягың алманы кагып түшөт... Ие четтен аны адам көрсө, «Береги карыганда жинди болгон го. Алма менен чабышып жатат» дечүдөй. Те-ек, алдага тобо. Мөмөлөрдү кемирип жүргөндү мен табалбадым го, кемпиржан?!

— Наалыба, баатыр,— деп жай сүйлөгөн Бермет абышкасын ансайын намыстантып илгеркисин эскертет.

— Аары эмес, Айдар манапты жалтанткансыз. Чымырдын колуктусун ала качып келчүдө жыйырма союлчанды жалгыз токтоткомун деп өзүңүз мактангансыз. Бүгүн эл аман, журт тынч кезде чымынга алыңыз жетпейби? Эркек эмес, аял эмгеги менен баатыр атка конуп, тигил чоң Маскөөгө барып жаткан кезде, көмүскөдө калуучу киши белеңиз, баатыр!

Жооп табалбай Омор Берметти кубаттайт:

— Тек, кемпиржан. Элүү жылдан бери өзүң менен не себептүү этек кармаштым. Так ушул төптүгүңдү жактырам. Туура айтасың.

— Туура айтсам,— дейт Бермет сөзүн тамашага чалып. — Мөмөлөрдү кемирип жүргөн кылмышкер өзүң болсоң керек...

— Те-ек.

— Тек-меги жок эле... Биздин заманда кылмышкер эл көзүнөн кутулалбайт. Ал ким болсо да көрүнөт болучу.

— Аның ырас...

— Эмне ырас, баатыр. Мөмөлөрдү өзүңүз тиштеп жүргөнүңүзбү?

— Не дейт, тек... Менин чочуганым да ошол кемпиржан. Билбеген адам уу ичет тура. Баягыда: эй, жанынды жеген Ташбай, чебердесеңчи. Бир өзөктөн тараган бакта ар уруу жемиш гүлдөгөнүн бул өзөндө жашаган кыргыз баласы көргөн эмес, деп урушкан элем. Бүгүн гүлү гана эмес, жемиштин өзүн көз көрдү. Эми тажрыйба мөмөсү тигинтип зыянга учурашы менин бөйрөгүмө тийген ок. Бири болбосо, бири: «Баягы кексе Омор Ташбайга карасанаш үчүн өзү атайы ошентип» деп айтабы деп өзүм да сарсанаамын го... Те-ек.

Көлөкөдө олтурган Омор өзүнө тааныш мөмөлүү бактарга карай берет.

Бермет бош калган көнөчөктү алып, абышкасын тамашалай алда немелерди айтып үйүн көздөй басат:

— Кечке чейин аман болгула, баатыр. Кечинде келмек болдум го.

Леп-леп жорткон жел Омордун көңүлүн сергитип, Берметтин жанакы айткандарына раазы болуп, эриндерин бүлкүлдөтүп кубанып турат. «Кечке чейин аман болгула» деди. Ал ошентип маа анан ушул мен күзөткөн алмаларга айтты. «Жыйырма союлчанды жалгыз токтотучу элең, эми көпчүлүктүн жемишине чымынды да кондурба дешин көр. Кемпиржан ошентип мени намыстантат. Тек, алдага тобо. Мөмөлөргө тиш тийгизип жүргөн ким болот эми. Кемпиржан келгенче мен аны таап турбасам, сакалым өрттөнөт го».

...Ушунткен Омор күзөтчү колун чекесине серепчилей калып, көзү мунарыктай түшкөнчө бак арасын карады. Быша баштаган мөмөлөргө суук колун арткан жанды көзү чалбады. Береги дөбөгө ала бөйрөк музоо оттоп чыкты. Куду куюн учурган жалбырактардай делбелектешип бирде төмөндөп, бирде көкөлөп бак үстүндө төрт-

беш көпөлөк учуп жүрөт. Кайдадыр чөп арасында чегиртке чыртылдап, шылдыр аккан арык суусунун күүсү кулак учунда.

Сергип турган Омор ошол дилдиреген булак күүсүн ээрчигенсип, таягын ийнине салды да эрмектей басты. Бет алды эмес, бактын жогорку четин көздөй келатты. Ошол четтеги бир нече алма жыгачтары да быйыл мөмө түйгөн болучу.

Азыр карт күзөтчү ошолорду түгөлдөмөк ойдо. Тез жетишке ашыгып, эки көзү ошол жакта. Бутуна сүттикен чалынды окшоду. Орто жолго келгенинде мүдүрүлүп кетти. Таягынын учу абага сорок этип, өзү аз жерден жыгылганы жок. Бирок:

— Те-ек! — деп бегирээк унчукту.

Нак ушул секундда берегиэки алманын ортосунда тоголонгон топко окшогон алда немени көзү чалды. Бирок ал Омордун көзүнө адам баласына окшоп көрүнбөдү. А дегенде желге тоголонгон жашыл-ала топ сыяктанды.

— Алдага тобо?! — деп Омор көзүн сүрттү: тигил «топ» кайра арык ичинде чуркап бараткан куурчакка окшой калды. Бирок бир аз бара түшкөн соң көздөн кайым болду.

Анын эмне экенин таанып калышка ашыккан Омор ылдамдай басты. Чак түштүн алоолонгон илебинен жалтанып, мунарыктаган көзү кайра-кайра сүртө:

— Те-ек, карылык сен! — деди өз алдынча кейип. — Эч болбосо көзүмдүн курчун албай карытсаңчы, мени!

Омор жанагы элестен башка эч нерсени көрө алган жок. Ашыккан картаң энтиге басып, жанагы жанынан «топ тоголонгон» алма жыгачына келип:

— Те-ек, дагы неси? — деп чочуп кетти.

Төмөнкү шактагы мөмөлөрдөн жапжаны тактар кашкайып даана көрүндү. Бул шексиз баягы тиштердин тагы. Мөмөгө минтип тишин батырган жанагы жашыл-ала «топ», арыкка түшүп чуркап кеткен «куурчак» азыр Оморго шексиз болду.

Алп көкүрөгүн дагдайтып туруп калган Омор:

— Алдага тобо. Жанакы не өзү? Кудумбу, же куюнбу? —Табыш тыңшагансып бир саамга арыкты бойлой карады да анан бек табыштады: — Тек, сен кимсиң, өзүң? Кайда житип кеттиң? Чык, азыр!

Карт күзөтчү каардана унчукту. Ага чөп башы да козголбоду.

Омор кулак түрүп дагы бир саам турду да, таягын ийнине салып арыкты бойлой басты.

— Ким болсоң да өз эркиң менен көрүн. Болбосо жыга чабарымды ук!

Омордун бул сөзүн да жанагы «топ» тоотподу окшойт.

«Мен мында» деп көзүнө көрүнгөнү жок. Күзөтчү арыктын тигил башына жетип кайра келатты...

Ал аңгыча болбой жылаажын коңгуроонун назик шыңгырагындай кандайдыр табыш угулгансыды. Омор токтоло калып экн жагына каранды.

Кимдир бирөөнүн үнү жер астынан угулгансыды:

— Көрбөйт, көрбөйт...

Омор үн чыккан жакка бурулду.

— Эй, кимсиң сен. Алманы жеп жүргөн кылмышкер сенсиң го. Тек, көзүмө көрүнчү, жаткыза чабам!

Нак ушул сөзү тигиге таасир этти белем. Чөйрө тымыган казандай кайра жымжырт болду. Омор айланып басты. Береги жанаша чыккан эки чоң түп шыралжын ага шектүү көрүндү. Ал тургай анын арасы бүлкүлдөп калды.

— Тек! — Омор ошол жакка карай басты. Шиберди жарып, күнгө кызарып жанаша жаткан эки балтыр көрүндү. Көк-жашыл көйнөктүн этегин Омор шибердин түсүнөн араң ажыратып:

— Тек, таптым го, кылмышкер сени! —деди.

Коңулга кирген чабактан бетер эки түп шыралжындын ортосуна сойлоп жаткан Жыпар коңгуроолуу үн менен кытылдап күлдү.

Далайдан бери ызаланып жүргөн Омор чыны менен Жыпарды кекетти:

— Тек, кимсиң сен? Дагы мени шылдың кылып күлгөнүн көр, мунун.

Же корккону, же табылгыс болуп жашынганына кубанганы белгисиз кытылдаган кичинекей кыз оор табыш жакындап угулганда күлкүсүн тып токтотту. Бул тынчтык бала сезиминин сестениши: «Азыр мени урат» деп корккондугу болучу. Ошон үчүн Омордун оор-оор чыккан дабышы жакындап келгенде Жыпарга, жылаңач этинен кумурска чуркагандай сезилди. Беттери кызарып, көздөрүнө жаш толду.

Омор Жыпарды тааныды, анын корккону сезди.

— Те-ек, чырагым, сен белең? Турагой.

Жыпар корккондон улам будаланып тура баштады.

— Тек, чын Жыпар экенсиң,— деди Омор.

Жыпардын көздөрү жамгырдан кийинки карагаттай жоодурап карады:

— Чоң ата...

— Те-ек... Сенин атаң Сабыр — деректир. Биздин балдардын кыйшыгын тез көрөт. А өз кызы Жыпардын бак ичинде жүргөнү неси? Азыр сени деректир атаңдын алдына жетелеп барайынчы...

Далдайган Омор аны кичинекей билегинен жетелерде Жыпар ага жазыксыз карады:

— Чоң ата, мен алмаларды көрдүм...

Омор токтоло калды:

— Ким а руксат берди?

— Өзүм,— деди Жыпар.

— Өзүм?

Жыпар көңүлүнө жаккан сонун оюнчукту биринчи колуна кармагансып жылмайып турду. Ага Омордун ичи жылый баштады.

— Өзүм дейт... А алмаларга тийдиңби?

— Жок! — дедн Жыпар чочуган үн менен. — Тийген жокмун. А тиштедим.

— Тиштесең кантип тийбедиң?

— Колум тийген жок, тишим менен тиштедим.

Баягыда өзүнүн айтканын унутуп койгон Омор кыздын жообуна чындап таң калды.

— А тишиң менен не үчүн тиштедиң?

— Колум тийген жок,— деди Жыпар колдорун аркасына жашырып, быдырап бат-бат айтты, колумду кеспеңиз, чоң ата... А мен колумду тийгизген жокмун. Тишим менен тиштедим.

Өзүнүн жиберген жаңылышын жаңы сезип, эмне айтарын биле албай Омор бир азга далдайып турду да, анан кучагын жайып Жыпарды бооруна бек-бек кысты.

— Те-ек, келчи, бооруна! Тунук чыккан булак өстөндө неге киргил агат десем, маа окшогон кежир улам кечип ылайлайт тура. Неге, бешиктен айыпсыз чыккан бала, адам болгондо кэде жаман-

дыкка барат десем, маа окшогон акмак аны тетириге үндөйт тура. Эй, аттиң наадандык, не десем саа: өткүр көзүм бар эле, кыйшык көрсөттүң; балбан сөзүм бар эле, тетири угуздуң; билекте күчүм бар эле, текке жумшадың.

Карт күзөтчү куурчактай Жыпарды эки колтугунан алып тап-так көтөрдү:

— Чоңой, чырагым, чоңой. Алда кимден ачуу кеп укпай, тунук өскүн. Таалайлуу өскүн. Теек, аттиң сени ай, кайра төрөлө турган болсом, сенин адам болгон кезиңди бир кайрылып көрүп кетсем, ээ?!

## БААРЫНАН АСМАНГА ЖАКЫН

### 1

«Совет өкмети адам болсын деп окутуп отур, сендерди, карак-тарым!» — деп бир кезде Кузьмичтин айткан сөзү азыр жемиш ба-гын аралап келаткан Сабырдын кулагына угулду. — «Кайран киши. Адамга ар дайым жакшылык каалачу эле»..

Сабыр тездей басты. Бирин-серин ак чалган коңур чачы уюл-гуйт. Көңүлү көтөрүлөт. «Мөмө үзүү — жакшылык! Эмгектин үзүрүн көрүү. Мугалимдер менен чогулуш өткөрүү керек.»

Чогулуш да болду. Чогулушка күзөтчү Омор аке, Ташбай аке да келишти. Сабыр бардыгына кайрылды:

— Жемиш багы быйыл калың мөмөлөдү. Бул, эзели бак-дарак асырабаган айылдаштарга жакшы таалим!

— Те-ек!—деди Омор. — Жакшы айттың, Сабыржан! Өйдө өткөн, ылдый өткөн мазамды алат — «Ой, Омор, биздин жерге да таттуу алма, бышат тура. Бирден үзөйүнчү? Азайып калбас...» — Теек! деймин анткендерге,— алманын таттуу экенин билсең колхоз саа агород берген. Жакшы көчөт тик. Эшигиңдин алдында алма бы-шат. Мектептин алмасын саа үздүрбөймүн... Те эңгирегирдики. Чоң эле киши жалдырап турса, бербей да коё албайсың. Кээде, бир-экини үзүп беремин. Деректирим көрүп калбасын. Койнуңа кат деймин...

Кары күзөтчүнүн чынын айтканына мугалимдер күлүштү. — «Баса, биздин карылар ушул Омор акемдей ак пейил, ак көңүл да»... — Ичинен Оморго ыраазы Сабыр азел айтты:

— Кытымалыкка өзүңүз жол берет экенсиз да?

— Тек, ал кытыгандык эмес. — «Бак тик. Балдарыңды жемишке тойгуз!» — деп береги жалкоолорду кытыгылагандыгым. Мен да аларга алманы жөн бере салбайм. Акыл-насаатым менен марытып туруп анан алма беремин. Ардангандан агротуна көчөт тиккидей кылып...

— Э, аныңызга биз ыраазы, Омор аке? — Сабыр токтоо кебин улады. — Ар бир зор иш адегенде анча байкалбаган кичинеден башталат.

Омор таягынын учун түк эттирди:

— Тамчы булак курарын мен да билем, Сабыржан.

— Ооба, Омор аке. Дарыя да булактардан курулат. Биздин бак өстүргөн демилгебиз ошол майда булактардып бири. Жанагы Сизден алма «кытыган» кишилер да өз-өз колу менен көчөт тигип, бак өстүрүп, мөмө үзүшсө, булактар көбөйөр эле. Биздин турмуштун күрпүлдөгөн дайрасы ташып, жер-суубуз жаңырар эле...

Ташбай буурул мурутун жанып кубаттай берди:

— Кудаага шүкүр. Жаңырат! Азыр, бардык эле адам жемиш багын асыроого кызыгып калышты!

Сартбаев кербезденип мактанды:

— Биздин багыбыз да мөмө төгүп калды!

— Ал ырас. Мөмө төгө баштаган бактар көбөйүүдө. Ошондуктан жакшы салт баштасак деген сунуш бар. — Быйылдан баштап «Мөмө тоюн» өткөрөлү! А деп мөмө үзгөн күн,— «Мөмө тою» болсун!

— Тек, сөз эмес бекен!

— Тойду салттуу баштайлы,— деди Сеитова. — Ыр, бий-зоок менен өткүдөй болсун. Өздүк көркөм кечени гүлдөтчү ырчы, бийчилерибизди машыктыралы.

— Э... анда мөмө үзөбүзбү, ыр угабызбы? — деди кимдир бири.

— Мөмө үзүлгөн кезде обон тербеп туруу сонун го,— деди Сеитова.

— Ананчы,— деп Сартбаев күлдү,— бирок, «Мени сага жүрөк кылып койбогонду» балдарга ырдатпайлык. Андан көрөкчө:

Жайнап, бышкан алчадай
Үзгөндө колум чарчабай

– деген жаңы ыр ырдалсын.

— Баса, жөрөлгө жакшы. Өзүбүздөн акын чыкты,— деди Сабыр.

Сартбаев компоюп күлдү:

— Акын десе, акынбыз да! «Мөмө тоюна» камыналы!

...«Мөмө тою» — жаңы салт катары оюн зоок-тамаша менен башталат экен деген кабарга, Динар алакан чапкылап, чоң эненин мазасын алат беле? Таң. Артыкча кийинки кездери ал жел тийбеген байчечекейдей жоодурап жоош тартты... Бирок, бул жооштук тентек кызга эс-акыл кирип бой тарткандан эмес. (Азыр Динардын тентегирек эле курагы). Анын жоош тартышына айлана-чөйрө таасир этти. Артыкча агасы Аскар Динардын көзүнө деле салабаттуу, деле эр жеткен кишидей болуп, кичине карындашын анча теңсинбегени, аны менен сырдашпаганы, андан өзүн чоңсунтканы болду.

Аскар эмине айтса да, ага карындашы чыртылдап сыртын салат. Жана Аскар:

— Биздин отряд бүгүндөн баштап «Мөмө тоюна» камынат!— деди эле, демейде болор-болбосту такып сурай берчү карындашы укмаксан болду. Ал тургай:

«Бышш. Сен камынган тойго биз камынбас болупбузбу? Анын эминесине мактангыдай...» деди ичинен.

Ошенткен менен тобунан адашкан улактай карындашы Аскарга аянычтуу көрүндү.

Аскар аны маңдайынан сылады:

— Эмине көңүлсүзсүң. Дикен? Эмине бир жериң ооруйбу?

Динар туйтуң этти:

— Эч жерим оорубайт...

Өзүнөн өзү кылгыра түшкөн жашы Динардын көздөрүнүн кычыктарын ачыштырды...

— Ыйлаганы туратко, бу кыз. Эмине болду, сага?

«Эмине болду дейт ой. Мени кичинесинте бергенин билбейт, өзү...» Динар Аскарга сыртын салды.

Алдыртан байкап, балдарына ичи элжиреген чоң эне Динарга бурулду:

— Эмине эле туйтуңдап калган акмак. Текеңди сойгон киши барбы?

— Бар!—деди Днннар.

— Ал ким экен? Атын атачы, сазайын колуна берейин анын...

— Ал — чоң энем. Ал — Аскар?!

— Апей. Ал эмине дегени экен...

— Мени эчтеме билбеген куурчактай көрөсүңөр... Качан болсо мен четте калам... Эми тигил «Мөмө тоюна» да өзүңөр камданасыңар...

Аскар каткыра күлдү. Чоң эне жылуу жылмайды. Кичинекей небересин маңдайынан сылады. Эртең мененки шүүдүрүмдөй Динардын көз жашы тез кургады. Чоң энеге канчалык таарынып кабагын чытыйын десе да чөйрөгө бийлетти. Жаш кызга аалам күлүп жайнады. Мектеп айланасы таңдан кечке уу-чууга толуп шаңдуу.

Хор жатташкан кыздар менен балдардын коңгуроолу үндөрү Динарды да мектепке чакырды...

2

Сартбаев жан-дилин коюп элдик оюндарды изилдеди. Бүгүн-эртең үзүлчү мөмөнү күзөткөн Омор акенин жанына ал алда нече ирет келип, андан илгерки оюндардын түрлөрүн сурады. Бирок, Сартбаев маалимдин антип келишинен кексе кары өзүнчө шектенди. — «Э... маалимжан. Алмадан алсам дейсиң го. Көгүн да тиштетпесмин, балам...» Ушунткен Омор көңүлсүз ыңгыранды:

— Э-э, Сартбайүп маалим. Алма жегиң келген го. Кызыңа алма үзүп берсе дейсиң го?..

— Те-ек, Омор аке! — деди Сартбаев. — Алма сурап келгидей Сартбаев жолоочу эмес! Ал, сиздин уулду окуткан мугалим!

Омор үнүн көтөрүнкү чыгарды:

— Анан неге келдиң?

— Өнөр издеп келдим!

— Те-ек,— деди Омор. — Бактын арасында жайылып жүргөн өнөрдү көрдүң беле?

— Көрдүм. Мен көргөн өнөр Сиздин коюнга кире качты. Ошону алып бериңиз!

— Те-ек...

— Тек-мекти коюңуз. Кыргызда эмине өнөр болгон. Айтып бериңиз!

— Сөзүнө туз кошпой туурасын сүйлөчү, баатыр! Омор — Омор болгону жаныртма сөздү жактырган жан эмес.

— Кебимде жаныртма жок, Омор аке. Кемпирдин кашында оолукканда, те байыркы бабанын Көк асабасын өзүңүз көтөрүп

жүргөндөй мактанасыз. Эмесе ошол байыркы бабамдын кандай жакшы оюндары болчу эле? Айтыныз. Омор аке айткан оюн деп «Мөмө тоюнда» балдар аткарсын. Эл кумары жазылсын!

Түз жооп айтпай бир азга ыңгыранып олтуруп Омор кайра Сартбаевдин өзүнөн сурады:

— Э, Сартбайүпжан, менин байкашымда, башта сен бөртөй-шөртөй маалим элең. Азыр өсүп, өзгөрүп калыпсың. Саа мынча акылды ким берди, ыя? Кана, тайсалдабай көзүмө түз карап жооп берчи?

— Сиз мени торой чалышты токтотуп, элибиздин улут оюнун айтып бериңиз?

— Те-ек... менин алдымда сен анча эле куулана бербе. — Омордун коюу каштары түктүйө түштү. — Санаса кыргызда оюн көп: ак чөлмөк, кара коюн дүмпүлдөк, оромпа, шабиет тепмей, жоолук таштамай, токту сурамай,— мына буларды биз бала чакта ойночубуз. Жигиттер тыйын эңишет, жаакташып улак тартышат. Балбандар — оодарышат, күрөшөт, аркан сүйрөшөт. Мергендер жамбы атат. Баатырлар бетме-бет сайышат... — Омор өкүнө сүйлөдү. —Э, ал баатыр оюндарын азыр ким аткаралат. Же силер аны жактырчу белеңер?! Ал эмес, кыз оюну калып кетти. Жаңы, жаңы дейсиңер. Же жаңынын жарымы жок. Кыз берип, жар алган ушундай болот дешеби, айтор, бийба ичип олтурган жерден жетелешип кетишет. Э, бу адепсиздик кайсы элдин салты, акем?!

Омор мурчуюп бак учуна телмире карады. — «Салт калдыбы, элде. Баары терс бакты. Э маалым, мени шүк койчу, жайыма»... деген караш...

— Омор аке, кебиңизде чындык бар,— деп Сартбаев баш ийкеди. — Бизднн максат жаманды коюп, жакшыны үйрөнүү...

— Тек! Жакшың, жанагы шыйрактан сүйрөшмөйбү?!

Сартбаев күлдү:

— Э, ал айрым адепсиздин бейбаштыгы. Аны айтпаңыз...

— Анан эминени айт дейсиң, маалим?

— Обонун айтыңыз, элиңиздин? Өнөрүн айтыңыз.

— Э баса, обону бар кыргыздын бийи жок беле? Бирдеме десе, саа окшогон маалим баштап... «Бизде эчтеме болгон эмес»... деп чыгат, чиркиндер. А өздөрү жылуу жытты билбейт... Атаганат. Жаз, күз береги Алёшкө достукуна бара калам. Сакалы кучак кайраның — «Кел, кел Омор» дейт. Балдан тарткан кирчимесин бергиче ашыгат.

Эки кесесин удаа жутсам сезилбейт. Үчтү узатканымда таз кардымдын булуңу араң ысыйт... Уулу кыяк тартып, кызы ырдайт. Алёшкө сакал экчейт. Тактайын тарс-тарс тепкилейт... Же сен эскиче бийлеп тактайды тепкилеп жатасың деген эч кими жок, аа. Бизде болсо эле баары эски. Баары пиодал. Кана, Сартбайүп маалим, сен айтчы? Эзелки кыргыз элинин өзүнө таандык оюн-зоогу жок беле, акем?!

Омор карынын доосуна Сартбаев чыны менен мукактанды.

— Э-э,— деди Омор, мен чындап кысканымда, сен ушинтип кеп табалбай калмаксың?! Ата-бабаңдын эчен жакшы салты бар. Эми аны тоодой кумдун арасынан алтын чайыгандай чайып ал өзүң?!

— Кейибеңнз, Омор аке. Жакшы салт өнүп өсөт. Жаманы унутулат...

— Те-ек, маалим. Жакшы өнүгөрүн, жаман каларын сенсиз билем. Ата-а. Эки эр беттешип болот найза кезешип карс-карс сайышса, укмуш эмес беле! Же, коко куурайды сындыралбаган бечелим, ошо эр сайышты жаман дегени турасыңбы?!

Сартбаев чындап каткырды. — «Көк темирдей бүгүлбөгөн кайран киши ай. Баатырдык салттын айдыңы эмес беле, сайыш!»

— Э... коркогум,— деди Омор кексе. — Күлбөгөндө айлаң канча? Эки колдоп өрүм өргөндү эрдик дейсиң. Кош найзалап сайышка чыккан кайда-а! Сен, Сартбайүп маалим болсоң, ата-бабанын ошо кайратын даңкта. Сен окуткан менин уулум Орусбек, жок дегенде, коко кармап сайышка чыгалат бекен?! Ата-а... жамандарым, айласыздарым...

Өнөр дейт. Өнөрлүү өргө чабат. Түлкү өз ийнине наалыса, анын өз намысы төгүлөрүн билгилечи?! Анан өнөр кени кимде экенин да билерсиңер...

**3**

Сабыр кызматка кетишке даярданып Жыпарын эркелетип турган. Эшик шарт ачылып, Динар куюндай кирди:

— Таяке, э таяке...

Сабыр кызга бурула карады. Алда эминелерди айтып, атасына эркелеп турган Жыпар токтоло калды. Динар ашыга, энтиге айтты:

— Такыр китеп жок, таяке...

— Эмине китеп? Сага керектүү китептер китепканада толуп турат.

— Ошо мага керек китеп жок.

Динардын татынакай кебетесине Сабырдын ичи элжиреди. Күлүмсүрөдү:

— А сага кайсы китеп керек эле?

— Мага оюн китептери керек!

— Пьесаларбы?

— Ооба... Жок,— деди кайтып, — Оюн-тамаша китептери...

— Мына кызык? — Сабыр алакан жая ийнин куушурду. —Аты кандай, автору ким?

— Атын да билбейм. Авторун да билбейм...

— Анда ал китеп кантип табылат, Дикен?

— Апей! Ал оңой эле. Бардык эл-журттун ырын, күүсүн, чыгарган китеп жок болмок беле? Мага ошондой китеп керек. Китепканадагы эже андай китеп жок дейт. Эмине үчүн жок десем. Жок үчүн жок дейт. Аны ким билет десем, директордон сура дейт. Анан Сизге келдим, таяке. Чын эле андай китеп жокпу? Эмине үчүн жок?

Сабыр Динарга жооп кайтарбай кызына эскертти:

— Жыпар, сен бакка барба, Омор аке ачуулу...

— Жо-ок, ата, —Жыпар секирип-секирип койду. —Ал чоң ата жакшы киши, алма берет, Колумду кеспейт. Ачуусу жок

«Да-а, талап чоң. Баарына жетишүү кыйын... Дикендин талабына жооп айталбай кысталып турганымды көр...»

Динар көпөлөкчө делдең этти:

— Эмине айтпайсыз, таяке? Мен ал китепти кайдан табам деги...

Сабыр татынакай жээнин ээрчитип үйдөн чыкты. Күз күнү коңур тартып аба мемирейт. Тээ ой жакта комбайн сүйрөгөн трактор дүкүлдөйт. Көчөдө кыймыл күч...

Сабыр жээнине аста айтты:

— Сага керек китептер бар. Бирок, алар, азыр ар бир республикада...

Ойноо-тентек көздөрү жалжылдай түшкөн Динар таңданып сурады:

— Эмине, ал китептер — бир эмеспи?

— Бир эмес... Ар бир элдин өз-өз тилинде...

— Эмине, алар ошончо эле эң көпбү?

— Эң көп...

— Эмине, анын баарын канча убакта окуп чыгат, киши?

— Өмүр бою...

— А өмүрдө канча күн болот?

Сабыр аргасыздан күлдү. Суроосунун осол экенин байкай койгон Динар уялгансыды:

— ...баса... өмүр ар кандай э, таяке?

— Ооба, ар кандай. Адам ак эмгектенсе, анын өмүрү да ак, шаттуу. Силер үчүн эмгек — окуу! Илимдүү адам тилегине жетет.

Делдейип алда эминени ойлогонсуп келаткан Динар ашыга сурады:

— Илим жырткычтарды жок кылабы, таяке?

— Жок кылат! —деди Сабыр.

— Анда эмине карышкырлар аман жүрөт. Жайында тоого барганда көргөм. Алар койдун куйругун тиштеп алат экен.

— Э-э, Дикенжан. — Сабыр токтоо сүйлөдү. — Койдун куйругун тиштеген карышкыр төрт аяктуу. Андан эки аяктуу карышкыр жаман. Алар кишини эзет. Алар капиталисттер. Негир, индус, араб сыяктуу элдердин көбүнүн өмүрү бүгүн караңгыда. Алардын силердей балдары жаштайынан карышат...

«Эмне үчүн балдарды тез карыткан ал капиталисттер өлбөйт?» — деди Динардын оюу. Ал сумсайып токтоо боло түштү.

Ал аңгычакты мектепке келишти. Сабыр жээнинен сурады:

— «Мөме тоюна» сен катышасыңбы, Дикен?

— Ошону үчун жаңкы китепти издеп жүрбөйүмбү, таяке.

— Э... ал китепти мен таптырып көрөйүн...

— Анан декламация жаттагам.

— О-о... аның жакшы экен.

Кең жана жарык даланда пионер бөлмөсүн көздөй Динар жүгүрүп баратса, ак көпөлөктөй эркин эбелектейт.

**4**

«Мөмө тою» сөз болгон жерде, артыкча күзөтчү Омор менен багбан Ташбайдын зоболосу көтөрүлөт.

— Те-ек! — дейт Омор Ташбайга. — Баягыдай көк союл менен жер сабап олтурсам, менин ишимди ким тааныйт эле, кудай. Эми береги

бейиш-жемишин татып, багбандыктын үзүрүн жаңы билдим. Бир дарактан алма, алмурут алам дегенинде, те-ейт, суу кечпес кепти кой, деген элем, саа. Түркөй адам артын ойлобойт тура. Кечирип кой, Ташбай?

— Сизге таарынчы жок да...

Калкандай муруттары түктүйө түшкөн Омор ойлуу, кексээ, туңгуюк тиктейт. — «Вай курган биз. Жалаң найза сундуруп, сокур намыс талашып жүрүп жайдак калган белек? О, өткөн өмүр — качкан куш деген ушул экен да... Өмүрдү кайра башынан баштаар күн келсе кана...»

Ташбай салмак менен жай айтты:

— Бизге камыныш керек, энди. Мөмө үзүшкө балдар келишет. Бак арасы жашарып турсун.

— Те-ек, менин оюм да ошол, Ташбай. Сен кетмендин кишисисиң. Колтук созуп, чокойнону чаап тур. Мен өстөндөн суу жыгып келейин. Те-ек. Бала деген качан болсо, бала. Пионербиз деп чуркабай койгон бала бул күндө көрүнбөйт. Баланын баары чуркайт, секирет. Күрөшөт. Кээде бирин-бири мурунга коюшат. Баса, балалыктын жыргалы өзүнчө ракат. Чуркагандарынын таманын чөнөр тилбесин. Чогойнону тубүнөн чаап сал, Ташбай!

Күзөтчү Омор далбая салмак аттай басып суу жыгат. Анан өзү да кетмен тутуп, бак аралай басат. Чалгыдан калган дүмүрчөктөрдү чабат.

«Э-э, бейиш-жемиши суу шимшисин. Бак арасы жашарсын...»

Тарам-тарам арыктарда суу жылт-жулт чубурат. Чертилген көбүктөр күнгө чагылышат. Арык жээгиндеги тулаң чөптөр жан киргендей сеңселет. Чөнөктөргө суу толот. Бак-бактын түптөрү тептегерек шакектей жылтырайт.

Ташбайдын жарпы жазылат:

— Э-э... Омор аке. Бак арасы жашарсын. «Мөмө тоюнда» биздин эми жүзүбүз жарык болсун, я!

Эки курдаш — эки карыя, ушунтип, күнү бою бак арасында!

...Ар дайым мектептен кайтканда үйгө чаңырып кирмей адаты бар Орусбек кечээ чаңырбады. Эшиктен кирер замат дептерлерин бет алды ыргытты. Өзү муштумун оозуна такай «Марш» жаттады:

Эй!
Алма багы да!
Мөмөлөй башта-ды

Түшүмдү алу-га —
Отряд атта-анды!
Эй!
Бу-бу-бу, буп! буп!
Бу-бу-бу, буп! буп!

Уулунун ушул жоругу азыр суу сугарып, чөнөк тарткан Омордун көз алдына тартылды:

«Те-ек, ушул аскерге алынса, командир болотко деп чочуймун. Э, анан эмине. Болсо болгондой болсун уул. Эзилген бучкак ар бир эле эчки-териде?!» Өзүнө дем киргендей Омор кетменди бекем согот жерге:

— А-а! Ташбай! Балалуу үй базар, э-э!

— Ва, Омор аке. Адамдын эртеңкиси тукумда да!

— Те-ек! Багбаным... Биздин иш ошол тукум үчүн!

**5**

Чон курсак торуну энтиктире бригадир Мукаш мектеп алдына келди:

— Береги Көк-Ойдун буудайы быйыл чачтай уюлгуп калың жатып... Комбайн таза албаганын уктуңар беле? О, мугалимдер, силер нан жебес болупсуңарбы? Машак ка- лың. Балдарды каптаткыла!

Мукаш жооп укпай кете берди. Арадан анча мезгил өтпөй тизилген балдарды Сартбаев баштап, Көк-Ойдун аңызына бет алышкан. Көк-Ойдун аңызы туура элүү тогуз гектар. Азыр ошол комбайн чапкан аңызды окуучулар башынан каптай киришти. Кадимки ак куу жайылгандай аңыз бети кыймылга толду. Айтор, ким билет? Не баш терүү көңүлдүүбү? Не звено-звеного бөлүнүп өз-өз ара атаандаша теришкенден болдубу? Балдар кечке тыным билишкен жок. Ага кошумча Сартбаев маал-маал сүрөп коёт:

— Чамдагыла, садагалар! Ким башты арбын терсе, ошого сыйлык берилет. Чамдагыла!

Балким, мугалимдин ушул сүрөөнү таасир эттиби. Таң. Машак терүү өзүнөн өзү кызыды. Терилген баштарга кап толду. Бир эмес, эки эмес, беш кап машакка толду. Аны кырманга ташып кетиш үчүн пар ат чегилген арабаны айдап колхозчу келатты.

Сартбаев ошол арабага утурлай басып, балдарды чакырды:

— Балдар, бери келгиле!

Ал балдарга каптарды көрсөтүп: «Башты бирден тердик. Мына кап толгон дан табылды. Бул адал эмгек. Көрүп алгыла. Көп түкүрсө, көл деген ушул...» деп айтмак. Бирок, дал ушул секундда, тиги арабаны ээрчий элтең урган Окжетпес шыраалжын түбүнөн бөдөнө учурду. Аңызда эркинче оттоп семирген боз чаар бөдөнө анча көтөрүлбөй төмөн карай учту. Балдардын жоон тобу чурулдап бөдөнөнүн артынан кетишти...

Төрт-беш кадам аттап балдарга кошулуп чуркай жазып, Сартбаев уятынан араң токтоду.

— Аттигинин, ай э. Болгондо да байталдай бөдөнө экен. Мыктап корутса балдар кармап алышар бекен...

Ансыз да оюнга ээликкен балдар алыс кетишти. Жанагысыбы не башкасыбы? Аяк астынан дагы бир бөдөнө бырпырады. Анан дагы. Бири так түйүлгөн Орусбектин так аяк астынан учту эле, ал чочуп кетип колун сермеди. Аз жерден колу жете жаздады, бөдөнө бырпырап тез алыстады. Так түйүлө чуркаган Орусбектин үнү үзүлүп чыкты:

— Кетти-ик, балда-ар, кетти-ик... эми бир учса кармата-ат...

Убакыт өткөнүн балдар сезбеди. Жанагысыбы не башкасыбы? Сатайдын алдынан дагы бири бырпырай учту. Сатайдын калпагы бөдөнөнүн үстүнөн кайыды. Коркуп кеткен бечара узай албай чийдин дүмүнө житти.

Балдар бөдөнө коруган чийди кучактай жыгылышты.

— Уча качпасын...

— Абайлагыла...

— Тирүү кармаш керек...

Ал аңгычакты болбой бечара бөдөнө уча берем деп Ашымдын койнуна кептелди. Койнуна кут толгондой Ашым кубанып кетти:

— Э-э... Мага карматтың, бытбылдык!

Балдар туш-туштан чурулдашты:

— Ашым, кыргый, кыргый!

— Мындан ары Ашымды кыргый деп жүргүлө!

— Канатын ушала!

— Пионер бөлмөсүнө коёбуз. Капаста сайрап берет.

Бытбылдык, бытбылдык,
Май боткону көп кылдык...

— Ээ, балдар, здрасти! — деди капыстан чыга калган үн.

Жерден өнүп чыга келгендей узун бойлуу арык киши балдардын жанына келди:

— Чийдин түбүнөн эмне таптыңар. Шыралга?

Бир жагына жыга тараган чачы буурул. Коңкогой мурду күнгө күйүптүр. Ал, балдарга кызарып көрүндү. Канетсе да көйнөгү дал ортосунан айрылганбы? Оң ийни жыланач. Кош ооздун жазы боосу ошол жыланач ийинде. Өзү капыстан чыга келгени аздык кылгансып, бул киши, орус болсо да кыргызча таптак сүйлөгөнү балдарды таң калтырды.

Өткүн жамгыр бирин-серин тийип жалбыракты кандай дыбыратса балдардын арасын ошондой күбүр-шыбыр аралады:

— Мергенчи окшойт...

— Машкелери бар экен...

Тигил киши жумулуңку көздөрүн күлүңдөтүп макалдатып койду:

— «Айдаганы козулу кой, ышкырыгы таш жарат» деген сөздү уктуңар беле, балдар?

— Жок,— деди Сатай.

— Укканбыз,— деди Аскар.

— Ээрчиткени кош машке, асынганы кош ооз. Атканы кана деп турасынар го.

— Ооба... деги кимсиз? — деди Орусбек.

Тигил киши баптап айтты:

— Шаардан келген мергенчи чымчык атса, мактанат. Таза абадан капчыгына кытып кетет...

Жаагы ылдый сызылган терди сезбей эдирейген Ашым тигил адамдын башынан аягына карады. Анын эски трайке шымын уйгак ширеп, мойнунан тери жылтырайт. Чөпкө сүрүлгөн этек-жеңи көөнөп, далбырап чарчаган кебетеси күлкүлүү көрүнсө да, көңүлү ачык, балдарды күлдүрө сүйлөйт.

«Койнумда эмине бар, табыңызчы» дегенсип Ашым алдыга өттү:

— Машкеңиз коёнго жетеби?

— Коён эмес... эликти коркутат...

— Анда эликке барбайсызбы?

— Элик алыста да...

— Өрдөштө... кокту сайын элик качат...

— Атып аласыз...

— Машкелерим эле тиштейт...

— О-о, элик жеткизбейт.

— Жете-ет, машкелер оңой эмес. Бутунан алыс кулактары секирет.

Балдар күлүштү. Тигил киши байкатпай туруп Ашымды курсакка чертти:

— Буп!

Ашым селт чочуду. Койнундагы бөдөнө бырп учуп алыстабай чөп арасына жорголоду. Бир машке куйругун кыпчып кача жөнөдү.

Балдар каткыра күлүштү:

— Машке-е, машке-е, а бөдөнөдөн качат. Айрөк, айрөк!..

**6**

Тааныша келгенде, тайганы бөдөнөдөн корккон шаардык «мергенчи» Сабырларды окуткан Петр Кузьмич болуп чыкты. Профессор наамын алган белгилүү адам. Бирок ушул белгилүү адамдын машкеси канаты ушаланган бөдөнөдөн каңшылап качканы артыкча балдардын жарпын жазды.

Канаты ушаланган бөдөнөнү кайра кармап койнуна каткан Ашымды жоон топ бала ээрчип алышты. Тигил мергенчинин машкесин дагы бир жолу бөдөнө учуруп каңшылатсак дешет балдар. Бирок, атанын эрке балдарынан бетер, машкелери жанынан чыкпайт. Ээсинен калышпай үйгө кошо киришет.

Анда Ашым эдирейип токтой калат:

— Ка-ап... азыр бөдөнөмдү учурайын дедим эле...

Балдар Ашымды көкүтүшөт:

— Сен да үйгө кир.

— Мергенчи дасторконго олтурган кезде, сен бөдөнөңдү жорголотуп жибер.

— Уктаба, боз чаар,— дейт Ашым бөдөнөнү тумшукка чертет: — Сен тетиги мергенчинин машкесин эми бир коркут. Кош ууч таруу төгөм, өзүңө... Айтор, бүгүн бөдөнөлүү Ашымдан кадырлуу бала жок. Ашым эмине айтса, башкалары ошону дикилдеп иштейт. Бири топусуна таруу ушалайт, бири этегине чирче түйөт. Дагы бири кайдан-жайдан чүнгөлөк таап суу ала чуркап:

— Мына, суу! — дейт.

Жаактары ылдый тер сызылтып балдардын кубанычы чон:

— Машке чын корктубу, ыя?

— Калп корксо, ит каңшыламак беле.

— Куйругун кыпчып качпадыбы.

— Аны атайы үйрөткөн го. Кийин жаланып турду...

—Ооба, саа. Чындап эле качты. Шаардын машкеси бөдөнөнү көргөн эмес да.

— А бөдөнө көрбөгөн машкени эминеге ээрчитип жүрөт?

— Шаардык мергенчинин салты — машке ээрчитиш!

— Кызык, баягыда, ак калпак кийген бир профессор тоодон көпөлөк кармап жүргөнүн таякем көрүптүр.

— Кызык, көпөлөктү эмине кылат?

— Китепти көп-көп окуп зеригип калышса керек...

Сатай делдейип айтты:

— Ой... ушу киши да мергенчи эмеско, анда?

— Чын эле, балдар? Мергенчи болсо, тайганы бөдөнөдөн качмак беле?

— Рас эле...

— Айда, балдар, тайганын коркуталы...

Ашымдын бөдөнөсүнөн тайган дагы качат беле? Балдар канчалык аңдышса да бул жолу оңуту келбеди. Себеби, тайган ээрчиткен «мерген» Сабырдын үйүндө. Балдар басып кирүүгө даашпады. Үйгө кирген соң Кузьмич сөөмөйүн кезеди:

— Писинка, тыныч!

Чоң күрөң тайган лып комдонду. Козголбой жатты.

Удаа кирген Сартбаев тамашалап койду:

— Аксакал, тайганыңыз коркок болгону менен маш экен го...

Кузьмич коңкоюп машкесине карады:

— Коркок дебеңиз. Табына келгенде бөдөнөнү баса калат...

Үйдөгүлөр дуу күлүштү.

— О-о... Кузьмич агай. —Сабыр жайдары столду айлана басып, меймандарына сый көрсөтүп жүрүп айтты: — Сиздин тайгандын даңкы «Күрпүлдөк» жерине тарады...

Кузьмич тайганыңчыны менен мактагансыды:

— О-о, силер мыкты болсоңор, бөдөнө көрсө каңшылап качкан машке таптап көргүлөчү...

Дагы бир жолу дуу күлүштү. Ушундан кнйин тайган туурасындагы сөз аяктап, Сабыр:

— Жолдош мугалимдер! — Ал тынымча токтоло калып кебин улады. — Мен жыгырма жыл мурда Петр Кузьмичтен окуган элем. Бул кишини, биз, жетимдер, Кузьмич ага дечүбүз. Бул киши болсо, биздей жетимдердин адам болушун самачу. Азыр ошол урматтуу Кузьмич арабызда олтурат. Ушул достук үчүн насип алып коюуңарды сураймын!

Үй ичи тынчый түштү. Тек кешик толо идиш-аяк күлүңдөгөндөй, стол курчай олтурган меймандар насип татууда.

Сабыр жай кеп салууда:

— Сиз кут үстүнө келдиңиз, Кузьмич агай. Мектеп багы жемиштен шагы ийилет. «Түшүм тоюн» өткөрөбүз. Той өтмөйүнчө, Сиз кетпейсиз!

— Туура, айтат, Сабыр!

— Чакырып келтире алгыс мейман өзү келди!

— Шашпагыла... Менин да кожоюнум бар...

Сартбаев баж-баж этип колун жаңсай салды:

— «Мөмө тоюнда» болду деп биз тил кат жазып беребиз!

Мугалимдер туш-туштан жаалашты:

Жакшы иш үчүн калсаңыз кожоюнуңуз эчтеме дебейт, Кузьмич агай.

— «Мөмө тоюна» шаардан киши чакырабыз...

Нина Леонтьевна менен Сеитова жарыша айтышты:

— Кетирбейбиз сизди, кетирбейбиз...

— Жанагы-ы — деди Кузьмич жай сүйлөп: —Бөдөнөсү машке коркуткан азаматтар оңой болушбайт. Менин Писинкамды коркутушту. Анысын мен эске тутуп калдым го. Ошолор үчүн калсам да болот. Кожоюн ачыланса, эптеп жооп табылар.

Жанагы азаматтарды киши кылып өстүрүшкө, биз, педагогдор милдеттүүбүз. Мейли, машке бөдөнөдөн корко берсин. Балдарыбыз киши болуп чоңоюшсун.

Ошол балдар үчүн!

## 7

Артыкча жакындан бери Орусбек атасынын көзүнө эр жеткенсип көрүндү. Уул жакшысы атага бел, жаманы кер деп айтычу Омор Орусбегин алдыртан сынайт. Уулунун тездигин, шамдагайлыгын

баамдап — «Те-ек, эркек бала шок болсун, шок болбосо жок болсун» деп ичинен уулуна ыраазы. Сыртынан шек бербей: — Жашында калжың, чонойгондо мылжың. Шоктуктун жөнү болот. Акыл-эс менен кайрат чыңап шоктонуш — шоктукка жатпайт. Ал — эрдик. Калжың баш шоктук, мушташтын шоктугу — ырыс кесер шоктук. Өз жайын таппаган тентектик ал... Эсиң менен шоктон, бала!

Атасы нени каалаганын туюнган Орусбек тартынбай, жалтанбай атасынын көзүнө өз баркын бир топ көтөрүп койду. Ал тургай атасын сындайт. Ага, Омор ичинен ыраазы. Сыртынан сыр бербей:

— Те-ек, бала?! Сени жоктон бар кылган атаң боломун! Адеп сакта!

Капкара көздөрүн ойноктото Орусбек атасына жалт карады:

— Адеп, адеп дейсиз, ата... Көк союл көтөрүп жер сабаганыңызды коюңуз!..

Кеп табалбай калган Омор уулуна бакжая карады. Орусбек жайдарылана күлүп коюп чыгып кетти. — «Теек... айтканын көр, мунун...» — Омор өз бет алдынча кобурады:

— Атаа... жаман... көк союл көтөрүп жер сабаба дейт тура...

— Уулуң туурасын айтты, баатыр. — Бермет саамай чачын жоолугунун астына шилеп, токтоо сүйлөдү. — «Мөмө тою» деген жаңы жөрөлгө чыкты. Аа катышканы шаардан кишилер келатыптыр... Бу арзан кеп эмес, баатыр. Баягы баатыр кежирлигин койбоптур деген өсөк кетпесин, дагы...

— Те-ек, кемпиржан... — Омор жоош айтты: — Сен да мени окута турган болдуң го. Ааламдын кежири мен калсам... болду: кежирлик да ада болсунчу. Койдумчу, теги. Окутсаң окута берчи эми...

— Түлөгөн буурача самсаалап жүрчү кез эмес, баатыр,

— Те-ек, нени айтмаксың өзүң?

— Тойго таза кийинип чыгыңыз.

Алда эминелерди ойлонгонсуп тынымча унчукпай калган Омордун чалкандай муруттары типтик сайылды. — «Атаа... жаман катын, жаш балага буйлалатып от башында олтуруп калат деген ушу экен да. О, көрбөс, Теңир?!»

Омордун жаш кези Берметтин көз алдына тартылды.

«Баатыр оодарышка түшөт десе, аа ким даап чыгычу эле. А, карылык. Бүгүлбөгөн көк темирди ушунтип датыңа бастырдың э?»

Байбичеси Берметтин ушул оюн сезе койгонсуп, Омор чочугандай унчукту:

— Илгери казак Түсеп баатыр менен сайышканымда элдин намысын бердим беле?

— Анда журт намысын кетирген эмессиз, баатыр.

— Э, ошону айтсаң. Тоодой ак боз минген алп «Гүсөп ал жолу көзүмө сеңсең бөркчө көрүнгөн эмес. Те-ек, киндиктин тушу, жыгыларың ушу» деп найзамды сугуп өткөндө...

— Болду эми, баатыр, мактанбаңыз.

— Те-ек, мактанганы барбы... Жаман катын...

— Байыркыны эскерип не кыласыз. Бүгүнкү тойго кечикпейли.

— Ырас айтасың, кемпиржан... — Омор толкундана түштү. — Сен да карыдым дебе. Жибек көйнөгүңдү кий. Үлпүлдөп жанымда тур...

Ушундан кийин булар жасанып кийине баштаішты.

Жеке Омор менен Бермет эмес, бардык ата-энелер «Мөмө тоюна» чакыруу алышкан:

«Мөмө тою» күнү, Сиз, биздин бактан өз колуңуз менен жемиш үзүңүз. Ыр, хор угуп, тамаша көрүңүз.

Күрпүлдөк пионер отряды».

Чакыруу билетти бешинчи класстын окуучулары таратышкан. Динар мектептен чыга сала токтолбой үйүнө келди. Ал, чакыруу билетти чоң энесине биринчи тапшырууну ойлогон. Бирок, ал билет тапшырчу кишилердин тизмесинде — Баатырбек келини Кымкап эне бар. Кымкап эне быйыл жүздө. Эки-үч жылдан бери таяк таянып басып калды. Башта тың болучу. Эми ошол Кымкап эне Динардын эсине түштү. —«Ай-ийй — деди Динар . —Ошо Кымкап эне баарынан улуу. Биринчи ошо кишиге барайын».

Кымкап энеге чакыруу тапшырган соң, Динар Омор акеникине келген. Динарды Бермет өз жөрөлгөсү менен эркелеткен:

— И кел, Динаржан. Менин келиним келген тура...

Омор Берметке кыраанча ормоё караган. — «Те-ек... азыркы жаштар андай тамашаңды четке кагат, кемпиржан» деген караш. — «Аны эскинин калдыгы дейт. Тамашаны ойлоп айт...»

Абышканын ал карашын Бермет таңазар албай Динарды эркелете берген:

— Садагасы Динаржан, кыргыйдай зыпылдаган ылдам кыз. Маркум атасы да жигиттин гүлү эмес беле... О-о... аты өчкөн согуш... Ушу согуш дегендин аты өчсө дүйнөгө жыргал толор эле. Улан, кыз муң билбей өссө экен. Чоңой, секет. Өзүм келин кылып алам...

Омор өз санын өзү «тып» салган:

— Те-ейт! Байкап сүйлөчү, бай болгур.

Же уялдыбы, же ызаландыбы, белгисиз. Кызарып кеткен Динар «Чакыруу билетти» Берметке бере сала чуркап кеткен...

— Те-ек! — деген Омор ал жолу. —Демейде мени окутуп каласың. А өзүң азыр кандай кептерди айттың?

— Капаланба, баатыр. Динар жанды эркелеттим.

— Те-ек. Акмак болбо! Азыркы жаштарды антип эркелетпейт. Көпөлөктөй Динар кыздын көңүлүнө келин болуш түшө элек, билсең?!

— Ачууланба, баатыр. Кыз бала эрте ойгонот...

— Те-ейт?! Антип айтпагын!

Бермет күлгөн. Омор Динар берген билетти жая кармап олтуруп калган. Жана уулу «...өз кемчилигиңизди жоюңуз» деп кеткенден бери Омор өтө эле ойлуу. — «Атаа... Тулпар тушунда, күлүк күнүндө деген ушу беле?.. Карыганда каада күтпөсө, адам алжып кетет экен го...»

Өзүнөн алда канча кары Кымкап эне Омордун көз алдына тартылды. —А бечара. Жаш кезинде зайыптын тунугу эле. Эми эски ыштыктай кемирилип, жексен болду...»

Анан Омор Берметке эскертти:

— Өзүбүз басып кетпей, тиги Кымкапты ээрчите баралы, кемпиржан...

**8**

Күн мемиреп, асман көгүлтүр тартып, бүгүнкү күн жаш баланын жылмаюусундай көңүлдүү. Артыкча Көк-Дөбө чөйрөсү өтө жандуу. — «Те-ек. Жыл өткөн сайын жаңыны көз көрдү: томсоргон жерлер кулпуруп өзгөрдү. Мурут агарып мен карыган сайын терим тамган жерим жашарууда. Бале-е»!—дечү Омор бүгүн Көк-Дөбөгө эл алып келген. Ташбай багбан экөө ушул тойдун ээсиндей бек-бек унчугушат.

Туу желбиреп, барабан кагылууда. Заматта теребел кызыл-та-

зыл болуп кетти. Бак ортосу кулпуруп кеминде жүз элүүдөй кыз, улан асманды жаңыртып хор айтышты.

Аппак кийинген Кымкап эненин көзүнө жаш толду. Кебездей эриндери бүлкүлдөдү. — «Тилегиңерге жеткиле, чырактарым. Эмгегиңер марытсын силерди!»

Карыялар өз ара кобурашууда:

— О, асыл жаштык. Үндөрүн көр. Коңгуроо!

— А, байбиче, жыргал ушулардыкы да...

— Биздин тоолор асманга жакын деп жатышабы, кагылайындар?

Эл тегиз чогулган кезде, Сабыр алдыга өттү да салтанатты ачты:

— Кадырлуу ата-энелер, кымбатту окуучулар! Биз, бул жерге мөмө үзүүгө чогулдук. Бул эмгек үзүрүнө арналган салтанатты ачык деп жарыялаймын!

Эсептен дарс окуткан Сартбаев эки колду бийлете маштап — дирижорлук милдетин аткарды. Хор тобу —Мамлекеттик Гимнди аткарды. Көпчүлүк бир кишидей тымтырс. Окуучулардын коңгуроолуу үндөрү күчтүү обонду асманга көтөрдү.

Таалай туусу Советтин
Жеңишке алып бараткан.
Таалай туусун көтөрүп,
Кыргызстан атакта-ан!

Эч бүгүлбөс Омор акенин муундары чымырады. Мөлт-мөлт кеткен жашы сакалынын учуна тоголонду...

— ...Э текке өткөн асыл жан... Те-ек... О, эсил жаштык! Жаштыктын ууз обону толкутуп салды го, Ташбай...

— Ушуну көзүбүз көрдү, Омор аке, бизде не арман!

— Тек... Чын айтасың, багбан!

Өткөндөгү жайдак турмуш Омордун көз алдына тартылды. Өзүнүн балалык чагы — «...жетим элек... Жерге-ууга ээ эмес элек... Төөнү чөйчөктөн сугаргандай турмуш мени алдап жүрдү. Алп күчүм темир үзсө да, каржалдым, кайыштым анда. Ал кезде атак ошондо эле: алыстан ат уурдаштым. Айылда чабыш баштадым... Алдым жылыса да, аркам жылыгап жок анда... Те-ек, балдар туура ырдашат. Биздин жер Асманга жакын турат. Гүлдөсө экен, ушу бийик Жерим!»

Омор кары дал ушундай толкундап турганда ферме башчысы Сабийра сөзүн аяктады:

— ...Жер-суубуз да, өнөрүбүз да дал ушул мектеп окуучуларындай жаш, шаңдуу, келечектүү!

Жемишке жемиш, төлгө төл кошкон, бизди жеңишке баштап — коммунизмге алып бараткан — жашасын улуу акыл! Жашасын балбан жүрөк! Жашасын мээрман тынчтык!

— Те-ек. Сабийра кызым. Баса, сөз эмес бекен!

Куу арчадай каткан кексе Омор бүгүн бөтөнчө. Жүзү кызарыңкы, көздөрүн жаш чайып, эриндери бүлк-бүлк этет, сакалдары дирилдейт.

Катар олтурган Пётр Кузьмич Омордон сурады:

— Пионерлердин ырдаганы көңүлүңүзгө толдубу?

— Тек, пропесир, кандай сүйлөйсүң. Буларды жактырбаса, Омордун сакалына чок түшпөйбү?!

Оң тизесин баса олтурган Бермет алдыртан Оморду тыйды:

— Окумуштуу адамга орой айтпасаң, баатыр.

— Койдум, кемпиржан, койдум...

Алма жыгачынын арасындагы аянтчада сап-сап тизилип хор айтып турган окуучулар өзүнчө эле укмуш — гүлкайырдай нурданышат. Алардын коңгуроолуу үндөрү асманды жаңыртат. Дөбөнүн түштүк-чыгыш жакы бетин каптай олтурушкан калайык бир кишидей жымжырт. Анда-санда не кемпир, не абышка шыпшынат:

— Адам, балдар сонундарды айтышат тура...

— Нени айтасыз, байбиче. Эмки балдар көз ачканда эле ааламды таанышат.

— А, арман... Биздин балалык чак жетим улактай маарап өткөн тура...

— Өзүбүз өксүдүк... Эми тукум таалай тапсын...

Баятан мөмөлүү бактын далдаасында турган Сартбаев азыр алдыга өттү да, көпчүлүккө аркасын салып, колдорун элпек сермеди. Омордун көзүнө Сартбаев бийлеп жаткансып көрүндү. Алыстан шаң көргөн кишиче, Омор ага таңданып койду:

— Те-ек, Сартбайүп маалим. Качантан бийчи боло баштаган, өзү?

Тим кез болсо, сөз узарат беле? Пионерлер «Ленин жолу» деген ырды аткара башташты. Көпчүлүк назары эми ушул ырда. Жаңырган үндөрдөнбү? Не леп жорткон жел барбы? Берегиде кандайдыр бир «жетим» жалбырак дирилдейт...

«Те-ек, тиги жалбыракты менин оозумдун жели дирилдетти...» деди көздөрүн ойноктоткон Орусбек. Чынында, жалбырак, тек өзүнчө дирилдейт. Ага Орусбектин деми жетпейт. Ак каптер көккө төнгөндөй кыздардын үнү ыргактуу, уккулуктуу...

«Садагасы, Динарымдын үнүн угайынчы» деп чоң эне кулагын түрөт. Саал коңуроо тартып кээде заңкылдап чыккан үн бар. Бирок, ал Динардын үнү эмес, Сырганын үнү. —«Бечара, бар болсун» дешет Сырганы үнүнөн тааныгандар.

Ал эми Орусбектин күркүрөк жоон үнү барынан бийик, баарын басат:

«Ле-нин жо-олу ташка тамга баскан жо-ол...»

Тентек уулдун жоон үнүн жазбай тааныган Омор, кудай билет, төбөсү көккө жеткендей:

— Те-ек, бала! Көтөрө ташта! Жигиттин сүрүндө кайрат, үнүндө айбат. Баса-баса...

Сартбаев элге бурулуп, күлүмсүрөп ийилип койду. Дуу алакан чабылды. Омор кубанып айтты:

— Те-ек, суу бүркүтчө шуңкулдап коючу элең. Көрсө, өнөрүң жаткан тура. Бар бол, Сартбайуп маалим, бар бол!

**9**

...Эки алма жыгачынын аралыгын бүт ээлеп, баятан көк жашыл жибек көшөгө тартылып турган. Леп-леп желге желбиреген жибек майда толкундай дирилдеп Оморго анча байкалган эмес. Көк-жашыл көшөгө аба илебине төнгөн мунарык сыяктанды. Асман чайыттай ачык болуп, күн нуру барынча төгүлүп турганда, жашыл жалбырактар мунарыктуу. Ушул мунарык кубулушунда Омор, тигил көшөгөнү көрсө да көңүл бурган эмес. Ырдаган балдарга ыраазы:

— Те-ек, чырактарым, өмүрлүү болгула!

Ал аңгыча болбой көшөгө алды ээндей түштү. Ырдап турган пионерлер көрүнбөй калды.

Бирер мезгил өткөндө узун көк таяк таянган ак сакал «кары» көрүндү. Башында этектүү ак калпак, төө-боз чепкендин эки этегин кайрып куруна илген. Баскан-турганы кадим Оморчо. Колун серпичилей четке карады: Бул — Омор акенин ролун аткарган «артист»:

— Те-ек, кимсиң жүргөн?

Четтен чоң эненин ролун аткарган «артистка» көрүндү!

— Менмин, Омор, Чочуба!

Эл дуу күлүштү. Алдыңкы катарда олтурган Омор же күлбөй, же ачуулана албай ормоё түштү:

— Те-ек, булар кимдер, кемпиржан?

— Тим олтур, баатыр. — Бермет абышкасын тизеге укуду. — Бианер балдар оюн көрсөтүп жатышат...

«Артист» Оморчо сүйлөдү:

— Тек... Сиз белеңиз, байбиче?

«Артистка» чоң энече:

— Балдарым «Мөмө тоюна» чакырган эле...

«Артист» Оморчо:

— Тиги келаткандар кимдер?

«Артиска» чоң энече:

— Алар ата-энелер. Кымкап эне баштап, журт мөмө үзгөнү келатышат. Көшөгө алдына эл толо баштайт.

«Ата»:

— Биринчи мөмөнү ата үзсүн!

«Эне»:

— Ата ашыкпа. Эне баштап үзсүн!

«Артист» Оморчо:

— Те-ек, ата-эне ашыкпагыла! Биздин кыштакта жашы жүздө баарыбызга эне — Кымкап байбиче баштасын мөмө үзүштү!

«Ата-энелер» «Кымкапка» урмат көрсөтүшөт:

— Сиз баштаңыз, Кымкап эне.

— Биринчи мөмөнү Сиз үзүп бериңиз!

Колдору калчылдап «Кымкап» мөмө үзө баштайт. Көшөгөнүн жан-жанынан кезекме-кезек «ар улуттун өкүлдөрү» келе баштады. Улам бири «Кымкап энеге» ийкем этет:

— Алыскы Днепр боюнан тоюңузга келдик, байбиче...

— Бийик Кавказ тоосунан тоюңузга келдик, байбиче...

— Көзөл Ферганадан тоюңузга келдик, байбиче...

«Кымкап эне» «меймандарды» кабыл алат:

— Ак ниет туугандарга ыракмат! Биздин сыйды көрүңүздөр.

Ал аңгычакты көшөгөнүн он жагынан «Аяз ата» чыга келди. Ал чылк аязга оронгон. Аппак сакалын силке кайраттуу сүйлөдү:

— Мен каардансам деңиз бетин муз каптайт. Дарыя бөгөлөт. Ааламдан эч ким мени жеңген эмес... Ха-ха-ха! (Үнүн өзгөрттү.) Илим нуру музумду эритти. Илим кишиси келди. (Үнүн өзгөрттү.) — Эй, Аяз ата, илимге багынып кой деди. Мен кыжырландым. Кышымды бүрктүм. О, илим багынбады. Суук жериме жемиш багын өндүрдү... Мен илимди сыйлай баштадым! Кээде мен да жемиш алып келемин! (Аппак тыбыт баштыгынан алма, алмурут жана башка жемиштерди чыгарып кишилерге берди).Мына, менин суук жериме бышкан мөмөлөр силерге белек!

«Артист» Оморчо:

— Те-ек, Аяз ата, кеп эшит. Айтар акылым бар Сизге!

«Аяз ата» анткору күлө:

— Акыл? Мага акыл айта турган сен кимсиң?

«Артист» Оморчо:

— Мен ушул колгоздун карыясы — Омормун. Жашым жетимиш жетиде! Эчен балбандар менен чалышкам. Жамбашым жерге тийген эмес...

«Аяз ата» салмактуу:

— Э-э, Омор балам (аны далыга кага) сен ак күп балапансың да. Жетимиш жети... Мен жашаган өмүрдүн бир чырпындысын да жашай элексиң. Акылды менден ук: мен тээ эчен жүз миң жылдар мурда дүйнөнү сыдырдым. Алп дөөлөрдү суугума калтыраттым. Кан-бектердин терезелерин черткиледим. Каардуу падышаларды тоңдурдум. Аргымак минген шахтардын аргымагынын жалына олтуруп, өзүн жаакка чапкыладым. (Аяз ата башын ийкегиледи). Э-э, Омор балам. Сен кебиме ызаланба. Сенин ызаң бир чымчым желдей эле. А мен асман-жердин ортосун буй кылган көк бороондорду үйлөймүн... Ошентсе да, соңку кездерде, илимдин күчүнө баш ие баштадым, Омор балам...

Четтен кубанычтуу Динар келди:

— Чоң эне, сүйүнчү?!

«Артиска»:

— Болсун, тентегим, болсун!

— Мен кат жазган академик агай келмек болуптур. Силердин тоодо укмуш кен бар, дептир!

«Аяз ата»:

— Э көпөлөгүм. Ал академик билген экен. Силердин бул тоолордо укмуштар көп! Ал укмуштарды ача турган мына өзүбүзбүз!

«Аяз ата» журтка бурулуп, кар бүркөгөн бөркүн алды. Ал Орусбек:

— Жашасын балбан жүрөк!

«Артист» калпагын алды. Ал Аскар:

— Жашасын акыл!

«Артиска» жоолугун алды. Ал Сырга:

— Жашасын тынчтык!

Көшөгө алдындагы пионерлер, журтка ийкем этишти:

— Ардактуу ата-энелер, эми мөмө үзүүнү баштап бериңиздер?

Көк-Дөбөнүн бир бетин каптай олтурган журт дуу алакан чабышты. Омор, не алакан чабалбай, не адетинче «теек» деп дөгүрсүй албай санын таянып олтуруп калды. Анчейин эмес, картаң ыйлап олтурду. Өз өмүрү көз алдына тартылды. Бүргөндү куурай тез жанып, тез өчкөндөй — тез өткөн өкүнүчтүү өмүр. — «Те-ек, аттиң дүйнө, бекерге кеткен өмүр беле?» — деди. Картаң алдыңкы өмүрүн тигил балдардан көрдү. Алар өчпөс болуп алоолонгон нур сыяктуу...

«Те-к, кагылайын тукум. Менин өмүрүмдү силер ала кеткиле?»

Омор кары сакалы ылдый тамган жашын жайына койду.

— «О, туура айтат, тукум. Көктөй бергиле, өркүндөй бергиле!»

— Агайындар, мөмө үзөлү! — деди Сабыр. Журт дүр ордуларынан турушту.

— Кана, Кымкап эне, баштап бериңиз!

Аппак кийинген Кымкап эне байыркы колун мөмөгө созду...

...Жаш бактан мөмө үзүү ушунтип башталды!

1939-1940

# МАЗМУНУ

Кызык баян . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Жаңырган жер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 9
Эмне үчүн Ваньканы урат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 22
Өмүрлүү болсун бала. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 32
Омор аке өз оюн айтат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 46
Бизди Кузьмич окуткан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 60
Эски жана жаңы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 74
Дагы эски жана жаңы тууралуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 83
Динар чоң энесине сабак бере баштады . . . . . . . . . . . 106
Ак сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 123
Ташка жазылган жазуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 145
Намыс . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 179
Омор дагы жаңылды . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 197
Баарынан асманга жакын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 212

---

Түгөлбай Сыдыкбеков

**ТОО БАЛДАРЫ**

(Роман)

Көркөм редактору Ю.Ким
Корректор К. Абдиева
Компьютердик калыптоочу Ж.у.Улан

Басууга 12. 01. 2016 кол коюлду. Офсет кагазы 80 г.
Кагаздын форматы 60х84 $^1/_{16}$ Көлөмү 14,75 накта басма табак.
Нускасы 500 даана.

**«Кутаалам»** басмасында даярдалды. Бишкек ш., Горький көчөсү, 1/2.
**www.kutaalam.kg, e-mail.: kutaalam2012@gmail.com**
Тел.: + 996 (312) 530 974, 534 863

# Түгөлбай Сыдыкбеков

(1912–1997)

Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары» романы мектеп окуучуларынын турмушун ар тараптуу көрсөткөн алгачкы чыгарма болуп эсептелет. Роман коомдогу жаш муундарды тарбиялоо маселесин көркөм сүрөттөөгө алган. Жаш муундарды жана эски түшүнүктөгү ата-энелерди мезгил талабына ылайык тарбиялоо ишинин татаалдыгы ачык көрсөтүлөт. Романдын идеясы да коомдун бардык катмарында алдыңкы билимге умтулуу процессинин жеңишине негизделген. Эски түшүнүктөр менен жаңы көз караштардын мындай тирешүүсү Сабыр менен Омордун, Орусбек менен Аскардын образдары аркылуу берилген. Сабыр – өз ишине берилген, ак ниет жана күжүрмөн эмгекчил адам. Ал Омор акеге уулу Орусбектин жаман жоруктары тууралуу Аскардын күндөлүгүн окуп берет. Бул ыкма чындап эле Оморго катуу таасир берет. Карыя баласынын жаман жүрүш-турушу кагаз бетинен окулганына намыстанат. Өзүнүн туура эмес тарбиясынын кесепетинен баласынын тентек жана билимсиз болуп кеткенин ошондо гана түшүнөт. Сабырдын кылдат мамилеси аркылуу Омордун окуу-тарбия тууралуу эски түшүнүгү акырындап өзгөрө баштайт. Бара-бара Омордун түшүнүгү жаңырган сайын Орусбек да жакшы жагына өзгөрүлөт. Ошентип коомдун алдыңкы өкүлдөрүнүн түйшүктүү жана жемиштүү иштери аркылуу жеке адам да, үй-бүлө да, коомчулук да өнүгүү жолуна түшкөнү ишенимдүү сүрөттөлгөн.